68.9 (кырг)
К-14

Кыргыз Республикасынын Билим жана
маданият министрлиги

К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

Казакбаев М.Ы., Казакбаева З.М.

ӨМҮР КООПСУЗДУГУ

Кыргыз Республикасынын Билим жана
маданият министрлиги жогорку окуу
жайларынын студенттери үчүн окуу куралы
катары сунуш кылган.

ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
БИБЛИОТЕКА
инв. № 830385

Бишкек – 2002

ББК 66.72(2)33
К-14

Рецензенттер: Техникалык илимдеринин доктору, про СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Т. Орозобаков

Кыргыз Республикасынын Билим жана агартуу кызматкерлерин республикалык комитетинин эмгекти коргоо боюнча баш техникалык инспектору Д.И.Байгазинов, Кыргыз билим бе институтунун табигый-математикалык предметтерди окутуун методикасы бөлүмүнүн башчысы, педагогика илимдеринин кандида А.Абдиев.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясын мүчө-корреспондентти, педагогика илимдеринин доктору, профес Э.М.Мамбетакуновдун редакциясы астында

Казакбаев Мукамбет Ысакбекович,
Казакбаева Замиргуль Мукамбетовна

К-14 Өмүр коопсуздугу: Жогорку окуу жайларынын студенттери үч окуу куралы. – 2002. - 283 б.
ISBN 9967-20-628-4

Бул китепте Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо боюн нормативдик документтеринин мазмуну, аларды камсыз кылуун жолдору, агартуу системасында эмгекти коргоо иштер уюштуруу, окуу имараттарында коопсуз шартты түзүү, коомд пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгекке үйрөтүүдө коопсуз иш ыкмалары, класстан жана мектептен тышкаркы иштерди жүргүзүү эмгекти коргоо иши, электр тогунан сактануу, табигатта болуу кырсыктардан сактануу, экологиялык коопсуздук, өзгө кырдалдардагы кырсыктардан чыгуу, өрттөн сактануу жана өрттө ам калуу жолдору берилет.

Китеп жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган.

К 2103000000 – 01 ББК 66.72(2)33

ISBN 9967-20-628-4
© Казакбаев М.Ы., Казакбаева З.М., 2002
© К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекет университети

Мазмуну

Баш сөз 5

I-Глава. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕКТИ КОРГОО БОЮНЧА НОРМАТИВДИК ДОКУМЕНТТЕРИНИН МАЗМУНУ

1.1 Өмүр коопсуздугуну терминдери. Эмгекти коргоо боюнча закондорун жана жалпы жоболорун камсыз кылуу..... 11
1.2 Эмгекти коргоо боюнча көзөмөлдү уюштуруу..... 22
1.3 Коопсуздукка тарбиялоодо мугалимдин ролу жана анын азыркы кездеги социалдык абалы. Коопсуздукту уюштурууда мектеп жетекчилеринин жана мугалимдердин милдеттери 28

II-Глава. ӨМҮР КООПСУЗДУГУНА ОКУТУУНУН ЖАНА ТАРБИЯЛООНУН КОНЦЕПЦИЯСЫН ИШТЕП ЧЫГУУНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

2.1 Өмүр коопсуздугу боюнча жүргүзүлгөн илимий иштердин обзору жана азыркы кездеги проблемалары..... 38
2.2 Психология илиминде коопсуздуктун психологиясы жана эргономика. 44
2.3 Коркунучтуу ситуациядагы адамдын психологиясы жана өмүр коопсуздугуна тарбиялоо..... 51
2.4 Плакаттын түрлөрү анын коопсуздука тийгизген психологиялык таасирлери. Коопсуздук белгисин киргизүү... 56
2.5 Кокусунан болгон кырсыктар жана аны болтурбоодо философия илиминин ролу..... 61

III- Глава. АТА-ЭНЕЛЕРДЕ ЖАНА ЭЛ АГАРТУУ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ӨМҮР КООПСУЗДУГУН ТУРМУШКА АШЫРУУ

3.1 Өмүр коопсуздугуна тарбиялоодо ата-эненин ролу..... 66
3.2 Өмүр коопсуздугуна мектепке чейинки балдар мекемелерде тарбиялоо..... 78
3.3 Жаш өспүрүмдөрдү коопсуздуктун алиппесине окутуу, коопсуздукка үйрөтүүнүн башталышы..... 88
3.4 I-IV класстарда өмүр коопсуздуктарына үйрөтүүдөгү малыматтар..... 106
3.5 Мектеп окуучуларын, студенттерди өмүр коопсуздугуна таалим-тарбия берүү, кырсыктарды эсепке алуу жана изилдөө..... 124

IV. Глава. ОКУУ КАБИНЕТТЕРИНДЕ ЖАНА ӨНӨРКАНАЛАРДА ӨМҮР КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ

4.1 Окуу имаратындагы микроклиматтын параметрлери, нурдун таасирлери жана кабинетте ден соолукка нормалдуу шарт түзүү..... 136
4.2 Электр коопсуздугу жана сактануунун жекече каражаттары.. 156
4.3 Окуу кабинеттеринде (лабораторияда) эмгек коопсуздугу..... 170
4.4 Эмгекке үйрөтүү жана өнөрканаларда коопсуздукту сактоо... 187

V Глава. ОКУУЧУЛАРДЫ ЭМГЕККЕ ҮЙРӨТҮҮДӨ ЖАНА КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДЕ КООПСУЗДУК ТЕХНИКАСЫ

5.1 Электротехника, автоиш, трактордуу үйрөнүү боюнча коопсуздук техникасы..... 203
5.2 Айыл чарба машиналарында жана мал чарбасында эмгекке даярдоодо өмүр коопсуздугу..... 218
5.3 Окуучуларды пайдалуу эмгекте, кружокто, эмгек жана эс алуу лагеринде коопсуздукка тарбиялоо..... 224
5.4 Экскурсияга чыгууда, сууга түшүүдө авто транспорт менен жүрүүдөгү өмүр коопсуздугу..... 231

VI-Глава. ТАБИГАТТАГЫ ЖАНА ТЕХНОГЕНДИК КЫРСЫКТАРДАН САКТАНУУ ЖОЛДОРУНА ТАРБИЯЛОО

6.1 Чагылгандан жана жер титирөөдөн сактануунун жолдору..... 236
6.2 Көчкүдөн, селден, суу ташкыны жана гидродинамикалык авариядан сактануу..... 244
6.3 Техногендик кырсыктардан сактануу жолдоруна үйрөтүү..... 249
6.4 Экологиялык тең салмактуулуктун бузулушу жана экологиялык коопсуздука тарбиялоо..... 254

VII Глава. ӨРТТӨН САКТАНУУНУН НЕГИЗДЕРИ ЖАНА ӨРТ КООПСУЗДУГУНА ТАРБИЯЛОО

7.1 Өрттүн чыгуу себептери. Заттын күйүүсү..... 259
7.2 Жогорку окуу жайларында жана мектептерде өртко каршы чараларды уюштуруу..... 262
7.3 Айыл чарба машиналарында, автомобилде өрттөн сактануу жана өрт өчүрүүчү каражаттар 265
7.4 Жаратылыштан (токойдон) чыккан өрттөр жана андан сактануу..... 269
7.5 Жабыркаган адамга көрсөтүлүүчү алгачкы (дарыгерге чейинки) жардам..... 271
Адабияттар 280

БАШ СӨЗ

Кыргызстандын эли, кыргыздардын улуттук кайра жаралышын, кыргыздар менен бирге Кыргызстандын элин түзгөн бардык улуттардын өкүлдөрүнүн мүдөөлөрүн коргоого жана өнүктүрүүгө умтулуп, дүйнө элдеринин арасында өзүн эркин жана демократиялуу гражданлык коом катарында бүткүл дүйнө элдерине тааныла баштады. Кыргызстандын эли-өзүн суверинитеттүү мамлекеттин ээси катарында сезип, башка республикалардын ичинен биринчилерден болуп Кыргыз Республикасында эмгекти коргоону камсыз кылууга багытталган өзүнүн законун Улук Кенешке талкуулап бекитип алды. [1]

Бул закондо Кыргыз республикасынын гражданлары эмгекти коргоого, эмгектенүү процессинде өмүрүн жана саламаттыгын сактоого укуктуулугу баса көрсөтүлдү.

Кыргыз Республикасынын келечекте өнүккөн мамлекет болуусу үчүн анын атуулдарына тарбия жана билим берүү макемелерине айрыкча жоопкерчилик жүктөлөт. Анткени республикабыздын келечеги болуп жаш өспүрүмдөр эсептелет. Жаш мамлекетибиздин тагдыры балдар кандай тарбиялангандыгына, алган билимине, эмгектенүүгө даярдыгына көз каранды болот. Ошондуктан 21-кылымдын кадрларын даярдоого айрыкча көңүл бөлүп жатканыбыз бекеринен эмес.

Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо боюнча закондору 1992-жылдын 1-апрелинен баштап күчүнө кирген. Мындан башка эмгекти коргоо маселелеринин негизги уюткусу Кыргыз республикасынын Конституциясында чечилген. Жогорку мыйзам сунуш кылган долбоор жалпы элдик талкуудан өтүп, Кыргыз республикасынын Конституциясы, өкмөтүбүздүн Жогорку кенеши тарабынан кабыл алынган. [2]

Кыргыз республикасынын Конституциясынын 28-статьясында:

1. Кыргыз республикасынын гражданы бардык түрдөгү жана жагдайдагы эмгегинин корголушуна, коопсуздук жана гигиеналык талаптарына жооп берген эмгек шартына, ошондой эле жумуш-суздуктан социалдык коргоого алынууга укуктуу.

2. Мамлекет граждандардын кесиптик камылгасы жана адистик чеберчилиги жогорулашы үчүн кам көрөт, эмгектенүү укугун камсыз кылуу жана бекемдөө максатын көздөгөн эл аралык

макулдашууларга, эл аралык уюмдарга колдоо жана көмөк көрсөтөт" деп көрсөтүлөт.

Биздин планетабызда стихиялык кырсыктарды дайыма күтүүгө болот. БУУнун маалыматы боюнча акыркы 20 жылдын ичинде стихиялык кырсыктан 3 млн. ашык адам өлүмгө учурап, 1 миллиард жашоочулар стихиялык кырсыктын кесепетине учурашты. [3]

Эмгектин эл аралык уюмунун (МОТ) маалыматына караганда жылына 50 млн (күнүнө 160 мин) кырсык болот. [4]

«Эркектер арасындагы өлүмдүн көптүгү наристелер арасында гана эмес, бардык курактагы эркектерге мүнөздүү. Кыргызстанда 1998-жылы 16006 аял, 18590 эркек өлүмгө дуушар болгон. Булардын ичинен ишке жарактуу куракта (16-54 ж.) 2570 аял, 6778 эркек кайтыш болгон. 2760 эркек, 919 аял ар кандай кырсыктан, ууланудан, травмадан, 257 эркек, 94 аял бирөө өлтүргөндөн, 88 аял, 424 эркек өзүн-өзү өлтүрүүдөн көз жумган. Демек, бөөдө кырсыкка кабылгандардын арасында эркектер басымдуулук кылат. Ошол эле учурда ар кандай оорулардан өлгөндөрдүн арасында да эркектер көпчүлүктү түзөт. Эркектерди өлүмгө түрткөн себептерге техника коопсуздугу, санитардык эреже сакталбаган чаңдуу, газдуу, түтүндүү чөйрө жана оор жумуштарда эркектердин иштеши кирет. Дүйнөдө өмүр узактыгы эркектерде 63,7 жаш аялдарда 67,8 жаш. Анан калса КМШ өлкөлөрүндө эркектердин өмүр узактыгы дүйнөнүн башка мамлекеттерине караганда 5-6 жылга аз. [5]

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган эмгек кодекси 1998-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилген. Ушул Эмгек кодекси Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык жумушчуга өз эмгеги менен өзүнүн жана үй-бүлөөсүнүн татыктуу жашоосуна камсыз кылууга шарттарды түзүүгө багытталган эмгек мамилелери жагындагы мамлекеттик саясаттын негиздерин аныктап, граждандардын эмгектик укуктарынын мамлекеттик кепилдиктерин белгилейт жана жумушчулардын, жалдоочулардын жана мамлекеттин таламдарына сактоону камсыз кылууга багытталган.

1999-жылы Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык коргоо министрлигинин алдында Эмгек мамлекеттик инспекциясы түзүлгөн. Ага эмгек жөнүндө мыйзамды жана коргоо эрежелерин, анын ичинде техникалык коопсуздук талабына ылайыктуулук эрежесин аткарууларына көзөмөлдүк жүргүзүү милдети жүктөлөт. Алар 2000 жылы 1100 ашуун ишканаларды жана уюмдарды текшерип

6500 укук бузууларды таап, 200 млн. сомдон ашуун жалпы суммадагы айыптык санкциялар салынган [6].

Республикада 2010-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын Өнүгүшүнүн комплекстүү негизи иштелип чыккандыгына байланыштуу коомсуздук техникасынын өнүгүшүндө жаңы милдеттер коюлат.

Биздин өлкөбүздө жаш өспүрүмдөрдүн эмгегин коргоого жана алар үчүн коопсуздук техникасынын талабын толук канагаттандырган шарт түзүүгө айрыкча көңүл бөлүнөт.

Азыркы мезгилдеги окуу-тарбия процесси - ар түркүн технологиялык жабдууларды иштетүү, техникалык каражаттарды колдонуу менен окуу процессин уюштуруу жана эмгекке даярдоо боюнча мүнөздөлөт. Кийинки мезгилде мектеп окуучулары коомдук пайдалуу, өндүрүмдүү эмгекке кеңири тартылгандыгына байланыштуу эмгекти коргоо ишинин зарылчылыгы күчөдү. Мектеп окуучулары иштеген учурда кокустук албай жана андан ооруп калбагандай шарт түзгөн учурда гана эмгек пайдалуу болуп эсептелет.

Окуучулардын эмгегин коргоодо сабак берген мугалимге айрыкча милдет жүктөлөт. Анткени, ал мугалим лаборатория, кабинет, өнөркананын шартында окуу иши боюнча коопсуз иштөө ыгына үйрөтүп, машина, материал иштетүүгө арналган ар кандай жабдуулар менен кокустуксуз иштөө шартын түзөт.

Жогорку окуу жайынын студенттери сабак учурунда жана практикалык иштерде коопсуздук ыкмага үйрөнүүгө "Өмүр коопсуздугу" сабагы жардам берет. Бул окуу куралы жогорку окуу жайынын студенттерине жана мектеп мугалимдерине өмүр коопсуздугун камсыз кылууга шарт түзүп, "Эмгекти коргоо" курсунун окуу программасына дал келет. Бул курс мурда " Эмгекти коргоо" деп айтылса, кийинки окуу планында "Өмүр коопсуздугу" (безопасность жизнедеятельность) деп аталат. "Эмгекти коргоо" курсу методикалык дисциплиналар циклине кирет. Өндүрүштүк коопсуздукту жана кесипке байланыштуу зыяндуулукту изилдеп, коркунучсуз иштөөгө өбөлгө түзөт.

Курсту окутуунун программасы төмөнкү суроолорго токтолот: Коопсуздук техникасына байланыштуу эмгектенүү нормасы, эмгектенүү укугу, эмгек режимин башкаруу жана ага көзөмөл жүргүзүү иши - булар эмгек закондорунда белгиленет.

Өндүрүштө кокустуктуу болтурбоо каражаты, техникалык жана уюштуруу иштеринин системасы - коопсуздук техникасында аныкталат.

Өндүрүштүк санитарияда-санитарно-техникалык, гигиеналык жана уюштуруучулук иштер чечилип, өндүрүштө иштегендерге зыян факторлорду болтурбоого кам көрөт.

Өрт коопсуздугу-өрттүн чыгуу себептерин жана аны болтурбоону аныктап, кокустан өрт чыгып калса, адамдарды жана материалдык байлыкты сактап калууга кам көрөт. "Өмүр коопсуздугу " курсунун методикалык негизи: эмгек шартын илимий анализдөө, студенттердин жана окуучулардын кокустук, кесипке карата оору алышынын себептерин коопсуз жана зыянсыз эмгектенүү көз карашы менен изилдөө, кокустукту болтурбоону илимий жактан алдын алуу болуп саналат. Мында принципиалдуу талап кылуучу маселе: окуу-педагогикалык персоналдын эмгек сабагын окутууда жана окуу процессинде кокустукту болтурбоо жана жоюу үчүн максатка ылайыкталып жүргүзгөн иши болуп саналат.

Балдар биздин келечегибиз. Кыргыз элинде «бала бар үйдө, бакыт бар» деген сөз бар эмеспи.

Ар бир ата-эне бала жарык дүйнөгө келгенден баштап чоңойгонго чейин дени сак турдүү кырсыктан тышкары болушун тилешет.

Буткул дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун акыркы жылдардагы көрсөтүүсү боюнча балдардын арасында ар кандай кырсыкка учурап өлүмгө дуушар болгондордун саны өскөнү байкалат.

Адам согушта өлгөндө анын тууганлары, кудайдын буйругу экен, убалыбыз согушка жетсин деп кайрат кылууга аракет кылат. Улуу ата мекендик согушта канча адамдар кырылды. Кээ бир ата-энелер бир эле үй-бүлөдөн 3 баласы тең кайтпай калып, алардын өлгөндүгү жөнүндө кара кагаз алып, балдарынан калган туягы Фронтбекке каниет кылып, кудай ушу балабызга өмүр бersин деп акырындык менен кайрат кыла баштабадыбы. Согушта өзү өлөт же бирөөнү өлтүрөт. Ошон үчүн согуш дейт. Өткөн Ата Мекендик согушта дени сак, 18 жаштан жаңыдан гана өткөн кырчындай жаш жигиттер кырылбадыбы.

Ошондой эле адам оорудан өлгөндө да алардын балдары жерге жээктери кайрат кылып, жазуу буйрук ушул экен, көпкө ооруду, көрсөтпөгөн даарыгерибиз калган жок-деп кайтыш болгон адамына кайрат кылат. Оорудан негизинен карыган адамдар өлөт. Ал эми дени сак эч качан оорубаган жаш адам өндүрүрүштөгү же жол кырсыгынан ошондой эле башка кырсыктан кайтыш болгондо жакындары көпкө чейин унутпай өтө кайгыга батышат. Эртең менен эле үйдөн аман кетпеди беле, ушинтип андан ажырап калабызбы деп

аябай кайгырып, ыйлап көпкө чейин унутпай өтө кайгырышат. Согуштан же оорудан өлгөн адамдарга караганда бул өлүм өтө кайгылуу жана өкүнүчтүү.

Эгерде бул адам коопсуздукту сактаса аман калып, анын келечекте жашоо тагдыры өз колубузда эле болуп жатпайбы.

Буткул дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун билдирүүсүнө караганда дүйнө жүзүндөгү адамдардын өлүмү жүрөк оорудан кайтыш болушу биринчи орунду ээлейт.

Инсульттан каза тапкандар боюнча Кыргызстан КМШ өлкөлөрү ичинен гана эмес, дүйнө жүзү боюнча ушул оорудан көз жумгандардын саны боюнча биринчи орунга чыкты. Мурда көбүнчө улгайган адамдар жана инсульт болсо, эми андай дарттан жаштар, көбүрөөк жабыр тарта башталганы байкалат.[7]

Ал эми адамдын өлумунун экинчи оруну залалдуу шишик «рак» оорусунан болот.

Адамдардын жарык дүйнөдөн кайтыш болушунун үчүнчү орунун кырсыктан өлгөндөр ээлейт. Оорунун кесепетинен улгайган адамдар кайтыш болсо, ал эми кырсыктын натыйжасында өлүмгө дени сак жумушка толук жарамдуу жаш адамдар учурайт. Статистиканын маалыматы боюнча эркектердин арасында 15 жаштан 36 жашка чейинки өлумгө учуроо негизинен кырсыктан болот экен. [64]

Жүрөк жана рак оорусунан такыр айыктырып жиберүүгө азырынча медицинанын күчү жетелек.

Ал эми өндүрүштөгү, жол кырсыгын ж.б. кырсыктарды болтурбой коюу, жок дегенде азайтуу адам баласынын өз колунда эмеспи. Бул үчүн атайын «Өмүр коопсуздугу» деген илим бар. Ушул илимдин негизинде болуучу кырсыкта сактансак адам аман калып жашоо турмушун уланта алат.

Адам баласынын эмгектенүү процессинде ар кандай кокустук болушу мүмкүн. Кокустукту жоюу үчүн атайын машина-инструменттер түзүлөт жана эмгектенүүчү процессинде коркунучтан сактоо үчүн атайын сактагыч каражаттар колдонулат.

Иштеген адамдарга коркунучсуз шарт түзүү, коркунучсуз иштөө ыгына үйрөтүү жана коркунучтан сактоо каражаттарын колдоно билүү бири-бири менен тыгыз байланышкан. Эмгекти коргоо боюнча терең теориялык жана практикалык ыкка ээ болгон жогорку квалификациялуу мугалимди даярдоо, окуучулардын ден соолугуна жана өмүрүнө жооп бере тургандыгы жөнүндө студенттерди тарбиялоо, эмгектин коопсуз жана зыянсыз шартын түзүүгө үйрөтүү,

бирөөнүн өмүрүн сактап калууга инсандык милдетке калыптандыруу – изилденүүчү илимдин негизги милдети болуп саналат.

Азыркы коом билимдүү, аң-сезимдүү, дене тарбиясы чың, акыл эмгегин күч эмгегине байланыштыра билген, айыл чарбасынын бардык тармагына активдүү катышкан, пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгектенүүгө үйрөтүүнү талап кылып отурат. Ушул убакытка чейинки коюлуп келген эмгекке үйрөтүү маселеси белгилүү даражада изилденип, эмгектенүү процессинде коопсуз иштөөгө үйрөтүү жана тарбиялоо маселеси жеткиликтүү даражада чечиле элек. Эмгектенүү ишинде адам өзүнүн өмүрүн сактай билген жана ден соолугуна зыян келтирбеген ыкмалар менен иштеген учурда гана толук максатына жетти деп айта алабыз.

Окутууну өндүрүмдүү эмгек менен байланыштыруу, окуучуларды уюштурулган коомдук пайдалуу эмгекке үзгүлтүксүз тарбиялоо, коопсуз иштөөгө үйрөтүү боюнча таалим-тарбия берүү педагогика илиминин негизги милдеттери болуп саналат. Эмгекке тарбиялоо жана политехникалык окутуу, кесипке багыт берүү маселелери кыргыз педагогдору тарабынан бир кыйла изилденген [36,39,41,42]. Ал эми жаш өспүрүмдөрдү коопсуз эмгектенүү ыкмасына үзгүлтүксүз таалим-тарбия берүү маселеси педагогика илиминде толук чечиле элек деп айтсак жаңылышпайбыз.

Эмгекке тарбиялоонун эң маанилүү проблемаларынын бири эмгектенген адамдарды коопсуз иштөөгө үйрөтүү болуп саналат. Бул маселе үй-бүлөнүн, мектептин жана коомчулуктун аракеттеринин биримдигине жетишүү аркылуу чечилет.

Коопсуз иштөөгө үйрөтүүнү үй-бүлөдөн баштайт. Үй-бүлөнүн чарбалык жана экономикалык маселелерин чечүүдө ата-эне биринчи жолу баласына коопсуз иштөө ыкмаларын көрсөтүп, тарбия ишин жүргүзүшү керек. Андан кийин коопсуз иштөөгө таалим-тарбия берүү мектепке чейинки мекемелерде, мектеп жана орто окуу жайларында, жогорку окуу жайларында системалуу түрдө үзгүлтүксүз улантылып кетиши зарыл.

1-Глава. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕКТИ КОРГОО БОЮНЧА НОРМАТИВДИК ДОКУМЕНТТЕРИНИН МАЗМУНУ

1.1. Өмүр коопсуздугунун терминдери. Эмгекти коргоо боюнча закондорун жана жалпы жоболорун камсыз кылуу

Эмгектенүү шартында иштеген адамдын өзүнүн иш ордуна карабастан, күндөлүк ишинде өмүр коопсуздугунун маселелери баяндалган маалыматты алып, өз алдынча ушул ишке байланыштуу адабияттарды окушат. Ошондуктан өмүр коопсуздугуна тиешелүү терминдерди жана алардын аныктамаларын билүү өтө зарыл.

Өмүр коопсуздугу - өндүрүштүк коркунучу жок болгон эмгек шарттары. Коопсуздук талаптары өндүрүштүк чөйрөгө, өндүрүштүк процесске, жабдууларга, ошондой эле иштеп жаткандарга карата коюлат:

- **өндүрүш коркунучу** - иштеп жаткандарга коркунучтуу жана зыяндуу өндүрүштүк факторлордун таасир этүү мүмкүндүгү.
- **өндүрүштүк коркунучтуу фактор** - иштеп жаткан адамды майып болууга алып келүүчү таасир.
- **өндүрүштүк зыяндуу фактор** - иштеп жаткан адамдын ооруга чалдыгышына алып келүүчү таасир.
- **өндүрүштүк жабдуулардын коопсуздугу** - белгиленген убакыттын ичинде белгилүү бир шарттарда берилген жумушту аткаруу учурунда жабдуулардын коопсуз абалын сактоо касиети.
- **өндүрүштүк процесстин коопсуздугу** - белгиленген убакыттын ичинде берилген өлчөмдө иштелүүчү өндүрүштүк процесстин коопсуз абалын сактоо касиети.

Иштеп жаткан адамдардын коргонуу каражаттары - буга иштеп жаткандарга коркунучтуу жана зыяндуу өндүрүштүк факторлордун таасир этишин алдын ала болтурбай коюуга же азайтууга көмөк берүүчү каражаттардын бардыгы кирет. Мисалы, көздү сактоо үчүн көз айнек, радиактивдүүлүктөн сактанууга коргошун бирикмеси кошулган резина халаты ж.б.

Коллективдүү сактануу каражаттары - иштеп жаткан бир же бир нече кишинин бир убакытта сактанышы үчүн арналат.

Өзүнчө айрым сактануу каражаттары - иштеп жаткан бир кишинин сактанышы үчүн арналат. Андай каражаттар коопсуздук техникасында да майып болуудан сактоочу каска, ошондой эле өндүрүштүк санитарияга да зыяндуу өндүрүштүк факторлордон

сактоочу респираторлор же кулакка кийгизилуучу кулакчындар кириши мүмкүн.

Коллективдүү жана ар кимдин өзүнчө сактануу каражаттарын колдонуу - иштеп жаткандарга коркунучтуу жана зыяндуу факторлордун жагымсыз таасир этишин алдын ала болтурбай коюунун эң көп жайылтылган чараларынын бири.

Өрт чыгуунун коркунучтуу фактору - тийгизген таасири адамдын майып болушуна, ууланышына же өлүмгө учурашына, ошондой эле материалдык зыянга алып келүүчү шарт.

Өрт коопсуздугу - өрт чыгып, алоолонуп каптап кетүү, анын адамдарга таасир этүү мүмкүндүгүн болтурбай кое турган, ошондой эле материалдык байлыктардын сакталышын камсыз кыла турган обьектинин абалы.

Электр коопсуздугу - электр тогунун, электр жаасынын, электромагнит талаасынын жана статикалык электр кубатынын зыяндуу жана коркунучтуу таасир этишинен адамдарды сактоону камсыз кылуучу уюштуруучу жана техникалык чаралар менен каражаттар системасы.

Электр тогу уруп майып болуу - электр тогунун же электр жаасынын таасир этишинен келип чыккан майып болуу

Жерге токтун учу бириге калышы - жерге учу бириге калган жол менен өтүүчү ток.

Сактагыч жердештирүү - ток жүрбөөчү металл бөлүктөрүн жер же анын эквиваленти менен алдын ала электрдик бириктирүү.

Нөлдөштүрүү - металл бөлүктөрүн нөлдөштүрүлгөн сактоочу өткөргүч менен алдын ала электрдик бириктирүү.

Нөлдөштүрүлгөн сактоочу өткөргүч - нөлдөштүрүүчү бөлүктөрдү ток булагынын оромо точкасынын терең жердештирилген нейтралы менен же анын эквиваленти менен бириктирүүчү өткөргүч.

Иштетпей коюучу сактагыч - электр установкасында ток уруу коркунучу пайда болгондо аны автоматтык түрдөн иштетпей коюуну камсыз кылуучу тез аракет этүүчү сактагыч.

Туюк жердештирилген нейтраль – жердештирилүүчү түзүлүшкө түздөн-түз же кичине каршылык аркылуу бириктирилген трансформатордун же генератордун нейтралы.

Электр сактагыч каражаттар - электр тогунун урунушунан, электр жаасынын жана электромагниттик талаанын таасир этишинен электр установкалары менен иштеп жаткан адамдарды сактоо үчүн арналган ташып алып баруучу жана ташып алып чыгуучу буюмдар.

Зыяндуу нурдан сактагыч каражаттар - радиоактивдүү, иондоштуруучу жана лазер нурларынан сактануучу каражаттар. Бул нурлар менен иштеген установкаларда мамлекеттик стандарт тарабынан бекитилген белгилер коюлат.

1997-жылдын 18-сентябрда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган жоболорунда жана эмгек кодексинде колдонулуучу төмөнкү негизги терминдерди көрсөтүп кеткен:[11]

Эмгек жөнүндө мыйзамдар (эмгек мыйзамдары, мыйзам актылары) - мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары тарабынан өз кызматтык милдеттеринин чегинде кабыл алынган мыйзам жана башка ченемдик укуктук актылар.

Жумушчу - келишимдин негизинде же өндүрүштүк уюмга өз ыктыяры менен кирүүнүн негизинде өзүнүн жеке эмгеги менен көрсөтүлөн талаптарга байланыштуу жумушту аткарган адам.

Жалдоочу - аталышына жана менчигинин түрүнө карабастан ишкана, мекеме, уюм, коом, шериктештик кооператив (алардын бирикмелери жана өзгөчөлөнгөн кичи бөлүмдөрү) юридикалык жак болбой туруп иш жүргүзгөн ишкер, мыйзам тарабынан жумушчулар менен эмгек келишиминин түзүү жана токтотуу укугу берилген граждандар.

Ишкана - менчигинин түрүнө карабастан товарларды өндүргөн же саткан, же кызмат көрсөткөн экономикалык бардык ишканалардын тобу.

Эмгек келишими - ишканада, мекемеде, уюмда ички эмгек тартибине баш ийүү менен, ушул ишине акы алуу менен белгилүү бир кесип (адистик) квалификация же кызмат боюнча иш аткаруу жөнүндө жумушчу менен жалдоочунун ортосундагы макулдашуу.

Контракт - эмгек келишиминин өзгөчө түрү болуп саналат, анда контрактын тараптарынын өздөрүнө алган милдеттерин аткарууга байланыштуу жогорулатылган кошумча аныкталышы мүмкүн.

Өмүр коопсуздугуна байланыштуу эне тилибизде чыккан эмгектердин жоктугуна жана ал маселе боюнча ушул мезгилге чейин көңүл бөлбөөнүн натыйжасында ар кандай терминдер жана аныктоолор колдонулуп келе жатат. Ошондуктан азыркы мезгилдин, илимдин, техниканын жана Кыргыз элибиздин келечегин өтө өнүккөн мамлекетке жете турган ойду ойлоо учурдун кечиктирилгис иши. Айрыкча эмгекти коргоо ишинде мамлекеттик стандартты жана ошого ылайык термин, аныктоолорду кийирүү учурдун маанилүү талабы.

Кыргыз Республикасынын гражданлары эмгекти коргоого, эмгектенүү процессинде өз өмүрүн жана саламаттыгын сактоого укуктуу.

Эмгекти коргоо эмгектенүү процессинде коопсуздукту адамдын саламаттыгын жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн сактоону камсыз кылуучу тиешелүү закон жана башка нормативдик актылардын негизинде аракеттенүүчү социалдык экономикалык, уюштуруу-техникалык, санитардык гигиеналык жана дарылоо-профилактикалык чаралардын жана каражаттардын системасын билдирет. Эмгекти коргоо жөнүндө закондор ушул закондун Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндөгү закондор Кодексинен жана башка закон актыларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган Эл аралык нормативдик - укуктук актылардан турат.

Эмгекти коргоо жөнүндөгү закондордун күчү менчигинин жана ишинин түрүнө карабастан Кыргыз Республикасынын аймагындагы бардык ишканаларга, кооперативдерге, артелдерге, фермердик (дыйкандык) чарбаларга жана башка уюмдарга, түзүлгөн эмгек келишимин түрүнө карабастан, алар менен эмгектик мамиледе болушкан Кыргыз Республикасынын гражданларына, чет өлкөлүк гражданларга жана гражданлыгы жок адамдарга, ээлик кылуучуларга, кооперативдердин жана артелдердин мүчөлөрүнө окуу процессинин убагында, өндүрүштүк практиканы өтүп жатышкан жана курулуш, айыл чарба жана башка жумуштарды аткарууга тартылышкан жогорку окуу жайларынын студенттерине жана кесипчилик-техникалык окуу жайларынын жана жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларына, ишканаларда иштөө үчүн тартылган аскер кызматкерлерине, соттун өкүмү боюнча жазаны өтөп жатышкан адамдарга, алардын түзөтүү-эмгек мекемелеринин ишканаларында же өкүмдөрдүн аткарылышын ишке ашыруучу органдар тарабынан белгиленүүчү ишканаларда иштөө убагында, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн уюштурулуучу эмгектенүүнү башка түрлөрүнүн катышуучуларына жайылтылат.

Эмгекти коргоо жагында мамлекеттик саясат Кыргыз Республикасынын эл депутаттарынын Советтеринин, мамлекеттик жана чарбалык башкаруу органдарынын, ишканалардын жана ээлик кылуучулардын эмгектин шарттарын жана корголушун жакшыртуу, өндүрүштүк жарааттардын, кесиптик оорулардын, уулануулардын алдын алуу боюнча аракеттеринин биримдигин карайт жана төмөндөгү:

– ишканаңын өндүрүштүк ишинин натыйжаларына караганда кызматкердин өмүрүнө жана саламаттыгына артыкчылык берилиши;

– эмгекти коргоо жагындагы ишти социалдык жана экономикалык саясаттын башка багыттары, курчап турган чөйрөнү коргоо жагындагы иш менен координациялоо;

– менчигинин жана чарба жүргүзүшүнүн түрүнө карабастан, эмгекти коргоо жагындагы бардык ишканалар үчүн бирдиктүү талаптардын белгилениши;

– ишканаларда эмгекти коргоо талаптарынын бардык жерде аткарылышы үчүн көз каранды эмес жана иштиктүү көзөмөл менен жүзөгө ашырылышы;

– эмгектин коопсуздугунун, гигиенасынын жана өндүрүштүк чөйрөнүн талаптарынын сакталышындагы ишканалардын жана кызматкерлердин таламдарына түрткү берүүчү экономикалык механизмди түзүү жана ишке ашыруу;

– эмгекти коргоо боюнча улуттук программаларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, эмгектин коопсуздугун жогорулатуу жагында илимий изилдөө жана долбоорлоо конструктордук жумуштарды финансылоо, коопсуз техникаларды, технологияларды жана иштеп жаткандарынын сактагыч каражаттарын иштеп чыгууга жана өндүрүшкө киргизүүгө түрткү берүү;

– эмгекти коргоону финансылоого мамлекеттин катышуусу;

– кызматкерлерди атайын кийимдер, бут кийимдер жана башка жекече коргонуу каражаттары менен акысыз камсыз кылуу;

– өндүрүштөгү ар бир кырсыктар менен кесиптик оорулардын, уулануулардын иликтенишинин жана ушул негизде алардын себептерине жол бербөөчү чаралардын иштелип чыгышынын жана жүзөгө ашырылышынын, ошондой эле өндүрүштүк жарааттардын жана кесиптик ооруга учуроолордун деңгээлдери жөнүндө билдирип туруунун милдеттүүлүгү;

– өндүрүштө кырсыктардан жапа чегишкен же кесиптик ооруга чалдыгышкан кызматкерлердин таламдарынын социалдык жактан корголушу;

– жогорку жана атайын орто окуу жайларында эмгекти коргоо боюнча адистерди даярдоо;

– кесиптик профсоюздардын, башка коомдук бирикмелердин жана уюмдардын, ишканалардын жана айрым адамдардын эмгектин корголушун камсыз кылууга багытталган ишин ар тараптан колдоого алынышы;

– эмгекти коргоо проблемаларын чечүүдө эл аралык кызматташтык сыяктуу принциптерге негизделет.

Эмгекти коргоону мамлекеттик башкаруу Кыргыз Республикасында Кыргыз Республикасынын өкмөтү, эл депутаттарынын жергиликтүү Советтери, бул жагынан атайын полномочие берилген мамлекеттик органдар тарабынан жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү эмгекти коргоо жагында бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзөт, саламаттыкты жана эмгектин коопсуз шарттарын камсыз кылуу боюнча министерстволордун жана ведомстволордун, өзүн-өзү башкаруу органдарынын, башка органдар менен уюмдардын функцияларын аныктайт, алардын иш-аракеттерин координациялайт жана контролдойт.

Эл депутаттарынын Советтери өз компетенцияларынын чектеринде жана тиешелүү аймакта эмгекти коргоо жагына мамлекеттик саясаттын ишке ашырылышын камсыз кылышат, эмгекти коргоонун максаттуу фондуларын түзүшөт, эмгекти коргоо боюнча закондордун сакталышы үчүн көзөмөлдү жүзөгө ашырышат.

Атайын полномочие берилген мамлекеттик көзөмөлдү органдарынын эмгекти коргоону башкаруудагы функциялары алардын ички жөнүндө жоболор тарабынан аныкталат.

Ишканалар, адистер, граждандар эмгекти коргоо проблемаларын чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын коомдук бирикмелер жөнүндөгү закондоруна ылайык аракеттене турган ассоциацияларга жана башка коомдук уюмдарга бириге алышат.

Мамлекеттик жана башкаруу органдары, көзөмөл органдары, ошондой эле ишканалар бул бирикмелерге жана уюмдарга ар тараптан жардам беришет жана колдоо көрсөтүшөт, эмгекти коргоону камсыз кылуу маселелери боюнча чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу учурунда алар тарабынан иштелип чыккан сунуштарды жана рекомендацияларды эске алышат.

Иш адамдын коопсуз эмгегин маселелеринин чечилишине багытталган коомдук уюмдар салыктарды, мамлекеттик пошлиналарды жана мамлекеттик бюджетке кетүүчү жыйымдардын башка түрлөрүн төлөөдөн бошотулат.

Эгерде Эл аралык келишимдерде же макулдашууларда башкача каралбаса, алардын негизинде Кыргыз Республикасынын ишканалары жана граждандары чет өлкөдө иш аткарганда эмгекти коргоо боюнча аларда каралган талаптар колдонулат.

Мамлекеттик башкаруу жана көзөмөл органдары тиешелүү кесиптик союздардын катышуусу менен эмгектин коопсуздугу, гигиенасы жана өндүрүштүк чөйрө боюнча талаптардын денгээлдерин белгилеген жана бардык ишканалар тарабынан милдеттүү түрдө сактала турган илимий жактан негизделген эмгекти коргоо боюнча нормативдуу актыларды иштеп чыгышат жана кабыл алышат.

Эмгекти коргоо боюнча нормативдуу актылар эмгектин коопсуздугунун, гигиенасынын жана өндүрүштүк чөйрөнүн жакшырышын камсыз кылуучу илимдин жана техниканын жетишкендиктери киргизилген сайын кайра каралып чыгуусу керек.

Эмгекти коргоо боюнча стандарттардын, эрежелердин жана нормалардын талаптарына жооп бербей турган өндүрүштүк имараттарды жана курулуштарды долбоорлоого, курууга жана реконструкциялоого, өндүрүш каражаттарын иштеп чыгууга, технологияларды жайылтууга тыюу салынат.

Эгерде эмгектин корголушу үчүн мамлекеттик көзөмөлдү жана контролду ишке ашыруучу органдардын уруксаты болбосо жаны же реконструкциялануучу бир дагы ишкана, обьект, өндүрүш каражаты кабыл алынууга жана пайдаланууга берилиши мүмкүн эмес.

Эмгектин коопсуздук талаптарына жооп бербеген жана адамдардын саламаттыгына же өмүрүнө коркунуч түзүүчү ишканалардын же алардын бөлүмдөрүнүн иши, өндүрүш каражаттарын пайдалануу, алар эмгектин коопсуздугунун талаптарына ылайык келтирилгенге чейин, Кыргыз республикасынын закондорунда белгиленген тартипте полномочие берилген органдар тарабынан токтото турулууга тийиш.

Эмгекти коргоону финансылоо мамлекет тарабынан да, ишканалардын эсебинен да жүзөгө ашырылат.

Тиешелүү бюджеттерде айрым көрсөтүлүп бөлүнүүчү эмгекти коргоого бөлүнгөн бюджеттик каражаттар республикалык жана жергиликтуу бюджеттердин каражаттары эмгекти коргоо башкармасынын орандарын күтүүгө, илимий изилдөө жумуштарын финансылоо, эмгекти коргоо боюнча мамлекеттик максаттуу программалардын аткарылышы үчүн пайдаланылат.

Ар бир ишкана жыл сайын коллективдуу келишим тарабынан аныкталуучу көлөмдө эмгекти коргоого зарыл каражаттарды бөлүп берип турат. Ишканалардын кызматкерлери бул максаттар үчүн кандайдыр бир кошумча чыгым тартышпайт.

Ишканалар өздөрүнүн чарбалык, коммерциялык, тышкы экономикалык жана башка иштен түшкөн пайдаларынын,

830385

кирешелердин, насыялардын, ошондой эле башка булактардын эсебинен эмгекти коргоо боюнча фондуларды түзүүгө укуктуу. Эгерде эмгекти коргоого багытталуучу пайда жалаң гана эмгекти коргоо максаттарына пайдаланылган шартта андан салык алынбайт.

Эмгекти коргоо фондулары республикалык жана жергиликтүү деңгээлдерде түзүлүшү мүмкүн. Аларды түзүүнүн жана чыгымдоонун тартиби тиешелүү органдарынын катышуусу менен Кыргыз республикасынын өкмөт тарабынан аныкталат.

Бардык ишканаларда эмгектин мыкты жана коопсуз шарттары түзүлүүгө тийиш. Эмгектин жакшы жана коопсуз шарттарын камсыз кылуу жана аларды өркүндөтүү ишканалардын администрациясына ээлик кылуучуга, менчик ээсине же алар тарабынан полномочие берилген башкаруу органына жүктөлөт.

Ишканада эмгектин жакшы жана коопсуз шарттарын камсыз кылуу боюнча администрация менен кызматкерлердин өз ара милдеттенмелери коллективдүү келишимде же макулдашууда каралат. Эмгектин зыяндуу жана кооптуу шарттары бар өндүрүштөрдө, ошондой эле температуралык өзгөчө шарттарда жүргүзүлүүчү же булгануулар менен байланышкан жумуштарда иштеген кызматкерлерге же жекече сактануунун башка каражаттары, жууй турган жана дезинфекциялоочу материалдар белгиленген нормаларга жана коллективдүү келишимдерге ылайык акысыз берилет.

Эмгекти коргоо боюнча талаптарды камсыз кылбагандыгы үчүн ишканалар өндүрүштө кырсыктардан жана кесиптик оорулардан социалдык камсыздандыруу максатына каражаттарды жогорулатылган тарифтер боюнча чегерип беришет, алар эмгектин шарттарынын, аткарылуучу жумуштардын коопсуздугунун, зыяндуулугунун жана оордугунун абалына жараша мезгил-мезгили менен кайра каралып турат.

Тарифтерди белгилөө жана кайра карап чыгуу үчүн эмгек шарттарынын мамлекеттик экспертизасынын, кесиптик союздардын тиешелүү союздар аралык же республикалык тармактык бирикмелери менен макулдашылган корутундусу негиз болот.

Коопсуз жана зыянсыз технологияларды, техникаларды, коллективдүү жана жекече сактануу каражаттарын, өндүрүштүк, чөйрөнү контролдоо апараттарын жана дозиметрия каражаттарын иштеп чыккандык жана жайылткандык үчүн ишканаларга салыктык, насыялык жана башка жеңилдиктер берилет. Чет өлкөлөрдөн сатылып алынуучу эмгекти коргоо каражаттарына берүүчү бажылык пошлиналар белгиленет.

Кыргыз Республикасынын закондору, эл депутаттарынын Советтеринин чечимдери менен эмгекти коргоо боюнча башка да экономикалык жеңилдиктер мүмкүн.

Иштегендердин саны 50 жана андан көп болгон ишканаларда техникалык жогорку билими же эмгекти коргоо боюнча атайын даярдыгы бар адамдардан эмгекти коргоо боюнча кызматтар түзүлөт. Иштегендердин саны аз болуп, эмгекти коргоо кызматы түзүлбөгөн ишканаларда бул функцияларды алардын жетекчилери аткарышат.

Иштегендердин санына, өндүрүштүн кооптулугунун жана зыяндуулугунун даражасына жараша эмгекти коргоо боюнча топтор, бюролор, бөлүмдүр, башкармалар түзүлөт.

Өзүнүн статусу боюнча эмгекти коргоо кызматы ишкананын негизги кызматтарына, ал эми анын жетекчиси – жетекчинин орунбасарына теңдештирилет.

Эмгекти коргоо кызматы эмгекти коопсуздук эрежелеринин жана нормаларынын, гигиенасынын жана өндүрүштүк чөйрөнүн ишканалардын баардык кызматкерлери тарабынан сакталышын контролдойт. Анын адистери структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилерине ушул эрежелер менен нормалардын аныкталган бузууларын жоюу жөнүндө милдеттүү түрдө аткарыла турган көрсөтмөлөрдү берүүгө, иштеп жаткандардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудурган бузулуулар болгон учурда өндүрүштүн, участоктордун, машиналардын, механизмдердин жана башка жабдуулардын ишин токтотуп коюуга, кызмат адамдарынан эмгекти коргоо кызматынын компетенциясына кирген маселелер боюнча зарыл маалыматтарды, түшүнүктөрдү, документацияларды жана түшүндүрмөлөрдү алууга, эмгекти коргоо боюнча законду бузган адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө ишканалардын жетекчилерине сунуш киргизүүгө укуктуу.

Эмгекти коргоо кызматынын адистери өздөрүнүн кызматтык милдеттерине кирбеген жумуштарды аткарууга тартылышпайт.

Ишканалардын кызматкерлери эмгектенүү менен байланышкан кырсыктардан жана кесиптик оорулардан республиканын закондору тарабынан аныкталуучу тартипте жана шарттарда милдеттүү түрдө социалдык камсыздандырылууга тийиш.

Ишканалар эмгектин шарттары, корголушу жана өндүрүштүк жаракат алуулардын абалы жөнүндө статистика органдарына бекитилген мамлекеттик статистикалык отчёт берүүгө милдеттүү .

Статистика органдары жалпыланган информацияны мамлекеттик башкаруу жана көзөмөл органдарына, кесиптик органдардын тиешелүү органдарына акысыз жөнөтүшөт.

Эмгектик келишимдин шарттары эмгекти коргоо боюнча закондук жана башка нормативдик актылардын талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

Граждандарды алардын ден соолугунун абалына ылайык келбеген жумушка алууга жол берилбейт.

Кесиптик оорунун же ууланууунун келип чыгышынын мүмкүн болуучу коркунучунун денгээли жогору экендиги белгилүү болгон шартта кызматкерди жумушка алууда ишкананын администрациясы бул жөнүндө кызматкерге эскертүүгө милдеттүү жана аны менен эмгек келишимин түзүп, анда медициналык корутунду тарабынан аныкталган стоматикалык оорулар пайда болгон учурда орточо эмгек акы сакталып, башка ишке которуу жөнүндө эскертилиши керек.

Эмгек келишимин түзөрдөн мурда ишкана кызматка орундалуучу адамдарды сөзсүз медициналык кароодон өткөрүп, ошол алынуучу кызматка ден соолугунун туура келерин текшерип анан орундаштырат. Эгерде кызматка орундашуучу адам медициналык кароодон баш тартса же дарыгердин көрсөтмөсүн аткарбаса эмгек келишими түзүлбөйт жана кызматка алынбайт.

Медициналык кароодон мезгили менен өтүп жүргөн кызматкерге орточо айлык акысы сакталат.

Дарыгерлер комиссиясы жана алардын мүчөлөрү сапатсыз жана туура эмес кароо жүргүзгөндүгү үчүн мыйзам тарабынан белгиленген жоопкерчиликке тартылат.

Ишкананын администрациясы кызматкердин эмгектенүү мезгилинде санитардык- гигиеналык норманы жана эмгекти коргоо боюнча стандартты сактап, эмгекти коргоонун алдынкы ыкмаларын киргизип, кесипке байланыштуу оорууну болтурбай эмгек келишиминде макулдашууну так аткаруута милдеттүү.

Администрация ишке жаңыдан киришип жатышкан, ошондой эле башка ишке которулуучу бардык кызматкерлерге эмгекти коргоо боюнча түшүндүрмө берүүгө, жумуштарды аткаруунун коопсуз ыкмаларына жана кырсыктардан жапа чегишкендерге алгачкы жардам көрсөтүү боюнча окутуута милдеттүү.

Коомтуулугу жогору өндүрүшкө же кесиптик тандоону талап кылган жумушка кирүүчү кызматкерлер үчүн алдын ала эмгекти

коргоо боюнча окутуу жүргүзүлүп, экзамен тапшырылат жана кийин мезгил-мезгили менен кайрадан аттестациялоо өткөрүлөт.

Ишканалардын бардык кызматкерлери, биринчи жетекчилери да, эмгектин коопсуздугу боюнча мамлекеттик стандарт жана мамлекеттик көзөмөл органдары тарабынан белгиленген тартипте окууга, түшүндүрмө алууга, билимдерин текшерүүгө жана кайра аттестациялоодон өтүүгө милдеттүү.

Эмгекти коргоо боюнча белгиленген тартипте окубаган, түшүндүрмө албаган жана билимин текшертпеген адамдарды иштетүүгө тыюу салынат.

Аялдар жана он сегиз жашка толо элек адамдар тарабынан оор жүктү кол менен көтөрүүгө жана бир жерден экинчи жерге которууга байланышкан жумуштарга администрация жүктөрдү ташуу үчүн механизация жана автоматизация каражаттарын, башка куралдарды карооо милдеттүү.

Боюнда бар аялдар медициналык корутундуга ылайык өндүрүштүн коркунучтуу жана зыяндуу таасири жок башка бир кыйла женил жумушка закон тарабынан белгиленген тартипте которулат.

Боюнда бар аялдардын эмгегин оор жүктү кол менен көтөрүүгө жана бир жерден экинчи жерге которууга байланышкан жумуштарда пайдаланууга тыюу салынат.

Бардык аялдар, ошондой эле он сегиз жашка толо элек адамдар жумушка алдын ала медициналык кароодон кийин гана алынат жана кийин аялдар - 45 жашка, ал эми жашы жете электер- 18 жашка толгонго чейин жыл сайын милдеттүү медициналык кароодон өтүп турууга тийиш.

18 жашка толо элек адамдар жана 8 жашка чейинки балдары бар аялдар алардын макулдугусуз түнкү жумуштарга жана мөөнөттөн тышкаркы жумуштарга тартылышпайт же командировкага жиберилбейт.

Закон тарабынан каралгандан тышкаркы учурларда 15 жашка толо элек адамдардын эмгегин колдонууга тыюу салынат.

Он сегиз жашка толо элек адамдарга коопсуздук сертификаты жок машиналарда, механизмдерде, жабдууларда иштөөгө жол берилбейт.

Ишкананын администрациясы кызматкерлер жумушка кирип жаткан кезде жана мезгил-мезгили менен жылына кеминде бир жолу эмгектин шарттары жана корголушунун абалы, авариялуулук, жараат алуулар, кесиптик оорулар, аларга тиешелүү болгон женилдиктер жана компенсациялар, жекече сактануу каражаттары,

эмгектин мыкты жана коопсуз шарттарын камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө аларга маалымдап турууга милдеттүү.

Эл депутаттарынын Советтери, мамлекеттик жана чарбалык башкаруу органдары региондун калкына жана тармактардын эмгекчилерине эмгекти коргоо боюнча максаттуу программалардын аткарылышын, жараат алуулардын, авариялуулуктун жана кесиптик оорулардын абалы жөнүндө камкордук көрүүгө милдеттүү.

Базар экономикасына өткөндөн бери аялдардын түйшүгү, эмгеги көбөйдү. Кечке базарда отуруп, кечинде үй - бүлөөсүнүн камын көрөт.

Эл аралык миграция уюму жыргап жашоо издеп чет өлкөлөргө чыгып кеткен 100 аялдын тагдырын изилдеп көрүшүп, алардын бөтөн жерде камакка түшүп, кара башынын эркиндигин жоготуп, сойку соодасына зордук менен иштетип жатканын ачыкка чыгарышты. Атайын жүргүзүлгөн иликтөө, Кыргызстандан жылына бери жагы эки, ар жагы 4 минге жакын кыздардын чет өлкөлүк сойку соодасынын кылмыштуу торуна түшүп жатканын көрсөттү. Мындай кордукка баткан кыздардын орточо жашы 15-16, эң кичүүсү 12-13 жашта [8].

Мамлекет бул ишке өз убагында кам көрбөсө, аялдардын тагдыры келечекте кыйын абалда калышы мүмкүн.

1.2. Эмгекти коргоо боюнча көзөмөлдү уюштуруу

Эмгекти коргоо боюнча закондордун сакталышы үчүн мамлекеттик көзөмөлдү жана контролдү өзүнүн ишинде чарбалык субъектилерге жана алардын жогору турган уюмдарына көз каранды болбогон атайын уполномочие берилген мамлекеттик органдар, мамлекеттик инспекциялар жүзөгө ашырышат. Эмгекти коргоо жөнүндөгү закондордун сакталышы үчүн мамлекеттик көзөмөл органдары Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан түзүлгөн жана бекитилген Жобонун негизинде аракеттенет. Мамлекеттик органдардын же анын полномочиялуу өкүлдөрүнүн берилген укуктардын чектериндеги чечимдери милдеттүү түрдө аткарылат жана соттук тартипте даттанылышы мүмкүн.

Көзөмөлдүн мамлекеттик органдарынын кызматкерлери өзүлөрүнүн милдеттерин туура эмес жана сапатсыз аткаргандыктары үчүн белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

Эмгекти коргоо боюнча закон актыларынын жана башка нормативдик актылардын сакталышы үчүн мамлекетти көзөмөлдү

жана контролду жүзөгө ашыруу боюнча ишке кийлигишүүгө тыюу салынат.

Эмгекти коргоо боюнча мамлекеттик көзөмөлдү ишке ашырып жаткан кызмат адамдарынын закондуу ишине тоскоолдук кылуу максаттарында башкаруунун мамлекеттик органдары, ишканалар, коомдук жана саясий бирикмелер же башка кызмат адамдары тарабынан кандай гана түрдө болбосун таасир көрсөтүү Кыргыз Республикасынын закондоруна ылайык дисциплинардык, административдик, уголовный жана башка жоопкерчилик тартууга алып келет.

Ишканаларда эмгекти коргоо боюнча закон актыларынын жана башка нормативдик актылардын сакталышы үчүн коомдук контролду кесиптик союздардын уюмдары өздөрү эмгекти коргоо боюнча полномочие берген шайлануучу адамдар аркылуу ишке ашырышат.

Кыргызстандын кесиптик союздары эмгекти коргоо боюнча закон актыларынын жана башка нормативдик актылардын администрация тарабынан сакталышына көзөмөлдү жүзөгө ашырууга катышат, бул үчүн Кыргыз Республикасынын кесиптик союздар борбору тарабынан бекитилүүчү жобо боюнча аракеттенген жана мамлекеттик көзөмөлдө органдары менен бирдей укуктагы эмгектин техникалык инспекциясын түзүшөт.

Кесиптик союздар эмгекти коргоо боюнча закон актыларынын жана башка нормативдик актыларды белгиленген тартипте иштеп чыгууга жана макулдашууга катышышат, аларды көз каранды эмес экспертизадан өткөрүшөт өзүлөрү менен макулдашылбаган же эмгекти жана курула турган чөйрөнү коргоо талаптарына ылайык келбеген актылардын аракетке киргизилишине мамлекеттик органдар аркылуу протест жасоого укуктуу.

Кесиптик союздардын өкүлдөрү өндүрүш каражаттарын, имараттарды, курулуштарды, башка жаңыдан бүткөрүлгөн жана реконструкцияланган обьектилерди сынап көрүү жана пайдаланууга кабыл алуу боюнча мамлекеттик комиссиялардын ишине, өндүрүштөгү кырсыктарды изилдөөгө катышышат жана зарыл болгон учурда алар боюнча корутундуларды беришет; ишканаларда эмгектин корголушунун абалын, аны жакшыртуу боюнча коллективдуу келишимдерде жана макулдашууларда каралган чаралардын аткарылышын текшерүүнү жүргүзүшөт жана жыйынтыктар боюнча аныкталгандан тартип, бузууларды четтетүү жөнүндө милдеттүү түрдө аткарылуучу сунуштарды, тапшырмаларды беришет.

Кесиптик союздардын органдары эмгекти коргоо жагында эмгекчилердин укуктары менен таламдарын коргоо үчүн ушул маселелер боюнча чарбалык жана башка органдардын, ишканалардын жетекчилеринин докладдарын угуп турушат, аларга колдонуудагы закондорго ылайык талаптарды коюшат.

Кызмат адамдары тарабынан өндүрүштө эмгекти коргоонун талаптары атайын бузулган, кырсыктар эсепке алуудан жашырылган, коллективдуу келишим боюнча милдеттенмелер аткарылбаган, бюрократтыкты көрсөткөн жана ишти создуктурууга жол берилген учурда кесиптик союздардын органдары райондук органдан төмөн эмес аларды ээлеген кызматтарынан бошотууну мамлекеттик, чарбалык жана башка органдардан, ишканалардан талап кылууга укуктуу. Бул органдар күнөөлүү кызмат адамы менен болгон эмгек келишимин бузууга же аны ээлеген кызматынан бошотууга милдеттүү . Кесиптик союздун органынын талабына даттануу жогору турган кесиптик союздун органына берилиши мүмкүн, анын чечими акыркы чечим болуп саналат.

Кызматкерлердин ден соолугуна же өмүрүнө түздөн-түз коркунуч туулган учурда кесиптик союздар жумушту токтотуп коюуга, машиналарды, механизмдерди жана өндүрүштүк багыттагы башка продукцияларды эмгекти коргоо боюнча нормативдик актылардан четтөө менен чыгарууга тыюу салууга укуктуу. Кесиптик союздардын мындай аракеттерине байланыштуу администрациянын протесттери сот тартибинде каралат.

Эмгектик милдеттерди аткарууга байланыштуу майып болуудан же ден соолугуна башка зыян келтиргендигинен улам тарткан зыянды төлөп берүү укугун коргоо менен жана кызматкерлердин эмгекти коргоого болгон укуктарынын чектелишинин башка учурларында кесиптик союздар өз демилгеси боюнча же кызматкерлердин арыздары боюнча доо арыздары менен сотко кайрыла алышат.

Эмгекти коргоо боюнча нормативдик актыларды аткарбагандыгы үчүн ишканага Кыргыз Республикасынын эл чарбасында эмгектин корголушун көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик органдар тарабынан закондо белгиленген тартипте экономикалык санкциялар салынышы мүмкүн. Өндүрүлүп алынган суммалар тен үлүштөрдө: мамлекеттик көзөмөлдө органдарынын буйругу боюнча чыгымдалуучу ушул ишкананын эмгекти коргоо фондусуна, ошондой эле мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттерге жөнөтүлөт.

Ишкана мамлекеттик органдын чечими менен макул болбогон учурда санкциялар жөнүндө маселе арбитраждык сотто чечилет.

Эгерде курулуш пайдалануугa эмгекти коргоо боюнча нормативдик актылардан четтөө менен тапшырылса, ага анын күнөөсү боюнча жол берилсе, аткаруучу курулушту ушул талаптарга ылайык келтирүү боюнча зыянды толук төлөп берүүгө милдеттүү.

Өндүрүштүк обьектилерди, өндүрүш каражаттарын пайдалануугa берген кезде же алардын пайдаланышынын гарантиялык мөөнөтүнүн убагында эмгекти коргоо боюнча нормативдик актылардын бузулуулары аныкталган учурда заказчы даярдоочудан дефектилерди четтетүүнүн наркына барабар өлчөмдөгү чыгымды өндүрүп алууга укуктуу.

Эмгекти коргоонун талаптарына жооп бере албаган өндүрүштүк багыттагы продукцияларды чыгаруучу жана тапшыруучу ишканалар керектөөчүлөргө алар тарткан зыянды төлөп беришет.

Кыргыз Республикасында белгиленген эмгекти коргоо боюнча стандарттардын, эрежелердин жана нормалардын талаптарына туура келбеген өндүрүш каражаттарын, жекече жана коллективдүү сактануу каражаттарын, анын ичинде чет өлкөлөрдөн сатылып алынган каражаттарды сатуу жана рекламалоо законсуз болуп саналат. Мында иштин натыйжасында ишкана алган пайда бюджетке (республикалык, жергиликтүү) алынып коюлат.

Эмгекти коргоо боюнча закон актыларынын жана башка нормативдик актылардын бузулушунда күнөөлүү болгон кызмат адамдары менчик ээлерине, ээлик кылуучуларга, кызматкерлерге мамлекеттик көзөмөлдө органдары жана кесиптик союздардын техникалык инспекциялары тарабынан эмгекти коргоонун республикалык жана жергиликтүү фондуларына багытталуучу 1000 сомго чейинки өлчөмдөгү штраф салынат.

Эмгекти коргоо жөнүндөгү закондорду бузгандык үчүн административдик, дисциплинардык, материалдык жана уголовный жоопкерчиликке тартуунун тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын закондору тарабынан аныкталат.

Эмгекти коргоо боюнча нормативдик актыларынын талаптарын бузгандык үчүн ишканалардын кызматкерлери белгиленген тартипте дисциплинардык жана административдик жоопкерчиликке тартылышат. Эгерде кызматкерлердин аракеттери оор натыйжаларга алып келсе, анда алар Кыргыз Республикасынын закондоруна ылайык жоопкерчиликтин башка түрлөрүнө да тартылышы мүмкүн.

Өндүрүштүк кырсыктын же кесиптик оорулардын натыйжасында эмгекке жөндөмдүүлүгүнүн толук жарым-жартылай жоготкон кызматкерге ишкана бир жолу берилүүчү пособие төлөйт жана ден соолукка келтирилген зыяндын ордун Кыргыз Республикасынын закондору тарабынан белгиленген тартипте жана өлчөмдөрдө толтурат. Бир жолу берилүүчү пособиенин өлчөмү коллективдүү келишим тарабынан аныкталат жана эмгекке жарамдуулугун жоготкондугун жана майыптыгын эске алуу менен дайындалууга тийиш, бирок ал:

3-топтогу майып болгондо - жапа чеккен адамдын бир жылдык орточо эмгек акысын үчкө көбөйткөндөн;

2-топтогу майып болгондо - жапа чеккен адамдын бир жылдык орточо эмгек акысын бешке көбөйткөндөн;

1-топтогу майып болгондо - жапа чеккен адамдын бир жылдык орточо эмгек акысын онго көбөйткөндөн кем эмес болууга тийиш.

Эгерде жапа чеккен кызматкер дарылануга, протез жасатууга, медициналык жана социалдык жардамдын башка түрлөрүнө муктаж деп табылса ишкана анын чыгымдарынын ордун толтуруп берет. Зарыл учурда ишкана жапа чеккен адамды медициналык корутундуга ылайык кесиптик жактан реабилитациялоону, кайра даярдоону жана ишке орноштурууну камсыз кылат же бул максаттар үчүн кеткен чыгымдарды төлөп берет.

Ишкана кайра түзүлгөн же жоюлган учурда кызматкерге зыяндын ордун мурастоо укугундагы ишкана же жогору турган уюм толтуруп берет.

Кызматкер өндүрүштүк кырсыктан же кесиптик оорунун натыйжасында өлгөн кезде ишкана материалдык зыянды төлөтүп алууга укуктуу адамдарга материалдык зыянды Кыргыз Республикасынын закондору тарабынан белгиленген тартипте жана өлчөмдөрдө төлөп берет, ошондой эле аларга бир жолу берилүүчү пособие төлөйт, анын өлчөмү коллективдүү келишим тарабынан аныкталат, бирок каза болгон адамдын бир жылдык орточо эмгек акысын жыйырмага көбөйткөндөн кем болбоого тийиш.

Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинин (1997-жылдын 18-сентябринде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган) 142,143 статьяларында "Техникалык коопсуздукту сактоого жоопту адам тарабынан ден соолукка анча оор эмес залал келтирүүгө алып келүүчү техникалык коопсуздуктун, өнөр жай санитариясынын

эрежелери же эмгекти коргоонун башка эрежелери бузулганда, эң аз айлык акынын отуз өлчөмүнө чейин айып төлөм салынат же эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен жазаланат.[9]

Ошол эле укук бузуулар оор кесепетке алып келгенде үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматты ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратууга же андай кылбастан эки жылдан беш жылга чейин мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Ошондой эле жеке максаттарда адамды жумуштан мыйзамсыз атайлап бошотуу, ошого тете эмгек жөнүндө мыйзамдар башкача түрдө олуттуу бузуу, эң аз айлык акынын элүү өлчөмүнө чейин төлөм салынат же болбосо үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматты ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратылат.

Өрт коопсуздугунун эрежелеринин сакталышына жоопту адам тарабынан бул эрежелердин бузулушунун кесепетинен өрт чыгып, ден соолукка жеңил же анчалык оор эмес жаракат келтирсе, эң аз акынын элүү өлчөмүнө чейин айып төлөм салынат, болбосо жүз жыйырмадан жүз сексен саатка чейинки мөөнөткө коомдук иштерге тартылат, же болбосо эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Ошол эле жосун байкабастыктан адамдын өлүмүнө же башка оор натыйжаларга алып келсе үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кыргызстандын профсоюздар федерациясын техникалык инспекторлору менчиктин ар кандай формасындагы ишканалар текшерилип, эмгекти коргоо законун коопсуздук техниканы бузган 5083 учур катталган, 300 технологиялык линия, цех, станок токтотулган. 5 объект эксплуатацияга берилбей, 201 жооптуу кызматкер административдик жазага тартылып, 33 кызматкер ишинен бошоп,35 кызматкердин иши тергөө органдарына берилген.[10]

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган эмгек кодекси 1998-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилген. Ушул Эмгек кодекси Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык жумушчуга өз эмгеги менен өзүнүн жана үй-бүлөөсүнүн татыктуу жашоосуна камсыз кылууга шарттарды түзүүгө багытталган эмгек мамилелери жагындагы мамлекеттик саясаттын негиздерин аныктап, граждандардын эмгектик укуктарынын мамлекеттик кепилдиктерин белгилейт жана жумушчулардын, жалдоочулардын жана мамлекеттин таламдарына сактоону камсыз кылууга багытталган.

Биздин эгемендүү жаш өлкөбүздө эмгегин коргоого жана алар үчүн коопсуздук техникасынын талабын толук канаттандырган шарт түзүүгө айрыкча көңүл бөлүнөт.

Азыркы базар экономикасына өтүү мезгилинде ар кандай жеке менчиктер пайда болуп, айрыкча жан сактоо үчүн жумуш таппай жүргөндүктөн пайдалаып, жеке менчиктин ээлери коопсуздук шартын түзбөгөн учурлар көп кездешет. Коопсуз эмгек шартын түзбөө адамдын өмүрү менен байланышкан.

1.3. Коопсуздукка тарбиялоодо мугалимдин ролу жана анын азыркы кездеги социалдык абалы. Коопсуздукту уюштурууда мектеп жетекчилеринин жана мугалимдердин милдеттери

Кийинки мезгилде 21-кылымдын кадрларын даярдоого айрыкча көңүл бөлөлү деген жакшы тилектер, ойлор айтылууда.

Жаштарыбызды чет мамлекетке окутуп, терең билим берип жаңы кылымдын кадрларын даярдоого бир кыйла иштер жүргүзүлүп жатат. Кийинки кезде айыл мектептеринде жалпы эл агартуу системасында орчундуу кемчиликтер кездешүүдө.

Ар кандай башка кесиптердин ичинен мугалимдик кесип өтө ардактуу, сыймыктуу да кесип. Ошол эле учурда түйшүктүү, ары оор. Анткени, мугалим жаштыгын, алы күчүн, энергиясын адамга билим жана тарбия берүүгө арнайт. Мугалимдин бүткүл өмүрү балдардын, өспүрүмдөрдүн өткөөл, күйүп-жанган ойноо учуруна туура келет. «А» деген тамгадан баштап, орто билим, тарбия берүү мугалимдин иши. Мектеп балдарды турмушка үйрөтүп, канат-куйругун жетилтип учура турган куттуу мекеме. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген асыл сапатты мугалим калыптындырат.

Жөндөмүнө, кызыгуусуна жараша мугалимдик кесипти тандап, алдыдагы таалай-тагдырын ошол адистиктен издеп, беш жыл катары менен билим алып, мектепке келишет. Мугалимдин тилеги, максаты-адам тарбиялоо, билим берүү алар менен иштөө.

Андыктан аны адам психологиясынын инженери деген сөз бекеринен айтылып жүрбөйт. Адамды тарбиялоо иши өзгөчө бир кесип, адистик болуп саналат. Бул кесип өзүнүн сапаты, касиети менен айырмаланып, өзгөчө чыгармачыл кесип болуп саналат. Мугалим болуу, таланттуулук ар кимдин эле колунан берчү иш эмес. Бирок азыркы мугалим ким? Жашоо шарты, ал-абалы кандай? Мугалим турмуштагы өтө татаал, баа жеткис, өтө кымбат нерсе-адам менен иш алпарарын, анын өмүрү, ден соолугу, акыл-эси, мүнөзү,

граждандык жана интеллектуалдык, турпаты, анын келечеги бизге, биздин адистик чеберчилигибизге, устаттыгыбызга байланыштуу.

Мугалимдик кесип-бул адамды тануу жана тарбиялоо илими, адамдын татаал жан дүйнөсүнө үңүп кирүү. Такай адамдардагы жаңы нерсени ачуу, адамдын калыптаныш процессин көрүп туруу.

Бүгүн мугалим эң кедей социалдык катмар. Союз учурунда эле мугалимдердин баркы-баасы, алган маянасы жарытымдуу эмес болчу. Күн тыным, түн уйкусун койгон мектеп түйшүгүнөн тышкары мугалим идеологиялык фронттун жоокери катары эл арасында үгүт-насаат иштерин жүргүзүүчү. Мугалимдер жайкы эс алуу отпускасын натыйжалуу пайдалануучу эмес. Жай мезгилинде колхоз, совхоздун чарба иштерине жардам берүүчү, суу сугаруучу, тоют даярдоочу. Чарба ишине катышпаган айыл жериндеги мугалимдердин малдарын бадага коштурбай, колхоздун бригадирлери айдап алуучу.

Бирок, канткен күндө да бүгүнкүдөй абал кайдан болсун. Күнүмдүк жашоо-тиричилигине жумшалчу тапкан маянасы 4-5 айда барып бир тиет. Аны да жөн бербей «авансалап», «проценттеп» берет. Инфляция күндөн күнгө өсүүдө.

Ал эми мугалимге төлөнүүчү эмгек акы бир ордунан жылбайт. Үйдүн жарыгына, кышкы отунга, квартира акысына төлөнүүчү каражаттар жок. Андан сырткары кайра даярдоо курстарга жиберилет экен. Мындай учурда кеткен мугалимдин ордуна бош калган сабактар алмаштырылбайт, программалык материал өтүлбөй калат. Анткен себеби, убактылуу алмашылган саатка акы төлөнбөйт.

Башталгыч аскердик билим берүү, аскердик көнүгүүгө үйрөтүүчү офицерге төлөнүүчү эмгек акы да жоголду. Аскердик кабинеттер ишин токтотту. Аскерге жашы жеткен уландарыбыздын кыйласы ден соолугу начар деп табылып жатат.

Мекенди ким коргойт? Күчтүү күжүрмөн армиясы жок мамлекеттин тагдыры келечекте эмне болору өзүнөн өзү түшүнүктүү. Баткендеги баш кесер басмачылар кандай кордук көрсөткөнүн турмуш көрсөтпөдүбү.

Россия федерациясында орто мектепте аскерге даярдоо жана өмүр коопсуздугу сабактары бирге өтүп, аларга 400 кем эмес саат берилип жакшы билим алып, өзгөчө кырдаалда сактоону жолдорун кенири үйрөнүп жатышат.

Учурда өз адистигин терең жана мыкты билген жогорку категориядагы мугалимдер турмуш-шарттын айынан мектепти таштап кетишти. Азыр айрыкча негизги предметтер боюнча мугалимдер жетишпейт.

Мектептин материалдык базасы барган сайын жакырлануууда. Көрсөтмө куралдар, дидактикалык материалдар азайды. Мугалим күндөлүк жаңылыктар, методикалык адабияттар, көрсөтмөлөр, газета-журнал аркылуу тынымсыз окуп, турбаса мугалим болуудан калып, кадыр-сыйдан кетет.

Бүгүнкү күндө окуучу коомдогу он жана терс өзгөрүштөрдүн толкунуна түздөн түз келип кабылып жатат. Жадатма-тажатма «акыл насааттарды» уккусу келбейт. «Акча», «бийлик» жөнүндөгү түшүнүктөрү кеңири.

Кийинки үч жылда Ысык-Көл областы боюнча уюшуп алып ар кандай кылмыш жасагандардын 213 фактысы катталган. Аларга 37 жашы жете элек өспүрүмдөр кошулган. Өзгөчө тынчсызданууу улуу адамдарын жашы жете элек балдарды кылмыш ишине үйрөтүшү жана ошол ишке аялдарды катыштыруусу болуп саналат. Эненин, уулуу адамдардын жаштарга үйрөтүүчү, айткан насааттары түп ордунан жоголуп баратуусу өтө коркунучтуу.

Окуучун сабатуулугун көтөрү үчүн керек болгон методикалык каражаттарды, иш кагаздарын, журнал, бордон өйдө кайсы акчага сатып алат. Мектеп электр жарыгы үчүн кайсы акчасын төлөйт.

Окуучулар жөнүндө эмнени айтса болот? Бала бакча, садиктер иштебейт. Анын абалы деле эптеп күн көрмөй. Мектепте узартылган күнү бар группалар түп орду менен жоголду. Мектеп босогосун жаңы аттаган балдар окумак тургай тамгаларды билбей, цифраларды көрбөй барышат. Мугалим буларды шар окууга, жат жазууга, так эсептөөгө үйрөтүп көнүктүрүү үчүн эмне деген нервти, күч аракетти жумшайт. Башталгыч класстын мугалими болуш кандай татаал, кандай оор. Бүгүнкү күндүн каатчылыгында, кара курсактын айынан жана жаш балдар кул базарда кол араба сүйрөп «такси» болуп жүк тартып жүрүшөт. Өтө коркунучтуу жагы жашы жете элек балдардын бензин куюучу бекеттерге иштеши. Кичине балдар жалдырап, шланги сүйрөп май куюп жүрүшөт. Биринчиден мындай коркунучтуу обьектиге жашы жете электерге такыр уруксат эмес. Экинчиден зыяндуу шартта иштеген балдардын ден соолугу, келечекте үй бүлөө курууда нефти продуктуларынын тескери таасирин түшүнүшбөйт. Ата-энеси кассада отуруп алып «балдарым күндүк нандык акчасын таап алып атат» деген туура эмес ойдо жүрө берет.

Көп мектептер, мугалим жашаган үйлөр эскилигинен, табигый кырсыктардан авариялык абалда турат. Бул жөнүндө өзгөчө кырдаал министерствосу тарабынан убагында жардам берилбейт.

Мына ушундан мугалимдин социалдык абалында жогорку денгээлдеги коопсуздук ишин талап кылуу кыйынчылыктарды туудурат.

Мектеп имараты, анын материалдык базасы кандай? Капиталдык ремонтту кой, катардагы жаңы окуу жылына карата актап-сырдоо өзүнчө эле проблемага айланган. Ремонтко бюджеттен тыйын каралбайт.

Педагогдук кесипке байланыштуу ситуация маанилүү орунду ээлейт. Педагогдук иш өтө жоопкерчиликтүү жана кыйын, тарбия жана билим берүүчү ардактуу кесип болуп саналат. Келечектеги ар кандай адистикке ээ болуучу адамдар биринчи жалпы билимди жана тарбияны мектептен, мугалимден алышат.

Мугалимдик кесип өтө кеңири таралган «адам-адам» тибиндеги кесип.

Башка кесиптеги адистерге салыштырганда, педагогдордо ашыкча аракеттенгендигин кесепетинен улам жогорку нерв системасынын функционалдык жактан көбүрөөк бузулуучу коркунучу бар. Педагогдо мындан башка кесипке байланыштуу. Көрүү органдарынын начарлашы, угуу органы кулактын дүлөй болушу, речтик(сүйлөө) функциясынын начарлашы, көп сүйлөөдө жогорку дем алуу жолдорунун бузулуусу байкалат. Башка кесипке караганда педагогдук кесипте кесипке байланыштуу оруулар көп кездешет.

Шахтердук кесипте негизинен дем алуу органы өпкөдө силикоз оорусу пайда болуп, алар элүү жашка чыкканда пенсияга кетишет. Миндай жеңилдиктер милиция кызматкерлеринде да бар. Ал эми кесипке байланыштуу педагогдордо социалдык жактан коргоо жок. Ошондуктан 25 жылга кем эмес такай мектепте иштеген аял мугалимдерди 45 жаштан, эркек мугалимдерди жок дегенде элүү жашта пенсияга кетирүү өмүр коопсуздугунун негизги талабын канагаттандыруу болуп саналат.

Белгилүү педагог, СССР педагогика илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, Социалдык Эмгектин Баатыры В.А.Сухомлинский мугалимдин эмгеги жөнүндө мындай көрсөтөт:

-«Мен 45 тен 50 жашка чейинки төрт жүздөгөн мугалим менен ангемелештим. Ден соолук жөнүндө сөз болгондо, көпчүлүгү: «жүрөк начар болуп калды», «жүрөк анда-санда ооруп калчу болду»,- деп даттанышат. Жүрөк менен нервдин бузулушу- мугалимдин чыгармачылык ишине кедерги гана болбостон, көп учурларда таптакыр токтотуп койгон, маалынан мурда «эс алууга чыгууга» аргасыз кылган оору ага дал ушинтип билинбей жылып келет». [37]

Кыргыз республикабызда «мугалимдин статусу» кабыл алынды. Бул статус мугалимдин социалдык абалын чечүүгө багытталган алгачкы кадам болуп эсептелет. Мугалимдин татаал эмгегин чечүүгө дагы мамлекеттик көп камкордук керек.

Педагогдордун, окутуучулардын арасында кесиптик күйүп бышуу, эмоциялык туруксуздук, дисгармонияланууу жекече синдромдору бар. Ошондой эле улгайган педагогдордо унутуу процесси өркүндөгөндүгүн байкоого болот.

Педагогдордо «турмуштук» ситуациядан башка кесипке байланыштуу «педагогдук ситуация» болуп, бул турмуштук ситуациянын бирден бир бөлүгү болуп эсептелет. Ушул педагогдук ситуацияда мугалим окутуунун жана тарбиялоонун жаны каражатына жана чыгармачылык жолдоруна ой жүгүртүп, субъект менен объектинин байланышында татаал ситуациядан чыгуу аракетин жасайт. Мында педагогдук чыгармачылык жана изденүү башкы ролду ойнойт.

Педагогикалык психология- психологиянын жаш мүнөздөрдү тарбиялоонун жана окутуунун психологиялык маселесин изилдөөчү тармагы болгондугуна байланыштуу мугалимге ушул талапты терен өздөштүрүү милдети коюлат.

Администрациянын жана окуу-педагогикалык персоналдардын милдеттери. Эл агартуу системасында, окууда эмгекти коопсуз жана ден соолукка зыян келтирбей турган шартын түзүүдө Кыргыз Республикасынын закондорун, Эл агартуу системасында эмгекти коргоо ишин уюштуруу боюнча жоболорун, мурдагы СССРдин агартуу министрлигинин 8.12.86-ж. № 241 буйругун, СССРдин ЖОЖ жана АОЖ министринин 04.05.86-ж. № 168 буйругун, ВЦСПСтин токтомун, республикалык, областтык жогорку мектеп жана илимий мекемелер, эл агартуу кызматкерлеринин профсоюздук комитеттеринин чечимдерин жетекчиликке алып, эмгекти коргоонун нормасын, эрежесин жана эмгек жөнүндөгү закондор кодексин туура колдонулушун камсыз кылат.

Агартуу системаларында эмгекти коргоону уюштуруунун жалпы абалына жетекчилик кылуу жана жоопкерчилик алардын жетекчилерине институттун ректоруна, мектеп жана педагогикалык окуу жайдын **директоруна, балдар бакчасынын башчысына** жүктөлүп, алар:

- окуу процессин уюштурууда жана жүргүзүүдө коопсуздук техникасынын жана өндүрүштүк санитариянын нормасы менен эрежесинин сакталышына жооп берүүчү адам болуп саналат,

- мамлекеттик көзөмөлдүн жана эмгектин техникалык инспекторунун, эл агартуу органдарынын буйругун, инструктивдик көрсөтмөлөрүн аткарууну камсыз кылат. Ошондой эле коопсуздук техникасы жана эмгекти коргоо боюнча окуу көрсөтмө куралдарын, плакаттарды, инструкцияларды жана башка зарыл материалдарды даярдайт,

- инженердик техникаларды, жабдууларды мамлекеттик стандарттын нормасына жана эрежесине туура келтирип, аларды коопсуздук эрежесинин негизинде пайдаланат. Мектептин имаратын өз убагында оңдотуп, санитардык, техникалык, гигиеналык бөлмөлөргө кароо жүргүзөт. Желдетүүчү жана башка электрдик установкалардын туура иштешин текшерет,

- окуу кабинеттеринин, лабораториялардын окуута даярдыгын, мастерскойдун өрттөн сактоо уюму жана техникалык инспекция, профсоюз, райЭББББ жана базалык мекеменин өкүлү менен жаңы окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясын уюштурат. Уруксат акт болмоюнча мектептин имаратын жана бөлмөлөрдү эксплуатациялоого, андагы жабдууларды иштетүүгө тыюу салат.

Кокустук болуп, ал адамдын өмүрүнө байланыштуу болсо, бир нече адамдар зыянга учураса, сөзсүз ошол региондун прокуратурасына, техникалык инспекторго, профсоюз уюмуна, райЭББББ жана андан жогорку уюмларга билдирүүгө милдеттүү.

Окуу жана өндүрүшкө байланыштуу болгон кырсыкты ВЦСПСтин 13.08.82-ж. президиумунун токтому менен СССРдин агартуу министрлигинин 28.09.87-ж. № 178 "жалпы орто билим берүүчү" мектептин окуучулары, мектепке чейинки мекемелердин тарбияланууучулары менен болгон кырсыкты изилдөө жана эсепке алуу" буйругунун негизинде комиссия түзүп, 24 сааттын ичинде ДН-1 актысын түзөт.

Профсоюз уюму менен бирдикте эмгекти коргоо боюнча ар жыл сайын келишим түзүп, анын аткарылышын камсыз кылат. Келишимдин формасы атайын инструкцияда көрсөтүлгөн.

Эмгекти коргоо боюнча келишимдин аткарылышын жылына эки жолу текшерип, анын жыйынтыгын чыгарат.

Эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасын уюштуруу маселесин педагогикалык советке, эмгек коллективинин чогулушуна жана өндүрүштүк кеңешмеге коюп, талкуу жүргүзөт.

Окуу-тарбия процессинде эмгекти коргоонун жана аны жакшыртуу боюнча белгиленген иштин аткарылышы жөнүндө эмгек

коллективинин чогулушунда отчёт берип, эмгек шартын жакшыртуу жана кетирилген кемчиликтерди жоюу боюнча иштерди белгилейт.

Эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча уюштурулган семинарга, кыска мөөнөткө уюштурулган курстарга мектеп мугалимдеринин катышуусун камсыз кылат.

Мектепке кабыл алынган бардык балдарга эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча жалпы инструктаж берип, ар бир жумушчу ордуна өткөрүлүүчү инструкцияны уюштурат.

Мектепке кабыл алынуучу бардык адамдар адегенде медициналык кароодон өтүп, ишке медициналык мекемелеринин берген маалыматы боюнча орноштурулат.

Окуу иштери боюнча директордун орун басары окуу-тарбия процессинде эмгекти коргоо, өндүрүштүк санитариянын, өрттөн сактануу эрежесин жана нормасынын сакталышын камсыз кылып, зыяндуу реактив жана башка жабдуулар болсо, аны колдонууга тыюу салат.

Техникалык инспектор тарабынан текшерилбеген жана уруксат этилбеген колдон жасалган куралдарды колдонууга уруксат бербейт.

Эгерде мектепте окуу иши боюнча орун басар жок болсо, бул милдетти мектептин жетекчиси аткарат.

Мектептин директорунун чарба иши боюнча орун басары же чарба башчысы: кесипке байланыштуу ооруну жана өндүрүштүк кокустукту болтурбоого, эмгекти коргоону уюштурууга түздөн-түз жооп берет;

– мектепти жылытуучу казандын энергетикалык системасын өндүрүштүк машиналардын иштөөсүнө коопсуздук техникасынын койгон талаптарын камсыз кылат;

– санитардык-гигиеналык тиричилик бөлмөлөрдүн тазалыгын жана туура иштешин, оор нерсени көтөрүүдө норманын сакталышына, транспорттон түшүрүү жана жүктөөдө, материалдарды сактоодо коопсуздук эрежесине жооп бергендей ишти уюштурат;

– желдетүүчү установкалардын эффективдүү жана туура иштешин камсыз кылат;

– үйдү жылытуучу казанда, кир жуучу иштеринде жана башка участкаларда иштеген жумушчулар үчүн коопсуздук техникасы боюнча ар бир участок үчүн инструкцияны жергиликтүү шартка карата даярдап, мектеп жетекчиси менен профсоюз уюмуна бекиттирет;

– электр установкасында, мектепти жылытуучу казандарда, кысылган газдарда компрессорлордо, коркунучтуу шартта иштеген адамдарга тиешелүү уюм аркылуу окуу процессин уюштурат;

– ар бир персоналга жумушчу ордунда атайын же экинчи, же пландан тышкары коопсуздук техникасы боюнча инструктаж өткөрүлүп, журналга кол койдурат;

– мектептин имаратын жана анын айланасын өндүрүштүк санитариянын жана коопсуздук техниканын талаптарына ылайык эксплуатациялайт жана тазалыкты сактайт;

– транспортто жана мектептин айланасында жүрүүдө коркунучсуз кыймылды камсыз кылат;

– мектептин имаратын, жылытуучу жана шамалдатуучу, электрдик жана санитардык установкаларды, канализацияны көзөмөлгө алып, өз убагында ремонттоо ишин жүргүзөт;

– суу, газ түтүктөрүнө, канализацияга, жылуулук тармактарына системалуу көзөмөлдөө жүргүзөт;

– техникалык персоналды норма боюнча атайын кийимдер, өзүнчө сактануучу жабдуулар менен камсыз кылат;

– атайын кийимдерди жуу жана ремонттоо иштерин уюштуруп, алардын эсебин алат;

– мектептин имаратын өрттөн сактоо боюнча кам көрүп, өрттү өчүрүүчү жабдууларды толуктайт. Эгерде мектептин штатында мындай кызматты аткарууга арналган орун жок болсо, бул милдетти мектептин директору аткарат.

Мектептен жана класстан тышкаркы иштерди уюштуруучусу, пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгек жетекчиси, эмгекке тарбиялоо жана кесиптик багыт берүү боюнча мугалим:

-коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгекти, окуучулардын окуусун, кесиптик багыт берүү иштерин уюштурууда класстан жана мектептен тышкаркы жумуштарды иштетүүдө окуучулардын ден соолугуна зыян келтирбей турган шарт түзүүгө милдеттүү;

-коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгекти, мектептен жана класстан тышкаркы жумуштарды эмгекти коргоо нормасынын жана эрежесинин негизинде уюштурат;

-спорт секциялары, экскурсия, жүрүштөр, эмгек бирикмелеринин коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгеги боюнча кружоктун жетекчилерине мектеп окуучуларынын эмгегин коргоо жана кокустук болтурбоо үчүн методикалык жардам берет;

-класс жетекчисине, тарбиячыларга, коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгекке катышкан мектеп окуучуларына коопсуздук

техникасы боюнча окуу уюштуруп, инструкцияны өз убагында жүргүзүп, атайын журналга толтургандыгын текшерет;

-мектептен жана класстан тышкаркы иштерди жүргүзгөндө, коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгекти уюштурганда санитардык-гигиеналык норманын жана коопсуздук техникасынын, өрттөн сактануу эрежесинин аткарылышына көзөмөлдөө жүргүзөт; окуучулар жана алардын ата-энелери менен жол транспорт кырсыгы, суу жана көлдөгү кырсыктар сыяктуу жалпы эле болуучу кокустуктарды эскертүү боюнча иш алып барат.

Окуу кабинетинин, лабораториясынын, өнөркананын, окуу-өндүрүштүк комбинатынын башчысы, өндүрүштүк окуунун мастери, коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгектин, кружоктун, секциянын жетекчиси:

-жумушчу ордуна жана андагы жабдууларга, куралдар менен инструменттерге, спорттук инвентарларга коопсуз шарт түзөт;

-коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгекти уюштурганда, өзүнүн кабинетинде, лабораториясында, өнөрканада сабак өткөндө, өндүрүштүк санитариянын, өрттөн сактануу, коопсуздук техникасынын инструкциясынын жана эрежесинин сакталышына кам көрөт;

-эмгекке жана кесипке багыт берүү сабактарында окуучуларга коопсуздук техникасы боюнча инструктаж бергенде ар бир окуучунун фамилиясынын тушуна ар бир окуучу жана мугалим кол коёт;

-атайын кийим жана бут кийимсиз, коркунучтан сактануу боюнча каражаттарсыз эмгек сабагын өтүүгө жана жумуш иштетүүгө тыюу салат;

-эгерде сабак өтүүдө жана жумуш иштетүүдө окуучулардын ден соолугуна жана өмүрүнө зыян келтирүү коркунучу пайда болсо, ишти дароо токтотуп, кокустук болуп калса, ал жөнүндө мекеменин жетекчисине дароо билгизет.

Мугалим, класс жетекчи, тарбиячы:

-окуу-тарбия берүү процессинде окуучулардын эмгегин коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелерин так колдонот; сабак өтүүдө, экскурсияда, коомдук пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгектерде группалардын узартылган окуусунда жана башка иштерде окуучулардын жана балдардын өмүрүн сактоо боюнча коопсуздук техникасына жана эрежесине керт башы менен жооп берет; кокустан кырсык болгон учурда мекеменин жетекчисине тез билдирип, кырсыкка учураган адамга тез жардам берет;

-окуу-тарбия процессинде коопсуздук шартын түзүп берүү, окуу планы боюнча жүргүзүлгөн сабактарда коопсуздук техникасынан инструктаж өткөрүп, аны атайын класстык журналга толтурат. Класстан жана мектептен тышкаркы учурда өрт коопсуздугунун эрежелерин, жолдо жүрүү, көчөдөгү тартип, сууда сүзүү жана ушул сыяктууларга коопсуздук техникасы боюнча инструктаж өткөрүп, атайын журналга белгилеп, кол койдурат;

-өрттөн сактануу эрежесин сактоодо, жол кыймылында, көчөдө, сууда жана башка жерлерде балдардын өздөрү биринчи иретте сак болушу керектигин окуучуларга эскертет.

Алгачкы аскердик патриоттук даярдык боюнча мектептин мугалими: алгачкы аскердик патриоттук даярдык боюнча сабак өткөндө, атуу тири өткөрүлүүчү жайда, атайын лагерде коопсуздук техникасына шарт түзөт жана анын сакталышына керт башы менен жооп берет;

-окуучулар менен коопсуздук техникасы боюнча инструктаж өткөрүп атайын жасалган класстык журналга белгилейт;

-окууга арналган атуу куралдарын, анын октorунун сакталышына, туура эсебине түздөн-түз жооп берип, коопсуздук техникасынын эрежесин толук аткарат.

Жогоруда мурдагы СССР эл агартуу министрлигинин өзүнүн системасында эмгекти коргоо боюнча чыгарган жоболоруна учкай токтолуп өттүк. СССР эл агартуу министрлигинин 24-декабрь 1971-ж. № 101 буйругу өз күчүн жоготуп, азыр агартуу мекемелеринде СССР эл агартуу министрлигинин 8-декабрь 1986-ж. № 241 буйругу боюнча коопсуздук техникасынын эрежелери колдонулат. Мындан башка Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо боюнча атайын чыгарган закондору жетекчиликке алынат.

Эмгекти коргоо боюнча пландаштыруу жана каражат бөлүү директивалык нормативдик документтердин негизинде ишке ашырылат. Ал документтер планда каралган социалдык-экономикалык өсүштүн бөлүгүндөгү эмгек шартын жана ден соолукту жакшыртуучу санитардык чаралар болуп саналат.

Окуучулар билим алуучу жана иштөөчү орундардын шартын (класс, өнөркана, окуу-тарбия участогу) билип, паспорттоштуруу жана ошого карата эмгекти коргоо ишин пландаштыруу зарыл.

Окуучулардын жумушчу ордун паспорттоштуруу үчүн атайын аттестациялык комиссия түзүлүп, аларга базалык мекеменин жана мектептин өкүлдөрү катышып, жетишпеген жактарын көрсөтүшөт.

Мектепти паспорттоодо эмгектин илим изилдөө институтунун методикалык көрсөтмөсүн колдонсо болот.

Окуу жайларында эмгек шартын жакшыртуу, мектепке балдар көп өтүүчү жайга өткөөл жасоо, эскертүүчү сигналдарды коюу, шамалдатууну, нормалдуу жарыктанышты камсыз кылуу, иштөөчү жерге нормалдуу микроклимат түзүү, эмгекти коргоо боюнча көрсөтмө-демонстрациялык куралдарды дайындоо, эмгекти коргоо боюнча инструкцияны чыгаруу ж.б.

Келишимдин аткарылышы квартал сайын текшерилип, актыга профкомдун башкармасы жана администрациянын өкүлү кол коёт.

Чыгымдар жөнүндөгү справканы мекеменин башкы эсепчиси текшерип ырастайт. Эмгекти коргоого бөлүнгөн каражаттарды башка максатка пайдаланууга уруксат этилбейт жана ал убагында толугу менен чыгымдалат.

Агартуу системасында түзүлгөн комплекстик план эмгек шартын жакшыртуу боюнча келишим болуп эсептелет. Ал профсоюз уюму менен администрациянын негизги документтери болуп саналат.

II-Глава. ӨМҮР КООПСУЗДУГУНА ОКУТУУНУН ЖАНА ТАРБИЯЛООНУН КОНЦЕПЦИЯСЫН ИШТЕП ЧЫГУУНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

2.1. Өмүр коопсуздугу боюнча жүргүзүлгөн илимий иштердин обзору жана азыркы кездеги проблемалары

Орус жана совет окумуштуулары өндүрүштө иштөөчү адамдардын эмгек шартын жакшыртуу, кырсыкты азайтуу боюнча иштерге өз салымдарын кошушту. Мисалы он сегизинчи кылымда орустун улуу окумуштуусу М. В. Ломоносов имараттарды чагылгандан сактап калуу үчүн анын чагылгандан сактануу куралын ойлоп тапкан.[12]

Айрыкча Ата Мекендик окумуштуулардын эмгекти коргоо боюнча жазган эмгектерин жана ачкан илимий иштерин баса белгилеп кетүүгө туура келет. Орус окумуштуулары А. Н. Лодыгин жана П. П. Яблочков биринчи жолу электрдик жарык берүүчү лампочканы ойлоп чыгарышты. Академик С. И. Вавилов [13] күндүзгүдөй нур берген люминесцентик лампаны ойлоп таап, жумушчулардын иштөө ордуна нормалдуу жарык берүү маселесин чечти.

Академик В. В. Петров тарабынан электр жаасын ойлоп чыгарышы жана советтик окумуштуу Е. О. Патон [14] тарабынан электрдик ширетүү иштеринин өнүктүрүлүшү коопсуздук техникасына да өз салымын кошту.

Академик А. А. Скочинский көмүр казуу өндүрүшүндө чыгуучу өрт жана жарылуу иштерин алдын-ала эскертүү боюнча илимий эмгектерди жаратса, Лениндик жана Нобель сыйлыктарынын лауреаты, академик Н. Н. Семенов [15] газ жана буу фазасында күйүнүн жана жарылуунун теориясын иштеп чыкты. Проф. И. С. Стекольников чагылгандан сактануунун теориясын ачса, академик Н. Д. Зелинский биринчи жолуу противогазды ойлоп чыгарып, өндүрүшкө байланыштуу болуучу оорууларды жою боюча эмгектерин жазды.

Орустун белгилуу физиологу И. М. Сеченов эмгектин физиологиясы жөнүндөгү теорияны өнүктүрдү. Москва университеттинин проф. Ф. Ф. Эрисман эмгектин гигиенасы жана ал боюча медициналык илимдин негизин иштеп чыкты. Эмгектин гигиенасы боюча проф. Г. З. Хлопин да өз салымын кошту.

Табигатта болуучу ар кандай кырсыктан сактануу жолдорун адам баласы мурдатан эле издеп келген. М. В. Ломоносовдун досу Рихман чагылгандын жаратылышын окуп үйрөнүү максатында күн жаап чагылган чартылдап турган убакытта узун жибек жибин ракетанын жардамы менен булутту көздөй учуруп жиптин бир жак учун колуна кармап турган. Ным болгон жип электр зарядын оной өткөрүп чагылган Рихманга түшүп өлгөн. Мына ушундан кийин М. В. Ломоносов чагылгандан сактагычты ойлоп чыгарган.

Көчмөн кыргыз элинин боз үйүнө чагылган түшүп ичиндеги адамдарды жабыркатып өлүмгө учураткан учурлар болгон. Мындан сактануу үчүн чагылган чартылдап, келе жаткан учурда боз үйдүн ичиндеги метал эмеректерди (тулга, казан, самор, чака-чайнек ж. б. метал буюмдарды) боз үйдөн алыс ыргытышкан. Кичине балдарын жууркан кийиздерге ороп, чагылгандын үнү угулбагандай шарт түзүшкөн. Боз үйдүн айланасында түшүчү чагылган метал буюмдарга түшүп боз үй аман калган. Чагылгандан сактануу аракети автор тарабынан атайын китепчеде жазылып [17], андагы басылган сүрөт 1-сүрөттө көрсөтүлгөн.



1-сүрөт. Чагылгандан сактануу аракеттери.

Ушул аракетти сунуш кылган адамды чагылгандан сактануу боюнча эң туура ойду айткан адам катарында эсептөөгө болот. Анткени, ушул чөйрөгө түшүүчү чагылган металга түшүп боз уй аман калган. [17]

Ысык суюктуктардан сактануу максатында атайын жасалган туткучтар колдонулган. Бул туткучту иймегин баш бармакка илип алып, ичинде өтө ысык суюктугу бар казанды тулгадан чыгарууда коопсуз болуп, бул туткучту кыргыз элинин коопсуздука карата кошкон салымы катарында кароого болот. Ушундай коопсуз туткучтар соода уюмдарында сатылса, коопсуздукка кошкон салымыбыз болуп калар эле.

Кыргыз Республикасынын конституциясында «мамлекет граждандардын кесиптик камылгасы жана адистик чеберчилигин жогоруулатууга кам көрөт»-деп көрсөтүлгөн. Мындан башка эмгекти коргоо законунун 11-статьясында «Эмгекти коргоо атайын сабак катары Республиканын жогорку жана орто окуу жайларында, жалпы билим берүүчү мектептерде, башка окуу жайларында жана эл чарба кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу системаларынын окуу жайларында окутулууга тийиш» - деп көрсөтөт. [1] Конституциянын жана эмгекти коргоо законунун талаптары толук турмушка аша элек. Орто мектепте бул предмет боюнча сабак өтүлгөн жери жок ошондой эле жогорку окуу жайынын кээ бир адистиктеринде бул сабак окутулбайт.

Бул сабакка маани бербөөнүн натыйжасында мурдагы СССР да жылына 19 миллион адам кырсыкка учурачу [18]. Өндүрүштөгү, табийгаттагы жана жол кырсыгынан Кыргызстан деле куру эмес. Бул болсо бизде өмүр коопсуздугуна маани бербей, орто мектепте окутпай, жогорку окуу жайларында адистерди даярдабай жаткандыбыгыз менен түшүндүрүлөт.

Өнүккөн мамлекеттин окуу жайларында өмүр коопсуздугу боюнча атайын сабак өтүп, коопсуздук техникасын билмейинче мамлекеттик экзаменге киргизилбей, диплом берилбейт. Аларда өмүр коопсуздугу сабагына жалпы окуу планындагы көрсөтүлгөн сааттарынын 5% берет. [18]

Россиянын президентинин чечими боюнча өмүр коопсуздугу сабагы орто мектепте, орто жана атайын, жогорку окуу жайларында окутулуп келе жатат. Ушул указдын негизинде Россиянын агартуу министерствосу, атайын буйрук чыгарып, омур коопсуздук сабагын 1-11 класстарда окутулуп 400 саат бөлүнгөн. Атайын окуу программалары түзүлгөн.[19]

Жашоо турмушубузда адамдын өмүрүн жана ден соолугун сактоо эң негизги маселерден болуп саналат. Бул талапты турмушка ашыруу максатында биздин эгемендүү Кыргыз Республикасында 1992-жылы эмгекти коргоо закону жана 1993-жылы Кыргыз Республикасынын конституциясы кабыл алынды. Эмне үчүн Кыргыз Республикасынын президенти А. Акаевдин указын жана Кыргызстандын конституциясынын койгон талаптарын аткарбайбыз. Мунун натыйжасында жылдан жылга кырсыктын өсүп келе жаткандыгы бекеринен эмес.

Эмгек-адамдын жашоосунун негизи болуп, күндөлүк жашоосундагы керектүү оокатты эмгек аркылуу табат. Ошондуктан балдарды эмгекке тарбиялоо, коопсуз эмгектенүүгө үйрөтүү баардык тарбиялардан өзүнүн маанилүүлүгү менен айырмаланып турат. Бул ишке балдардын ата-энелери кайдыгер карабастан, алардын келечеги жөнүндө терең ойлонуп, эмгектенүүгө даярдыгы барбы, ошондой эле тиги же бул ишти аткарууга өзүнүн өмүрүнө зыян келтирбей турган иштөө ыгына, коопсуздугуна үйрөнгөндүгүнө дагы көңүл буруу керек. Жаратылыш адамдарга бирдей эле эмгектенүү жөндөмүн бергенине карабастан бирөө жакшы иштеп, өтө татаал иштерди коопсуз аткарса, экинчиси начар иштеп болгону өтөө жөнөкөй иштерди аткарып, кокустукка учурап денесинен жарат алат. Мына ушул эмгектенүдөгү айырмачылык жаратылыштан берилбестен, эмгекке, коопсуздукка тарбиялоодогу жетишпегендик менен түшүндүрүлөт. Ошентип,

эмгекке даярдоо, тарбиялоо келечектеги жашоосуна көрүлгөн камкордук болуп саналат.

Эмгектенип иштөө жашоо зарылчылыгынан келип чыгат. Эгерде адам өзүнүн күндөлүк жашоосу үчүн гана аракет жасаса бул чектелген эмгек. Иштеген адамдын бардык жөндөмдүлүгүн өркүндөтө албайт. Балдарды чыгармачылыкта иштөөгө жана ошол ишти аткарып жаткан мезгилде анын коопсуздугун сактоого тарбиялоо милдети турат. Ишти аткарып жаткан адам, ал ишти баардык жактан түшүнүп, аткаруу сырларын, айрыкча коопсуз иштөө жолдорун жакшы билген учурда гана чыгармачылык менен иштей алат. Ошол иштин коопсуздугун жакшы билбесе жакын баруудан чочуп турат. Ошондуктан коопсуздугунун маанисин билүү өтө маанилуу иш.

Берилген иштин майын чыгарып аткаруу, анын иштөөсү калгандарга үлгүү болуп, анын коопсуз иштөө жолдорун, үйрөнүшөт. Ошондуктан өндүрүшкө келген жаңы адамдарды окуучу кылып дайындоо максатка ылайыктуу болуп, келечектеги коллективдүү иштин уюткусу болуп саналат.

Жумуш аткарууга тарбиялоо жалгыз гана дене түзүлүшүнүн өсүшүнө жардам бербестен. анын ден соолугунун чың болушуна, акыл-ой жана психологиялык байланышынын өркүндөшүнө чоң салымын кошот.

Эмгек адамдын коомдук өндүрүшкө гана оң таасирин тийгизбестен, анын жекече турмушуна, жашоосуна, келечегине да мааниси чоң. Ал азыркы жаңы коомубузда толугу менен далилденүүдө. Астында өзүнө тиешелуу жеке менчик жерлерин иштетип, алардан жогорку түшүм алып, жакшы жашап жаткан адамдары көп эле кездештирип жүрбөйбүзбү.

Бул адамдар бирөөнүн буйругу боюнча иштебестен өз ыктыяры менен коопсуз иштөө жолдорун үйрөнүүдө.

Жалпы билим берүүчү орто мектептерде ар кандай сабак өтүлөт. Ушул өтүлгөн теманын өмур коопсуздугуна кандай тиешеси бар. Бул жөнүндө окуу китебинде эч кандай маалыматтар берилбейт. Сабак берген мугалимдер ал жөнүндө эч нерсе айтпайт. Анткени мугалимдин ушул темадагы коопсуздук маселеси боюнча өзүнүн даярдыгы жок.

Мисалы электр тогу боюнча бир нече класста сабак өтүлөт. Ал эми коопсуздукту сактабаса токтун өлүмгө алып келери жөнүндө эч сөз айтылбайт. Мына ушундай абал менен эгемендуу өлкөбүздүн келечеги болгон жаш өспүрүмдөрдү өмүр коопсуздугуна кантип тарбиялайбыз.

Кийинки мезгилде жалпы билим берүүчү мектептин окуу планында ар кандай сабактар киргизиле баштады. Мисалы «ыймандуулукка тарбиялоо». Ыймандуулук ден солуктан кийин экендигин унутуп жатабыз.

Республикабыз базар экономикасына өтүүсүнө байланыштуу эмгекти коргоо закондорунун негизги талаптары толук аткарылбай калды. Кабыргасы ката элек, балтыр эти толо элек жаш өспүрүмдөр окуусун таштап, жашоо үчүн кичине арабачасына оор жүктөрдү салып базарда, сүйрөп жүрүшөт. Ошондой эле бензин куюучу жайларда, ата-энеси пульттa олтуруп алып, ден соолукка өтө зыяндуу жана коркунучтуу бензин куюга балдарын жумшап койгондорун көп эле көрүп жүрөбүз. Баласынын келечеги, ден соолугу жөнүндө такыр ойлонбой күндөлүк анын тапкан акчасына кызыгат. Ошол ата-эне баласы келечекте нормалдуу үй-бүлө күтө алабы же бензиндин генетикалык таасири барбы деп жок дегенде даарыгерден сурап койсо болмок.

Бул болсо өмүр коопсуздугу боюнча ата-энесинин жөнөкөй түшүнүгү жок экендигин дагы бир жолу далилдеп отурат. Коопсуздук, коомдун кандай өзгөрүшүнө көз каранды болбостон дайыма керектүү илим болуп саналат.

Бул илим байыркы коомдон баштап азыркы мезгилге чейин өз маанисин жоготкон жок. Адам баласы өзүнүн өмүр коопсуздугун камсыз кылууга дайыма аракетти жасап келишкен.

Азыркы мезгилде илим менен техниканын, өндүрүштүн өсүшүнө жана экологиялык коопсуздукка байланыштуу атайын билимди талап кылып отурат.

Анткени, коом өрттун, авариянын, табигый кырсыктын, катастрофанын таасири астында көп жоготуга учуроодо.

Кийинки мезгилде айлана чөйрөнү коргоо, өрт коопсуздугу, медициналык, санитарно-эпидемиологиялык проблемалар, кырсыкка чукул чараларды көрүү жана анын кесепетин жоюу маселери өтө курчуп атайын илимди талап кыла баштады. Бул илим боюнча А.Н. Русактын, С.В. Беловдун, В.Л. Лапиндин, А.А. Копыриндин, Э.М. Соколовдун, Н.М. Кочуриндин, Н.Н. Масловдун, Ю.Н. Арсеньевдин эмгектерин көрсөтүүгө болот. Экология жана өмүр коопсуздугу боюнча эл аралык илимий академия көп методикалык жана уюштуруулулук иштерди жүргүзүүдө.

Эмгекти коргоо, өмүр коопсуздугунун айрым бир теориялык, практикалык проблемалары, жана ушул предмет боюнча келечектеги мугалимдерди даярдоо маселери Ю.П. Аверичевдин, А.М. Глагольс-

кийдин, С. М. Кулешовдун [20], Ю. В. Плотниковдун, А. Т. Смирнованын, И. К. Топоровдун [3], М. П. Флорованын, М. Б. Сулланын илимий [21]эмгектеринде чечилген.

Тула пединститутунун окутуучулары В.М. Заенчик, С.Б. Еремина, В.П. Баранова, С.Н. Вальхина, З.Г. Антюхова. М.Б. Сулланын жетекчилиги астында окуучуларды өмүр коопсуздугуна окутуу жана ушул предмет боюнча мугалимдерди даярдоо иштерин өзүлөрүнүн диссертациялык иштеринде изилдешти.

Борбордук Азияда окуучуларды эмгекке тарбиялоо, политехникалык билим берүү жана кесипке багыттоо маселери А. Абдыкеев, П. А Аллиберман, Б. С. Арызханов, И. Б. Бекбоев, Д. Ж. Икрамов, А.Э. Измаилов, З. Д. Джантакова, Х. А. Калимов, Э.М. Мамбетакунов, Б.М. Мирзахмедов, М.Р. Рахимова илимий эмгектеринде изилдешкен.

Ал эми окуучуларды коопсуз эмгектенүү ыкмасына окугуу, таалим-тарбия берүү маселери педагогика илиминде жетишерлик изилдене элек десек жаңылышпайбыз.

Эмгекке тарбиялоонун эң маанилүү проблемаларынын бири эмгектенген адамдар коопсуз иштөөгө үйрөтүү болуп саналат.

Бул маселе үй-бүлөнүн, мектепке чейинки мекеменин, мектептин, жогоркуу окуу жайынын коомчулуктун бирдиктүү үзгүлтүксүз аракети менен максатына жетерин, дайыма эстен чыгарбашыбыз керек. Коопсуздук техникасы илим, техника жана өндүрүш, коом өзгөргөн сайын өсүп өнүгүп тура турган илим. Ошондуктан эгемендуу мамлекетибиздин келечеги болгон жаштарды коомдун талабына туура келгендей даярдоо, тарбиялоо педагогика илиминин негизги талабы болуп саналат.

2.2. Психология илиминде коопсуздуктун психологиясы жана эргономика

Психология илиминин өнүгүшүндө чоң салым киргизген окумуштуу Л.С.Выготский психология илиминин өнүгүү жолдорун анализдеп, өткөн кылымдын 20-чы жылдарында мындай деп жазган; – Психология өзүнүн методологиясын түзмөйүнчө алдыга жылбайт. Бул айтылган акылман ой психология илиминин жаңыдан эле төрөлүп көз ачып келе жаткан коопсуздуктун психологиясы үчүн өтө актуалдуу. Анткени ар бир илимдин туура өнүгүшү үчүн өзүнүн системасынын концепциясы жана окуп үйрөнүү предмети болуу керек.

Психологиянын методологиясы—психологиянын илим изилдөө жүргүзүлүүдөгү колдонгон ыкмалары, психикалык процестер менен кубулуштарды илимий жактан таанып билүү жана өзгөртүү методу жөнүндө окуу.

Ар бир илимдин же анын бөлүгүнүн бардык убакытта өзүнүн предмети жана изилдөө обьектиси бар. Психология илиминин негизги объектиси адам, ал эми изилдөө предмети өзүбүздөн тышкары айлана чойрөдөгү реалдуу материалдык дүйнө. Эмгектин психологиясы- адамдын эмгектик чыгармачылыгы, предмети — адамдын ишине жана жыйынтыгына таасир эткен психологиялык фактор болуп эсептелет.

Эмгектин бардык түрлөрү менен эмгектин психологиясы байланышкан эмес. Бул болсо өндүрүштүн өнүгүү тарыхына байланыштуу. Айыл чарба, өнөр жай, тиричилик жашоо мурдатан өскөндүгүнө байланыштуу бул тармактын психологиясы мурдатан өнүккөн. Мурдатан эле космостук же ишмердик психология пайда болгон эмес. Эмгектенүү процесинин ар кандай түрлөрү өскөндүгүнө байланыштуу психология илиминин жаңы тармактары пайда болду. Аларга; педагогикалык, медициналык, инженердик, авиациялык жана космостук, юридикалык ж.б. психологиялык тармактары кирет.

Эмгектенүү процессинде жана чыгармачылык иштердин башка түрлөрүнө кырсыктын психологиялык себептерин үйрөтүүчү психология илиминин тармагы —коопсуздуктун психологиясы болуп коопсуз иштөөнүн жолдорун үйрөтөт.

Адамдын эмгектенүү ишинде, коркунучка байланыштуу коопсуздуктун психологиясын изилдөө анын объектиси болуп саналат.

Ал эми ушул областык проблеманы изилдөөнүн предмети болуп;

-Ишкердүүлүктө коопсуздука таасир этүүчү психологиялык процесс

-Коопсуздука таасир этүүчү психологиялык абалы;

-Коопсуздука таасир этүүчү личносттук касиети

Адам өзү төрөлгөндөн баштап, өзүн-өзү сактоо, коргоо инстинктине ээ болуп туруп эмгектенүү процессинде эмне үчүн ар кандай травма алат деген суроо туулат. Мындай кокустуктун пайда болушу төмөнкү себептерден болот. Муну адамдын эволюциялык өнүгүшүнө байланыштырып кароо керек. Байыркы коомдогу адамдар эмгектенүүнүн эң жөнөкөй түрү менен иштеп алардын иштөө куралдары бир жагдайлуу жөнөкөй болгон. Жөнөкөй эмгектенүү

куралдарынан травма алуу анчалык көп эмес. Илим менен техниканын өскөндүгүнө байланыштуу кырсыктын жаңы түрлөрү пайда болду. Б.а. адам баласы таш доордон космостук кылымга чейин өстү. Эстөө жөндөмдүүлүгү адамга караганда көбүрөөк болгон электрондук эсептегич машиналардын ойлоп чыгарышты.

Ошентип коопсуздук техникасынын жаңы тармактары пайда болду. Лазер нуру техникалык прогресстин эң маанилүү тармактары болуп, адамдын өмүрүнө тескери таасирин тийгизерин практика көрсөттү.

Өндүрүш куралдарынын өсүшү менен адам баласынын айлана чөйрөгө болгон мамилесинин диапазону көбөйүп, кеңейип сырткы чөйрөгө таасир этүүсү өстү. Ошону менен бирге сырткы чөйрөнүн адам баласына кайра таасир эткен коркунучтуулугу пайда болду. Жыйынтыктап айтканда өндүрүш куралдарын өркүндөшү адам баласынын жашоо турмушундагы жаңы коопсуздуктары пайда кылды. Адамдар пайда болгон коркунучтуулукка туруштук бере албай, анын коргонуу мүмкүнчүлүгү техниканын тез өнүгүшүнөн артта калды. Жаңы техниканын коопсуздук жагдайына ылайык келген жаңы ыкманы турмуш талап кылып, ошого карата коопсуздуктун психологиясын иштеп чыгууга туура келди. Адамдардын шарты татаалдашкандыгына байланыштуу жашоо турмушунда коркунучтуу жагдайы өсүп жаңы ката кетирүү булактары келип чыкты. Байыркы коомдогу адамдарда даректан кулап жерге түшүү коркунучу болсо, азыр көп этаждуу үйдөн асфальта кулап түшүү коркунучу пайда болуп, ката кетирүүнүн баасы эбегейсиз өстү.

Травма алуунун өсүү себеби адам баласы коркунучтуу чөйрөдө көбүрөк иштөөнүн натыйжасында ушул шартка адаптация алып, кайдыгерлик мамиле пайда болуп коркунучка адаптацияланган психика келип чыкты.

Адам баласы өзүнүн күндөлүк турмушунда, жашоосунда өзүнүн керектөөсүн канааттандыруу үчүн техника көп колдонулат. Айрыкча илимий–техникалык прогресстин өркүндөп өскөндүгүнө байланыштуу техниканын ар кандай түрлөрү кездешет. Айрыкча транспорт техникасы бизге дайыма кездешип ар кандай кокустукту алып келиши мүмкүн. Мурдагы адамдар негизинен ат араба менен жүрүп андагы адамдар (араба оодарылып же ат ала качып кетпесе) кырсыка учураган эмес. Эми көчөлөр аркылуу ар кандай маркадагы зырылдап бара жаткан автомобилдерди, иномаркаларды көрөбүз. Бул транспортторго адамдар адаптация алып көчөдөн коркпой эле өтө берет. Шаардын адамдары бул транспорттон коркпойт, ал эми

көчөдөн кокусунан уй өтүп бара жатса андан коркот. Транспорттор менен дайыма кездешкендиктен аны коркунучтуу абалына көнүгүп (адаптацияланып) анда кайдыгерлик мамиле пайда болот. Бир жолу кырсыка учурабай жолдон өтүп кетсе ушул жоругун кайра кайталайт. Чоң кишилер жол эрежесин бузуп, көчөнүн каалаган жеринен өтө берген аракетин, анын балдары кайталайт. Мына ушинтип алдыда күтүлбөгөн кырсык болот. Ошентип адамда кокустука адаптация болуу менен гана чектелбестен коопсуздук эрежесин бузуу өнөкөтү пайда болот.

Болгон кырсыкты териштирүүдө, кырсык техникадан же адамдык фактордон б.а. жабдуу менен иштөөдө ага туура эмес иштегендиктен кырсык алды деп адамга күнөө коёбуз. Кээ бир учурларда кырсыкты техниканын туура иштебесинен, анын сынышынан, бузулушунан деп кырсыкты техникага жүктөй салабыз. Техникага убагында профилактика иштерин жүргүзүп убагында ремонттоп, жараксыз бөлүктөрүн убагында алмаштырып, дайыма көзөмөл ишин жүргүзсөк техника кырсыксыз иштейт. Илимий иштерди жүргүзүүдө металдардын чарчашын (усталость металлов) рентген нуру менен изилдегенбиз . Эгер металлга берилген чарчоо чегине (предел усталости) жетсе бүтүн эле турган метал (темир жолдун рельсалары) дароо сынат. Тартылган рентгендик картинанын (сызыкчанын) интенсивдүүлүгү дароо түшөт. Ушул рентгенограмманын өзгөрүшү аркылуу чарчоо чегин (пределин) аныктаганбыз. Мындан металдарды иштетүүдө «чарчоо чегине» жеткирбешибиз керек. Ошентип адамдык фактордун кетирген күнөөсүн техникага шылтоолоп, башка себеп табууга аракеттенебиз.

Эгерде металлдын «чарчоо чегине» көңүл болбой туш келди иштете берсек, бүтүн эле турган метал сынып авариялык ситуацияга пайда болуп, ошонун натыйжасында адам травма алат. Мындай кырсыкта техника күнөөлү эмес, ошол техниканы туура иштетпеген, металлдын физика-механикалык, технологиялык касиетин билбеген адам күнөөлү. Иштөөдө жалгыз коопсуздук техникасын билбестен, деталдын физика-механикалык касиетин б.а. ошол область боюнча илим менен техниканын жетишкендиктерин технологиялык касиетин билүүгө туура келет.

Коопсуз эмгектенүүнүн психологиясы жана Эргономика. Көп жылдардан бери коопсуз эмгекти илимдин ар кандай тармактары изилдеп келе жатат: физиологдор эмгектин биологиялык аспектисин, гигиена эмгектенүүгө ар кандай шарттын таасирин, техникалык эстетика-коомдук, көркөмдүк факторунун эмгектенүү процесси жана

анын натыйжасына тийгизген, антропометристер адамдын денесинин кыймылдоо мүмкүнчүлүктөрүн (адамдын колун сунганда же ийгенде кандай аралыкка өндүрүмдүү жана коркунучсуз иштейт), инженердик психология жана эмгектин психологдору адам эмгектенген учурда (машина менен иштөөдө) психологиялык процесстин эмгектенүү чыгармачылыгында, космостук психология «салмаксыздыктын» ж.б. космостук шарттардын адамдын иштөө жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасирлерин изилдеп келе жатат. Ал эми дарыгерлер, инженер, психологдор—эмгектенүүнүн коопсуздук психологиясын изиллөөдө. Ар бир адис өзүнүн изилдөөсүн, коопсуздука тийгизген таасирин башкы фактор катарында коюуга аракет жасоодо.

Биз - диалектикалык философиянын жоболоруна таянып, жогоруда көрсөтүлгөн илимдин тармактары өзүнчө калбастан бири-бирине үзгүлтүксүз байланыштуу, алардын ар бири башка нерселерге жана көрүнүштөргө таасир, ал өзү башкалардын жоп кылып тийгизген таасирине дуушар жана биринчиси экинчисине жагымсыз себеп болорун унутпашыбаз керек.

Советтик психолог Н.А.Менчинскаянын изилдөөлөрүндө белгилегендей түшүнүктү калыптандыруу процессии татаал жана көп убакытты талап кылат. Окуучулардын сезиминде түшүнүктүн илимий мазмуну менен алардын турмуштук элестөөлөрү көп убакытка чейин жанаша жашарын Н.А.Менчинская тарабынан белгиленген. Ошондуктан ал илимий түшүнүктөрдү калыптандырууда окуучулардын мурда алган билимдеринин, турмуштук элестөөлөрүнүн ичинен **«таяныч чекитин»** табууну сунуш кылат. Андай болбогон учурда түшүнүк окуучулар тарабынан жөн гана жатталып, убакыттын өтүшү менен ал эски элестөөлөр тарабынан сүрүлүп чыгарылап» деп эң тура көрсөткөн. Өмүр коопсуздугу сабагын окуутуда таяныч точкасы «өлүм же майып болуу». Теманы түшүндүргөндө өлүм же майып болу жөнүндө баса көрсөткөндө окуучулар бул кырсыкты көз алдына элестетип такыр унутпайт.

Окумуштуулар мындан 100 жылдан ашкан убакытта эмгек жөнүндө жалпы илим эргономиканы (грек сөзүнөн алынган, бизче жумуш жөнүндө закон деген маанини түшүндүрөт), б.а. анын критериясын оптимизациялап эмгек жөнүндө комплекстүү жолун сунуш кылууну айтышкан. Адамды психикалык каражатты колдонууга байланыштуу конкреттик шартта, адамдын чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн үйрөнүү максат кылып коёт. Мындан башка жаңы техниканы колдонууда жумуштун конкреттүү түрүн проектирлеп, иш аткарууну сунуш кылат. Ошентип эргономика илими – психология,

физиология жана эмгектин гигиенасы, антропология ж.б илимдердин коюлгандыгынан пайда болду.

Совет өкмөтүнүн биринчи жылдарында орус окумуштуулары В.М.Бехтеров жана В.Н.Мясишев жана 1930-жылы Н.А.Бернштейн эмгектин коопсуздук проблемасын чечүүдө эргономикалык жолду колдонууну сунуш кылышкан.

Н.А.Бернштейн биринчи жолу адамдын психологиялык мүмкүнчүлүгүн техника менен байланыштыруу оюн айтат. Ал «эгерде жумушчуну техниканын иштөөсүнө ылайык келбесе, техниканын жабдууларын жана анын иштөө абалын жумушчуга ылайыктап түзүү керек» деген. Адам менен техниканын ортосундагы макулдашуудагы кичине эле каталык кырсыкка учураарын эскертет. Бул жөнүндө төмөнкү мисалдарды келтирүүгө туура келет. Колунан көөрү төгүлгөн кыргыздын устаттары ээр чабууда, жыгач кашык оюуда кадимки эле балта, керкилер жана бычактар болбойт. Эгерде алар менен иштесе аткаруучу жабдуулар ылайыксыз болгондугуна байланыштуу сөзсүз травма алышат да каалаган деталды ойдогудай жасай албайт. Ал үчүн атайын ылайыкталган керкини, бычакты жасоого туура келет. Анткени ээрдин актасын жасоодо жана анын алдын оюуда сөзсүз ылайыкталган инструмент керек. Биз мындан окумуштуу В.Н.Бернштейн «жумушчу техниканын иштөөсүнө туура келбесе, техниканын жабдууларын жана анын иштөө абалын жумушчуга ылайыктап түзүү» керек деген акылман осуятын турмушка ашырып жатабыз.

Азыркы убактагы эргономика жумушчунун иштөө шартына коопсуз жана оптималдуу түрү аркылуу жумушчунун эмгектик ишиндеги интегралдык илим катарында кызмат кылат. Мында эмгекти илимдин негизинде уюштуруу (НОТ) башкы рольду ойнойт. Ошентип эмгектин коопсуздук ынгайлуу шарт түзүүгө гана аракет кылбастан, коопсуз техниканы колдонуу жөнүндө кам көрөт.

Эмгек адамдын аң-сезимдүү максатка ылайык иши, аракети, жумушу. Ишти аткарууда алар мурдатан даярдалган эмес куралдары же өзү ошол ишти аткарууга ылайыктуу тандап алган жабдуулардын жардамы менен табият затынын түрүн өзгөртүп өз керегин канааттандырууга аракет жасайт. Эмгек адамдын калыптануу процессинде чечүүчү рольду ойногон. Ошондуктан «эмгек адамды жаратты» деген сөз бекеринен айтылып жүрбөсө керек. Ф. Энгельс кол менен бут ишинин бөлүштүрүлүшүндө, сүйлөө ж.б сезүү органдарынын өнүгүшүндө, айбан мээсинин адам мээсине айланышында эмгек эң чоң роль ойногондугун белгилеген.[38] Эмгек

процессинде кыймыл аракети өркүндөп, көрүү сезими өсүп, анын аткарган иши аң сезимдүү максатка ээ болгон. Бир ишти аткаруу үчүн барынан мурда эмгек куралын жасап, ошол ишти аткарууга ылайыктап куралдын түрү жөнөкөйдөн баштап акырындык менен татаалдаша баштаган. Жөнөкөй эмгекте кара күч жумшалып, ал атайын кесипке ээ болууну талап кылбайт. Бирок жөнөкөй эмгекти аткарууда да коопсуздук сактоо эрежеси бар. Мисалы: чалгы чабууда, айры менен иштөөдө белгилүү сактанууну камсыз кылбаса адам кайгылуу кырсыкка дуушар болот.

Адам өзүнүн жашоо-турмушун керектөөсүн камсыз кылуу үчүн ар кандай өндүрүш каражаттарын колдонот. Өндүрүш каражаттары-өндүргүч күчтөрдүн заттык факторун (негизин же бөлүгүн), ал эми өндүрүш технологиясы менен бирге коомдун материалдык-техникалык базасын түзөт. Эмгек куралдарына ошол эмгек заттарын өндүрүүдө пайдаланылган машиналар, станоктор, аспаптар, ошондой эле өндүрүш имараттары кирет. Өндүрүш каражаттарынын негизги чечүүчү роль эмгек куралдарына таандык. Эмгек куралдары өнүккөн сайын адамдын табияты бийлөө даражасы өсөт. Алардын өркүндөтүлүшү өндүрүш техникасында жана технологиясында, өндүрүш мамилелеринде олуттуу сапаттык өзгөрүүлөргө алып келет.

Илимий-техникалык өзгөрүштө эмгек куралдары эмгек заттары түп тамырынан өзгөрүп өндүрүш куралдары көбөйдү. Жөнөкөй машинаны алмаштырган, автоматтык машиналар пайда болду.

Өндүрүш куралдары менен өзүн курчап турган чөйрөгө таасир этип, ага өзгөртүү киргизет. Бул өзгөрүү тынч эле калбастан өзүнө каршы аракетке дуушар болот. Ошентип эмгек процессинин адамдын жумуш компонентине тийгизген бир жактуу аракети катарына карабастан татаал өз ара аракет катарында кароо керек. Эмгектенүү процессинде адам сырткы аракеттерге дуушар болушу мүмкүн. Бул өз ара аракет ар кандай типте болот. Аларга механикалык, химиялык, жылуулук, электрдик, электромагниттик аракеттер кирет. Адамдын организми бул аракетти белгилүү чекке чейин ооруктанууга учурабай кабыл ала берет. Мисалы иондоштуруу нур адамга аракет эткенде эч кандай ооруну сезбейт. Денени ысытпайт, үшүтпөйт, эч убакта оорутпайт.Адам зыяндуу нурлануу алганын качан гана кандын составы өзгөрүлгөндө биле баштайт. Токардык станокто иштеген жумушу (токарь) станоктун патронуна бекиткен заготовка (жумуштун предмети) чыгып кетип же станоктун өзүнөн (жумуштун куралы) же ушул цехте жайланышкан трансбалкага туташтырылган жүктөн травма алуусу мүмкүн. Ушул шартта трансбалкага байланган жүк

сырткы чөйрө болуп саналат. Ушул келтирилген учурдан алган травмага күнөөлүү жумушчунун өзү болуп саналат. Ал заготовканы патронго бек бекиткен эмес, станоктун туура иштешин текшербеген, жүктү ташууда ката кетирген. Тереңиреек текшерсек жумушчунун билиминин жетишсиздиги, өмүр коопсуздугун билбестиги, ошол убакыттагы жумушчунун ден соолугунун абалы, жумушчу орунунун нормалдуу эмес шартты жана кетирген катасы травманын негизги себеби болуп саналат.

Кээ бир учурларда болгон кырсыкты техника күнөөлүү деп эсептешет. Буга техниканын конструксиясында, иштөө принцибинде заводдук жетишпеген жоқ (брак) болгон учурда гана макул болууга болот. Негизинен убагында профилактика ишин жүргүзбөгөн адамдын күнөөсү болуп эсептелет.

2.3. Коркунучтуу ситуациядагы адамдын психологиясы жана өмүр коопсуздугуна тарбиялоо

Жашоо турмушубузда ар кандай кубулуштарга, учурга, кокустукка жана жакшы жагдайдагы иштерге туш келебиз. Мына ушулардын айрымдары адамга жагымдуу, анчалык жагымдуу эмес, кээбирлери коркунуч туудурган учурлар болот. Эгерде биз ушул кубулуштарды мурдатан көрүп билип жүрсөк, аларга токтоолук менен мамиле жасап, ага тиешелүү жоопторду беребиз. Бул болсо оң жагдайдагы эмоция болот. Эми адамдын психологиясындагы эмоция жөнүндө айта кетели.

Эмоция – адамдын организминин сырткы жана ички дүүлүктүргүчтөргө карата реакциясы; дүүлүктүргүчтүн таасири менен адам башынан өткөргөн өзгөчө абал. Эмоция оң (кубануу, канаттануу, суктануу) же терс (кейүү, кайгыруу) болушу мүмкүн. Ал эмоция кыска мөөнөткө же узакка созулат. Айрымдары көңүлдү көтөрөт, адамды сергитип күч кубат берет, башкасы тескерисинче алсыратат, туталантат. Эмгектенүүдө өкүнүч кырсык терс эмоциясын пайда кылат. Өзүнүн ички сезимдерин сөз менен гана билдирбестен жандоо аркылуу билдирет. Мисалы чагылган чартылдап кулакты тундурганда колу менен булутту көрсөтүп дудукча жандайт. Коркондо кан тамырынын кагышы тездеп, дем алуу өзгөрүлө тургандыгы белгилүү. Күйүп бышуу демейдеги көрүнүшкө айлана берсе жана жүрөк-кан тамыр системасынын иштөөсү бузулат. Эмоция айлана чөйрөдөн алган информацияга тыгыз байланышкан. Бул болсо кокусунан сырткы информациянын таасири астында пайда

болот. Мисалы жолдо капарсыз кетип жаткан адамга сигнал берсе, адам чочуп андан сактануу аракетинин жасайт .

Эмоция зарыл информация жана мурдагы болгон информация менен төмөнкүдөн байланышат. Эмоция = Зарыл информация + мурдатан белгилүү информация. Эгерде субъекте жетишсиз информация болсо терс эмоция, ал эми субъектиде мурдатан жетишерлик информация болсо оң эмоция пайда болот.

Адаптация (адаптациялык синдром) бардык тирүү организимдин жана алардын органдарынын жашоо чөйрөгө ынгайлануу жөндөмдүүлүгү, функциянын бузулуу мезгилинде адаптациянын реакциялары вегетатив нерв системасынын активдүүлүгүн жогорулатат, канда гормондор көбөйөт. Бул зат алмашууну күчөтөт, клеткалардын функциялык резервтери токтойт, мунун натыйжасында адаптациянын тез реакциясы аракетке келет. Такай машыгуу, иштөө жана эс алуу режимин сактоо, ден–соолукту чыңдоо адаптациянын диагнозунун гана кеңейтпестен, ошондой эле мурдагы адаптация процессинин жакшыртат.

Эми кабыл алуу (восприятие) менен эмоциянын ортосундагы байланышты карайлы .

Кабыл алуу объективдүү дүйнөнүн түздөн түз сездиргич органдарга таасир этишинен келип чыккан буюмдар менен кубулуштардын адамдын сезимине чагылышынан пайда боло турган нерсенин бирдиктүү образы. Көп сандагы кабыл алуунун ичинен мейкиндикти кыймылды кабыл алуу чоң мааниге ээ. Кабыл алууга нерв системаларынын бир нече анализаторлору катышат. Кыймылды кабыл алуу нерселердин абасынын өзгөрүшүнүн чагылдыруу болуп саналат. Форманы кабыл алуу обьектидеги фигура менен фондун чегин ажыратуу жолу менен чагылдыруу. Фондун өңү фигуранын өңү менен бирдей болсо кошулуп билинбейт. Мисалы чек арачы, чалгынчылардын кийген кийими ошол чөйрөнүн фонундай болуп, алар байкалбайт.

Өмүр коопсуздугунун психологиясында стресстик абал жана андан чыгуу жолдору чоң мааниге ээ болот. Биз адегенде стресс жөнүндө түшүнүктү карап өтөлү.

Стресс-кишиге өтөө күчтүү дүүлүктүргүч таасир эткенде пайда болгон абал. Мында организм ал шартка ынгайланат. Организмге дүүлүктүргүч таасир эткенде ички секреция (гепофиз)активдүү иштеп, бөйрөк үстүндөгү бездин ичин күчөтүүчү гормон көп бөлүнөт. Натыйжада түрдүү гормондор анын ичинен кортикойиндер канга көп берилет.Кортокоиддер организмдин ынгайлуу механизмин күчөтөт.

Стресстин таасиринен оорунун күчөшү организимдин абалына жараша болот. Бат-бат кайталанган эмоциялык стресстен бөйрөк үстүндөгү нерв системасы да белгилүү роль ойнотот.

Стресс– түшүнүгүн канадалык физиолог Ганса Селье 1936 – жылы негиздеген. Реакцилык факторлорду Селье стрессорлор деп алардын организимге тийгизген таасирин стресс деп атаган.

Стресс үч баскычтан (фазадан)түзүлгөн процесс болуп саналат. Биринчи чочулоо баскычы бдан 48 саатка чейин созулат да, шок жана шокко каршы турат. Стрессор өтө күчтүү болсо, чочулоо баскычы организмди өлүмгө келтирип калышы ыктымал. Эгер организм бул баскычтан аман-эсен өтсө, анда экинчи-туруштук берүүгө ийкемдүүлүк же каршылык көрсөтүү баскычка өтөт. Стрессорлук факторлор организимге таасир кыла берсе, бул үчүнчү– жабырканууу стадиясына айланат.

Стрестин адам баласынын өмүрүнө коркунучтуу абалды түзөөрүн төмөнкү мисалдан кароого болот.

1998 жылы Ак-суу райондук АК тиешелүү ПАЗ автобусу Жыргалан шахтасынан Каракол шаарына жүргүнчүлөрдү алып келе жатканда бензанасос иштебей калган. 33 жаштагы айдоочу Б.Акунов бензин куюлган конистирди жүргүнчүгө карматып коюп, шланга менен түздөн-түз карбюраторго бириктирген.

Автобус Каракол шаарынын автовакзалына жетип, машинаны тормоздогондо бензин өтө ысыган моторго чачырап дароо өрт чыккан. Конистрди кармаган жүргүнчү коркуп кетип аны ыргытканда бензин салондун ичине, жүргүнчүлөрдүн кийимине чачырап жалын тыгылып келе жаткан жүргүнчүлөрдү каптаган. Арткы авариялык эшик ачылгыс кылып сваркаланган жана алдыңкы эшик ысыктыктан шынааланып ачылбай, толтура жүргүнчүлөр жалындын тузагында калып 4 бала жана жүргүнчүлөр күйүп өлүп, 11 адамды оор абалында даарыканага жеткирген. Айдоочу өрттөнүп жаткан автобустан секирип кетип аман калган.

Өрт коопсуздугунун кызматкерлери кырсык айдоочунун күнөөсүнүн болгондугун аныкташкан. Ушундай кырсык бир нече жыл мурда Атбашы районундагы Ивановка айылында болгон. Мында өлгөн адамдар, жогорку айтылган кырсыкка караганда аз болгон. Эгерде бензинди кармаган жүргүнчү аны ыргытпай, жок дегенде терезени сындырып тышка алыс ыргытса мындай кайгылуу кырсык болмок эмес. Адамдык(личностук) касиет коркунучтуу ситуациядан аман чыгуу жолун издөө болуп саналат.

Болгон кырсыкты жеңүүгө психологиялык жактан даярдоо чоң мааниге ээ болот. Эгерде конистирди кармаган жүргүнчү түзүлгөн психологияялык абалды туура түшүнүп, психологиялык жактан даяр болсо канистирди кийими менен думбалап кислород кийирбей турганда өркүндөмөк эмес. Психологиялык жактан ситуациядан чыгуу жолун билген адам болсо, терезени сындырып канистирди сыртка ыргытмак.

Стресстик абал табыгый кырсыктарда мисалы жер титирөөдө көп кездешет. Мында адам өзүп токтотуп, паникага түшпөй жана элди аман алып калуу жолун издөө керек. Биз жогорууда стресстик абал 6 сааттан 48 саатка чеиийин созулат деп айтып кеттик.

Мындай абалдан чыгуу үчүн Кыргыз Республикасынын психонерволоГиялык диспансерлеринин башкы дарыгери Р.Р. Табалдиева төмөнкү сунуштарда айтат; [40]

-Бул убакытта кандайдыр бир чечим кабыл алып, аны өткөрүүгө аракет жасабоого керек;

-Нервдик кыйын абалда турсан, муздак суу менен жуун;

-Акырындык менен муздак суу ич. Мында оюнду айлана чөйрөнү карап, ошого алаксы;

-Стресс убагында, катуу ыйлап алуу психалык абалынды жеңилдетет. Бугун ый менен кошо чыгып кетет.

-Стресс мезгилинде туура эмоция керек.Өзүңдүн кичине ийгилигине жана жеңишке рахатдан;

-Жакшы бышкан тамакка, күткөн адамындын келишине, жөнөкөй аз болсо да алып келген подаркага, жакшы сөзгө ниетинди бур.

-Жакшы көргөн, сүйгөн адамындын сүрөтүн кара. Көптөн бери эңсеген буюмунду сатып ал;

-Мен бактысыз –жарды адаммын деген ойдон алыс бол. Бул ой сени чагылгыс жарга камайт. Ишке алаксы, малына чөп салып анын чайнаганын карасаң, огородуна иштесең алаксып кетесин;

-Сүйгөн ишиң менен алаксы. Катуурак ырдап же сүйгөн музыканды угуп, комнатанда чуркап спорт менен иште.

Мен ушул дарыгердин сунушун дайым колдонуп стресстик абалдан тез эле чыгам. Дарыгердин сунушун өзүңө дагы текшерип көрүп, жакшы натыйжа берсе колдонууга аракет кыл.

Өзгөчө кырдалда моралдык-психологиялык фактор айрыкча ролго жана мааниге ээ болот.Бул фактор өзгөчө кырдалда адамдын жүрүш- турушуш аныктап, болгон абалга каршы туруга көңүл буруп оптималдуу жана туура чечимге келүүгө моралдык- психологиялык

жактан даярдайт. Өзгөчө абал адамдардын өмүрүн жана ден соолугун сактоого байланыштуу. Бул абал адамдарды чак-челекейге түшүрүп, өзүн-өзү жоготуу, коркуу абалына алып келет. Өзгөчө абал дароо пайда болуп, электр жарыгы, суу менен камсыз кылуу иштен чыгып, метерологиялык абал тез өзгөрүлөт. Адамдардын өлүмгө учурашы, көп материалдык чыгым, талкаланган үй-имараттар адамдарды өзүнчө бир психологиялык абалга алып келет. Өтө оор шарттарда адамдардын 10-15% кырдалга туура мани берип, өзүн-өзү жоготпой чечкиндүүлүктү көрсөтүп, өзүнүн күндөлүк шартта калыптанган психологиялык коргонуу жөндөмдүүлүгүн туура пайдаланат экен. Мында психо-эмоционалдык жана психопатологиялык абалды ажырата билүүбүз зарыл. Психо-эмоционалдык абал көпкө созулбай адам ишке жөндөмдүүлүгүн сактап анда стресстик абал пайда болот. Психопаталогиялык абалда адамга ооруу пайда болуп адамды такыр иштен чыгарат жана атайын жардамды талап кылынат. Болгон абаллан психологиялык туура даярдыгы бар адам гана чыга алат.

Эң чоң психотравмалык таасирди жер титирөө пайда кылат. Кировакан шаарындагы жер титирөөнү өз көзү менен көргөн адам төмөнкүдөй жазат.

Кировакан шаарында жер титирөө болор замат эл ызы-чууга түшүп эмне кыларын билбей туш келди чуркай бериштиБиринчи жолуу химиялык комбинатта чоң сыйымдуулук жарылгандай сезишти. Бир жарым саат убакыт өткөндөн адамдар эс үчүн жыйып кырсыктын кесепетин жоюга киришишти.

Өзгөчө кырдалга бардык адамдарга аткарылуучу иштер менен байланыштырылып, ага даярдоо мамлекеттик денгелде өткөрүү иши талап кылынат. Башкача айтканда өмүр коопсуздугу сабагын мектепке чейинки мекемелерде(ата-энелерде) мектепте, жогорку окуу жайларында үзгүлтүксүз окутуп, аны турмушка ашыруу ишине айрыкча маани берүү керек.

Канчалык кыйын абал түзүлсө да андан аман чыгуу жолдору, ыкмалары бар. Бул жөнүндө Мюнхазуендин принцибин дайыма эске тутушубуз керек. «Кыйынчылыктан чыкпай турган эч кандай жол жок эмес». Кыйын абалда биздин ата-бабаларыбыз колун коё берип эч убакта магдырап отуруп калбай туура жолду жана журуш турушту издеген. Бул Мюнхаузендин коркунучтан психологиялык коргонуу жолу (принциби) деп аталат.

Психологиялык коргонуу жаратылыштын мурдатан берген касиети эмес. Ал күндөлүк эмгектен, окуудан жана тренировкадан

пайда боло турган сапат экендигин дайыма эстен чыгарбашыбыз керек.

2.4. Плакаттын түрлөрү анын коопсуздука тийгизген психологиялык таасирлери. Коопсуздук белгисин киргизүү

Коопсуздук техникасын сактоодо мурдатан ойлонуп тартылган, болуучу кырсыкты эскерткен, кырсыктан сактануу жолун көрсөткөн плакаттын мааниси чоң мааниге ээ болот. Биз төмөндө бир сүрөтчү бирдей өлчөмдө, бир түрдүү боекту колдонуп тарткан сүрөтүн көрсөтүп кетели. Бул плакаттын коопсуздука тийгизген таасирлерин төмөнкүдөй класификациялоого болот. [64]

1.Бириктирилген (комбинированный) эки плакат. Бул 2-сүрөттө көрсөтүлгөн



2-сүрөт. Бириктирилген плакат.

Бул плакат аркылуу коркунучтун мүнөзү анын тийгизген таасири жана андан сактануу жолдору боюнча айтып берүүгө болот. Ушул сүрөттө көз айнекти кийбөөнүн натыйжасында көзгө түшкөн нерсенин, анын натыйжасында жабыркаган адам көзүн колу менен басып тургандыгы көрсөтүлгөн. Анын катарында көз айнекти мурдатан кийип, болуучу кырсыктан көзүн аман сактап калууга кам көрүп, күлүндөп турган адамдын сүрөтү тартылган.

2. Коркутуучу плакат-эмоционалдуу болуп, кырсык кандай натыйжага алып келерин көрсөтөт (3-сүрөт) сүрөттө көз айнек кийбөөнүн натыйжасында көзүн жабыркатып алып, колу менен басып турган адамдын абалы көрсөтүлгөн.



3-сүрөт. Болуучу кырсыкты эскертүүчү плакат.

Бирок алган кырсыктын сүрөтүн адам көпкө карап тургусу келбейт. Коркутуучу плакатка дөндөн ылдый карай чанасына отуруп алып машина өтүүчү жолду карай зымырап келе жаткан баланын жана балага жакындап келе жаткан автомашинанын, (бул эки кыймылда музда тайгалакта дароо токтогонго мүмкүнчүлүгү жок экендигин көрсөткөн) сүрөттөн да көрсөтүүгө болот. Бала кантип аман калаарын ойлонуп, көзү алайып өтө коркуп келе жатат. Машинеге урунбоонун жолу, чанасын кое берип өзү кулап кетсе мүмкүн машинеге урунбайт эле.

3. Юморлуу плакат адамдын көңүлүн дароо өзүнө тартып, анын аракетинде болуучу кырсык сезилбейт. 4-сүрөттө стадиондо муз тебүүчү жерге ити менен кандегин кошуп алып, ыракаттанып күлүп бара жаткан баланын сүрөтү көрсөтүлгөн. Бул сүрөттө адам сөзсүз жылмайып баланы эч кандай кырсык күтпөгөн учурун сезет. Кокустан чананы күчүктөр чукуя буруп жиберсе чана ала салып кетиши мүмкүн, бирок анчалык деле травма болбойт.



4-сүрөт. Юморлуу (күлкү келтирүүчү) плакат.

4. Нейтралдуу плакат - кулактандыруу сыяктуу таасирин жасайт. Сүрөттө көз айнектин сүрөтү көрсөтүлүп төмөн жагына эскертилүүчү сөздөр жазылгандейли. Мурдатан көз айнекти көрүп жүргөн адамдар бул сүрөткө анчалык деле маани бербейт. Бул сүрөттө адамдын сүрөтү тартылбагандыктан көргөн адам кайдыгер мамиле кылат. Жогоруда көрсөтүлгөн плакаттарды максатка багытталгандыгы боюнча төмөнкү класстарга бөлөбүз.

1) жүрүш турушту эскертүү. Мисалы көтөрүүчү крандын стрелкасынан алдында турбоо.

2) Ишти аткарууда уруксат этилбөөчү аракетти эскертүү (мешти жагууда тез күйүп кетүүчү нефти продуктуларын колдонбоо)

3) Коргонуу каражаттарын зарылдыгын эскертүү (бийиктикке иштегенде сактоочу курду пайдаланууну унутпа).

4) Коопсуз иштөөгө чакыруу (жарылуучу заттарды ташууда коопсуздук эрежени сакта).

Ар бир плакаттын алдына жазылган жазуу тартылган сүрөттү кайталабастан, сүрөттүн мазмунун жана аткарылуучу ишти толуктап туруу керек.

Жолдо жүрүү эрежесин сактоо үчүн атайын мамлекеттик стандарт бекиткен жол белгиси бар.Эмне үчүн эмгектенүү учурунда кырсыктан сактануу үчүн коопсуздук белгисин кийирүүгө болбойт. Союз бар убагында айрым бир авторлор бул белгини киргизүүгө аракет жасады . Бирок бул белги мамлекеттик стандарт тарабынан бекитилген жок. Айрым авторлор ар кандай белгини сунуш кылышты. Эгемендүү Кыргыз республикасында биздин ата бабабыз илгертен бери колунан көөрү төгүлүп узанып келе жаткан жана жаш өспүрүмдөрдүн эмгегин чагылта турган коопсуздук белгисин киргизүү жана аны мамлекеттик стандарттын негизинде бекитип, биздин республикабызга жайылтуу мезгилдин негизги талабы болуп саналат. Автор тарабынан Кыргыз Республикасы үчүн коопсуздуктун белгиси түзүлүп сунуш кылынган. Мына ушул белгилерди көрсөтүп кетели.

Эмгек сабагында материалдарды иштетүү боюнча ар кандай операциялар аткарылат. Мында коопсуздук боюнча ар кандай белгилер колдонулат. Белги мамлекеттик стандартка толугу менен туура келиши керек. Мамлекеттик стандарт боюнча төрт сигналдык түс колдонулат: кызыл, сары, көк, жашыл. Бул белгилердин өндөрү адамдын психикасына жана адамдын сезимине өзүнчө таасир этет, мисалы, кызыл түс отту аккан канды элестетип болуучу кырсыкты эскертет. Сары түс мүмкүн болуучу кокустукту баяндап четине чийилген кара түстөгү үч бурчтук алыстан көрүнүп, адамдын оюн

топтойт. Көк түс өндүрүштүк информациясын мүнөздөйт, жашыл түс болсо коркунучтуу шартты белгилейт.

Эмгек сабагында жана өмүр коопсуздугунда төрт коопсуздуктун белгилерин киргизүү максатка ылайыктуу

I. Тыюу салуучу белгилер болсо кызыл айлампанын ичинде кара жана ак түстөр менен боелот . Ал 5-сүрөттө көрсөтүлгөн.

1.1. Заготовканы кол менен кармоого болбойт, станокто кандайдыр бир деталды көзөөдө кол менен кармоого уруксат берилбейт, аны атайын ылайыктап жасалган кармагыч менен кармап иштетилет.

1.2. Оң эмес инструмент менен иштөөгө тыю салынат, жараңка кеткен инструменттер менен жана тиши сынган араа менен иштөөгө болбойт .

1.3. Деталды көзөөдө мээлей жана колду танган бинт менен иштөөгө болбойт .

1.4. Станокто айланып жаткан деталды өлчөөгө тыю салынат .

1.5. Оң эмес электр жабдууларын колдонууга болбойт .

1.6. Изоляциясы жок электр зымын кармоого болбойт, мында зым аркылуу ток өтөбү же жокпу анысына карабай ачык зымга такыр тийбөө эрежесин үйрөтүү керек .

1.7. Ысытуучу электр куралдарын токко туташтырып калтырууга тыюу салынат. Мисалы, электропаяльник (электрокандагыч), токко туташтырылган электр куралдары.

1.8. Жалын чыгарууга болбойт. Мисалы төгүлгөн нефть продуктулары жана чыгып жаткан газ жана башка тез күйүүчү зат болсо жарылуу пайда болот.

1.9. Күйүүчү майлар жана нефть продуктуларын сактаган бөлмөдө, тамеки тартканда жарылуу болушу мүмкүн.

1.10. Кирүүгө тыюу салынат . Мисалы, күчтүү лазер нуру жана өлүмгө өтө коркунучтуу заттар болсо тез эле кирип барууга болбойт .

1.11. Электрдик ысытуучу куралдарды колдонууга тыюу салынат.

II. Эскертүүчү белгилер болсо, кара үч бурчтуктун сары түсүнө кара жана кызыл өң менен символикалык сүрөттөлүш менен мүнөздөлөт. 6-сүрөт коопсуздуктун эскертүүчү белгилери

2.1. Инструменттин оң экендигин текшер, травманы болтурбай коюуш үчүн, бузук инструменттер менен иштөөгө болбойт.

2.2. Кесүүчү инстументтен сак бол, кесүүчү инструменттер жакшы курчутулган болуп, аларды өзүнүн аткаруучу ишине жараша гана колдонууга болот .

2.3.Көзөгүчтү патронго бек бекит, бул үчүн атайын ачкычтар колдонулат .

2.4.Кескичти токардык станокко бекем бекит .

2.5. Аралоодо колду кесип алуудан сактан.

2.6. Тез эле тутанып кетүүчү заттар (бензин, пленка, синтетикалык материалдар ж.б.) бат эле күйүп өрт чыгарат.

2.7. Жарылып кетүүдөн сактан.

2.8 Уулу заттардан сактануу белгиси.

2.9. Химиялык жегич заттардан сактануу белгиси.

2.10. Лазер нурунан сактануудан колдонулуучу белги.

2.11.Иондоштуруучу (радиоактивдуу) нурдун булагын билгизүүчү белги.

2.12. Көрсөтүлгөн кокустуктан башка коркунучтар болсо 2.12. белгиси коюулат.

III. Буйрук берүүчү белгилер болсо көк тегеректин ичине ак түс менен белгиленет. (7-сүрөт)

3.1. Мээлей менен иште, металлдарды жана зымдарды кесүүдө колду кесип алуу коркунучу бар . Ошондуктан дайыма мээлей менен гана иштөөгө болот .

3.2. Көздү коргоочу көз айнек менен иште.

3.3. Атайын ылайыкталган кийим менен иште, мисалы, жаш өзгөчөлүгүнө туура келген халат кийүү.

3.4. Атайын ылайыкталган бут кийим менен иште.

3.5. Сактоочу курду тагынгын.



7- сүрөт. Буйрук берүүчү белгилер.

IY. Көрсөтүүчү (сигналдык) белгилер. Көрсөтүлүүчү төрт бурчтуу көк рамканын ичиндеги ак фонго кызыл түстөгү өң менен боелот. Өтө коркунучтуу кабарды билдирүүчү белгини кызыл менен боеп коюу жоопкерчиликти күчөтөт. Ал эми тамеки тартуучу жай жана

электрдик ысытуучу куралдарды колдонууга уруксат эткендигин кара өң менен боеп койсо деле болот. Тышка чыгуучу эшик жашыл түс менен берилет. (8-сүрөт)

4.1. Өрт өчүргүч жайлануучу бөлмө. Кыштын күнү жылуу имаратка койбосо, суюктук тоңуп калып иштебейт. Ошондуктан муну от жагуучу жайга жайланыштыруу керек. Бирок отко өтө жакын коюуга болбойт.

4.2. Өрт жөнүндө баяндоочу жай . Мында телефондун номери көрсөтүлгөн.

4.3. Өрт өчүрүүчү суу краны жайланышкан жерди көрсөтөт.

4.4. Электрдик куралды колдонууга, тамеки тартууга уруксат экендигин көрсөтүүчү белги.

4.5. Чоң имараттарда тышка чыгуу эшигин көрсөтүүчү белги.



8-сүрөт. Көрсөтүүчү белгилер.

2.5. Кокусунан болгон кырсыктар жана аны болтурбоодо философия илиминин ролу

Күтүлбөгөн жерден адамдын денесине жана мүчөлөрүнө ар түрдүү сырткы күчтөрдүн (механикалык, физикалык, химиялык) таасиринен, алардын динамикада турган касиетинен же кишинин коркунучтуу жүрүш-турушунан кокустан болгон кырсык пайда болот. Кырсыктарды сапаттык өзгөчөлүктөрү боюнча өндүрүштүк жана өндүрүшкө байланышпаган кырсыктар катары бөлүүгө абзел.

Иш үстүндө же ага тиешелүү кызмат аткарууда дегеле өндүрүш чөйрөсүндө, мамилелерде кырсыкка учуроо өндүрүштүк деп аталат. Коопсуздук техникасынын эрежесин бузуу, өндүрүштө иштеген атуулдун кесибинин татаалдыгын, маңызын терең өздөштүрбөгөндүгү, мейкиндик убакыттын континуумда ишмердик чөйрөсүн туура эмес жабдуу, уюштуруу, кырсыкка себеп болоору мыйзам ченемдүү көрүнүш. Өндүрүш кырсыгын алдын алуу үчүн өз убагында өндүрүштүн жүрүшүнө көз салуу, текшерүү, жумушту туура уюштура

билүү, коопсуздук эрежесин бузбоо чоң маанеге ээ. Жумушка жаңыдан орношуп жаткан ар бир адам ошол иш менен, машина, курал-жарак, техника бүткүл ишке байланыштуу процесстер менен танышып, иштөөгө даяр экендиги жөнүндө атайын сыноодон жана ушул жумушту аткарууга мүмкүн экендиги жөнүндө медицина уюмдарынын берген маалыматтарынан кийин гана ишке алынууга болот. Мындай жагдай кырсыктардын болушун алдын-ала алууга мүмкүндүк берет.

Өндүрүшкө байланышпаган кырсыктарга транспортто, көчөдө, үй тиричилигинде, спорт оюндарында кезигүүчү кырсыктар кирет, алардын ар биринин өзүнүн пайда болуу өбөлгөлөрү, себептери болоору белгилүү.

Дегеле, кырсыктын генезисин, көрүнүшүн түшүнүү үчүн кокустук менен зарылчылыктын байланышын эске алуу зарыл. Чындыгында, кокустук себепсиз болбойт, анын объективдүүлүгү, байкалышы түрдүү кырдаалдар менен байланышкан. Зарылдык менен кокустуктун диалектикалык өз ара биримдиги бардык кубулуштарда мыйзам ченемдүү аракет кылат. Диалектикалык окууда белгилегендей, себептүүлүк-обьективдүү кубулуштардын өзүнө тиешелүү болгон имманентүү ички мамиле. Адамдардын предметтик-практикалык ишмердиги ырааттуу тааныш процесси реалдуу дүйнөдө себептүүлүктүн боло тургандыгын мүнөздөйт.

Мында диалектикалык-материялистик көз карашты калыптандырууга айрыкча көңүл бөлүнөт. Кубулуштардын өз ара байланышы жана шартталышы; себеп жана натыйжанын байланышы; кокустук жана зарылдык; карама- каршылыктын күрөшү жана биримдүүлүк закону; сандык өзгөрүштүн сапатка өтүү закону. Диалектиканын бул закондору өмүр коопсуздугунда сөзсүз өз ордун табат жана кырсыктан сактануууда, аны болтурбоодо өз салымын кошот.

Мына ушул аспекте алганда жаш балдарда кезигүүчү кырсыктардын бирден–бир себеби алардын анатомиялык-физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүгү, денесинин, акыл-эсинин али да өсүп жетиле электиги ж.б. ушуга байланыштуу. Дегеле кырсыктардын үй тиричилигинде, көчөдө, мектепте, спорт оюндарында болушу ыктымал. Биздин оюбузча көчөдө жүрүү эрежелерин билбөө, бош убактарын туура эмес уюштуруу, кырсыктын негизги себеби. Ошондой эле ар кандай кубулуштун пайда болуу генезиси жана өзгөрүү негизги, өзөгү – себеп, ал түрткү берген өзгөрүү пайда болгон натыйжа деп аталат. Маселен крандын

2. Коопсуздуктун эскертүүчү белгилери


2.1. Инструменттин оң экендигин текшер!


2.2. Кесүүчү инструменттен сактан


2.3. Көзөгүчтү патронго бек бекит!


2.4. Кескичти токардык станокко бек бекит!


2.5. Аралосдо колду кесүүдөн сактан!


2.6. Тез тутануучу заттан сактан!



2.7.Жарылып кетүүдөн сактан!


2.8. Уулу заттан сактан!


2.9. Химиялык жегич заттан сактан!


2.10. Лазер нурунан сактан!


2.11. Иондоштуруучу (радио-активдүү) нурдан сактан!


2.12. Ар кандай коркунучтан сактан!

6-сүрөт. Коопсуздуктун эскертүүчү белгилери

2. Коопсуздуктун тыюу салуучу белгилери



1.1.Заготовканы кол менен кармаба!



1.2.Оң эмес инструмент менен иштебе!



1.3.Деталды көзөөдө мелей менен иштебе!



1.4.Станокто айланып жаткан деталды өлчөбө!



1.5.Оң эмес электр жабдуу-ларын колдонууга болбойт!



1.6. Изоляциясы жок электр зымын кармаба!



1.7. Ысык электр курал-дарын кароосуз калтырба!



1.8. Жалын чыгарууга болбойт!



1.9. Тамеки тартууга болбойт!



1.10. Кирүүгө болбойт!



1.11. Электрдик ысытуучу куралдарды колдонууга болбойт!

5-сүрөт. Коопсуздуктун тыюу салуучу белгилер.

стреласы жайланышкан чөйрө коркунучтуу зона болуп эсептелет. Кокустук реалдуу караганда ушул чөйрөгө гана тиешелүү. Коркунучтуу зона үстүнөн караганда кокусунан болгон кубулуш закон ченемдүүлүккө баш ийбөөсү мүмкүн. Мисалы, жүрүп бара жаткан автомашинанын рулдук башкаруусу отказ берсе коркунучтуу зонасы тротуар, жолдон тышкаркы аянтча же жолго жакын жайланышкан үйлөр, болуусу же ар түрдүү кырдаалдар түзүлүшү болуусу мүмкүн. Ушундай жагдай балдардын тартип бузушуна, натыйжада алардын кырсыкка учурашына түрткү болот. Мына ошондуктан кырсыкты алдын ала эскертүү, калк арасында өмүр коопсуздугу жөнүндө билимин жайылтуу жана үйрөтүү зарылдык болуп саналат.

Өндүрүштүк коркунучтуу факторлор белгилүү бир учурда зонада жана убакытта гана болот. Мисалы көтөрүүчү крандагы болгон кырсык Диалектикалык илимий концепцияга ылайык бири-бири менен байланышпаган жеке зарылдык же кокустук жок. Зарылдык кандайдыр бир процессте өнүгүүнүн башкы багыты, ички мыйзам ченемдүүлүгүнөн келип чыккан өнүгүү тенденциясы, ал зарыл тенденция толуп жаткан али байкалбаган түркүн кокустуктар аркылуу өзүнө жол ачып алат, байкалат. Кокустук зарылдыкты толуктайт, ачып берет, анын бир, объективдүүлүк билгизүүчү зарылдыктын көрүнүшү болуп саналат. Илимий жана предметтик практикалык иштерде зарылдык менен кокустуктун диалектикасын эске алуунун зор методологиялык мааниси бар.

Белгилей турган жагдай адамдын пайда болушунда, анын аң сезиминин ырааттуу өнүгүшүндө чечүүчү фактор эмгек, материалдык өндүрүш болуп саналат. «Эмгек,-деп көрсөткөн Энгельс, -адамдын өзүн түздү. Эмгек адамдын эң улуу кенч байлыгы жана эмгексиз адамдын жашоосу өтпөйт.[29,38] Эң алгачкы адамдардын колдонгон куралдары жөнөкөй болуп, эмгектенүүгө анчалык коркунуч пайда кылбаган. Эмгектенүү үчүн бычак, курч балтаны жасоого туура келди. Демек, ал куралдар менен коопсуз иштөө зарылдыгы пайда болду. Эмгек куралдарын жасоо жана өркүндөтүү адамдардын аң-сезимдин өнүгүшүндө айрыкча таасир тийгизип, келечекте коркунучсуз куралдарды жасоо аракети пайда болду.

Адамдардын курчап турган дүйнөгө болгон мамилеси жумуштун коопсуз жана адамдардын ден соолугуна зыян келтирбеген шарттын түзүүдө туура уюштурулган эмгек орду, психологиялык-эмоциялык көңүлү жана ишкердик даярдыгы чоң мааниге ээ болот. Күнүмдүк предметтик-практикалык ишмердикте, өмүр коопсуздугун камсыз

кылууда техникалык илимий, информациялык, физиологиялык жана психологиялык байланыштарын өз ара аракеттенүүчүлөрдү бирдиктүү кароо керек. Бул диалектикалык өз ара байланыш чындыгында иш аткаруучунун коопсуз иштөөсүнө чоң өбөлгө болуп саналат. Ошентип илимий иште философиянын теориялык жоболоруна, түшүнүктөрүнө таянсак өмүр коопсуздугун ишке ашырууда философиянын методологиялык мааниси улам жогорулай бермекчи.

Кандай гана курулушту философиялык иликтөөгө албайлы аны мейкиндик убакыттык континумда карап, андагы зарылдыкты, кокустукту, мүмкүндүктү жана анын мыкты, себепти жана натыйжаны аныктоо зарыл. Маселен коопсуздук феноменин иликтөөгө алганда анын өткөн-учур-келечек байланыштарында кароо менен философия таанып-билүүчүлүк, методологиялык, информациялык, аненологиялык прансиологиялык функцияларды аткараары айкын. Сөздүктү ырастоо үчүн төмөнкүлөргө токтолуу зарыл.

Адам өзүнүн күнүмдүк, өзүнүн турмуштук керектөөсүн канааттандыруу үчүн эмгектенүүсүндө өндүрүш процесси менен мыйзам ченемдүү байланышат. Өндүрүштүн түрлөрү эң эле көп болуп, аларга айыл чарба өндүрүшү, өнөр жай, учуучу апараттын кабинасы, дарылоо мекемелери ж, б киреери белгилүү. Биз өнөр жай, адам, жана анын эмгектенүүсү системасынын коопсуздугун байланышын караганда төмөндөгү тенденцияларды байкайбыз:, биринчиден-кокустук болгон учурда шартсыз рефлекс (көздү жуумп ийүү, колду тартып алуу) пайда болуп, адамдын организми өзгөргөн чөйрөгө ылайыкташып, коргонуу аракети дээрлик күчөйт;

Экинчиден, коркунучка карата психофизиологиялык касиети жана өзүнүн абалы менен белгилүү реакция жасайт, коркунучту, дегеле күтпөгөн ситуация адамдын психологиялык, физиологиялык жана физикалык абалына таасир этип адамдын жүрүш турушу өзгөрүлөт; регуляциялайт; үчүнчүдөн—коркунучка жагдайларга каршы туруу аракети, аларды өздөштүрүү кесиптик сапатына жана турмуштук тажырыйбасына олуттуу көз каранды болот; төртүнчүдөн, адамдын ишке багыт алуусу, бүт дити менен кызыгуусу жана анын ички мотиви коркунучтардын пайда болуу мүмкүндүгүн төмөндөтөт.

Адамдын каршы туруусу коркунучту сезүү, таанып билүүсү, аларга турмуш тиричилигин, дүйнө таанымын жөнгө салуучу татаал система болуп эсептелинет. Ар кандай өндүрүштүн коркунучтуу участогунда коопсуздук үчүн шарттар түзүлүп, кырсыкты, коркунучсузду болтурбай коюу зарылдыгы күн тартибинде коюулууда.

Мындай жагдайда эмгектин коопсуз системасы төмөнкү маселелерди чечүүсү керек;
-өндүрүштүн коопсуздугун уюштурууга көмөкчү болуу:
-өндүрүшгө коркунучтуу факторлордон коргонуу үчүн жекече жана стационардык каражаттарын ырааттуу түзүүгө көмөкчү болуу.
-коопсуз ишке ар тараптан пропаганда жана тарбия иштерин жүргүзүү.

Коргонуунун стационарддык каражатарына төмөнкүлөр кирет;

1.Коркунучтуу зонаны тозуу жана ага барбоону эскертүү

2. Коркунучтуу зонада адамдардын жашоосунун коркунучтуу болбошуна шарттарды түзүү;

3. Ар түрдүү кокустуктардын баалуулугун, керексиздик, нейтралдуулугун так ажырата билүү.

4. Мына ушул жогоруда көрсөтүлгөн факторлорду чечкен учурда гана адамдардын коркунучтан сактануу маселеси ырааттуу чечилет. Коркунучтан сактануу аны болтурбай коюу проблемасы бири-бири менен байланышкан татаал система экендиги жогорку факторлордон көрүнүп турат.

Зарылдык-кокустуктун ченемдүү жалпы байланышы, материалдык дүйнөнүн маныздуу зарыл мыйзам ички, туруктуу жана кайталанма жалпы мамилеринин чагылышы; негизги багытарынын/обьектини терендеп билип, анын мазмуну менен закондорунун ачылышы; мүмкүнчүлүктүн чындыкка айлануу жолу кокусунан болгон реалдуу кубулуштарды түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Кокустук феномени болмуштун тышкы, анчалык маанилүү жана туруктуу эмес жеке байланыштарынын чагылышы; обьектини чексиз таануунун башталыш пункту; көз карандысыз себептүүлүк-натыйжалык байланыштары анын толгон процесстердин кайчылаш жыйынтыгы; кокустук зарылдыктын бир көрүнүшү жана кошумчасы. Зарылдык жана коркунучтук обьективдүү дүйнөнүн белгилүү байланыштарын, биримдигин бирдиктүү мамилерин көрсөткөн (онтологиялык) ошондой эле тааным баскычтарынын (гносеологиялык) категориялары.

Зарылдык ички жана тышкы, мыйзам ченемдүүлүктүн иретинде жалпы жана жеке, татаал жана жөнөкөй болуп бөлүнөт. Зарылдык менен кокустук биримдиги философиянын тарыхында эчак иштелип, бирок алар бири-биринен кандайдыр бир ажыратылып каралган. Гегель алардын байланышын баамдаган. Зарылдык жана кокустуктун өз ара байланышы, материя, жаратылыш жана коомдун ар түрдүү деңгээлинде ар түрдүчө көрүнүштөрү дайыма динамикада болушат, ар

биринин өзүнө таандык касиеттери бар, жеке илимдер үчүн маанилүү салымдарды кошту. Жеке илимдер өз учурунда эле философиялык категорияларды, принциптерди методологиялык ориентир катары пайдаланышат.

III- Глава. АТА-ЭНЕЛЕРДЕ ЖАНА ЭЛ АГАРТУУ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ӨМҮР КООПСУЗДУГУН ТУРМУШКА АШЫРУУ

3.1. Өмүр коопсуздугуна тарбиялоодо ата-эненин ролу

Ата-энелер балдардын алгачкы тарбиячылары болуп саналат. Үй-бүлөдө тарбиялоо ишине байыртан бери эле көңүл бөлүнүүдө. Бирок балдарынын коопсуз иштөө ыгына үйрөтүүгө ата-энелер анчалык маани беришпейт. Кыргызда «Баланы башынан, аялды жашынан» тарбияла деген накыл сөз бар. Ата-энелер балдарынын биринчи тарбиячысы болгондуктан мына ушул проблемага айрыкча көңүл бөлүү керек. Кийинки тарбия мектеп жашына чейинки балдар мекемелеринде, яслиде, балдар бакчасында, кийинки мезгилде пайда болгон өзүмдүк бешик үйлөрдө, мектептерде, кийин атайын орто окуу жайларында, гимназия жана лицейлерде жогорку окуу жайларында таалим-тарбия алышат.

Жаштарды өмүр коопсуздугуна окутуунун тарбиялоонун бирден бир туура жолу үй-бүлөдөн баштап мектепке чейинки балдар мекемелеринде, мектептерде, атайын орто окуу жайларында үзгүлтүксүз билим жана тарбия берүү маселеси эсептелет.

Балдар жарык дүйнөгө келгенден баштап биринчи тарбияны ата-энеден алышат. Буга байыркы ата-бабаларыбыздан бери эле көңүл бөлүп келе жатышат. Көрүнүктүү чех педагогу Я.А. Каменскийдин балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо жөнүндө эмгектери педагогика илимине чоң салымын кошту. Анын «Эненин мектеби»-деген китеби балдарды тарбиялоодо азыр дагы илимий маанисин жоготкон жок.

Кыргыз элинде «Бала бар үйдө, бакыт бар» – деген макала бекеринен айтылган эмес. Ар бир ата-эне баласы төрөлгөндөн баштап, балдардын дени сак, түрдүү кырсыктан тышкары болуп аман-эсен чоңойушун тилешет. Бирок күнүмдүк турмуш дайым эле биз ойлогондой болбойт эмеспи.

Биздин эгемендүү кыргыз мамлекетибизде балдардын арасындагы оорунун жана өлүмгө дуушар болгондордун санын

азайтуу үчүн бир кыйла иштер жүргүзүлүүдө. Мамлекетибиз ден-соолукка өтө маани берип 1999-жылы ден-соолукту сактоонун жылы деп жарыялады. Бул иштин кырсыктан адам баласынын өмүрүн сактап калууга түздөн түз тиешеси бар. Балдардын ден-соолугун сактоого жана чыңдоого республикабызда уюшулган «Мээрим» коому көп иштерди жүргүзүүдө.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун акыркы жылдарында көрсөтүүсү боюнча балдардын арасында ар кандай кырсыкка учурап өлүмгө дуушар болгондордун саны арткандыгы байкалат.

Баланы башынан тарбиялоо бул кырсыкка каршы көрүлгөн чара. Мындай камкордукту ата-эне баласынан ымыркай, наристе, мектепке чейинки курак, өспүрүм кездеринде жүргүзөрүн унутпашы керек. Бирок туура тарбия берүү балдар үчүн жалгыз гана кырсыкка каршы чара болбостон ал баласынын баардык жагынан жүргүзгөн тарбиясы болуп саналат. Балдардын ар дайым кыймыл аракетте болушуна жана анын организиминин акыл сезиминин жана психологиясынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу кырсыкка учурагандар турмушубузда көп эле кездешет.

Баланын өсүп жетилиши жана бой тартып өсүшү беш жаштан жетиге чейин жана экинчи жолу он бирден он төрткө жана бой тартып жетилгенге чейин байкалат. Балдар 3-6 айлык мезгилинде колдорун сунуп, ойунчуктарды жана колуна тийген нерселерди оозуна салат. Эгерде ошол нерсени жутуп жиберсе кандай кырсык болооруу белгилүү эмеспи. Ал эми 5-6 айынан баштап чалкасынан жаткан бала бооруна которуулуга аракет кылып, кроваттан же бийик жерден кулап кетиши мүмкүн. Дени сак балдар 8 айынан кас туруп, басууга аракет жасап, колуна тийген буюмдарды оозуна салууга аракеттенет. Идиштеги суюктуктарды ысык суусуна карабай төгүп чачат. Ысык идишке экинчи жолобосу үчүн анын колун өтө аз убакытка ысык идишке колун тийгизип, бул ысык идиштегиге тийүүгө болбойт деп койсок корккон бала «ысык» деген сөздү кайталап экинчи жолобойт. Мына бул кырсыкты болтурбоого тарбиялоонун биринчи кадамы. Ошондой эле болуучу кырсыкка аракет жасаганда же бир нерсени сурай баштаганда «жок балам, муну алууга болбойт, антүүгө болбойт, жаман болот»-деп токтоолук менен себебин айтып түшүндүрүү керек. Бала улам сурай берсе энеси аны жөн коюуп же кагып силкпеш керек. Мына ушундай учурда балада карама-каршылык пикир пайда болуп атайы жасаганга аракет кылат. Бала менен ата-эненин пикир келишпегендиги баланын туура

тарбиялышына тескери таасирин тийгизип, өзүмчүл, тил албаган кежир, оюнан кайтпаган тежик болуп чоңойот.

Үч жаштан беш жашка чейин организм чындалып балдар ойноок келет. Бир жерде отурбай, секирип чуркап, чоңдорду туурап, алардын жасаган иштерин кайталайт. Кинодон көргөн оюндарын туурап кылыч менен чабышып, чуңкурларга секирип түшүп, ар кандай оюнду ойношот. Алдында кандай кокустук күтүп турганын сезбей ар кандай травма алышат. Айрыкча башы менен тийип, мээ чайкалып же ар кандай жарат алат, мындан сактануу үчүн бала баш кийимин кийүүгө дайыма кам көрүү керек. Уккан маалыматка караганда Япон өлкөсүндө балдардын башын травмадан сактоо үчүн, бала баса баштагандан баштап беш жашка чейин катуу нерседен жасалган каска кийгизип коет экен. –М.К. Биз деле кокустуктан сактануу үчүн жеңил жана кокустуктан башты сактай турган ылайыктуу баш кийимди сунуш кылсак өмүр коопсуздугуна карата жүргүзгөн ишибиз болуп саналар эле.

Балдар ата-эненин жасаган иштерин кайталоого аракет жасайт. Ата-энеси ооруп калып дары ичсе, аларды туурап кутучадан даарыны таап алып, витаминге, конфетке окшоштурүп ичип алышы мүмкүн. Ошондуктан балдарга зыян экендигин түшүндүрүп дары салынган кутучаны балдар ала албай турган жерге жайланыштыруу керек. Ошондой эле тамак-ашка кошуучу уксусту жана башка зыяндуу заттарды балдар ичип албагандай болсун. Өсүп жетилип келе жаткан балдар баарынын сырын, касиетин, катуубу, жумшакпы, ачуубу же таттуубу ысыкпы же муздакпы баарын билгиси келет. Ушулардын зыяндуу жактарын аларга толук түшүндүрүүгө, туура тарбиялоого милдеттүүбүз. Бала бештен өтүп жетиге толгондо жетилип өсүп, бою өсүп тынчы кеткен мезгил болуп саналат.

Кыргыздын элдик педагогикасы «Бала-беш жашка чейин элечала. Алтысында ат тизгинин колго алат. Тогузунда эрөөлгө аттанат» деп тарбиялашкан. Бул жөнүндө залкар жазуучубуз Т.Сыдыкбеков өзүнүн «Бел-белес» деген эмгегинде көрсөтүп кеткен Кыргыздын тоодо өскөн балдары жаштайынан атка минип, аттын кулагында ойногондору бекеринен эмес.

Баланын оюна койсоң таң эртеден кечке чейин оюндан тажабай качан гана энеси тамак ичүүгө чакырганда келип, кайра ойноп кечинде чарчагандыктан суй жыгылат. Эгер бала бакчада жүрсө тиешелүү тарбияны, билимди, коопсуздук боюнча маалыматтарды алат. Мына ушул жоопту мезгилде ата-эне баласынын жаш өзгөчөлүгүнө туура келген эмгек тарбиясына көңүл буруусу керек.

Эгерде балдарын ээн эркин койсо, көчөдөн өз билгенин жасап, көчөнүн тарбиясында болуп калат.

Ушул мезгилде балага ата-эне айрыкча көңүл бурбаса ар кандай кырсыкка дуушар болушу мүмкүн. Ал үйдө жалгыз калса өз билгенин жасай берет. Ширеңкени таап алып үйдүн ичине от жаккысы келет. Ошондой эле электр точкасына өзүнүн машинасын жүргүзүү үчүн туташтырып, чукул туташтыруунун натыйжасында өрт чыгышы мүмкүн. Мындан башка электр плиткасына тамак жасап ичкиси келип, анын зымдарына тийип алып, электро травма алат. Ошондуктан ата-эне биринчи ирээте өздөрүнүн электр коопсуздугунан түшүнүгү болуп, аларды үйрөтүүгө милдеттүү. Мурдатан кайнап жаткан идиштеги суйуктукту алуу үчүн, б. а. колун күйгүзбөөгө атайын илмеги бар туткучтар жасалган. Балдарды ысык идишти көтөрүүдө сөзсүз бармакка илмегин илип, туткуч менен көтөрүү ишине тарбиялашыбыз керек.

Совет бийлигинин жылдарында үй-бүлөлүк тарбиянын артүрдүү маселелерин иштеп чыгуу боюнча көп иштер аткарылды. Мектепке чейинки педагогикага Н. К. Крупская көп эмгектерди синирген. Үй-бүлөө жана баланын келечектеги тарбиясына жазган эмгектери азыр дагы өтө баалуу. Надежда Константиновна «Ата-энелер үчүн үй-бүлөө тарбиясы баарыдан мурда өзүн-өзү тарбиялоо дегендик» деп жазган [22]. 30-жылдарда Н. К. Крупская ата-энелер үчүн китепкана уюштуруу, радио боюнча лекцияларда берүү жөнүндө маселе козгоп, ата-энелердин арасында педагогикалык билимдерди пропогандалоого зор маани берип, өсүп келе жаткан жаш муундарды ар тараптан гармоникалык өнүктүрүүгө, алардын активдүү катышуусуна кантип жетишүү жөнүндө практикалык кенештерди айткан.

Өсүп келе жаткан жаш муунду тарбиялоодо үй-бүлөөнүн аракети жана ролу, коом, мамлекет алдында ата-энелердин чоң жоопкерчилиги жөнүндө А. С. Макаренко көп жолу айткан. Ал тарбиялоо маселесине биринчи орунга ата-энелер менен педагогдорду койгон. «Ата-энелер үчүн китеп», «Балдарды тарбиялоо жөнүндө лекциялар» ата-энелердин мектепке чейинки тарбиялоочулардын колдон түшпөс китеби болуп калды [23,24].

Бул айтылгандардын ата-энелер үчүн балдарынын ден соолугунун сак, ар кандай кырсыктардан тышкары болуусу үчүн чоң мааниси бар. Биринчи ирээтте ата-энелер балдарын коопсуздугуна тарбиялоодо, ата-эне өзүлөрү электр тогу жөнүндө кеңири маалымат билбесе балдарына кантип тарбия берип, коопсуздукка үйрөтө алат.

Бул жөнүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-статьясында да баса көрсөтүлгөн:

1. Үй-бүлөө коомдун эң алгачкы очогу; үй-бүлөө, аталык, энелик жана балалык бүткүл коомдун камкордугуна алынып, мыйзам тарабынан артыкча корголууга тийиш; балага кам көрүү, аны тарбиялоо ата-эненин милдети жана граждандык парзы. Эмгекке жарамдуу, жашы жетилген балдар ата-энелерине камкордук көрүүгө милдеттүү.

2. Мамлекет жетимдерди жана ата-энесинин багуусунан ажыраган балдарды багат, тарбиялайт жана окутат.

3. Улууларды урматтоо, туугандары менен жакындарына, карыкартандарга камкордук кылуу Кыргызстандын элинин ыйык салты.

Эми көрүнүктүү педагогдордун, элдик педагогиканын жана акылман адамдардын тарбия маселеси боюнча айткандарына кыскача токтоло кетели. Бул айткандардын «Өмүр коопсуздугуна» тарбиялоодо түздөн түз тиешеси бар.

Белгилүү педагог, СССР педагогика илимдер академиясынын мүчө-корреспонденттти, Социалистик Эмгектин Баатыры В. А. Сухомлинский мындай деп айткан-«Мектепте оңдогон жылдар бою иштөө мени акылдын өсүшүндө эмгек маанилүү ролду ойноп тургандыгына ишендирди. Баланын акылы-анын манжаларынын учунда. Бул педегогиялык ишеним байкоолордон келип чыкты. Сөз эмгектин баарысы жөнүндө эмес, баарыдан мурда ойду, кылдат билгичтикти, чеберчиликти камтыган татаал, чыгармачыл эмгек жөнүндө болуп жатат. Мында түз байланыш бар экенине фактылар жылдан-жылга көбүрөөк ишендирди [37].

Адам колу менен жана ою менен эмгек объектисине кылдат таасир этүүгө үйрөнө албаса, сезим тал, чыгармачыл акыл-эсти тарбиялоону элестетип болбойт. Ошол таасир этүү-ойдун жана кол эмгегинин айкалышы. Адам кол же шайман менен бир нерсени иштетип жатканда, татаал көрүнүш болуп турат: ар бир көз ирмемде колдон мээге жана мээден колго сигнал көп жолу берилет, мээ колду үйрөтөт, кол өнүктүрөт да, мээни үйрөтөт. Китеп акыл-эсти өстүрүмү үчүн, албетте, дайыма окуу зарыл: китеп акылдуу башты гана эмес, акылдуу колдорду да жаратат. Балдарды оң жана сол кол менен иштөөгө үйрөтүңүз.

Адамдындын өсүшүнүн тарыхый процесси ой менен байланышкан, ойун манжалардын учуна берген абдан акылдуу эмгек операцияларын оң колдун орундатышына алып келди. Сол кол болсо чыгармачылык эмгек убагында жардамчы ролду ойнойт. Оң колубуз

менен аспаптарды кармайбыз, оң колубузда калемсап жана калем болот, сүрөтчүнүн оң колу адамды кызыктырган сүрөттү чыгарат.

Эгерде бардык адамдардын оң колунун кылдаттыгы сол колунда болсо, анда айрым инсандардын эмгек устаттыгы, эмгек өнөрү, акыл жактан өсүшү өтө ылдам жетилген болор эле.Анткени, кол менен мээнин ортосунда эки тараптан жүргүзүүлүүчү көп миңдеген байланыш бар-мээни улам акылман кылуу менен кол аны өстүрөт; мээ колду чыгармачылыктын акылдуу аспабы, ойдун куралы жана күзгүсү кылуу менен аны өстүрөт.

В.А.Сухомлинскийдин эки кол менен иштөөдө жүргүзгөн иштери күбө боло алат. Жети жыл бою менден 14кө чейинки балдарды эки кол менен тең иштөөгө үйрөттүм. Балдар эки кескич эки кол менен тең иштөөгө, татаал моделдерди кураштырууну, жыгач станокто иштөөнү оң жана сол кол менен иштешти. Мен бул балдардын жылдан-жылга чыгармачыл элементтин өсүшүн көрдүм. Оң колу менен кана иштей алган адамга караганда эки колу менен иштегенин алда канча артыкчылыгы бар экенин көрүштү. Аспап менен материалды иштетүүдө менин усталарым кыймылынын эң кылдаттыгы, назиктиги, ийкемдүүлүгү менен айырмаланышты.» В.А Сухомлинскийдин бул айткандарынын өмүр коопсуздугуна түздөн-түз тиешееси бар.

В.А.Сухомлинскийдин бул айткандары "Эмиль, или о воспитании" деген чыгармасынан алынган. Эмилдин тарбиялануучусундагы умтулуш жөнүндөгү Жан-Жак Руссонун" көздөрү манжаларынын учунда эле" деген ырастоосу менен үндөшүп кетет.

Баланы бешигинен алпечтөө, анын балалык оюнун уюштуруу, балдырап сүйлөөгө үйрөтүү менен, коомдун башкы түзүүчүсү болуп жаткандыгын аялдар түшүнүшсүн.-деген Н.И.Пирогов [26].

К.Д. Ушинский окуучулары үчүн «Родное слово» деген китебинде: «Бирок да бала, мындайча айтканда деги эле формалар, боектор, добуштар сезимдер менен ойлойт, эгерде кимде-ким балалык табиятты башкача ойлоого мажбурлагысы келсе, ага бекер жана зыяндуу күч көрсөткөн болор эле»-деп жазган [27].

Тарбиячы кандай сапаттарга ээ болушу керектиги жөнүндө К.Д.Ушинский мындай дейт». Тарбиялодоо бардыгы тарбиячынын инсанына негизделиши керек: анткени тарбиялык күч инсандын жандуу булагынан агып чыгат. Инсан гана инсандын өсүшүнө жана калыптанышына таасир көрсөтө алат, мүнөз менен гана мүнөздү түзүүгө болот» [27]

Билимдүү киши-бул адамдык турпат басымдүүлүк кылып турган адам-деп жазат А.В.Луначарский. [28]

К.Маркс «иш аткарышкан органдардын чымырканууларынан башка иштин жүрүшүнүн бардык учурунда көңүлгө төп келген максатка ылайыктуу эрк зарыл, демек, дене жана интеллектуалдык күчтөрдүн оюну катары жумушчуну эмгек аз ырахаттантат»-деп жазган.[29]

Адамды тарбиялоо-демек, бул анда өзүнө-өзү талаптуулукту тарбиялоо дегенге жатат. Бул адамды дайыма колунан жетелеп жүрбөй ал өзүнө-өзү жооп бергидей, турмуштук жеке көз карашын иштеп чыгыш үчүн анын өзүнө мүмкүндүк бргендигинде болот. Мында Ф.М.Достоевскийдин айканы бар: «өзүңдү өзүңдөн тап, өзүңдү өзүнө баш ийдир: өзүнө өзүң ээ бол».

«Жакшылап ойло, ой-пикирлер да жакшы жоруктарда жетилет»-деп жазган Л.Н.Толстой.

Ишенимге азап менен жетүү керек, анын турмушка жарактуулугун текшериш керек. Адам өз ишениминен баш тарткандан көрөкчө өлгөнү артык» деген Г.С.Лазо.

А.С.Макаренко "Тарбиячы төмөнкүнү ар дайым жакшы билүүгө тийиш: балдар мекемесинде аларды окутуп жана тарбиялап жатышкандыгын бардык тарбияланууучулар түшүнгөнү менен, алар педагогикалык "чыпкадан" өтүп жатканын сүйө беришпейт, анан калса ар бир эскертүүгө насияттык маани берүү менен, тарбиянын пайдасы жөнүндө алар менен чеги жок сүйлөшө билгенди андан бетер сүйүшпөйт".

Тарбиянын жана тарбиячынын жардамы менен ал акырындап коопсуз иштөөнүн ыгына үйрөнүп турмуш тажрыйбасын алат.

Ибн Синанын «үй-бүлөлүк чарба" жана Эмчилик илиминин мыйзамы" деген эмгектери дене тарбиясы маселелерине арналып коопсуз иштөө ыкмаларын көрсөтө кетет. [30]

Тарбиянын негизги максаты Аль – Фарабинин ою боюнча, адамды жакшылыкка, жакшы жөрөлгөлөргө үйрөтүү аркылуу анын бактысын ачуу. Анын ою боюнча билим адамдын жүрүш-туруш кооздойт, даректан өсүп чыккан бутактар мөмө байлагандай эле билимге умтулган адамдын адеп-аклагы тазарат

Фараби билим алууга дилгир адамдарды жактырып, андайлар жаш, жупуну дени таза, адептүү, тарбия көргөн, туруктуу, эч кимди алдабаган, жамандыкка барбаган, илимпоздорго-сый, урмат менен мамиле кылган инсан болууга тийиш»- деген. [31]

Фараби тарбиянын негизги милдети жан дүйнөсү жыргалга эмес чындыкка умтулгандай кылып инсандын табиятынын оңолушуна көмөк көрсөтүү. Андан тышкары тарбиянын жардамы менен адеп нормаларын өздөштүрүп, кол өнөрчүлүктү, коркунучсуз ык, машыгулардын үйрөнүүсү зарыл. Инсандын ар кандай эле жаманы жакшысы да сапаттары тубаса берилбейт, ал сапаттар адегенде үй-бүлөнүн ата-эне, чоң ата, чоң эне, ага, эжелер андан кийин улам кеңейген чөйрөнүн таасири менен калыптанат. [32]

Беруни тарбияны өзүн-өзү тарбиялоо менен өтө тыгыз байланышта караган. [33]

Тарбия бала кезде башталып, бүт өмүр бою улантылат. Инсан бекерликке берилбей билимге умтулуусу ылазым, ансыз өз зоболосун бийик көтөрө албайт.

Баа жеткис педагогикалык мурас-Кей Кавустун "Кабус-Намеси" эмгегинде айтылган". Акыл менен дүнүйө жыйнаса болот, ал эми дүнүйө менен акыл жыйнай албайсың. Акылың болсо өнөр үйрөн. өнөргө машыкпаган акыл кийими жок жылаңач дене сыяктуу, жүзү, чырайы жок бет сыяктуу"

Педагог бабабыз Жусуп Баласагындын "Кут алчу билим" дастанында [34] чеберчиликке тарбиялоодо ата-эненин ролун баса көрсөтөт.

"Кары сөзүн айтылган капка сакта,
Кары сөзү алтын да сырын ачса.
Кут бир келет-бакпасаң кетип калат,

Мектептин ишин туура жолго коюунун негизги шарты деп квалификациялдуу мугалимдерди даярдоону эсептеп, жаш мугалимдер жөнүндө жан талашып кам көргөн-Ибрай Алтынсарин.

Молдо Кылыч Шамыркан уулу 1911-жылы Казанда басылып чыккан «Зилзилия» [41]деген чыгармасы жер титирөө кырсыгы жөнүндө жазат. Тоголок Молдо-Байымбет Абдырахман уулу (1860-1942) баланы жашынан туура тарбиялоонун бирден бир ынгайлуу жолу аны өндүрүмдүү эмгекке активдүү катыштырып, турмуш менен көзүн ачуу экендигин насатчы акын баса белгилейт

«Жалпы журт пайда көрсүн деп,
Жасадың таштан тегирмен.
Туйгунум устам барында
Туугансың нанга кенилген». [42]

Эмгекчи эл баланы аягына тик туруп тамтаң баскан күнүнөн баштап эле ар түрдүү эмгекке аралаштырып, эмгек менен көз ачтырткан. Элдик педагогика аткарган кызматына чек койбосо «Эр

жигитке 72 өнөр аздык кылат»- деп баланын колун түрдүү чеберчиликке багыттаган. Элдин ушул оюн өркүндөтүп. А.Сухомлинский: «Баланын акылы анын манжаларынын учунда»- деген тыянакка келет өндүрүмдүү эмгекте өркүндөгөн адамдын чебер колу Рафаэлдин сүрөттөрүнө Торвальдсендин статуяларына, Паганини музыкасына жан киргизгенин Энгельс даңазалап жазган.

"Энени көрүп кыз өсөт, эжени көрүп синди өсөт"- деген макал эмгек тарбиясынын элдик усулунун негизи болгон. Ар бир бала ата-энесинин, бир туугандарынын чеберчилик ишинен тарбияалган.

"Кары келсе ашка, жаш келсе ишке"- деген акылман сөзү балдарды эмгектенүүгө психологиялык жактан даярдоо болуп саналат. Бала жашынан эле эмгектенүү инсандык парз экендигин түшүнөт.

"Кылганың бирөө үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн"- деген накыл сөз коопсуз иштөөнүн чакырыгы болуп саналат. Ар кандай жумушту кайта кайта аткаруу баланын иш аткаруучу ык, машыгууларын бекемдейт.

Ата-энелер менен иш жүргүзүүдө «Кыргыз Республикасынын элге билим берүү жөнүндөгү закондорунун негизинде» балдарды ар тараптан шайкеш өнүктүрүүнү жана тарбиялоону, алардын саламаттыгын коргоону жана чыңдоону, аларды эмгектин эң жөнөкөй практикалык көнүгүүлөрүнө үйрөтүү жана эмгекти сүйүүгө тарбиялоо, мектепке окууга баруучу балдарды даярдоо үй-бүлөлөр менен мектепке чейинки балдар мекемелерин белгилешип тарбиялашы менен чечилээрин унутпоо керек.

Жол эрежесин сактабоонун натыйжасында канча жаш өспүрүмдөрдүн өмүрү кыйылып же травма алгандары көп эле болуп жатпайбы. Бул кырсыктан тышкары болуу үчүн бала бакчалар ата-энелер биргелешип иш жүргүзүүсү өтө зарыл. Мектепке окууга баруучу балдарды жол коопсуздугуна тарбиялоо жана үйрөтүүгө ата-энелерге мындай сунушту айтар элем.

Урматтуу ата-энелер!

Биринчи жолу биринчи класска барган баланыздын тагдырын ойлондунузбу?

Сиздер мектепке баруучу жолду баланыз менен чогуу басып, жол коопсуздугунун эрежелерин түшүндүрүп билдирдиңизби?

Анда баланызды, кызыңызды жетелеп, окуу башталганга чейин бир нече жолу «үй-мектеп», «мектеп-үй» маршруту боюнча сейилдикке чыгыңыз.

Мындай камкордуктун мааниси өтө зор. Жолдо жүрүп жол кырсыгы жөнүндө жана андан сактануу боюнча алгачкы сабагын

бериңиздер. Мында балаңыз үчүн коркунучсуз маршрутту тандап алыш үчүн көмөктөш болосуздар. Мектепке чейин автобус менен бара турган болсо, кандай отуруп, андан чыгуучу жана токточу жайды түшүндүрүңүздөр. Көчөлөрдүн кесилишинде өзүн кандай жүүрүлөрүн, светофордун сигналына карата кесилиштен өтүү тартибин айтып бериңиздер.

Үй-мектеп, мектеп -үй маршрутун, окуткан мугалим менен бирдикте талкуулап, ар-бир окуучуга маршрут түзүп, окуучу жашаган үйгө жакшы жасалгалап илип койсонуздар, балдарыңыздардын кырсыктан тышкары болушуна көмөктөш болосуздар.

Жол коопсуздугун сактоодо ата-энелер өзүлөрү үлгү көрсөтүүсү керек. Эгер алар жолдон атайын ылайыкталган кесилиштер, өткөөлдөр аркылуу өтпөстөн жолдун туш келди жеринен өтө берсе, балдар сөзсүз ата-энесинин кылык жоругун кайталайт. Ошондуктан балдарды өмүр коопсуздугуна тарбиялоодон мурда өзүң тарбияланыш керек экендигин, балдарына үлгү болушун дайыма унутпаш керек.

Он бир, он төрт жаштагы балдардын кыял жоругу алардын кичине кезинде кандай тарбиялагандыгына байланыштуу болот. Ушул мезгилде балдардын экинчи жолу бою бат өскөндүгү жана баланын организминде өзгөчөлүктөрү өзгөрө баштайт. Ушуга байланыштуу баланын аң сезиминде жана психикасында бир топ өзгөрүүлөр жүрөт. Ата-энелер балдарынын тарбиясына дайыма көңүл бөлсө, окуусун жакшы окуп, үй тиричилигине кол кабыш кылышат. Баланын ушундай болуп өсүшү тарбиядан. Тарбия көрбөгөн, тентек, бейбаш өскөн балдар, өз тендүү же майда балдар менен ар кандай коркунучтуу оюндарды ойноп, талаада от жагышып, бөтөлкөгө бензин, керосин же башка химиялык жарылуучу заттарды куйуп от коюп жардырышат. Алдыда эмне кырсык күтүп турганы менен эсептешпейт. Талаадан бир нерсе таап алса, анын сырын, касиетин билүүгө аракет жасайт.

21-май 1999-жылы Ак-Суу районунун Жаңы-Арык орто мектебинин 11-класстын үч окуучусу бөтөлкөгө жарылуучу аралашма куюп жардырышкан. Жардырган окуучунун бир көзү ачып түшүп, колу узунунан жарылып аны дарыгер кесип салууга аргасыз болгон. Экинчи окуучу жарылууда учуп түшүп колу сынып, башка жаракат ты алган. Үчүнчүсүнүн денеси күйүп, айнек кирип ооруканага жеткирилген. Мындан башка жакын жерде ойноп жүргөн үч окуучу кырсыктан куру калган эмес. Бирөөсүнүн ичине айнек кирип, ичегисин тешип кеткен. Жардырган окуучу мурдатан эле мындай иштерге катышып жүргөн. Кошунасынын даратканасын жардырган жана итти жардыруудан

өлтүргөн. Эгерде окуучулардын ата-энелери жана мектеп тарабынан коопсуздукка карата көзөмөл иштери болуп, туура тарбия иштерин жүргүзүшсө кайгылуу кырсык болмок эмес.

12-жаштан тартып 15-жашка чейин балдардын жүрүш-турушу, кыял жоругу ой жүгүртүүсү калыптана баштайт. өзүнүн акылы, ой жүгүртүүсү боюнча иш жасоого аракеттенет. Ата-энесин кыял жоруктарына сын көз менен карап, алардын жакшы жактарын үйрөнүүгө тырышат. Кокустан үй-бүлөдө пикир келишпестик, ичкилик ичүү ж. б. жаман сапаттар болсо аларга буушайман болуп, жолдош жоролорунан уялып, үйдө аз болуп, көчөнүн балдарына айланып, тамеки тартууга, ичкилик ичүүгө үйрөнөт. Үй-бүлөлүк тарбияда балдарын спорт оюндарына тартуу жакшы натыйжа берет, бул үчүн балдарынын кайсы оюнга жөндөмдүү экендигин машыктыруучу менен кеңешип спортун ошол түрүн улантуугa шарт түзүү керек. Спорт оюндары менен машыгып жатканда жыгылып же билбестиктен уруп алып, кырсыкка учураган балдарды байкоого болот. Спорттун бир түрү менен машыккан балдар кырсыкка аз учураарын практика көрсөттү.

Баланын жаш чагынан өмүр коопсуздугуна тарбиялап, жаш өзгөчөлүгүнө ылайык жумуш жасатып үйрөтсө, ал спорт оюндары менен машыгып жүрсө, анын күндөлүк жүрүш-турушуна көз салса, дем алыш күндөрү бирге дем алса, бир ишти жасатаардан мурда коопсуздук жагына көңүл бөлүп, адегенде өзү жасап көрсөтсө балдары ар кандай кырсыктан тышкары болот. Кыргыз элинде «эжени көрүп кыз өсөт, аганы көрүп ини өсөт» деген макалдын мааниси өтө жогору.

Мектеп окуучулары өндүрүш жана тиричиликтеги травманы болтурбоодо үй-бүлөнүн ролу чоң. Ата-эненин турмуштук эмгек тажрыйбасы, алардын кадыр баркы, үй-бүлөдөгү эмгекти коопсуз иштөө жолдору травманы жоюга чоң таасирин тийгизет. Мектеп жана ата-эненин жаштардын эмгегин коргоо боюнча талабы, тилеги бири-бирине дал келет.

Балдардын травмасын жоюга мектептин педагогикалык коллективи демилге көтөрүп чыгуу керек. Бул иштин тармагы, түрү өтө көп. Иштин ийгилиги педагогдун тажрыйбасы жана демилгеси менен аныкталат. Бул барыдан мурда окуучуга коопсуз жана ден соолукка зыянсыз шарты жана эс алуу, эмгек режимин түзүү боюнча ата-эненин билимин жогоруулатуу; окуу жана эмгектенүү боюнча бирдиктүү талапты иштеп чыгуу; окуучунун жаш өзгөчөлүгүн эске алып ишке тартуу; травма алган баласына врачка чейинки алгачкы

жардам берүүгө ата-энени үйрөтүү жана окутуу, сыяктуу иштерди өз ичине алат. Мында мектепте мурдатан бери жүргүзүлүп келе жаткан иштин формасын колдонуу; ата-энелердин чогулушу, конференция, ата-энелерге агартуу жана саламаттыкты сактоо органдарынын, МАИ кызматкерлеринин, өрттөн сактануу башкармасынын, юристин ангеме өткөрүшү баалу салымды кошот.

Ата-энелер жаш өспүрүмдөр организминин психофизиалогиялык өзгөчөлүгүн эске алып оор нерсени көтөрбөө, эмгектенүү убактысы, айрым коркунучтуу иштерди аткарууга уруксат этпөө, кислота, щелочь, уу химикаттардан сак болуу, өрттөн сактануу эрежеси боюнча пропаганда иштерин жүргүзүү боюнча туура түшүнүктөр менен куралданып, турмуштук мисалдарды келтириши зарыл

«Известия» газетасына «бир попиростун баасы 15 миң сом» деген статья чыккан эле. Мектеп окуучусу тарткан попиростун калдыгын өчүрбөй ыргытып жиберет, кампа өрттөнүп, материалдык чыгым 110 миң сом болгон. Ишкананын жетекчилери окуучунун ата-энесин чыгымды төлөтүү үчүн сотко берген. Сот 110 миң сомду төлөөгө ата-энесинин мүмкүнчүлүгү жок экенин билип, аларга 15 миң сом төлөткөн. Ушул өндөнгөн мисалдарды келтирүү, ата-энелерге чоң таасир берет.

Ооруп айыккан бала травма алууга жакын болот. «Ооруну жашырсаң өлүм ашкере кылат» деген кыргыздын макал сөзүн эске алып, баласынын ден соолугу жөнүндө окуткан мугалимине, айрыкча класс жетекчисине айтып туруш керек.

Балдар жаш өзгөчөлүгүнө жараша оюнкарак келип, коркунучтуу аракет жасарын ата-энеге түшүндүрүү зарыл. Мисалы, этаждан түшүүдө тепкичтин тосмосунун үстүнөн жылмышып түшүүнү өнөр көргөн жаштар кездешет. Тайгаланып жыгылып, цементке башы тиери менен эсептешпейт. Муну байкаган ата-энелер, улуулар сөзсүз эскертип, аларды туура жолго салыш керек.

Үй-бүлө тиричилигиндеги травматизм коркунучтуу участкага окуучунун адаптация алып, кайдыгер мамиле кылуусуна алып келе тургандыгын ата-энеге түшүндүрүү керек. Мисалы, электр тогу, газ ж. б. менен окуучулар күндө кездешет. Аларга көңүл бөлүп туура мамиле кылбаса, кырсыктын себеби болорун мисал келтирип ачык түшүндүрүүнүн маанеси зор.

Ар бир окуучунун ата-энеси менен окуучунун жүрүш-турушуна карата жекече ангеме өткөрүү иштин ийгиликтүү болушуна өбөлгө түзөт.

Кээ бир учурларда көргөн нерсени кайталаган учурлар кездешет. Бир нече жыл мурда «Тарзан» жөнүндө кино көрсөтүлгөн. Тарзанды туурап кыйкырып, бактан секирип бутун сындырып алган окуучуларды кыргыз айылынан көп эле көргөнбүз.

Ата-энелер менен ангеме өткөрөрдө жетишерлик сандагы техникалык каражаттарды, кино фильм, плакаттар пайдаланып жана ошол райондордо болгон кырсыктар, кокустуктар жөнүндө билип алып, аларды айтып жана көрсөтүп берсе ангеме кызык, таасирдуу өтөт.

Травманы болтурбоо үчүн ошол мектеп жайланышкан жерде кандай кырсык болоорун байкап, мектеп-үй маршрутундагы жол эрежесин сактоо боюнча окуу өткөрүп, айрыкча кыш мезгилиндеги кокустуктарга токтолуу натыйжалуу болот. Мектептин ата-энелер менен бирдиктүү системалуу иштери балдар арасындагы травманы жоюга көмөкчү болуп, балдарынын ден солугу үчүн ата-энелердин көргөн камкордугу болуп саналат.

3. 2. Өмүр коопсуздугуна мектепке чейинки балдар мекемелерде тарбиялоо

Мектепке чейинки балдар мекемелеринде өмүр коопсуздугун сактоого шарт түзүү айрыкча маанилүү болот. Негизгиси тарбияланууучулар үчүн кырсык болбогондой имаратты жабдуу, ушул мекемеде үйрөнгөн коопсуздуктун негизги жоболору алардын келечектеги жашоо турмушуна колдонуп кеткендей адатка тарбиялоо негизги иштерден болуп саналат. Балдарга бакчада коопсуздукка шарт түзбөй туруп аларды келечекте өмүр коопсуздугуна тарбиялоо жөнүндө сөз болууга тийиш эмес.

Мектепке чейинки балдар мекемелеринде сакталуучу коопсуздук техникасынын негизги суроолоруна токтолуп өтөлү:

Мектепке чейинки типтүү балдар мекемелери эки кабаттуу имараттан турат. Биринчи кабатында кенже жана орто группадагы балдарды, экинчи кабатына улуу группадагы тарбияланууучуларды жайланыштыруу керек. Эки кабаттуу балдар бакчасынын балкону балдар түшүп кетпегендей жыш, тик, бийик, темир решетка менен тосулуп чердакка жана авариялык тепкичке чыгуучу эшиктер атайын щит менен жабылып, кулпу менен бекитилип, керек болгондо гана дароо ачкандай шарт түзүү керек. Кулпунун ачкычы бакчанын күзөтчүсүндө болуп, кырсык болуп калса тезинен ачып берет. Эгерде буларды бекитпей койсок балдар жашынмак ойнойбуз деп ар кандай

кырсыкка учурашы мүмкүн. Авариялык тепкичтер жана запас эшиктер аркылуу өрт жана башка кырсык болгон учурда тарбияланууучулар дароо эшикке чыгып кетиши зарыл.

Терезе ичин көздөй ачылып илгич менен бекитилет. Терезенин айнегин балдардын тазалоосуна такыр тыюу салынат. Балдарды кысып калбоосу үчүн эшике пружина, блокту бекитүүгө болбойт.

Балдар бакча имаратына дайыма көзөмөл иштерин жүргүзүп, пол жана потолоктун бекем болушуна, водопроводдун, канализациянын, газ өтүүчү түтүктөр оң, электр зымдарынын, изоляциясы арчылбаган жана гүл өстүрүүчү идиштер кулап кетпегендей бекитилген ж.б. кырсыктар болбогондой шарт түзүшүбүз керек.

Балдар бакчанын өрт коопсуздугуна айрыкча көңүл бөлүп, анын тарбиячылары, жетекчиси өрт чыгуу себептери электр зымын чукул туташтыруудан, жакшы контакт болбоонун натыйжасында искра чыгуудан, электр куралдарын токко туташтыруудан караосуз калтыруудан, жаңы-жылдык балаты майрамында жаркылдачуу электр лампочкаларын туура туташтырбоодон, газдык жана электрдик сваркалоо ишинде калган ысык темирден, учкундан тутануусунан болорун билип, өрт өчүүрүчү куралдар менен иштей биле алуусу керек. Алардын ичинен өрт коопсуздугуна жооп бере турган кызматкер дайындалып, анын фамилиясы жазылып коюлат. Бала бакчанын имараты үчүн эвакуация планы түзүлөт. Бул планды бакчанын бардык кызматкери билип, кокусунан өрт чыгып калса запас эшиктер авариялык тепкичтер дароо ачылгандай кылуу керек. Мындан башка өрт өчүрүүчү депонун, медициналык тез жардамдын телефон номери, эвакуация планы көрүнүктүү жерге илинип коюлат.

Өрткө каршы коопсуздуктун эрежелерин аткаруу, жетекчиге айрыкча көңүл буруунуу талап кылат. Ар бир кызматкерге өрткө каршы инвентарь менен иштей билүүсүн үйрөтөт. Бул үчүн өрт коопсуздугунун кызматкерлерин чакырса деле болот.

Балдар бакчасы менен меш менен жылытылса алар келээрден бир саат мурда жагылат. Отту тутандыруу максатында тез күйүп кетүүчү нефти продуктуларын колдонууга болбойт. Өрт негизинен от жагуудан болоорун эске алып, өрттөн сактануу эрежесин так аткарышыбыз керек.

Мына ушул жерде бир мектепте чыккан өрт жөнүндө айтып кетүүнү туура тапты. Тоң районунда стандарттуу салынган эки кабаттуу мектеп солярканы колдонуп, завод тарабынан чыгарылган форсунка менен жылытылган. От жагуучу эки кочегар эрте келип,

мектепти жылытуу максатында форсунканы иштетип имаратты жылытуу ишин жүргүзүшкөн. Бир убакытта ысык меш өчүп калып, аны ичине солярканын буусу, пары толгон. Кочегарлар мешти күйгүзүү максатында күйгүзүлгөн газетаны мешке ыргыткан. Парга толуп турган ысык меш жарылып өрт чыгып эки кочегар өлгөн. Сабак баштала элек болгондуктан эки кочегардан башка адамдар болгон эмес. Айылдан элдер чогулуп келип өртту өчүргөн. Эгерде кочегарлар коопсуздук эрежесин билсе эч убакытта ысык мешке жалын бербестен, аны муздатып андан кийин жагуу керек болуучу. Коопсуздукту сактабоодо эки адамдын өмүрү менен бүттү.

Эгерде мектепте окуучулар болсо мындан-башка кырсыктар болуусу мүмкүн эле.

Балдар мекемесинде өрт коопсуздугуна жооп берүү түздөн түз башчыга жүктөлөт. Өрт коопсуздугун камсыз кылуу үчүн «Мурдагы СССР агартуу министерствосунун, мектептерде, мектеп интернаттарда, балдар үйлөрү, мектепке чейинки ж. б окуу-тарбия мекемелери үчүн өрт коопсуздугунун типтүү эрежесин»-үйрөнүүнү уюштуруу керек. Өрттүн чыгуу себеби болгон электр жабдууларын дайыма текшерип, өрттүн болбоосуна көзөмөлдүк кылынат. Өрткө каршы коопсуздуктун эрежелеринин кичине эле бузулушуна башчы дароо чара көрүшү керек. Бул аткарылган иш балдардын өмүрү үчүн көрүлгөн камкордук болуп саналат.

Балдар бакчасынын тарбиялануучуларына кинофильмдер көрсөтүлүп калса, ал үчүн атайын өрт коопсуздук эрежеси бар. Ушул эрежени так аткаруу керек. Тарбиялануучулардын кенже группасын биринчи кабатка жайланыштырып, балдар бакчасынын күзөттөгү кызматкерлери коопсуздук эрежесин көздүн карегиндей сактап кырсыкка учурап калган балдарга өз убагында жардам берүүгө даяр болуусу зарыл. Балдар бакчада ысык суу же тамак менен денесин күйгүзүп албоосуна көз салабыз. Электр тогунун булагына туташтырылган электр чайнектин ж. б. электр куралдарынын электр зымына чалынып ысык сууну төгүп, денени күйгүзүп алуу коркунучтары бар. Мына булардан сак болуу керек.

Балдар бакчасынын сырттагы аянты бийиктиги 2м кем болбогон темир сетка менен тосулуп, тарбиялануучулар атайын ылайыкталган эшиктер менен гана кирип чыгышат. Бакчага тиешеси жок кишилердиин кирүүсүнө уруксат этилбейт. Эгерде тарбиялануучулар сыртта жайгашкан дааратканаңы пайдаланса, анын тешигине түшүп кетпегендей кичине өлчөмдө жасалат. Кыш жана жаз мезгилинде бакчанын үстүндөгү кар эрип муз тоңуп калып,

балдардын башына түшүп калуусу мүмкүн. Ошондуктан карды, музду убагында тазалап коопсуз шарт түзүлөт.

Тарбияланууучу балдар бакчанын тегерегинен көчөдөн уу өсүмдүктөрдү жеп алуусунан сак болуп, уулу чөптөр ушул аянттарда болбоосу керек. Бул үчүн уу чөптөрдүн сүрөтүн жана алардын кургатылган гербарий «уулу чөптөр оозго салып жээгөө болбойт» деп жазылып коюлат.

Ушул жерде Каракол шаарынын Ленин көчөсүндө жашаган, балдар бакчасын тарбияланууучу эки бир тууган кыз менен болгон кырсыкты айта кетүүнү туура таптым. Алар дем алыш күнү көчөдө ойноп жүрүп гүлдөп турган мыянын (дурман) уругун жеп жаткандыгын көчөдө өтүп бара жаткан мугалим көрүп, аларды дароо медициналык тез жардамга алып барып, дарыгердин жардамы менен иче кардын тазалатып, ортончу группада тарбияланган кыздын өмүрүн сактап калган. Ал эми кенже группадагы кыз уулу чөптү көп жеп алгандыгына байланыштуу өмүрүн сактап калууга мүмкүн болбой калган. Мындан балдар бакчада адамды өлтүрө турган уулу чөптөр жөнүндө маалымат алган эмес. Ошонун натыйжасында өлүмгө учурап жатат. Бакчанын тегерегинде уулу, чагуучу өсүмдүктөр (чалкан) болбоосу керек.

Балдар бакчасынын аянтында алма, өрүк ж. б. жер жемиштер өстүрүлөт. Мына ушуларга уулу дары чачкан убакытта аларды жээгөө болбойт. Дарылаган числосун көрсөтүп, алардын даамын татпоо жөнүндө кулактандыруу жазып коюп, дарынын күчү кеткенге чейин атайын көзөмөлдөө иштери уюштурулат.

Каракол шаарындагы (азыркы Токтогул атындагы лицейде)бир нече жыл мурда мындай кырсык болгон. Мектептин жанындагы жашаган адам алмасына уу чачкан. Ал жөнүндө мектепке, анын окуучуларына эскертүү, эч кандай кулактандыруу жазылбаган. Мектептин окуучулары эрте бышуучу алмалардан жеп алып, массалык түрдө уулануу болгон. Тарбиячылар убагында билип калып, дароо көрсөтүлгөн медициналык жардамдын аркасында окуучулардын өмүрүн сактап калган.

Тарбияланууучулар өз алдынча бакчадан кетпөөсүнө көңүл бөлүп, кечинде баланын ата-энеси, туугандары жана ага табыштаган адамдарга же болбосо ата-энесинин ишеничи боюнча гана берүү керек. Кийинки кысталган мезгилде балдарды барымтага алып, ата-энесинен көп суммадагы акча талап кылган учурлар кездешип эле жүрбөйбү.

Бакчаны жетиштүү табигый жана электр жарыгы менен камсыз кылып, терезелерди терезе жапкыч же гүлдөр менен тосуп салбай,

отуруучу стол терезеге жакын жайланышып, терезенин жарыгы балдардын сол жагынан түшүү керек. Жарык жетишсиз болсо бала өбөктөп отуруп организминин туура өсүшүнө терс таасирин тийгизет.

Балдар бакчасы керосин лампасы, шам, чөнтөк фонары менен жабдылат. Кокустан жарык өчүп калса булар жарык берет. Тарбияланууучуларды дарыгерге көрсөтүп, алардын сунушу боюнча айрымдары көз айнек кийгизүүгө туура келет.

Тарбиячы балдар менен көчөгө сейилге чыккан учурда канча бала менен чыкканын так билип, айрым бир тарбиялуучуларды бакчага калтырууга туура келет. Буларга көз сала турган тарбиячы бөлүнөт. Сейилге чыкканда тарбиячы менен кошо бакчадагы бир кызматкери бөлүнүп, тарбиячы балдардын артында, алдында болот. Балдардын сейилге чыгуучу маршруту көчө кыймылы сейрек болгон көчөлөр менен жүргүзүлүп, маршруттун схемасын бакчанын жетекчиси бекитет. Бул маршрутту жергиликтүү мамлекеттик авто инспекция кызматкерлери менен макулдашып койсо, андан бетер жакшы. Балдар менен көчөгө чыкканда жолдо өтүүчүлөргө тоскол болбоо үчүн тротуардын оң жагы менен жүрүү жана тротуары жок жерде жолдун чети менен транспорттун кыймылына каршы басуу, көчөдөн өтөөрдөн мурда токтоп туруп сол жагын кароо, жолдун ортосуна жеткенде оң жагын кароо керек.

Көчө аркылуу өткөндө атайын белгиленген өткөөл аркылуу өтүүнү үйрөтүү, өткөөл кең болсо жолду тезирээк бошотуу максатында тарбиячы балдарды үч-төрттөн тизип коюу, көчөдөгү кыймылды тезге сала турган электр куралы-светофор менен тааныштыруу, светофор мезгил-мезгили менен жарык фильтири жашыл, сары, кызыл нурларын берерин айтып, көчөдөн өтөөрдө светофордун нурун карап, жашыл нур күйгөндө гана өтүп, сары нур көнүл буруп көчөдөн өтүүгө камданып туруп, кызыл нур күйгөндө токтоо керек.

Кыймыл көп болгон көчөлөрдө жөө кишилер өтүүчү кесилиште адамдын түспөлүү тартылган светофор жарыгы коюлат. Мында деле жашыл нур күйгөндө өтүп, кызыл нурда токтоо керек.

Кээ бир учурларда көчөдөгү кыймылда жөнгө салуу үчүн мамлекет инспекциянын кызматкерлери светофордун ордуна жол кыймылын башкарат. Муну бакчанын тарбиячылары билип алуусу зарыл.

Эми светофор менен көчөдөгү кыймылды жөнгө салуу үчүн жасаган кыймыл аракети салыштырып көрөлү. Башкаруучунун бет маңдай тарабынан түз өтүүгө болбойт. Бул светофордун кызыл

жарыгына дал келет. Башкаруучунун таягы өйдө көтөрүүсү сары жарыкка туш келип, «көңүл бургула» өтүүгө же токтоого даярдангыла дегенди билгизет. Бул жагдайда кезектеги белгини күтүү керек. Жашыл нур капталы менен турганда дал келет. Балдар бакчасынын тарбияланууучуларын мамлекеттик инспекция кызматкери башкарган көчө кесилиши аркылуу өтүүдө жаңылып калуу коркунучу бар. Ошондуктан мындай көчө кесилиши аркылуу сейилдикке чыгууну маршрутка киргизбей койсо деле болот.

Жол эрежесин билбөөнүн жана бузуунун натыйжасында канча адамдар кырсыкка учурайт. Ошондуктан жолдо жүрүү эрежесинин элементин балдар бакчасынан баштап үйрөтүү максатка ылайыктуу болуп кырсыктан сырткары болууга өбөлгө түзөт.

Күндүн өтө ысык күндөрүндө балдар дайыма баш кийимин кийип мүмкүн болушунча көлөкө жерлерде басуусу зарыл. Кийинки илимдин жетишкендиктери күндө мезгил-мезгили менен болуп туруучу күчтүү ядролук реакция болоорун ачты. Ошондуктан күн өтө ысык тийгенде көчөдө көп болбоо керек. Балдарды күн бүркөктө, жаанда, тайгалакта, чагылган чартылдап турган учурда көчөгө чыгууга уруксат этилбейт.

Сейилге чыгуу үчүн балдар бакчасынан жетекчисинин жазуу түрүндө уруксаты болуп, коопсуздукту сактоого атайын жоопту адам бөлүнүп, сейилдикте жүрүү маршруту бекитилет.

Бакчада температуралык режимди дайыма көзөмөлдүүлүккө алып нормада кармоо керек. Мындан башка электр жарыгын (кызытма лампа, күндүзгүдөй нур берген люменценттик лампа) жаратылыш жарыгы нормага туура келгендигин текшерип балдардын жүрө турган жерлери дайыма жарык болуусу зарыл. Мындан башка бакчаны таза аба менен камсыз кылуу үчүн атайын шамалдаткычтар коюлат.

Физкультура залындагы жабдуулар бекем бекитилип, коопсуздуктун бардык талабынын канагаттандыруусу зарыл. Бала бакчанын башчысына мектепке чейинки мекеменин бардык кызматкерлери санитардык-гигиеналык эреженин аткарылышын дайыма көз салуусу талап кылынат. Андан медициналык кызматкерлеринин болушуна карабастан, эреженин бузулушу үчүн жетекчи жеке жоопкерчиликте экенин унутпоо керек. Ал баардык кызматкерлерден санитардык, коопсуздук эреженин так аткарылышын талап кылат. Башчы агартуу ишин жүргүзүү менен бирге, медициналык кызматкерлер менен биргелешип, мекемеде санитардык-эпидемияга каршы режимдин сакталышын күн сайын

текшерүү ишин жүргүзөт. Тамак аш берүүчү жайда санитардык-гигиеналык шарттын туура сакталышын айрыкча текшерип, санитардык - эпидемиялык станциялардын кызматкелеринин айткан сунуштарын убагында аткарып, бардык кызматкерлерди медициналык каароодон өткөрүү керек. Тарбияланууучулар жугуштуу оорулар(кызамык, дифтерия, скарлатина, грипп ж. б.) менен ооруп калгандарына жуктурбоо үчүн ооругандарды бөлүп, алар дайыма дарыгердин көзөмөлүндө болушат.

Ата-энелер менен иш жүргүзүүдө, балдарды ар тараптан шайкеш өнүктүрүүнү жана тарбиялоону, алардын саламаттыгын сактоону жана чыңдоону, аларга эмгектин эң жөнөкөй практикалык көнүгүүлөрүн коопсуз иштөөгө үйрөтүү жана эмгекти сүйүүгө тарбиялоо, мектепке баруучу балдарды даярдоо боюнча үй-бүлөлөр менен мектепке чейинки мекемелер тыгыз кызматташтыкта болуу керек.

Бала бакчага баласын алып келген ата-эне биринчи жолу башчы менен кездешет. Бул кездешүүгө жетекчи дайым даяр болуп, аңгемени өзү жүргүзүү керек:

-Ата-энелер менен аңгемелешүү учурунда баласы алардын сүйлөшүүсүнө катышпай, ойноп туруусу же бакчадагы жабдууларды, сүрөттөрдү карап туруу максатка ылайыктуу. Анда ачык сүйлөшүү болуп, башчы бала жөнүндө толук маалыматты алууга аракет кылат.

-Бала бакча жөнүндө толук маалыматты берип балдарды кабыл алуу эрежеси жана режими балдардын убагында алып келбесе өткөрүлүүчү иштерге катышпай каларын эскертип, баланын бир туугандарынын ата-энесинин кесиби, баласы үйдө кандай оюндар менен ойноп, бош убактысын кандай өткөрөөрдүгү жөнүндө кеңири маалыматты алат.

-Ата-эне жана бала менен группага барып, тарбиячылар, балдар жана группалык бөлмө менен тааныштырып, баланын бакчага келишин баардыгы күтө тургандагы эске сала кетүү ылайыктуу.

Мындан башка балдардын коопсуздук эрежеси жөнүндө ата-энесине эскертип, ошол эрежелерди үйдө сактоону талап кылууну алардан өтүнөт. Мына ошентип өмүр коопсуздугуна тарбиялоо боюнча бакча менен үй-бүлөнүн биргелешкен ишинин башаты башталып, ушундай ачык сүйлөшүүдөн кийин ата-эне менен бакчанын ортосунда келечекте жүргүзүүлүчү тарбия ишинин уюткусу түзүлөт.

Мектепке чейинки мекемелердин тарбиялоо практикасында ата-энелер менен төмөнкүдөй формалары бар. Жекече аңгемелешүүлөр, тарбия ишинде сунуштар айтылат. Балдар бош

убактысын кандай өткөргөндүгү ата-энесине берген жардамдарды, ойногон жерлерде өмүр коопсуздугуна коркунучтуу шарттар бар экендигин карап көрөт.

Тарбиячы ата-энелердин үйүнө барууда алардын балдары өзүнө тентуш балдары менен дөңдөн чанасына отуруп алып ылдый зуулдап түшкөнүн көрөт. Ошол дөңгө жакын жердин туурасынан автомобиль жолу өтөт экен. Жол тайгалак болгондуктан чана жана автомобиль дароо токтой албайт. Мында баланын өмүрү жөнүндө кандай кырсык күтүп тургандыгын чечмелеп отуруунун зарылчылыгы жок.

Ошондой эле тоңуп калган терең суунун үстүнө тарбияланууучулар бош убактысында муз тээп, чанасына отуруп алып ойношот. Кокусунан эриген же бекем эмес муз жарылып кетсе, балдар сууга чөгүп кетиши мүмкүн. Тарбиячы ата-энелерине эскерткенден кийин балдар коркунучтуу жерге ойнобой калышат. Мындай мисалдарды көп эле келтирүүгө болот.

Ушул өндүү материалдарды ата-энелери менен болгон чогулушта эскертип, айтса тарбиячылык мааниси жогору болуп саналат. Анда балдарынын эмгектерин көрсөтүү, атайын газета чыгаруу, балдарды тарбиялоо боюнча адабияттар менен таныштыруу, фотомонтажды жасалгалоо, ата-энелер үчүн ачык эшик уюштуруу бакчанын үй-бүлөө менен болгон байланышын чындап тарбия ишинде чоң мааниге ээ болот.

1960 - жылдардан баштап официалдуу каттоодон өтпөгөн үй-бүлөлүк типтеги өзүмдүк бешик үйлөр пайда болду. Адатта алар төмөнкүдөй түзүлөт. Пенсияга чыккан улгайган аял, көбүнчө мурдагы медсестра же бешик үй кызматкерлери кошуналарынын, тааныштарынын ж. б. бир жаштан эки жашка чейинки балдарын белгилүү өлчөмдө акча алып багып берүүгө макулдашышат. Көбүнчө экиден төрткө чейинки бала багат. Аларды багуу менен күнүнө кечке тамактандырып, баккандыгы үчүн саатына же күнүнө эсептеп акчасын алат.

Жакынкы эле мезгилде мурдагы СССРде өзумдүк-жеке менчик ишмердүүлүктөргө укук бузуу катары мамиле жасагандыгы белгилүү. Жеке менчик бешик- үй, бала бакчаларга да мамиле ушундай болгон. Ынгайлуу үчүн «үй бакча» деп аташкан бешик үйлөр менен бала бакчалардын уюштуруучулардын жалпыга белгилүү кылып жарыялоого мүмкүн эмес болгон. Алардын тажрыйбасы ушул мезгилге чейин изилденбеген, ойлонулган эмес. Бул жерлерде иштер көбүнчө баланы гигиеналык таза багуу, белгилүү күн режимин сактоо, баланын коопсуздугуна аябай көз салуу, ата-энеси алып

келген китепчелерди, оюнчуктарды пайдалануу менен ырларды, оюнчуктарды үйрөтүү менен гана чектелишкендиктерин гана көрсөтүүгө болот.

Биздин республикадагы мектепке чейинки тарбия системасын изилдеген көрүнүктүү окумуштуу проф. М. Р. Рахимова мындай деп көрсөтөт: «Бизде жеке менчик мектепке чейинки балдар мекемелеринин келечеги барбы? Батыштын цивилизациялуу өлкөлөрүнүн тажрыйбасы идеологиялык жана психология-педагогикалык мааниде бир багыштуу мамлекеттик мектепке чейинки тарбия системасынын жеке менчик бакчаларды да кошкондо көп тармактуу түрлөрү көп болгондо гана кыйла оптималдуу болоорун көрсөтүп турат. Келечекте бизде да жеке менчик мектепке чейинки балдар мекемелери алардын башка түрлөрү менен катар эле татыктуу өз ордун табышы мүмкүн. Ошондуктан азыртадан баштап эле ушул түрдөгү чет элдик тажрыйбаны жана бизде болгон ушул жагдайды, үлгүлөрдү үйрөнүүнүн түздөн түз мааниси бар. Анткени ошол жерлерде пайда болгон педагогикалык жагдайларды илимий көз караштан ойлонууга, жеке мектепке чейинки мекемелердин жакшы тажрыйбаларын пайдалануу га, мүмкүн коомдук тартипте республикалык балдар фондусунун негизинде бири бирине туура келүүчү кандайдыр бир нормалдуу талаптарды иштеп чыгуу керек. Бирок, албетте, эч качан алардын ишмердүүлүгүн бир чекке салып, декрет менен бекитүүгө болбойт». Азыркы базарлык мааанилердин калыптануу шартында бала бакчаны жеке бир адам же бир топ адам, көбүнчө бакча башчысы жетектеген тарбиячылар коллективи арендага алган учурларды кезиктирүүгө болот. Бирок алардын иштеринде көп кыйынчылыктар бар. Азыркы экономикалык тартыш мезгилде демөөрчүлөрдү (спонсорлорду) издеп, каражат табуу маселеси алардын чыгармачылык ишине тоскоол болууда.

Жаңыдан пайда болуп, өсүп келе жаткан айрыкча көңүл бөлө турган мекеме болуп саналат. Буларды өз алдынча каалагандай иштетпестен мамлекет тарабынан көңүл бөлүнүп, атайын каттоодон өткөрүп, алардын жогору квалификациялуу тарбиячылар менен камсыз кылып, алар үчүн мамлекет тарабынан бекитилген жобонун программасынын негизинде иштегендей шарт түзүп, мектепке чейинки тарбияны бардык суроолоруна жооп берген учурда гана жогоруда көрсөтүлгөн мекемелер максатына жетти деп айтууга болот.

Эгерде ушул жаңыдан өркүндөп келе жаткан бешик-үй, бешик үй-бакчалар өз алдынча жеке менчик катарында уюшулуп, аларды пенсияга чыккан, тарбиячысы жооп бере албаган кемпирлерге берип

койсок, анда мындан жакшы натыйжалар чыкпайт. Алар мектепке чейинки балдардын жаш өзгөчөлүгүн, коопсуздукка тарбиялоонун негиздерин, мектепке чейинки өспүрүмдөрдүн психологиясы менен педагогикадан түшүнүктөрү жок.

Ошондой эле баланын жеке сапаты, анын ой жүгүртүүсү, кылык жоругу, эмнеге кызыккандыгы тарбия ишинде эске алынууга тийиш. Азыркы базар экономикасынын шартында менчик агартуу мекемелери, мектеп, педучилища мектепке чейинки бала бакча, бешик бакчалары пайда болууда. Ушулардын ичинен менчик бешик бакчаларын ардактуу эс алууга чыккан педагогдорго берсек максатка ылайыктуу болор эле.

Мектепке чейинки тарбия-билим берүү системасынын кайра калыптандыруу, жаңыдан пайда болгон мекемелерге ак жол каалоо - эл агартуу тармагындагы иштердин негизи. Анткени мектепке чейинки мекемелер тарбия билим берүүнүн башаты болуп саналат. Үй-бүлөө менен мектепке чейинки мекемелер өз ара тыгыз байланышта болуп, алдыга жалпы максат коюп бирдиктүү тарбия иштерин жүргүзгөн учурда гана алдыга койгон максатка жете алат.

Жаштарга комплекстүү тарбия берүү, бардык жактан жакшы адаттарга калыптандыруу, ата-эненин, мектептин, мектепке чейинки мекеменин жана коомчулуктун биргелешкен аракети менен чечилмекчи. Анткени бала төрөлгөндөн эле тартипсиз, адепсиз болбойт. Таланттуу болуу табийгаттан болсо, адептүү, эмгекчил болуу-тарбиядан. Баланын адепсиз болушуна өзгөчө ата-энелер жана коомчулук күнөөлүбүз. Анткени жаштардын жүрүш-турушуна кайдыгер карабай андагы майда жат көрүнүштөрдү өз учурунда жоюп туура багыт берүү жана дайыма бирдиктүү талап коюу керек. «Адам жаман эмес, үйрөнгөн адат жаман»- деп абдан таамай айтылган нуска сөздөр бекеринен эмес. Ар кандай терс көрүнүштү, туура эмес иштелген ишти, өзүнүн өмүр коопсуздугунун зыяндуу аракетти убагында эскертип, баланы туура жолго салуу керек.

Чындыгында бир да ата-эне өз баласын жаман болсун дебейт. Бирок, бардык эле үй-бүлөнүн шарты, тарбиясы бирдей эмес. Тарбиялоо иши татаал жана узак убакытты талап кылат. Мында айрыкча эне-атага зор роль таандык. Демек, үй-бүлөнүн кучагында гана баланын сапаттары адептүүлүгү акыл, ою коопсуз эмгектенуу мүнөзү, маданияттуулугу өсүп -өнүгүп жөндөмдүүлүгү артат. Үй бүлөдө баланын мүнөзү калыптанат.

«Уядан эмнени көрсө учканда ошону алат»-деген макал ушундан айтылса керек. Кичинесинен тартып эмгекке үйрөтүү, өмүр

коопсуздугуна тарбиялоо, чындыкка, тазалыкты сактоого, улууларды урматтого көнүлүн буруп, адептүүлүккө, туруктуулукка коомчулуктун мүдөөсүн жогору коюуга үндөө керек.

3. 3. Жаш өспүрүмдөрдү коопсуздуктун алиппесине окутуу - коопсуздукка үйрөтүүнүн башталышы

Балдар бакчасында методикалык кабинет-тарбиячылардын чыгармачылык лабороториясы болуп саналат. Бул кабинетте болочок 1 класс үчүн бурч уюштурулат. Бакчада төмөнкүдөй тема боюнча балдар менен сабак өтүлүп жүрөт: Айлана чөйрө менен тааныштыруу жана сөз өстүрүү. Балдар үчүн көркөм адабияттар, элементардык математика боюнча түшүнүктөрдү өнүктүрүү, сүрөт тартуу, пластилин менен иштөө аппликация, конструкциялоо, музыкалык тарбия, физкультура иштери жүргүзүлөт.

Ал эми балдар өмүрүнө, ден соолугуна байланыштуу сабактар өтүлбөйт бул өтө өкүнүчтүү. Анткени окуучу мектепке бара же келе жатып жол кырсыгына учурагандарды көп эле кездештирип жүрөбүз. Ошондуктан бакчанын методикалык кабинетинде жол эрежесин сактоо бурчун уюштуруп, балдарды үйрөтүү керек.

Биз 1-чи класста жана бала бакчада өзүбүз түзгөн өмүр коопсуздугунун алиппесин сунуш кылабыз. [35] Бул материал жалгыз гана алфавитти үйрөнүгө жардам бербестен, өзүлөрүнүн өмүрүн сактоого, коопсуздук техникасын үйрөөнүүгө көмөкчү болот. Алфавитте сүрөт берилип, кездешуучу кокустуктар ага көрүлүчүү аракеттер жана сактануу жолдору айтылган. 9-сүрөттө коопсуздуктун алиппесинин толук сүрөттөру берилген.

Коопсуздуктун алиппесин. Биринчи жана жогорку класстар окуй турган кабинетке, жакшы жасалгалап илип койсок дайым окуучулардын көз алдында болуп , тамгаларды эстеп калууга, ошого байланыштуу өмүр коопсуздугуна үйрөтүүгө негизги дидактикалык материалдардан болуп саналат. Мугалим ар бир алфавитке туура келген кырсыктар жана андан сактануу жолдору боюнча кенири түшүндүрүп кошумча сабак өтсө да болот. Эмесе ар бир тамганы үйрөтүүдө көнүл бөлүүчү коопсуздуктун суроолоруна токтололу. Бул дидактикалык материал бардык класстын окуучулары үчүн да өз маанисин жоготпойт. Ошондуктан бул коопсуздук плакатын массалык түрдө чыгарып мектептерге сунуш кылууга болот.

А-бул тамгада ата-энендин коопсуздук техникасы боюнча иштеген ыкмаларына, үйрөткөн тарбиясына көнүл буруу керек.

Өспүрүмдөрдүү коопсуздукка үйрөтүүдө ата-эненин жүргүзгөн иштери илимий эмгекте кеңири берилген. Сүрөттө атасынын баласына коопсуздук аллипесин үйрөтүүгө кылган аракети чагылдырылган. Авто транспорт менен окуучуларды, студенттерди ташууда ар кандай кырсыктар кездешип жүрөт . Муну болтурбоо үчүн коопсуздукту сактоого мурдатан иштер жүргүзүлөт. Айдоочунун жол баракчасына машинанын техникалык абалын толук текшерип, «жүргүнчүлөрдү ташууга руксат»- деп жазылат, ага окуу жайдын жетекчиси жана гараждын башчысы же алардын орун басарлары кол коюшат.

Жүргүнчүлөрдү жүк ташуучу автомобильдер менен ташууга туура келсе алардын кузовуна отургучтар коюлат. Ал отургучтар борттун үстүнкү четинен 150 мм төмөн бекитилип, акыркы отургучтардын бекем жөлөнгүчтөрү болушу керек. Окуучуларды мындай машинада ташууда 2 мугалим бекитилет. Бири кабинада отуруп машинанын ылдамдыгына жана башка коопсуздук техникасына көз салып турат. Айрыкча чукул бурулушта ылдамдыкты өтө азайтууну эскертет. 2-чи мугалим кузовко окуучулар менен отуруп алардын тартибине жана жалпы коопсуздук техникасына көз салып машина толук токтогондон кийин гана машинанын артынан же тротуар жагынан жерге түшүү керектиги эскертилет.

Айдоочу жана узатып бараткан мугалим окуучуларга жол жүрүүнүн алдында машинага түшүү, андан чыгуу жана траспорт жүрүп баратканда түшпөөгө инструктаж берет. Машинадан түшүү жана чыгуу транспорттун арт жана оң жагынан боло тургандыгын, кузовдо туруп турууга жана машинанын бортуна отуурууга мүмкүн эмес экендиги эскертилет.

Адамдарды ташыган машинанын борттору бекем бекитилип, түшүүгө жана чыгууга тепкичтери болуп , машина тент менен жабылат. Ошондой эле машинанын алдына жана артына балдарды тартып бара жаткандыгын билдирүүчү «БАЛДАР» деген жазуу жазылат.

Окуучуларды ташуучу 1-чи жана 2-чи класстагы күбөлүгү бар айдоочуларга руксат этилет. Аларды ташуучу айдоочулардын тизмеси мурдатан эле менен мекеменин жетекчилери тарабынан бекитилет. Эгерде 1 жана 2 класстагы айдоочулар жетишсиз болсо, 3 жылдан кем эмес стажысы болуп, ушу мөөнөттө авариясыз айдаган 3 класстагы айдоочуларга руксат берилет. Окуучуларды ташуучу машинанын ылдамдыгы саатына 50 чакырымдан ашпайт.

Өзү түшүрүүчү кузову бар жүк ташуучу автомобилдерге, машинанын чиркелгичтерине, кузовдун борторунун четине чейин же

андан бийик салынган жүгү бар автомобилдерге адамдарды ташууга тыюу салынат.

Аба ырайы начар убакытта, тайгалакта, начар көрүнгөн туманда жана түнкүсүн окуучуларды ташууга такыр болбойт. Автобустар жана адамдарды ташууга бөлүнгөн автомобилдер өрт өчүрүүчү жабдуулар менен камсыз кылынат. Окуучуларды автомобиль токтоп турган кезде гана отургузууга жана түшүрүүгө уруксат берилет.

Жук ташуучу автомабилдерге окуучуларды, студенттерди ташуу кээ бир аргасыз болгон учурда гана жол жүрүү эрежесин жана инсрукцияның талабын аткарганда гана уруксат этилет. Ташылуучу балдардын саны даярдалган орунга карата болот. Отургучтар борттун үстүнкү четинен 150 ммден кем эмес полдон 0.8 м бийиктикте бекитилет. Катарлардын ортосундагы аралык 600мм болуу керек. Машинанын артындагы скамейкага 300ммден кем эмес жөлөнгүч бекитилет. Борттук бекиткичтерди ачылбагандай абалга келтиребиз.

Республикабыздын борборундагы институттардын биринде кирүү экзамени бүткөндөн кийин айыл чарба жумушунда иштеп жүргөн студенттер менен өтө чоң авария болгон. Автобуска 30 дан ашык студенттер, мугалимдери менен жумушка жөнөшкөн. Машинанын ондуту текшерилген эмес. Тосулбаган темир жол өткөөлүнөн поезд келе жатканына карабастан өтүп бара жатканда машинанын мотору өчүп калган. Бул мезгилде поезд машинаны уруп кеткен, натыйжада көп студенттер жарык дүйнө менен коштошушкан. Ал эми калгандары майып болгон.

Биздин республиканын жолдору татаал айдоочуларга тоолу жерден көп жүрүүгө туура келет. Ошондуктан машинада коопсуздук техникасынын сактоого айрыкча көңүл бөлөбүз. Окуучулардын темир жол транспортунда ташуу жүргүнчүлөр поездинде жүргчүзүлөт. Мында окуучулардын вагондогу состав боюнча кыдырып жүрүүгө уруксат этилбейт.

Б-нефти продуктуларынын ичинен бензин тез буулануп туруучу, ден солукка өтө зыян, дароо тез күйүп, өрт чыгарууга жөндөмдүү суюктук болуп саналат. Кээ бир учурларда тамызгыны тез күйгүзүү үчүн бензин колдонушат. Бул ширенке чаккан учурда жалын адамдын бетин көздөй учуп, өрттүн чыгышына себепкер болот. Мындан башка бензин куюучу жайларда жаш балдар бензин куюп иштеген акысы үчүн 1 сом талап кылып, ал жай ден соолукка, келечектеги үй-бүлө күтүп балалуу болушуна өтө зыян экендигин түшүнүшпөйт. Ошондой эле бензин менен моторду тазалап, чүпүрөктү туш келди ыргытууга болбойт. Кичине жалын болсо эле от

КООПСУЗДУКТУН АЛИППЕСИ

А



Ата-энеңдин коопсуздук боюнча насатын аткар!

Е



Ёлка өткөргөндө коопсуздукту сакта!

Л



Лыжа тебүүдө коопсуздукту сакта!

П



Папиросту өчүрбөй ыргытуу, өрттүн себеби!

У



Үшүктөн сактан! Суукта уктаба, отурба чуркап, басып жүр!

Ш




Ширеңке менен ойноо өрттүн себеби!

Б



Бензин орт чыгарууга жөндөмдүү суюктук.

Ж



Жолдо жүрүү эрежесин сакта!

М



Милициянын көрсөтмөсүн так аткар!

Р



Рогатка менен ойноо коркунучтуу!

Ф



Футбол ойноодо кырсыктан сак бол!

Ы



Ысык суюктукта денеңди күйгүзүп алба!

В



Вокзалда өткөол аркылуу өт!

З



Зымдан сактан. Ачылган зымдан ток урат!

Н



Нөшөрлөнгөн жаан селди алып келет. Андан сактан!

С



Сууда сүзүү эрежесин сактабасаң өлөсүң!

Х



Хоккей ойнойм деп транспорттун алдында калба!

Э



Электр тогунан сактан!

Г



Газ өрт чыгарууга, ууктырууга жөндөмдүү газ!

И



Ис газынан сактанбаса дароо өлүмгө алып келет!

О



Оюнчуктарды оозго салба! Оттон сак бол!

Т



Транспортто жүрүү эрежесин сакта!

Ч



Чагылганда даректин түбүндө отурба!

Ю



Юнный (жаш) инспекторлордун көрсөтмөсүн аткар!

Д



Дайранын терендигин, тонгон калыңдыгын билбесең өтпө!

К



Кочкордон, короздон сак бол!

Ө



Орт тили жок жоо. Өрт эрежесин сакта!

У



Уктал кетүү өлүмдүн себеби. Уулу заттан сактан!

Ц



Цианид, уулуу заттардан сактан!

Я

Я кудай, өзүң колдогун. ("Сактансаң сактаймын")

Түзүүдө: техника илимдеринин кандидаты М. Казакбаев, физика-математика илимдеринин кандидаты З.Казакбаева
Авторлор Кыргызпатенттин (12.06.-2000 жылы № 220) авторлук күбөлүгүн алышкан.
Сүрөтчү Б.Имангазиев

9-Сүрөт. КООПСҮЗДУКТУН АЛИППЕСИ

алып өрт чыгат. **Б**-тамгасына байланыштуу кырсыктар балкондон учуп кетүү , балтадан травма алуу, станоктун бузук болуусунан, бомба жарылганда чыгуучу өрт, уруучу толкун радиактивтуу нурлардын чыгуусу аркылуу травма алуу, букага сүздүрүп алуу кырсыктары кирет. Бул кырсыктар боюнча өзүнчө аңгеме курууга болот.

1961-жылы 5-ноябрьда Чубаш Республикасынын Элбарусово айылындагы мектептин окуучулары майрамга даярданышып, тонуп калган киноустановканы жылытуу үчүн от жагышса суу отун күйбөй, аны тутандыруу үчүн мектептин мугалими бир чака бензин куюп келип отко чачканда өрт чыгып, балдарды эвакуация кылууга мүмкүнчүлүк болбой, өрт өчүрүүчү каражаттын жоктугунан 109 киши өлүп , алардын ичинен 4 мугалим, 8 жашка чыга элек 44 окуучу болгон.

В-вокзалда копсуздук эрежесин сактабаса ар кандай кырсык болушу мүмкүн. Релсадан туш келди өтө бербей, атайын өткөөл аркылуу өтүү керек. Эгерде жүрүп келе жаткан паравоздун алдынан чуркап өтсөк ал дароо токтой албай адамды уруп кетиши мүмкүн.

Водопроводдун кранын керек эмес убакытта жаап койбосок, суу толуп кетип, ваннаны көлдөтүшү мүмкүн. Вентилятор айланып жатканда анын канатына тийүүчү тосколдук болбошу керек. Вулкан жарылууда, вертолеттон болгон, вилка менен сайып алуу кырсыктары кездешет.

Г-эгерде үйдөн газ чыгып жатса, мурда эшикти, форточканы ачып, газды жаап ал комнатадан толук чыгып бүткөндөн кийин гана ширенке, жарыкты күйгүзүү керек. Газ толуп турган бөлмөгө күйүп турган тамеки менен кирүүгө такыр болбойт. Эгерде мындай коопсуздукту сактабастак, газ толуп турган бөлмө, искранын, ширенкенин, тамекисинин оту аркылуу жарылып кетиши мүмкүн. Кыштын күнү моторду иштетип эшикти жаап коюп, ичине уктап калса мотордо иштеткенде чыккан газ өлүмгө алып келет. Ошондой эле толук күйбөгөн таш көмүрдөн ис чыгып, уктап жаткан адамдарды өлүмгө душаар кылат. Гранат ыргытып жарылганда болуучу кырсыктарды айта кетүү керек.

Д-дайрадан өтүүдө анын терендигин, агызуу коркунучун билбей туруп өтүүгө болбойт. Айрыкча кыш мезгилинде тоңуп калган суудан муздун калындыгын билбей туруп өтүү кырсыка алып келиши мүмкүн. Даарыны жаш балдар билбей конфет катарында жеп албас үчүн аны катып коюу керек. Кыштын күнү жерден дыргаяктап ылдый түшүү ар кандай кырсыкты алып келет.

Дамба-селден, кирген суудан сактануу үчүн атайын жасалат. Дамбанын жылына эрте жазда, ремонттоп, арыгын тазалап турбаса

кар эригенде суу көбөйүп сел алып айылды, курулуштарды талкалап адамдарга, зыян кылуусу мүмкүн. Каналдын жээгине бактарды отургузуу жакшы натыйжаларда берет. Буларга көңүл бурбоонун натыйжасында 1998 жылы жазында Сузак районун сел каптап көп материалдык жоготууну алып келген. Коопсуздукту сактоого өзгөчө кырдаалдар министирлиги, анын областагы бөлүмдөрдү мурдатан кам көрүү керек. Көбүнчө алар кырсык болгондон кийин, мамлекеттик комиссия түзүп кырсыкты жоюга аракеттенишет. Алар кырсыктын алдын алуу, аны болтурбоо жөнүндө кам көрүү керек.

Е- елка өткөзүдө коопсуздук эрежесине айрыкча көңүл бөлөбүз. Жаны-Жылдык балаты майрамын откөзүүдө өрт коопсуздугун сактабоонун натыйжасында өкүнүчтүү кырсыктар болгонун көп эле көрүп жүрөбүз. Елкада электр лампочкаларын туура туташтырбаса, чукул туташтырып калса балааты тез күтүп өрт чыгышы мүмкүн. Елка 1-кабатта орношуп, жетишерлик сандагы өрт өчүрүүчү каражаттар менен камсыз кылынат. Мындан башка запас эшиктер, авариялык тепкичтер оной ачылып окуучулар дароо чыгып кетүүгө шарт түзөбүз. Жаны жылдык елка майрамына карата бакчанын тарбияланууучулары өз алдынча оюнчук жасап, кагазды, картонду кайчы бычак менен кесүүгө туура келет. Ушунда колду кесип алуудан сак болуу керек.

Ж - жол эрежесин сактообонун натыйжасында балдар кырсыкка учурап, травма алышат. Сүрөттө светофордун күйүсү аркылуу б.а. жашыл жарык күйгөндө гана атайын чийилген өткөөл аркылуу гана өтүүгө болот. Жол эрежеси жөнүндө кенири түшүнүк берип, аны сактоого бардык адамдар милдеттүү. Кээ бир учурларда ата-энелер балдарына үлгү болуп , жол эрежесин сактоонун ордуна көчөдөн туш келди өтө берет. Аны көргөн балдар улуулардын жоругун кайталайт. Ж-тамгасына байланыштуу төмөнкүдөй кырсыктар кездешет. Жетишсиз жарыктын же көз уялткан жарыктын таасири астында адамдар ар кандай травма алат. Кээ бир заттар жарык түшкөндө, температура жогоруулаганда жарылып кетүү касиеттине ээ. Мына буларга да мисал келтиребиз. Балдар коркунучтуу жайга жашынмак ойноп кырсыкка учурайт. Жаш балдар билбестен нерсени жутуп алышат. Жардан учуп кетүү, жалындын таасири астында өрттүн чыгышы, коопсуздукту сактобоонун натыйжасында жарат алуу кырсыктары бар. Жугуштуу, кептөөр, көк жөтөл, кызаамык, кургак учук ооруларын жуктуруп алуудан сактануу керек. Жыланга ж.б. уулу жаныбарларга чактыруу, жылкыга тептирип алуу, жыгылуунун натыйжасында травма алуу коркунучтары бар. Жыгач устачылык иштеринде коопсуздукту сактабаса кырсык күтүп турат.

З-электр зымындагы, жана куралдардагы изоляция арчылып калып, адам тийсе ток урат. Эгерде адам нымдуу жерге туруп же водопроводдун темирин кармап алса адамдын денеси аркылуу ток жерге өтүп кетип адамды өлүмгө душаар кылат. Ток өтүүчү сырткы зымы үзүлүп адамдын үстүнө түшсө, адам эс учун жоготуп, травмага туш келет. Бул учурда ток булагын тез өчүрүп же адамдын үстүндө жаткан зымды кургак жыгач таяк же диэлектрикалык материал менен алып салабыз. Жогорку чыналуусу бар көчөдөн өтүүчү зымдын алдына ремонт ж.б. иштерди, чөп үйүүгө болбойт. Кокусунан адам ачык изоляциясы жок зымга тийип алып токко урунат. Радионун зымы кокусунан үзүлүп электр тогу өтүүчү зымга биригип калып, адамдар радио зымы деп кармап алып кырсыкка учурайт. Өрт жана табигый кырсык учурунда запас авариялык эшикти тез ачууга туура келет. Ошондуктан анын ачкычы дайыма күзөтчүүдө болуп өтө тез ачып бериши зарыл. Эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы боюнча атайын закондор бар.

Сүрөттө изоляциясы арчылып калган электр зымына тийип алуу коркунучтары көрсөтүлгөн. Жабык изоляциясы арчылып калган электр зымына тийип алуу коркунучтары көрсөтүлгөн. Жабык электр зымдарынан үйдү актаганда же электр көзөгүчү менен дубалды көзөөдө адамдарды ток урат. Мындан сактануу үчүн электр сактагычын чыгарып салсак ток урбайт. Сактагычты чыгарууну, розетканы ремонтоодо да жасоо керек. Алма үзүүдө алюминий таягы ачык зымга тийип калуу коркунучу бар.

И-иммобилизация- травмага учураганда, сезгенгенде тынчтандыруу максатында кыймылсыз абалды түзүү. Транспорттук кырсык болгон жерде жапа чеккен кишини ооруканага жеткиргенге чейин кошумча майыпка учуратпоо максатында жасалат. Бул үчүн фонерадан, тактайдан жыгачтан шакшак коюлат.

Интоксикация- деп организмдин уудан жабыркашы аталат. Ичеги инфекцияларына дизентирея, ич келте, вирусту гепатит оорулары кирет. Иче карын ооруларын болтурбоо үчүн ичүүчү сууну жугушсуздандыруу үчүн санитардык-техникалык чаралар жасалып, сууну хлорлоо иштери жүргүзүлөт.

Ис газы адамды өлүмгө алып келе турган коркунучтуу газ. Бул таш көмүр чала күйгөндө мештин озу ачылып калса же түтүк чыга турган мор бутөлүп калган учурда жаткан адамдарды өлүмгө учуратат. Эмне үчүн адам өлүп атып, тиги дүйнөгө бара жатканын сезбейт. Анткени адамдын канынын составындагы гемоглобин кислородго караганда 250-300 эсе ис газын тез кабыл алат.

Экинчиден ис газын жаңыдан кабыл ала баштаганда, адамды магдыратып көнүлүн көтөрүп дагы уйкуну уланткысы келип, бөлмөдө канча адам болсо ошолордун бардыгы сезбей калат. Мындан башка өлүмгө алып келүүчү газдар машинаны иштетип коюп терезе, эшикти жаап алып уктоо да өтө коркунучтуу. Итке каптырып алуу, иттин оорусун жуктуруп алуу коркунучтары болот. Айрыкча кутурган итке каптыруу коркунучтуу. Иттин оорусу билинери менен ветеринариялык дарылоо мекемесине кайрылып, жылына кутурууга жана жугуштуу ооруга каршы эмдөө жүргүзүү зарыл.

К-тамгасына байланыштуу көп эле кырсыктар кездешет. Эмнегедир кээ бир корооздор жаш балдарга өч болот. Кубалап тээп же чокуп зыян келтириши мүмкүн. Бул корооздор чон кишилерге да кол салат. Сүрөттө баланы сүзгөн кочкордун сүрөттү берилди. Электр тогу өтө турган кабелге тийүү, кандоо учурунда шамалдаткычты пайдаланбай, түтүнү өпкөгө зыян келтирүүсү, ысык казан, кайнаган суйуктукту денеге төгүп алуу, колду кесүү, карышкырдын адамга кол салуусу, сактагыч көз айнекти кийбей көздү жабыркатып алуу сыяктуу травмаларды көрсөтүп кетүүгө болот.

Көчкү жаратылыштын табигый кырсыгы жана каардуу кубулуштарынын бири. Анын коркунучтуулугу күтүлбөгөн жерден пайда болуп, заматта адам баласынын көп жылдык эмгегинин натыйжасында жараткан материалдык байлыктарды талкалап, адамдардын өмүрүнө зыян келтиргендигинде. Ага мисал түштүк жергесинде көчкү болуп, көп адамдардын өмүрүн кыйып, үй жайларга зор экономикалык зыян алып келген табигый кырсык саналат.

Жер көчкү өтө тез жүрүп, адамдар качууга үлгүрө албай калат. Жер көчкү оордук күчүнүн таасири менен тоо массаларын каптал ынгай жылышынан болот. Ойду карай жантайынкы жаткан катмарлар борпон суу синбей турган кабаттын орун алышынын натыйжасында жер алдында суунун топтолушу көчкү жүрүшүнө көмөкчү. Жер силкингенде да тоо көчкү пайда бөлүп, өрөөндү тосуп, ушул аймакта көлдү пайда кылат. Жер көчкү адамдарды өлүмгө алып келип, эл чарбасына көп зыян келтирет.

Жер көчкү тунелдерди жаап калышы, телефондук жана электр зымдарын үзүшү, үйлөрдү талкалап, айылды толугу менен басып калышы, айыл чарба жерлерин иштен кар көчкү чыгарылышы, кен казган жайларды кырсыкты пайда кылышы менен коркунучтуу.

Л-лифтке түшөөрдөн мурда анын колдонуу эрежеси бар. Мына ушуларды билип алуу керек. Лифтке кирерден мурда анын кабинисы

бош экендигин билип, чуркабай кирүү керек. Анын үстүнө чыгууга же шахтасына кирүүгө такыр болбойт. Кокусунан лифт токтоп калса, коркпой диспетчерди чакыруу кнопкасын басуу же катуу кыйкырып чакыруу керек. Лифтке ашык адамдар түшсө, ал жылбай калат.

Ошондуктан лифтке эсептелген салмакты сакташ керек. Лифт ылдый өйдө көтөрүлүүдө жабылып калуу коркунучу, айрыкча жер титиреген учурда лифтти такыр колдонууга (кептелип калат) болбойт. Лыжа тебүүдө бутту сындырып же кокустатып алуу, ысык электр лампочкасынын дароо кол менен бурабоо жөнүндө эскертип коопсуздукка тарбиялашыбыз керек. Сүрөттө лыжа тееп келе жатып бутун кокустатып алган баланын сүрөтү көрсөтүлгөн. Жогоруда көрсөтүлгөн кырсыктардан сактоонун жолдору бар. Биз ошону так аткарсак кырсыктан тышкары болобуз.

М-милиция кызматкерлери жол эрежесин сактоого дайыма көзөмөлдүк кылышат. Булардын эрежесин, көрсөтмөлөрүн так аткарууга милдеттуубуз. М-тамгасына байланыштуу магнит жайланышкан чөйрөдө темирдин болбоосу (эгерде ток өтүп жаткан чынжырга жакын магнит жайланышса, ал тартып чынжырды чукул туташтырып салуусу мүмкүн), устаканада коопсуздук эрежесин сактоо, муз тебүүдө кездешүүчү кырсыктар, мык кагууда коопсуздук эрежесин сактабоонун натыйжасында колду жабыркатуу, машинаны иштетүүдө кездешүүчү кырсыктар жөнүндө айтуу керек. Мектеп-үй маршурту боюнча көчөдө жүрүүдө жол эрежесин сактабасак машинанын алдына калуу же урунуп алуу коркунучтары бар. Көчөдөн туш келди өтө бербей, атайын жасалган өткөөлдөр аркылуу же светофору бар жолдун кесилиши аркылуу жашыл жарык күйгөн учурда гана өтөбүз. Мындан башка жол кесилиштерин милиция башкарган учурда анын көрсөтмөсүн так аткарышыбыз керек. Мөндүр жааган учурларда айыл чарба өсүмдүктөрүн талкалап материалдык көп чыгым алып келет. Мындан башка сел жүрүү коркунучу бар.

Н-Нөшөрлөгөн жаан жааган учурда сел жүрүү, нефт продуктыларын колдонууда кездешүүчү кырсыктар (мисалы нефт продуктыларын ташууда чогулган статикалык электр заряды цистернаны жарып ийбөө үчүн аны жердештирүү), радиактивдүү жана нымдуу чөйрөнүн адамдын ден соолугуна терс таасирин тийгизүү мисалдарын келтирүүгө болот. Атомдук реактор жарылуу учурунда чыккан көзгө көрүнбөгөн нурлары денени оорутпастан, ысытпастан кандын составын өзгөртүү (кызыл канды жоюп ак канга айлантып нур оорусун пайда кылуу). Чернобль АЭСтин

жарылышынан радиактивдүү нурлардын чыгышы болгон. Нымдуу жол же жер электр коопсуздугуна өтө коркунучтуу. Кокусунан нымдуу жерде туруп электр тогу өтүүчү изоляциясы жок зымды кармап алса, денеден ток жерге өтүп кетип өлүмгө алып келет. Мындан башка нымдуу чөйрөдө адамдар сукка бат учурайт. Коопсуздук техникасынан нормасы боюнча имаратта салыштырма нымдуулук 40-60 процент болуусу керек.

О - тамгасына байланыштуу от менен болгон кырсыктар, ойноп жатып коопсуздук сактабоонун натыйжасында денени жабыркатуу, ок менен болгон кырсык, оодарышта болгон кырсыктар, коопсуздук эрежесин сактабоонун натыйжасында ооруп калуу, жашы жетпеген балдардын (айрыкча кыздардын) оор нерсе көтөрбөө жөнүндө эрежелерин, пластмассадан жасалган оюнчуктарды жащ балдардын озуна салбоо жөнүндө айтууга болот. Сүрөттө кичинекей наристе пластмасса оюнчуктун озуна салууга болгон аракети көрсөтүлгөн .

Ө - өрт тили жок жоо өтө тез чыгып, жалын тутанып адамдардын өмүрүн кыйып, көп материалдык чыгымдарды пайда кылат. Өрт электр куралдарын ток булагынан ажыратпай кароосуз калтыруудан, чукул туташтыруудан жакшы контактын болбосунан, электр куралдары менен иштөө эрежесинин бузулушунан, электрдик сваркалоо иштеринде учкундун чыгышы же ысыган металлдын күйүүчү затка жакын жайланышы, газдык сваркалоо ишинде коопсуздук эрежесинин сактабоо, өчпөгөн тамекини кароосуз ыргытуу, жаңы жылдык балаты майрамында өрт коопсуздугун сактабоодо, кыш мезгилинде отту жагуу эрежелеринин бузулушунан болот. Өнөрканада, башка кабинет, лабораторияга салыштырганда кырсыктын чыгуу мүмкүнчүлүгү көбүрөөк. Анткени, коркунучтуу иштерди аткаруу жана станоктор менен иштөөгө байланышкан. Сүрөттө электр үтюгун ток булагынан ажыратпай унутуп кетүүсүнөн өрттүн чыгышы көрсөтүлгөн .

П-папирос ден соолукка өтө зыян. Балдардын жашынан папиростун зыяндуу жагын (материалдык көп чыгым алып келерин) эскертип, туура тарбия берүү керек. Папиростун чыккан түтүн тартпаган кишиге да таасирин тийгизет.Америкада бир мектептин окучуларынын ден соолугун текшергенде алардын 40 проценти жөтөлөт экен. Суроо жүргүзсө атасы же энеси бөлмөдө балдарынын көзүнчө тамеки тарткандыгы белгилүү болгон. Сүрөттө папиросун өчүрбөй ыргытып уктап калуунун натыйжасында, папирос (анын температурасы 350 С) акырындык менен тутанып өрт чыгуусу көрсөтүлгөн. Андан адамдын күйүп (мас учурунда) өлгөнүн көп эле

угуп жүрөбүз. Ошондой эле п-тамгасына пьянкечтиктин кесепети, адамдын жашоосуна терс таасир тийгизерин айта кетсе болот. Күйгүзүп өчүрбөй кеткен электр плиткасынан да кырсыктар чыгат.

Р-рогатка ача таякка резинка байлап таш салып атуучу балдар оюнчугу ар кандай кырсыкты алып келиши мүмкүн. Зуулдаган таш адамдын башына тийсе кандай кырсык алып келери өзүнөн өзү белгилүү эмеспи. Менделеевтин таблицасындагы кээ бир элементер көзгө көрүнбөгөн (радий, уран) нурларын чыгарат. Бул нурду көп алганда нур оорусун пайда кылып, кызыл канды азайтып ак кандуулукту пайда кылат. Ошондой эле рентген нурлары дагы ден соолукка зыяндуу. Рак оорусунун өмүргө өтө коркунучтуу экендигин аны дарылоого мүмкүн эмес экендигин айта кетүү керек.

С-сымап комнаталык температурада буулануп, адам дем алганда өпкөгө кирип, ошол бойдон өпкөдө калат. Ал келечекте рак оорусун пайда кылат. Коопсуздукту сактабоонун натыйжасында сөөктүн сынышы, секирүү учурунда ар кандай кырсыктар болушу, сууда сүзүүдө болучу кырсыктар, сваркалоо учурунда көздү сактоо, сууктун таасири менен дененин үшүшү жана ооруга чалдыгуусу, сыркоолонун себептери ж.б. мисалдарды келтирүүгө болот. Самолетто учуудагы авария кырсыгы, «самопалдан» адамдын ууланууусу ж.б. жөнүндө эскертүү керек. Үйдө сырдаганда шамалдаткыч жок болсо адамды уулантат. Мындан башка өрт коркунучу бар.

Т-транспорттон сак болуу жөнүндө эскертип, троллейбустун, автобустун артынан өтүү жөнүндө жол эрежесин сактоо, малга тептирип алуудан сактануу. Тарбиячынын коопсуздук жөнүндө берүүнүн насаатын дайыма эске тутуу, телевизор көрүү учурунда көздү сактоо. Тартип кырсыктан сырткары болуунун өбөлгөсү, табигатта кездешүүчү (чагылган, сел алуу, көчкү) кырсыктар, танапис учурунда болуучу кырсыктар жөнүндө дайыма эскертүү керек. Сүрөттө токтоп турган троллейбустун артынан өтүү жөнүндө жол эрежесин сактоо көрсөтүлгөн . Мындан сырткары Т-тамгасына байланыштуу түтөк кырсыгын, туткучту колдонбоонун натыйжасында колду күйгүзүп алуу, турникте ойноо учурунда кездешүүчү кырсыктар, тумчугуп өлүмгө учуроо, тоого чыгууда кулап түшүү, трактор менен иштөөдөгү кездешүү кырсыктарды айта кетүү эч убакта ашыктык кылбайт. Булардан башка жер титирөө кырсыгына өзүнчө токтолууга туура келет. Табигый күчтөрдүн таасири астында жер бетинин термелиши болот. Ал тектоникалык процесстердин, кээде жанар тоолордун атылышынын натыйжасында болот. Жер шаарында

жылына 100 миндеген жер титирөө болуп турат. Бирок алардын көпчүлүгү анчалык катуу болбогондуктан адамдар сезе беришпейт.

Азырынча илим жана техника жер титирөөнүн болушун алдынала так айта албайт. Ошондуктан жер титирөөдө боло турган кырсыктан сактануу жолуна токтолуп кетмекпиз.

Жер кыртышынын жана имараттын чайпалуусун сезген мезгилде:

-адам өзүн токтоо, салкын кандуу кармап, кыйкырып, чебеленип ары бери чуркабаш керек,-кирип чыга турган эшикти ачып коюу зарыл, жер титиреген учурда ал жабылып калышы мүмкүн, адам бөлмөнүн ичинде болуп калса токтоосуз коркунучсуз баш калкалап, бекем столдун, кроваттын алдына, эшиктин оюгуна, бөлмөнүн бурчуна, антисейсимикалык темир-бетондун алдына турушу зарыл.

Жер титиреп жаткан учурда тышка чуркап чыгуу көп коркунуч туудурат. Андан көрө адам турган жерине ылайыктуу баш калкалап, андан кийин коопсуздукту сактап эшике чыгуу керек. Антпегенде экинчи силкинүүдөн бошоп калган имарат такыр кыйрашы мүмкүн. Урай турган бөлмөдөн мүмкүн болушунча алыс болуу зарыл, эгерде адам бир кабаттуу сейсмикалык туруксуз үйдө болсо дароо сыртка чыгуусу ылайык. Адамдар көп кабаттуу үйдө болгон учурда лифтке же баса турган тепкичке умтулбашы керек. Лифт жабылып иштебей калышы мүмкүн. Ал эми тепкичтерди көп адамдар бири-бирин тепсеп коёт. Андан көрө ылайыктуу баш калкалоочу жерди издөө керек-жер титирөөдө көчөдө жүргөн учурда болсо, имараттан, электр берүүчү зымдардан, мунарадан алысыраак ачык аянтка чуркап чыгуу зарыл. Үйдөгү газ кранын мурдатан жаап, эгерде ачык болсо аны тез жабуу керек. Адам тышка чыгалбаса анда чыккан газ ууктуруп өлтүрүшү мүмкүн. Автомобилди айдап бара жаткан учурда жер титиресе төрт дөңгөлөктүн жели чыгып калгандай туюлат. Бул учурда токтолук кылып, туура чечим чыгарып бийик имараттан, көпүрөдөн алысыраак аралыкта токтоп тууру керек.

Жер титирөө токтогондон кийин 1-ден жапа чеккендерге жардам берип, өрт чыгып кетпес үчүн алдын алуу, жабыр тарткандарды коопсуз жерге жеткирип, аларга жардам уюштууру газ кранын жаап, суу түтүгүн бекитүү, кокусунан газ кранынан газ чыгып бөлмө толтура газ болсо, эч убакта ширенке чакпоо, ачык отту колдонбоо. 1-ден газды чыгаруу максатында терезени, эшикти ачып коюу, үзүлүп калган электр зымдарын жана ал тийип турган нерсеге жакындабоо керек. Кыйрап турган имараттан чыгып баратканда сак

болуу, мурдатан түзүлгөн эвакуация планы боюнча коопсуз иштерди жүргүзүү милдети турат.

У-уу чөптөрдү билбей жеп алуу, суу кошулбаган уксуз ичип зыян болуу, ток булагы менен туташтырып электр куралдарын унутуп кетүү, уурунун үйгө кирип зыян кылуусу, устачылык кылуу учурунда болуучу кырсыктар, уулу жаныбарлар, уулу химкаттарды чачуудан уулану, тамак-аштан уулану, дары дармекти билбей ичип алуудан, ис газынан, жолдун жээгинде өскөн өсүмдүктөрдөн коргошундан ууланууу кырсыктарын айтып, алардан аман калуу жолдору, дарыгерге чейинки алгачкы жардамдарды эскертебиз.

Жай, күз айларында козу карындын түрлөрүн билбей уулу козу карынды жеп алуунун натыйжасында ууланып өлүү коркунучун, уу коргошундан, мен дубананын ашынан уланууу коркунучтарын эскертебиз.

Үч фазалуу электр тогундагы чыналуу 380 вольт болуп 220 вольт электр булагына караганда коркунучтуулугу көбүрөөк. Өтө суукта бороондо бутту, колду, мурундун учун , кулак калканын үшүкө алдыруу. Ушундай эле түн ичинде рульда келе жаткан айдоочу үлгүрөп кетип авария жасоосу, бороон алай-дүлөйдө уктоо сөзсүз өлүмгө алып келет. Үшүгөн боюнча адам тонуп калат. Мындан аман калуунун бир жолу чуркап, желип, чарчап калганда басып журүү керек. Ичкилик үйкуну келтирип, үшүк алып тоңуп калууга көмөкчү болот. Жылкынын үркүүсү ар кандай кырсыка алып келет. Айрыкча минип бара жаткан жана арабага кошкон аттын үркүүсүнөн кырсык болот.

Ф-физкультуралык көнүгүү жана оюндарында коопсуздукту сактабастан ар кандай кырсыкка учурайсың. Балдар футбол оюнун машиналар өткөн жолго ойноп, топту кубалап бара жаткан машина уруп кетиши мүмкүн. Ошондуктан футбол оюнун стадиондо же ылайыктуу короодо ойноо керек. Футболдо коопсуздук эрежелерин эстен чыгарбоо зарыл. Анткени ар кандай травмага учурашы мүмкүн.

Х-Хокей баллардын сүймөнчүлүк оюну. Мууз тоңору менен эле клюшкасы жана атайын таягы жок болсо жыгачтан окшоштуруп клюшка жасап, ташты чаап, ойноп жүргөн балдарды көрүүгү болот. Короодо ылайыктуу муз жок болсо аргасыздан көчөлөргө чыгышат. Бул өмүр үчүн өтө коркунучтуу.

Хокей жүрөк-кан тамыр, дем алуу нерв системасын таяныч кыймыл апаратын чындайт, күчтүүлүкө, кайратуулукка жана эмгекке тарбиялайт. Хокей массалык оюнга айланып «алтын шайба» байгеси үчүн мелдештер өткөрүлөт. Хокей ойноодо оюнчулар бири-бирине

урууну, жыгылуу, коюп кетүү коркунучтары бар. Клюшка, шайбаны таяк менен сокондо башка көзгө тийип травма алып келиши мүмкүн. Ал үчүн коргоочу шлем, бет кап, тизеге кийгич колдоонуу б.а. сактануунун жекече каражатарын кийүү керек. Эң негизгиси оюнчулар тартипти сактап, коопсуздука айрыкча көнүл бөлүү керек.

Ч-агылгандан жабыркоо алуу ошол жердин жайланышына, геологиялык түзүлүшүнө, өлчөмүнө, объектинин конфигурация-сына көз карааңды болот. Кыргыз республикасы тоолу райондорго жайланышканга байланыштуу чагылган түшүү мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк.

Чагылган- атмосферадагы өтө зор электр учкун түрүндөгү разряд. Ал күчтүү жарк этүүнү жана бир аз убакыт өткөндөн кийин күн күркүрөөнү пайда кылат. Эмне үчүн чагылгандын үнү кеч угулат? Деген сурооого, жарыктын тароо ылдамдыгына караганда үндүн таралуу ылдамдыгы кичине болот деп жооп берүүгө болот. Ошондуктан чагылган чартылдагандан кийин анын үнү угулат. Чагылган көбүнчө жамгырлуу булуттарда пайда болот.

Чагылган эки түрдө аракет жасайт: биринчиси түздөн түз уруу, экинчиси электромагниттик жана электростатикалык индукция кубулушу аркылуу өз таасирин тийгизет.

Чагылган түздөн түз урганда өрт чыгып, жарылуу пайда болот, констурукция талкаланып, адамдар өлүшү мүмкүн. Электр зымында чыналууну жогорулатуу кубулуштары байкалат. Чагылган түшкөн токтун күчү 200КА, чыналуу 150МВ, учкундун узундугу 100 метрден бир нече метрге температурасы 5000-10000С га чейин жетет.

Чагылган көп кырсыктарга учураткандыктан бийик жана маанилуу кубулуштарда, мектеп, имараттарда атайын чагылгандан сактагыч колдонулат.Чагылган сызыктуу жана шар түрүндө бөлүп айырмаланат.

Атмосферадагы статикалык электрден адамды, курулуштарды сактоодо чагылгандан сактагыч жасалып курулуш канчалык бийик болсо, чагылган ошончолук көп түшөт. Чагылган сактагыч анын зарядын жерге өткөзүү үчүн жер менен туташтырылат.

Талаада иштеп жаткан окуучулар (студенттер) чагылгандан сактануу эрежеси менен танышуу керек. Чагылган чартылдап турганда машинага май куюга уруксаат этилбейт. Чагылгандан машинанын алдына жашынууга болбойт. Машинадан жок дегенде 50 метр аралыкка кетип калуу керек. Чагылган учурунда теректин түбүнө олтуруп жаандан сактанууга болбойт. Токойдо чагылган кайын, жана кленго түшпөй, көбүнчө терекке жана карагайга түшөт.

Чагылган учурунда темир жол жана суу боюнча сактагычы жок курулушка жакын туруу коркунучтуу. Чагылгандан чөмөлө-үймөккө жашынууга болбойт. Чагылгандан радиопремник телевизорду иштетүүгө жарабайт. Мындан телефондо сүйлөшүүгө, чагылган сактагыч зымга, жердештиргичтин зымына жакын туруу кокустук алып келет.

Кокустан чагылган түшсө, электрден жабыркаган адамга көрсөтүүчү жардамды көрсөтүп, жасалма дем алдырып, жүрөккө түз эмес массажды жасоо керек.

Ч-тамгасына байланыштуу кырсыктар: чалканга чактыруу, чалгы менен чөп чабуудагы кырсык, мээнин чайкалышы, токко чалынуу, чукул буруу кезинде машинанын ала салып кетүүсү, чатырдан кулап, сууга түшүүдө чөгүп кетүү кырсыктарды кошумча айтып кетүүгө болот.

Ц-Циклон (тропикалык) эң коркунучтуу табигый кубулуш. Циклондор аба катмарынын куюн сымал сыртынан ичин көздөй тегеренип жылышы. Циклон өзү менен кошо бороон чапкындуу катуу шамалды, жаан-чачындуу добул алып келет. Эгерде катуу бороондун болору алдын ала белгилүү болсо, колдо болгон колдогучка, подвалга б.а. баш калкалоочу жайларга кетүү керек. Шарттын келсе талкалануучу жайларды бекитүүгө аракет жаса, өтө күчтүү шамал боз үйдү учуруп кетет. Мындан сактануу үчүн коломтого жакын жерге узун казык кагып, түндүктөн жип аркылуу казыкка бекитип байлоо керек.

Боордун цирозу өтө коркунучтуу оору, анын өркүндөшү адамдын өзү режим сактабоонун, айрыкча ичимдиктерди ичүүнүн натыйжасында өркүндөй турган өнөкөт оруу болуп саналат. Мындан башка ционөз -тери менен былжыр челдин кара көк тартышы, цинга-витаминдерин жетишсиздиги, цистин-табарсыктын сезгениш оорулары бар. Буларды убагында дарыгерге көрүнүп, дарыланып алуу керек. Окуучулар, студенттер циркуль менен иштөөгө туура келет ал үчүн ийне менен денени сайып алуу кокустугу бар. Циркте ойноодо андагылар кесипке байланыштуу травма алышат. Целофан күйгөндө аны өчүргөндөн кийин деле тутануу жөндөмдүүлүктөрү бар.

Ш-шашуу ар кандай кырсыктардын өбөлгөсү. Адам шашканда аткарып жаткан ишин сапаттуу жасабайт эптеп эле сомдоп коёт. Шашуунун натыйжасында ток булагын өчүрбөй электрдик куралдардан (плитка, утюг, телевизор) өрт чыгуусу мүмкүн. Ширенке менен кичине балдар ойноп от жагып өрт чыгарат. Шам болсо жарык өчүп калса пайдаланууучу авариялык жарыктаныштын булагы. Шибеге

менен иштөөдө денени шибегенин учу менен сайып алуу коркунучу бар. Шприц дары куючу медициналык инструмент. Шприцаны дары куйгандан кийин жетишерлик кайнатпаса бирөөсүнүн оорусу экинчисине жугат. Медицинада кездешүүчү шайык, шал, шарп, шизофрения, шишик оорулары бар. Колду шилтөөдө байкабаса бир нерсеге урунуп алуу коркунучу бар.

Щ-щит электр тогун бөлүштүрүүчү, электрдик куралдарды жайгаштыруучу электрдик куралдар, ал адамды ток урбоосу үчүн анын корпусун каршылыгы 4 Омдон чоң болбогон жердештирүү менен туташтырылат. Кээ бир учурда түнүчүндө щитти ремонтоого туура келет. Ошондуктан анда жарык кылуу үчүн электр лампочкасы керек. Көпчүлүк убакытта щиттеги электр эсептегичтин чыгарып кеткен сыяктуу лампочканы патрону менен кошо чыгарып кетет. Бул түн ичинде ремонтко келген элекромонторго кошумча машакатты талап кылат. Темир щеткага колду жабыркатып алуу коркунучу бар. Мындан башка щуп менен иштөөдө өзүнчө коопсуздук эрежесин сактоо керек.

Ы-ылдамдык (чектен ашкан) кырсыктын себеби болуп саналат. 1998-жылдагы Барскоон кырсыгы машинанын ылдамдыгы көбөйтүп жибергендигин натыйжасында ала салып авария болду. Анткени бурулушта бурбордон четтөөчү күч пайда болот. Анын чондугу транспорттун ылдамдыгынын квадратына, массасына түз пропорциялаш, радиусуна тескери пропорциялаш. Ылдамдык чоң болуунун натыйжасында күч чоң мааниге ээ болуп ,машина башкарылбай калат.

Ысык уруу организмдин өтө ысык пайда болуучу оорулу абал. Жайдын күндөрүндө күн өтө ысык тийгенде көлдүн жээгинде ачыктыкка көбүрөөк болуп, ысык уруунун натыйжасында кайтыш болгон адамдарды көп эле угуп жүрөбүз. Анткени ушул күн, күндөгү күчтүү ядролук реакция жүрүп жаткан мезгилде туш келиши мүмкүн. Кийинки убакытта Космос илиминин жетишкендиктери мындай реакция дайым болбостон мезгил-мезгили менен болору далилденди.

Ысык уруунун белгилери менен дароо дарыгерди чакыруу же медициналык мекемелерине жеткирүү зарыл. Ысык суюктуктар денеге төгүлсө, аны күйгүзүп, сваркалоо учурунда чыккан чачындылар, ысык темирлер өрттүн чыгуусуна себепкер болот. Ылдый жерлерде кышында чана менен ойноо дагы коркунучтуу. Зуулдаган чана келе жаткан транспортун алдына кирип кетиши мүмкүн.

Эмгектенүү мезгилдеринде ишти аткаруунун коопсуздук ыкмасы бар. Бул ыкманы өркүндөтүп балдарды коопсуз иштөөгө үйрөтүү биздин милдетибиз. Ыймандуу унутуу ар кандай туура эмес ишти аткарып, кылмыш жасоого түртөт.Ошондуктан ыймандуу болуу биздин парызыбыз.

Э-эвакуация планы кырсык болгон учурда адамдардын өмүрүн жана материалдык байлыкты сактап калууга мурдатан көргөн камкордук. Эгерде план сапаттуу түзүлсө, кырсык учурунда запас авариялык эшиктер, авариялык тепкич убагында ачылса план боюнча аракет жасалса кырсык өтө аз болот. Бул үчүн мурдатан көнүгүү сабактарын өткөрүү керек. Эгерде бул сабакты оюнга айлантып жиберсек, анда иш максатына жетпейт. Планды түзүп мекеменин жетекчиси, коопсуздук техникасы боюнча инженер бекитилгенден кийин имараттын кире беришине көрүнүктүү, даана жазып илип коюу керек. Электр энергиясы үй тиричилигинде, өндүрүштө, айыл чарбасында, илимде ал колдонулбаган участка жок. Базар экономикасына өтүүдө электр бирден бир энергия болуп калды. Электр куралдарын билбей, туура эмес иштеткенде травмага учуроого мүмкүн. Биринчи жардам көрсөтүүдө барыдан мурда электр тогунун булагынан ажыратуу керек. Розеткадан вилканы сууру, рубильникти өчүрүү, электр эсептегичтеги сактагычты чыгаруу, токко тыркышып турган адамды кийминен тартуу (колунан тартсак өзүндү ток урат), жыгач саптуу балта менен зымды кесүү аракеттерин өтө тездикте аткарышыбыз керек. Электр тогу тийгенде же чагылган түшкөндө жабыркаган адамды жерге көмө койсо тогу чыгып кетет деген туура эмес түшүнүктөр болуп жүрөт. Анткени адамдын денеси конденсатор эмес зарядды чогултуп сактап тура турган. Жерге көмүүдө дене бат муздап, дем алуу кыйындап, адамды «өлгөндүн үстүнө көмгөн» кыласынар. Аман сактап калуунун жолу жасалма дем алдыруу, таза абага жаткыруу, дарыгерди тез чакыруу.

Экскурсияны жогорку денгээлде өткөрүү үчүн алдын-ала объектинин тандап алуу керек. Атайын максат менен экскурсия өткөрүү үчүн мугалим алгач өзү объектилер менен таанышып, бөөдө кырсык болтурбоо жагын ойлонуштурат, адис экскурсовод менен бирдикте кайсы суурооого токтолуу керек экендигин белгилейт.

Экскурсияны уюштургандан мурда мугалим ошол объектинин өзгөчөлүгүн көрсөтүп коопсуздук техникасы боюнча инструктаж берет. Ошондой эле жылдын мезгилине жараша кандай кийим менен баруу керектигин да окуучуга эскертет. Экскурсияга баруучу окучулардын саны 25 тен ашпоосу керек. Эгерде экскурсия өтүүчү

объектинин шарты коопсуздук техникасынын шартына ылайык келбесе класстагы окуучуларды экиге бөлүүгө туура келет. Экскурсия учурунда окуучулар бейтааныш нерселерге кызыгып, ар нерсени колу менен көрүүгө самашат. Ошондуктан окуучуга өз алдынча кандайдыр бир нерселерди кармап көрүүгө жана текшерүүгө тыюу салынат. Ошондой эле аба ырайы бузулуп, күн жаап чагылган чартылдаса, кышында жер тайгалак учурда жана түнкүсүн экскурсия жүргүзүлбөйт. Радиактивдуу элементтер бар жайларда рентген нуруна, акумуляторду ремонттоп электролит куюучу цехтерге экскурсия өткөрүүгө уруксаат этилбейт.

Экскурсия учурунда коопсуздук техникасы боюнча коркунуч болуп калса окуучуларды коркунучсуз жерге тез чыгарып, ошол жерге туруу жөнүндө эскертилет. Экскурсия бүткөндөн кийин мугалим окуучулардын баардыгын тизме боюнча текшерип, кайра кайтууда жол кырсыгынан сак болуу жөнүндө эскертилет.

Бир мектепте экскурсия учурунда мындай бир кайгылуу кырсык болгон. Өзү жашаган аймакты окуп үйрөнүү максатында бир класстын окуучулары Ысык-Көлдөгү Ак-Суу өрөөндөгү тоолоруна чыгышкан. Экскурсия учурунда тоодон бош ташты алдыдагы бала басып алганда кулаган таш бир окуучунун башына тийип, ал окуучу ошол жерден жарык дүйнө менен кош тошкон. Эгерде экскурсиянын мурда тан ошол бара турган жерди мугалим кыдырып көрүп, маршрутун түзүп, андай кырсыкты болтурбоо жөнүндө ойлонсо жана коопсуздук техникасынын эрежесин окуучуларга үйрө тсө мындай кайгылуу окуя болмок эмес.

Биз төмөндө биология сабагы боюнча өткөрүлүчү экскурсия учурунда сакталуучу коопсуздук техникасынын эрежесине токтолуп өтөбүз:

1. Биология кабинетинде стентден ушул аймакта өсүүчү уулу чөптөр менен таанышуу;

2. Стенд боюнча жырткыч жана уулу жаныбарлар менен таанышуу;

3. Жылдын ошол мезгилине ылайык келген кийимдерди кийүү. Жаан-чачын болсо ага ылайыл женил кийим алуу. Айрыкча бут кийим бутту кыспай, тоого чыгууга ылайыктуу болуусун эске алуу;

4. Жолдон ичүүчү таза суу алуу. Көрүнгөн жерлердеги суунун баарынан колдонбоо;

5. Өсүмдүктөрдү оозго салып, алардын даамын аныктап жеп көрбөө;

6. Экскурсия учурунда окуучу кырсыка дуушар болсо, мугалимге кайрылуу. Экскурсиянын жетекчиси ушуга ылайыкталган кичине аптечканы алып, алгачкы жардам көрсөтөт;

7. Мугалимдин уруксааты жок курт-кумурскаларды салуу үчүн өмүргө коркунучун келтирген суюктукту албоо жана колдонбоо.

Мектептин директорунун жазуу түрүндө уруксааты берилгенден кийин гана окуучуларды экскурсияга алып барууга гана болот. Директор экскурсия өткөрүү боюнча айрыкча коопсуздук техникасынын даярдыгын текшерип, ага жооптуу адамды дайындайт. Эскурсия бүткөндөн кийин анын жыйынтыгын чыгарып, кийин өткөрүлүүчү ушул сыяктуу иштерди коопсуздук техникасы боюнча айрыкча эске ала турган маселелерди пландаштырат.

Жумуш жана экскурсия убагында айрыкча айыл жеринде ачык сууга көлмөгө түшүүнү окуучулар эңсешет. Жай мезгилинде Ысык-Көлгө, Чүй каналына түшүп канча окуучу, студент чөгүп өлгөндүгү жөнүндө көп эле угуп жүрөбүз. Булардын баары сууга түшүүдөгү элементардык коопсуздук эрежелерди сактабоонун, сууда сүзүүнү билбөөнүн натыйжасында болуп жаткандыгы менен түшүндүрүлөт.

Сууга түшүүнү уюштууру жана ага көзөмөл жүргүзүү мугалимге жүктөлөт. Сууга түшүүгө жооп берүүчү адам жээкте болуп түшүү эрежелерине көзөмөлдүк кылат. Мугалимдин уруксааты жок жана жоопту адамы жок, жабдылбаган жерге сууга түшүүгө болбойт. Сактоочу каражаттарды башка максатка колдонууга, шаймандарды суу алдына сүзүүгө пайдаланууга, тосулган жерлерден ашып сүзүүгө, моторлуу кайыкка жармашып жөрмөлөп чыгууга, жээкти жана сууну булгоо айнек идишти, темир банканы ыргытууга, кийим жууп, бийиктиктен секирип түшүүгө, жээктен, бийиктиктен жолдошторун сууга түшүрүүгө тыюу салынат.

Э-тамгасына байланыштуу эпидемия, эстен тануу, энтерит, элирме, эмгекке жараксыздык, эмгек физиологиясын айтып кетүүгө туура келет. Мындан башка эмгекти коргоо законун айта кетүү керек.

Ю-юрист адистери өмүр коопсуздугу жана эмгекти коргоо закондорун чыгарып, аны жогорку кеңешке талкуулап, атайын закондорду кабыл алышат. Жол эрежесин үйрөтүү жана аларга тарбиялоо боюнча юный (жаш) инспекторлор түзүлөт. Аларга атайын иштелип чыккан эрежелери бар. Ошол эреже боюнча иштер жүргүзүлөт. Жаш инспекторлордун күзөттө кие турган кийимдери, жолду башкарууга арналган таякчалары бар. Сүрөттө жаш инспекторлордун кийим таякчасы көрсөтүлгөн. Мындан башка жаш инспекторлор тагына турган төш белгилери бар. Юбилейдик

майрамды өткөрүүдө тартипти сактап атайын көзөмөлдүк жүргүзбөсө ар кандай кырсыктар болушу мүмкүн.

Я-ядорлук реакция учурунда, айрыкча элементардык бөлүкчөлөрдү ылдамдатып ядорлук реакцияны алууда ден соолукка өтө зыян радиактивдүү нурлар бөлүнүп чыгат. Ядро заряды, ядро күчтөрү, ядролук жарылыш, ядролук курал, ядролук куралды сыноо, ядронун байланыш энергиясы, ядронун бөлүнүшү, ядро отуну, ядро ракетасы, ядролук энергиясы темаларынын атайын коопсуздук эрежеси бар. Мына ушулар ар бир темага байланыштырып коопсуздукту эскертебиз.

Якорь электр машинасынын кыймылдуу бөлүгү. Ал айланган учурда электр кыймылдаткыч күчүн пайда кылып электр тогун берет. Якорду иштетүүдө өзүнүн коопсуздук эрежеси бар.

Якорь кеме токтогондо, же кайыкты көлгө токтотуп туруу үчүн колдонуучу жасалга. Якорь суунун түбүнө түшүрүлгөндөн кийин оордук салмагы боюнча кыртышка кирип бекийт. Кайыктын жылып кетүү коркунучунан сактайт.

Я тамгасына байланыштуу «Я кудай өзүң колдогун» деген сөздү келтирдик. Кудай айтат дейт «сактансаң сактаймын» деп. Ошондуктан бул сөздү дайыма эске тутуп бир ишти жасоодон мурда коопсуздук техникасын сактоо керек.

Биз жогоруда ар тамгага тууря келтирген кырсыктарды көрсөтүп өттүк. Бул тамгага байланыштуу болуучу кырсыктар жана андан сактануу жолдорун үйрөтүүдө балдардын жаш өзгөчөлүгүн, психологиясын эске алуу өтө зарыл. Мектепке чейинки мекемеде тарбияланууучуларды мектепке даярдоодо эң жөнөкөй, турмушта кездешүүчү кырсыктарды таанышгырып, ал эми жогорку класстарды татаал кубулушка байланыштуу кырсыктар айтылат. Мисалы ядролук күч, атом энергиясы ж.б.

3.4. I-IV класстарда өмүр коопсуздуктарына үйрөтүүдөгү малыматтар

Үчүнчү бөлүмдүн 3.3. параграфында коопсуздук боюнча алгачкы маалыматтар жана өмүр коопсуздугунун алиппесине үйрөтүп коопсуздука тарбиялоо маселеси каралган. 1-класста алиппеге, тамгага үйрөтүүдө биз сунуш кылган плакатты класска илип коюп, алиппеге үйрөтүүдө ушул материал көп жардам берет. Мугалимге ушул материалдан башка дидактикалык материалды тандап алуусун сунуш кылабыз.

Балдар бакчасына өмүр коопсуздугунун алиппесинин толук үйрөнүп келди деп айтуу кыйын. Анткени азыркы шартта бардык эле мектепке баруучулар балдар бакчасында тарбияланбайт. Ошондуктан коопсуздуктун алиппесине кайра кайрылуу максатка ылайыктуу болуп саналат.

Автор тарабынан коопсуздуктун алиппеси түзүлүп, ал окуу жайларынын окуу китептеринде киргизилген. Мындан башка өмүр коопсуздугун алиппеси өзүнчө плакат катарында чыгарылып мектеп окуучуларынын ата-энесине сунуш кылмакчыбыз. Азыр ата-энелердин бардыгы билимдүү жана сабаттуу. Алиппени үйгө илип коюп, ал боюнча баласын тамгага жана коопсуздука уйрөтсө бир эле мезгилде эки эң манилүү маселени чечип алат.

Бул илимий эмгекти жазууда автор Россия Федерациясы өмүр коопсуздугу сабагын 10 жылдан ашык убакыттан бери киргизип, стабилдүү окуу программасын жана окуу китептерин түзүп иштеп жаткан тажрыйбалары, окуу методикалык материалдары, илимий методикалык көрсөтмөлөрдү эске алды.

1-класстын мугалимдери ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп (ансыз дагы 1 класстын окуучусунун ата-энеси, баласын алиппени үйрөтүүдө күндөлүк окуусуна өтө кызыгат эмеспи) коопсуздукка үйрөтүү ишине төмөнкү суроолорду үйрөтүүгө көңүлүн бурабыз.

Өмүр коопсуздугунун негизин окутууда мугалим коркунучтуу, зыяндуу жана түзүлгөн өзгөчө кырдаалды уйрөтүү максатын коюп, окуучуларга теория жана практикалык жактан терен билим берип, аларды өзүнүн өмүр коопсуздугун сактап билүү, жанындагылардын өмүрүн сактоого кам көрүүгө тарбиялашыбыз керек .

Сабак берүүдө мектеп, шаар- айыл жайланышкан чөйрөнүн өзгөчөлүгүн эске алып өзүнө жумушчу программасын түзүү милдети коюлат. Мында мурдатан практикаланып, турмушта текшерилип, окутуп келе жаткан Россия Федерациясынын мектептеринин окуу программасын жетекчиликке алуу керек. Программаны турмушка ашырууда окуучуларды түзүлгөн коркунучтуу жана өзгөчө кырдаалды психологиялык жактан туруктуулук менен мамиле кылууга үйрөтүү милдети коюлат.

Окутуучу балдарды коргоо күнүнө (1-июнь) карата жыйынтыктап, коопсуздукка байланыштуу бир тематиканы тандап алып практикалык сабак өтүү же башка бир пайда бере турган ишти аткаруусу керек. Мисалы "Биздин айлыбыздагы (шаарыбыздагы) коркунучтуу обьектилер, (чөйрөлөр) жана алардан сактануу" же

"жайкы каникулду кырсыксыз өткөрүүгө көңүл бур", (көлгө түшүүдө, тоого чыгууда кырсыктан сактануу ж.б.).

Мындан башка окуу жылынын аягында өткөрүүлүчү алиппе майрамында "өмүр коопсуздугунун" алиппесине кайрылуу керек.

Ата-эне окууга керектүү кагаз - карандашын, китептерин камдап бергенден кийин мектепке алып барууга көмөк көрөт. Мында ата-энесине, баласына айрыкча көңүл бөлө турган баштапкы маселеси мектепке барууда жана келүүдө жол эрежесин үйрөтүү болуп саналат. Кийинки мезгилде биринчи класста окуган баласын мектепке жеткирип, кайра тозуп алган ата-энелерди көп эле көрүп жүрөбүз. Бул азыркы түзүлгөн турмуштук шартта өтө керек. Балдарды барымтага алып, ата-энесинен белгилүү суммадагы акча талап кылган учурларды ж.б. кырсыктарды көп эле көрүп жатабыз (жолдо жүрүү эрежеси I-IV класстар учун автор тарабынан жазылып басмаканада, жакында жарык көрсөтмөкчү).

Өмүр коопсуздугу жөнүндө алгачкы маалыматтарды окуучулар балдар бакчасынан жана ата-энелеринен алышкан. Ушул маалыматтарды орто мектептерде системалуу үзгүлтүксүз улантып кетүү керек. Өмүр коопсуздугу сабагы Россия федерациясынын мектептеринде он жылдан ашык убакыттан бери окутулуп келе жаткан окуу куралдарын, тажрыйбаларын негиз кылып алып, Кыргыз Республикасын мектептеринде "өмүр коопсуздугу" сабагын киргизип, мектептерде окутуу кечиктирилгис иш болуп саналат. Бул талаптарды ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 28-статьясында жана Кыргыз Республикасынын президенти А. Акаевтин 1992-жылдын 28-февралында кол койгон "Эмгекти коргоо" законунун 11-статьясында баса көрсөтүлгөн. Ушулардын негизинде "өмүр коопсуздугу" сабагын окутуу концепсиясын турмушка ашыруу максатында 1-класстын окуучуларына өмүр коопсуздугу боюнча төмөнкү материалдарды сунуш кылабыз .

Үйдөгү коопсуздук жөнүндө сөз болгондо, үйдө кандай коркунуч болушу мүмкүн деген ойго келет. Чындыгында коопсуздукту үйдөн сактабасак ар кандай кырсыктар күтүп турат. Коркунучтуу предметтерге курч бычак, учу учтуу, кесуучу, сайып алуучу куралдар кирет. Колунду бычак менен кесип алганда анын кандай коркунучтуу курал экендигин түшүнөсүн. Кнопка, булавка жерде жана башка майда учтуу нерселер жатса денеге кирет. Ошондуктан аларды тартиби менен өз ордуна иреттеп коюш керек. Тартиби менен жайланыштыруу үйдүн көркүнө гана керек болбостон коопсуздукту сактоодо өтө чоң мааниге ээ болот. Кир жуучу машина

иштеп жатканда колунду анын ичине салсан колунду жулуп кетет. Анын ысык суусунан денени күйгүзүп алуу коркунучу бар. Электр тогу менен айар мамиле кылбаса адамды өлтүрүп коет, өрттүн чыгуу себеби болуп саналат. Өрттөн сактануу үчүн үйдөн чыкканда телевизор, магнитофон, үтүк, электр плитка жана башка электр куралдарын сөзсүз өчүрүү керек. Изоляциясы арчылган зымдан электр тогу ура тургандыгын балдарга эскертебиз.

Жаш балдар үйдөгү дарыларды билбей жеп алышат. Алардын зыяндуу экендигин балдарга эскертип, дарыларды балдар ала албагандай кылып катып коюу керек. Таракан, чычкан өлтүрүүчү дарылардан дагы сактануу керек. Үйдөгү газ кокусунан чыгып жатса адамдарды ууктуруп, оттон, жалындан жарылууну пайда кылат. Газдын жыты сезилер замат өзүнөн улуу адамдарга эскертип, дароо эшик терезени ачып желдетүү керек. Газ плитасынын краны жабык экендигин текшерип, ширенке чакпай, светти күйгүзбөй, тамеки тартып келе жаткан киши болсо үйгө кирбешин эскертүү зарыл .

Этажга көтөрүлүү жана түшүүдө лифти колдонуу эрежесин сактоого үйрөтүү зарыл. Лифтин кабинасынын үстүнө чыгып ойноп жерге түшүү опуртмалдуу. Лифтин салмак эрежесин сактап, классындагы бардык окуучулар менен түшүп алба. Кокусунан лифт токтоп калса "лифти чакыруу" кнопкасын бас, же лифт токтоп калды деп катуу кыйкыруу керек. Этаждагы тосмонун үстүнө чыгып алып жылмышып ойноо дагы коркунучтуу.

Кийинки мезгилде криминалдык кылмыш жасоо көбөйүп, үй тоноо, каректоо, балдарды урдап барымтага алуу, киши өлтүрүү, зордуктоо кылмыштары пайда болду. Болуп жаткан кырсыктарды балдарга түшүндүрүп, андан сактануу жолдорун окутуу, тарбиялоо жана үйрөтүү ата-эненин жана мектеп мугалимдеринин ыйык милдети.

Тааныш эмес кишиге эшикти ачбай алардын суроосуна "жок" деп жооп бергенди үйрөтүш керек. Кылмышкер адам милициянын формасын кийип же сантехникмин, почтальонмун, электрикмин деп келиши мүмкүн. Мындан башка ата-энең пакет берип жиберди деп айтат. Баары бир тааныш эмес кишиге эшикти ачпа. Кылмышкер болбой эле үйгө кирем деп аракет жасаса 102 милицияга же кошуналарына телефон чалып, жардамга чакыруу керек. Үйдө телефон жок болсо балконго чыгып кошуналарынды же көчөдөгү адамдарды жардамга чакыр. Кошуналарындын телефон номерин билип алып телефонго жакын жерге жазып койсоң кыйынчылыкта пайдасы тиет. Телефондон "ата-энең үйдөбү" - деп кылмышкер

звонит этсе, алар үйдө азыр телефонго иштен колдору бошоп келе албайт деп жооп берүү керек.

Көчөдө жүргөндө ата-энеңден адашып калсаң жардамга милиционерге, магазиндин сатуучусуна кайрыл, ошол адашкан жерде аларды күтсөң батыраак таап алат. Көчөдө карангыда ойноо опурмалдуу. Сенин кайда ойноп жүргөнүңдү ата-энеңдин билүүсү керек. Тааныбаган адамдар таалага, подвалга, адамдар жок жерге чакырса макул болбо.

Мында Бишкек шаарында болгон кырсыкты көрсөтө кетели. Оштон келген аял (баласынын бирөөсү бир, экинчиси он жашта) Бишкек автовокзалына келип, чоңун жүктөру менен тышка күттүрүп, кичинеси менен дааратканага кирип кетет. Баласын жуунтуп бир азга кармалып калат. Тышта турган баланы каракчы энең таксиде күтүп атат деп алдап таксиге отургузуп, укта туучу даары берип, ички кийимине наркотикалык зат ороп Алматы шаарына алып кетет. Наркотикалык затты жеткизип алгандан кийин ал баланы кое берет. Милиционердин жардамы менен бала больницага түшүп, бир нече айдан кийин баланы энеси башка бир больницадан табат.

Көчөдө тааныш эмес жана мас адамдар менен сүйлөшпөө керек. Эгерде тааныш эмес адамдар конфет берсе же башка транспортко чакырса макул болбоо, көчөдө пакет, коробка, сумка калса ага такыр тийүүгө болбойт. Анда жарылуучу зат болушу мүмкүн.

Көчөдөн кылмышкер артыңдан кубалап алып, үйүн алыс болсо адамдар көп жакка, автобустун аялдамасына, магазинге тез чуркап жетүү керек. Эгерде күч колдонуп сени бир жакка алып кетүүгө аракет жасалса ага каршылык көрсөтүп "мени тааныш эмес кишилер күч менен алып кетип баратат" - деп катуу кыйкырып, адамдарды жардамга чакыр. Тааныш эмес кишинин машинасына отурбай анын ар кандай сунушуна макул болбо. Үйүндөгү баалуу оокаттарды эч кимге айтбай, атамдын акчасы көп деп мактанба. Үйүнө тааныш эмес кишилерди чакырба.

Өрт тили жок жоо. Өрттүн таасири менен материалдык көп чыгым болуп, адамдар өлүмгө учурайт. Ошондуктан ширенке жана зажигалка менен ойнобоо керек. Алар өрт чыгаруунун бирден-бир себеби болуп саналат. Комнатадан же үйдөн чыккан учурда сөзсүз электр куралдарын өчүрүү керек. От жаккан жана үйдөн чыккан учурда сөзсүз электр плитасынын үстүнө суу болгон кийимди кургатуу өрт чыгаруунун себеби болуп саналат. Үйдүн ичине фейерверк, бенгалдык от жана шамды жаш балдардын өз алдынча жагышы өрт чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Аны чоң адамдар менен

бирге жүргүзүү керек. Күйүп жаткан мештин эшигин ачып ийүү (полго бекитилген темир жок болсо) полдогу тактайды күйгүзүп өрт чыгарат.

Кокусунан өрт чыгып кетсе аны өчүрүүгө дароо аракет жасап, күйүп жаткан өрттүн очогуна суу куй же одеял менен чүмкөй кой. Заттын күйүүсү үчүн үч шарт керек. Биринчиси отун, экинчиси жалын, үчүнчүсү кислород. Эгерде биз ушул үч шарттын бирөөнү жойсок өрт токтойт. Эгерде өрт өчпөсө үйдөн коркунучсуз жерге дароо качып чыгып 101 телефонуна звонит этип, кошуналарынды жардамга чакыр.

Бир нече жыл мурда "Мугалимдер газетасына" чыккан "Секелек кыздын эрдиги" деген статьяны айта кетүүнү туура таптык. Ош аймагындагы мектептин үчүнчү классында окуган кыз үч бөбөгү менен түн ичинде телевизор көрүп жатып уктап калышат. Ата-энеси конокко кетип калышкан. Түндүн бир мезгилинде өчүрүлбөгөн телевизордон өрт чыкканда секелек кыз үч бөбөгүн коркунучсуз тышка алып чыгып, кошуналарын ойготуп, өрттү убагында өчүрүп калган. Кызды өрттөн сактанууда көрсөткөн эрдиги үчүн атайын медаль менен сыйлаган.

Өрт болуп жаткан бөлмөдөн кокусунан чыга албай калсан форточканы ачып катуу кыйкырып, элди жардамга чакыр жана 101 телефонуна звонит этип, адресинди жана квартирандын номерин так айткын.

Өрттөн чыккан түтүн адамды ууктуруп, ага адам чыдап тура албайт. Айрыкча синтетикалык материалдан чыккан түтүн адамды ууктурат. Андан сактануу үчүн тышка чөгөлөп же бооруң менен жылып чыксан түтүндүн таасири аз болот. Эгерде түтүн көп болсо сууга салынган тряпка аркылуу дем алып, башынды суу материал менен ороп, энкейип тышка чыгуу керек. Өрт учурунда лифтке отурсан ал токтоп калып, түтүнгө думугуп өлөсүң. Өрт өчүрүүчүлөрдү күтүүгө өзүңдү жоготпой, терезеден секирбей акыл менен иш кылсан сенин өмүрүңдү өрт өчүрүүчүлөр сөзсүз сактайт. Өрттө өчүрүүчүлөрдүн буйруктарын так аткар. Анткени, алар сага караганда көп билишет.

Транспортто жүрүүдөгү коопсуздуктар. Аялдамада көп адамдар турса биринчи катарга турсаң сени кокусунан дөңгөлөктүн алдына түртүп салышы мүмкүн. Транспорт кыймылда болгон учурда тепкичине турсаң түшүп каласын. Транспорттун терезесинен колду чыгарбай жана уктоого болбойт. Айдоочу тормоз берсе жыгылып кетесин. Түнүчүндө транспортто жүрүп калсан айдоочуга жакын анын он жагына отур . Кокусунан сени коркутуп, акча талап кылган адам

болсо айдоочу көруп турсун. Көчөдөн " жоо адамдар өтүүчү өткөөл" аркылуу өтсөн, кырсыктан тышкары болосун. Эгерде өткөөл жок болсо светофордун жашыл нуру күйгөндө өтүп, кызыл нурда күтүп туруу керек. Машина жок болсо деле кызыл жарыкта өтсөн жашыл жарыкта өтүп кетем деп катуу ылдамдыкта келе жаткан машина уруп кетет. Көчөдөн өтөөрдө адегенде сол жагынды карап, жолдун ортосуна жеткенде оң жагынды кара. Жолдон өтүүдө шашып чуркап өтүүгө жарабайт. Тротуарда, көчөнүн таманында ойноого болбойт. Кышында чана, коньки менен транспорт өтө турган жерден өтө сак бол. Велосипед менен көчөдө айдоого 14 жаштан уруксаат этилет. Велосипед менен көчөдөн өткөндө аны жетелеп өтүү керек.

Суудагы болгон кокустар жана андан сактануу. Сууга түшөөрдөн мурда коопсуздуктун төмөнкү эрежелерин сакташ керек. Сууда сүзүүнү билбесен анын терең жерине барбай тайыз жеринде бол. Тааныш эмес сууда чумкусан башын менен ташка тийишин мүмкүн. Коюлган белгинин ары жагына сүзүп чыгууга коркунучтуу. Айлануучу винтке жакын барсаң да кырсыкка учурайсын. Суу алдында (түбүндө) ойногон адамды суунун түбүндө басып турсан анын оозу мурдуна суу кирип, чөгүп кетет. Үйлөнгөн камерада, матрацта алыс барсан кокусунан жели чыгып кетсе жээкке жете албай каласын да аны менен кошо чөгүп кетесин. Кайыкка түшүп алып, ар кандай оюнду ойноо, кайыктын кырынан секирүү кайыкты ала салдырып көмкөрүп салат. Чөгүп бара жаткан адамды көрөрүн менен тегерегиндеги адамдардын көңүлүн бөлүп "адам чөгүп бара жатат" - деп катуу кыйкырып, аны сактап калуучу сактоочу тегеректи, резина камераны, тактай досканы, жипти чөгүп бара жаткан кишини көздөй ыргыт. Өзүн жана жолдошторун сууда жүрүү коопсуздугун сактаса кырсыктан тышкары болорунду унутпа. Чөгүп бара жаткан адам жакын болсо колунду сун, жипти ыргыт, таякты сун. Бул иштерди өзүңдү жоготопой өтө тездикте аткаруу керек.

Муздагы кырсыктар жана андан сактануу. Кышында суу тоңуп, сууда болуучу кырсыктын ордуна муздагы кырсыктар пайда болот. Муз тебүүгө барганында өзүңдөн уулу кишилерди ээрчип ал. Киши менен кошо жүрсөң дагы алдыда эмне кырсык күтүп турганын унутпа. Көлдүн чуңкур жана кар жааган жерлери жакшы тонбой калышы мүмкүн. Эгерде сен ал жерди бассаң дароо көлмөгө түшүп кетесин. Көлмөнү, суунун тоңбогон жука жери кырсыктын негизги себеби. Ошондуктан муздун калындыгын билмейинче ал жерден өтпө. Суу менен кошо тоңгон чөптөр, даректын бутактары, камыш музду жакшы тоңдурбайт да киши өткөндө муз жарылып кетет.

Мындан башка булактан, завод, фабрикалардан агып чыккан суу кошулган жерлери жакшы тонбойт. Муздун үстү менен жүргөндө адамдар баскан чыйыр жолдор менен бас. Бул текшерилген жол болуп анын эч кандай коркунучу жок. Муздун үстүнөн басаардан мурда колуна бышык таяк алып, муздун тонгондугун текшерип бассаң болот. Тонгон сууну, көлмөнү лыжа менен өтүү коркунучсуз. Жогорку эрежелерди сактабасан муздун алдына кирип кетесин. Ал жактан чыгуу онойлук менен болбосун дайыма эсине тут.

Үйдөгү жаныбарлар менен байланышуудагы коопсуздуктар. Жаныбарларга жакшы мамиле кылып аларды кароо керек. Кээ бир жаныбарлар менен байланышууда коопсуздукту сактабаса ар кандай кырсыкты алып келет. Ар бир үйдө ит бар. Иттен коркуп турсан дагы аны итке билгизбе, ит келе жатса дайны жок кыйкырып андан качпа. Ордуңда туруп итти коркутууга таяк, таш алгын. Буларды үйгө кире электе камдап алса деле болот. Эгерде качып жөнөсөң, бош ит сени кубалап жетип сөзсүз кабат. Качкан коенду кубалагандай болуп, ал сени кубалап тиштемейинче ыраазы болбойт. Ит куйругун шыйпандатып турса каппайт экен деп колун менен сылаганы барбагын. Дароо ыр этип дененди жулуп алат. Итти сылагын келсе ээсинен уруксат сурап, сылаган учурда колду тез кыймылдатпоо керек. Бирөөнүн итине тамак бербе. Тамак ичип жана уктап жаткан итке жакын жолобо. Байланып турган ит буулугуп калат. Ошондуктан ага жакын жолобо. Иттин күчүгүнө жана ал ойноп жаткан оюнчука тийбе. Сенден кызганып каап алат. Үйрөтүлгөн итке жакындаба. Аны адамга кол салууга үйрөткөнүн эске тут. Үйдөгү мышыктар тырмагы менен тытып же тиштеп алат. Мышыктан, иттен чакалай, котур жана ит капканда кутуруп кетүү оорусу жугаарын эстен чыгарбоо керек. Кутуруп кетүү оорусунан адам өлүп калуусу да мүмкүн. Ит, мышыкты кармалагандан кийин колунду самын менен жуу. Кокусунан ит каап алса дароо ата-энене айтып врачка кайрылуу керек. Короодогу уй, букалардан дагы коопсуздукту сактагын. Кээ бир букалар сүзөөнөк болот. Сырын билбеген бирөөнүн уй, букасына жолобо. Айрыкча уй күүлөп турганда түз эле адамга секирет. Жолдо топ уй келе жатса андан айланып өт. Мүйүзү жаныдан чыгып келе жаткан торпоктун мүйүзү кычышып тургандыктан аны сүрөм деп кырсыкка кабылба. Сүзөнөөк чоң кочкорлор адамды сүзгүлөп жатып өлтүрүп коет.

Каракол шаарынын кирпич завод аймагында мындай кырсык болгон. Таалада койлору менен кочкорун кошуп (бир карыя) кайтарып жүргөн жеринен өзүнүн сүзөөнөк кочкору ээсин сүзгүлөп жатып

өлтүргөн. Эч ким көрбөй, убагында медициналык жардам болгон эмес. Кийин талаадан өлүгүн табышкан.

Кочкор качырып келе жатканда жата калса адам аман калат. Күүлөнүп чуркаган кочкор жаткан адамды сүзбөй инерция боюнча кулап түшөт. Адамдарды качырган тебенеек жана чокуп алуучу короздор болот. Булардан сак болуп, айрыкча жаш балдарды коргоо керек. Жыгылып калган баланын көзүн чокушу мүмкүн.

Дарыгерге чейинки алгачкы жардам. Биз жогорууда кездешүүчү ар кандай кырсыктарга токтолуп өттүк. Туура медициналык жардамды врач көрсөтөт. Врач дайым эле сенин жанында турбайт. Ошондуктан өзүнө жана жанындагыларга өзүн жөнөкөй жардам берүүнү билишиң керек:

Дененди көгөртүп же уруп алсан ошол жерге муз же муздак сууга салынган чүпүрөк бас. Ушул жерге жез тыйынды басса болот. Эгерде дененди сыйрып алсан, адегенде жууп кургагандан кийин сыйрылган жерге зелёнка же иод сүйкө. Кесилген жер сыйрып алганга караганга терини көбүрөөк кесет. Аны суу менен жууп, йод сүйкөп винт менен танып же бактерициддик пластырь менен чаптап коюшат. Талаада, токойдо жаракат алсаң ага бака жалбыракты коюп жүз ааркын менен таңып сал.

Көзүнө бир нерсе түшсө, аны кайнаган муздак суу менен тез жуу. Көздөн чыккан жаш, көзгө түшкөн нерсени чыгарууга жардам берет. Эч убакта кир колуң же таза эмес чүпүрөк менен көзүндү сүртпө.

Колунду ысык суутa, үтүккө же ысык нерселерге күйгүзүп алсан, ал жерди крандагы муздак суу менен оорусу басылганга чейин жууш керек. Кээ бир адамдар күйгөн жерге спирт, одеколон, крем, май сүйкөшөт. Аны жасабай эле күйгөн жерди жабышып калбагандай дыкан танып, врачка көрсөтүү керек.

Кулагынды, мурдунду үшүтүп жиберсен, колун же шарфын менен сүрт. Эч убакта кар менен сүртпө. Үйгө киргенде үшүгөн жериңди муздак сууга сал. Аны аккан ысык суутa, отко, батерейге жылытууга болбойт.

Жогорудагы көрсөтүлгөн ыкмалар врачка чейинки алгачкы жардам болуп саналат. Чыныгы жардамды врач өзү көрсөтөт.

Жаратылыштагы кездешүүчү кырсыктар жана андан сактануу.

Жаратылышта ар кандай кырсыктар кездешет. Ушул кырсыктардан аман калуу жолдорун ар бирибиз билүүгө милдеттүүбүз. Токойго жалгыз барбай эл менен кошо баруу керек. Токойго барган кишилерден адашып калсаң, сенин үнүндү укkандай

кылып катуу кыйкыр. Алардын үнү чыккан багытты көздөй басып аларды таап ал. Кокусунан адашып калсан күйүп бышып көрүнгөн жакка чуркай бербей акылынды токтотуп, кайсы жактан машинанын үнү, иттин үргөнү, адамдардын чыккан үнү жакты байкап, ошол жакты көздөй бас. Эгерде угулган үн улам катуу боло баштаса сенин туура бара жаткандыгынды билгизет. Адашып жүргөндө аккан суу кезигип калса ошонун агымы боюнча жүрүп отурсаң сөзсүз эл жашаган айылга алып барат. Анткени сууга жакын жерде дайыма айыл болот.

Чагылган адамга түшсө дароо адамды өлтүрөт. "Күн күркүрөмөйүнчө мужук чокунбайт" - деген орус элинин макалы бар. Чагылгын чартылдап, күн катуу күркүрөй баштаганда коопсуздукту ойлон. Эгерде көлдө, сууда жүрсөң тезинен жээкке чыга кач. Сууда жүргөндө ошол чөйрөгө түшкөн чагылган сага көбүрөөк коркунуч туудурат. Чагылганда бийик жана жалгыз өскөн карагайгдын түбүнө отурба, көбүрөөк түшөт. Кырчын, бадал өскөн жерде отурсан бул жерге чагылган түшпөйт.

Токойдо жүргөндө өрт эрежесин көздүн карегиндей сакта. Костерду өзүн жалгыз жакпай чон кишилер менен бирдикте жагып, ал бүткөндөн кийин отту такыр өчүрүп кет. От менен ойнобо. Бир тал ширенке, фейерверк менен бүтүн токой өрттөнүп кетерин эстен чыгарба. Кокусунан өрттөнгөн токойго кабылып калсан шамал болуп жаткан жакты көздөй качып чык. Токойдон чыккандан кийин өрт жөнүндө кабарла.

Токойго чыкканда грибы (тепек) чогултушат. Грибылар айрымдары уулу болуп адамдарды ууктурат. Ошондуктан аны дароо жээгөө болбойт. Кандайын жээгөө болорун мурдатан билип алуу керек.

Коопсуздук эрежесин жалгыз гана билбестен аны так аткаруу керек.

Токойго сейилдикке чыккан учурда адашып кетүү коркунучу бар. Эгер компасын болсо оной эле таап аласын. Түндүк, түштүктү көлөкө боюнча аныктоого болот. Күн чыккан жакты бет мандайын менен карап, колунду эки жакка сунсан сол кол жак түндүктү, он кол менен жак түштүктү көрсөтөт.

Жалпы билим берүүчү мектептин 2- классында өмүр коопсуздугу сабагынын концепциясын турмушка ашырууда ушул сабак боюнча 1-класста өтүлгөн материалдарды кайталап, жашообузда кездешуучу кырсыктарды теренирээк түшүндүрүү милдети коюлат. Мисалы: 1-класс "Үйдөгү коркунучтар" темасын

өткөндө кесүүчү, сайып алуучу куралдар катарында бычакты, кнопканы, төнөгүчтү айтып кеткен элек. Эми ушул тема боюнча кесүү куралдар катарында кайчыны, балтаны, арааны жана сайып алуучу куралдарга вилканы, циркульдун учундагы ийнени айта кетебиз. Эгерде ийне, вилка дивандын үстүндө калса адамдарга кандай травма алып келерин баарыбызга белгилүү. Бритва, сынган айнек дагы коркунучту пайда кылат.

Үйдөгү коркунучка электр тогунан болуучу кырсыктарга кошумча иретинде: электр зымын эч убакта чоюп тартууга жана розеткага сайылган вилканы жулуп алсан, электр тогуна чукул туташтыруу болуусу мүмкүн. Анткени, жулуп тартып алган зымдын изоляциясы чоюлуп, зым изоляциясы жок арчылып калат да ошол эле зымды токко туташтыршганда чукул туташтыруу болуп, зымдын калган изоляциясы күйүп өрт чыгат. Кургак турган электр куралдарынан ток өтпөйт. Ошол эле электр куралы ным болуп калса электр тогун өткөзүп жиберет. Ошондуктан телевизорду жана башка электр куралдарын ным тряпка менен сүрбөй жана ал куралдын үстүнөн күл өстүрүүчү идишти илбешибиз абзел. Мындан башка күйүп жаткан электр куралын, тогу бар электр зымын суу менен өчүрүүгө болбойт. Өзүндү ток уруп, куралда чукул туташтыруу болуп өрт чыгат. Күйгөн жыгачты, кездемени, кагазды суу менен өчүрүшөт. Ооруп калган учурда өз алдынча даарыларды ичпегин. Кайсыл ооруга кандай дары ичишти врачтан же ата-энеңден сурагын. Үй-бүлөлүктө колдонучу химикаттын пробкасын ачууга болбойт. Ал ууктуруучу зат болуп калышы мүмкүн. Колдонулган аэрозольдун баллончигин ачууга болбойт. Ал жарылып же андагы калдыгы көзүнө чачырайт. Ошондуктан аны такыр ачпоо керек.

Лифттеги кездешуучу кокустуктарды 1-класста карап өткөнбүз. Кошумча материал катарында этаждагы лифт жабылып бара жатканда ага шашып түшүүгө болбойт. Сени кыпчып калат. Лифтке тааныш эмес чон адамдар менен жалгыз түшпөй күтүп туруп, эл менен кошо түш. Бул эрежени кыз балдардын сакташы өтө керек. Этаждагы тепкичтердин тосмосунун үстүнө чыгып алып ылдый жылмышып түшүүдө тосмодон кулап кетип цементке башын менен тийип же бир жеринди сындырып алып ыйлашын мүмкүн. Балконго ашык адамдардын толуп алсанар балкон көтөрө албай сынып кетиши мүмкүн. Анткени балкон белгилүү гана салмакты көтөрө алат.

Мындай кырсык болгон. Үйлөнүү тоюнда үйдөгү конокторкөчөдөгү бийлеп жаткан адамдарды карайбыз деп толуп алышкан. Көп

салмакт тагы нагрузканы көтөрө албай балкон түшүп кетип, адамдар кырсыкка учурашкан.

Көчодогү жекече коопсуздук. Көчөдө жүргөндө ар кандай кырсыктар кездешет. Кээде ата-энеңден адашып каласын. Мындай учурда ошол адашкан жерде күтсөн алар батыраак таап алышат. Адашкан учурунда милиционерге, метродо текшерүүчүгө, магазиндин сатуучусуна кайрыл. Мектептен сабагын бүткөндөн кийин көчөдө ойноп журуп албай түз үйүнө келип, ата-энеңе көрүнүп, убагында тамактанып, көчөгө чыксаң сени кайда жүргөнүндү алар билгендей болсун. Эгерде алар үйдө жок болсо, кайда жүргөнүндү билгизип кат жазып кой. Мектептен үйгө келгенде жол кырсыгы болбогондой көчөнүн бир эле маршруту менен жүрүү керек. Өзүңдөн улуу тааныш эмес балдар менен ойнобой, алар талаага, подъезге, подвалга, адамдар жашабаган үйгө чакырса таптакыр макул болбогун. Кылмышкер андай жерге алпарып, кийиминди чечиндирип, акчанды алып, каалаган зордук кылмышын жасайт. Көчөдө тааныш эмес киши менен сүйлөшпөй алардын сыйлап берген тамагын оозуна албай, берген суюктугун ичпегин. Арак ичип алган адамдардан алыс качкынын. Көчөдөн пакет, сумка таап аны албай жана ачпоо керек. Мүмкүн ичинде жарылуу же уу заттары болушу ыктымал. Үйдө болгон баалуу буюмдарды, акчаны тааныш эмес кишилерге мактанып айтпай жана аларды үйгө такыр чакырбагын. Артыңдан кылмышкер ээрчип алса балкондо турган ата-энеңди же көчөдө тааныш кишилерди колунду булгалап чакырып, артыңдагы андып келе жаткан кишини колун менен жандап көрсөтүп, кылмышкер ээрчип келе жатат" - деп үнүңдүн баардыгынча кыйкырсаң кылмышкер коркуп артыңдан келбей калат. Үйүң алыс болуп, кылмышкер болбой эле артыңдан кубалап алса кинотеатрга, магазинге, метрого, автобустун аялдамасына кире кач. Тааныш эмес киши күч менен алып кетүүгө аракет жасаса "Байке мен сени тааныбаймын, кое бериниз, баары бир барбаймын" же "мени тааныш эмес киши алып бара жатат" - деп каршылык көрсөтүп үнүңдүн баардыгынча кыйкыр. Кылмышкердин өңүн кийген кийимин, баскан турганын эстеп калсаң издөө органдарынын адамдары бат эле таап алышат. Кээ бир кылмышкерлер киного тартам деп алдап чакырат. Булардын сунушуна макул болбогун. Эгерде чындыгында эле киного тартылууга чакырса сөзсүз ата-энеңдин макулдугун алгын. Жүрү үйгө сага эң сонун жаныбарды көрсөтөм, үйдө эликтин баласы бар деп чакырганына да макул болбой жана үйүнө жеткирип коем деп чакырганына деле муюбагын.

Өрт коопсуздугу. Кыргызда "өрт тили жок жоо "деген макал бар. Чындыгында өрт адамдарга көп материалдык чыгымдарды алып келип, алардын өмүрүнө коркунуч туудурат. Өчүрүлбөгөн тамекинин калдыгынан үй толугу менен күйүп, адамдар зыян болот. Өрт жөнүндө сөз болгондо өтө тез күйүүчү жана күйбөөчү материалдар жөнүндө айта кеткенибиз оң. Өтө тез күйүүчү материалдарга: бензин жана башка нефть продукталары, фото кинопленка, кургаган елка, нефть продукталарын тазалаган чүпүрөк кирет. Жыгач материалдары дагы жакшы күйөт. Күйбөөчү материалдарга кирпич, асбест кирет. Туура эмес пайдаланган ширенке, зажигалка, газ, кайдыгер ыргытылган күйгөн тамекинин калдыгы өрттүн себеби болуп саналат. Ошондуктан ширенке, зажигалка менен ойноого болбойт. Үйдөн чыкканда электр куралдарын сөзсүз өчүргүнүн. Газдын жытын сезер замат өзүндөн уулу кишилерге айтып, дароо эшик терезелерди ачып, краны ачык болсо дароо жапкын. Болбой эле чыга берсе 104 телефонуна звонит эт.

Жаңы жылдык балаты майрамын тозууда фейерберкти, бенгальдык отту, шамды жагышат. Буларды елкадан алысыраак же болбосо тышка жакса өрт коркунучу болбойт. Пластмассадан жасалган жасалма елка анчалык күйбөйт. Бирок, андан чыккан түтүн адамды ууктурат.

Төшөккө жатып алып тамеки тартуу - өрттүн себеби. Тамекинин калдыгын өчүрбөй уктап калсаң сөзсүз өрт чыгат. Мас абалында тамеки тартып уктоо өлүмдүн себеби болуп саналат. Мешти жагууда өрттөн сактануу эрежесин сактап анын эшигинен чок түшпөй, күйүп жаткан мешке өтө тез күйүүчү нефть продукталарынын куйбай өрт эрежесин дайыма сакташыбыз керек. Өтө ысык мешке колду тийгизсен колунду күйгүзүп аласын. Мештеги ысыктыкты сактоо максатында анын заслонкасын жаап койсоң ис газы чыгып адамды ууктуруп өлтүрөт. Ис газы чыгып жатканда уктоо сөзсүз өлүмгө алып келет. Эмне үчүн уктап жаткан адам өлүп бара жатканын сезбей калат деген суроого мындай жооп берүүгө болот. Адамдын кан состабында гемоглобин ис газын кислородко караганда 250-300 эсе көп кабыл алып, кислороддун жетишсиздигинен адам өлөт.

Эгерде сен үйдө жалгыз болуп үйдө кичине өрт башталса ага одеял, кийиз, пальто жаап, кум чачып, суу куюп өз күчүң менен өчүрүүгө аракет кылып өрттү өчүр. Эгерде өрт өчпөсө 101 телефонуна звонит этип, башынды сууланган тряпка менен ороп тышка качып чык. Эгерде үйгө түтүн толуп кетсе энкейип же боортоктоп чыксан

түтүндүн таасири аз болот. Эгерде жогорку этажда жашасан тышка чыгууда лифти колдонсон, лифт көтөрүлө турган жерде түтүн өтө көп болот жана ысык температурадан лифт бузулуп, этаждын ортосунда токтоп калып думугуп өлөсүн. Ошондуктан лифтти колдонбой койгонун эле оң. Өрт башталганда дароо газды, светти өчүрүп, ваннаны суу менен толтурсаң өрттү өчүрүүгө пайдасы тиет. Эн негизгиси өзүндү жоготпой акылдуулук менен аракет жасап балкондон, терезеден секирбей, аман калуунун башка жолун изде.

Көпчүлүк адамдар жүрүүчү транспорттогу коопсуздуктар.

1-класста көпчүлүк адамдар жүрүүчү транспорттогу коопсуздук эрежесин өткөнбүз. Мына ушул материалдарды окуучулардын эсине салып, 2-класста жаны материалдарды түшүндүрүүгө өтөбүз. Түн ичинде жарык болбогон аялдамада күтпөй, жарык болгон жана адамдар бар аялдамадан күтсөң кырсыктан тышкары болосуң. Транспорт толтура болсо жанталашып эшике жабышып албай, кийинки транспортту күт же мектепке эртерээк чыккын. Эшиги жабылбаган транспортко отуруу өтө опуртмалдуу. Карангыда жүргүнчөлөр аз транспортко түшүп калсан айдоочуга жакын он жагына олтургун. Кокусунан кылмышкер сага тийишсе айдоочу сени көрүп тургандай болсун. Эгерде транспортто өрт чыкса авариялык эшикти ача турган кнопканы баскын. Кандайдыр бир себептер менен эшик ачылбаса терезени талкалап тышка чык. Пластик күйгөндө адамды ууктурган газ чыгып, адам чыдап тура албайт. Мындан сактануу үчүн озундү жана мурдунду жүз арчы менен жаап алгын.

Темир жол менен жүрүүдө платформанын четине турууга жана рельсага жана платформанын алдына секирүүгө тыю салынат. Темир жолдон өтүүдө коопсуздукту сактап электропоезд жок убакта уруксат этилген өткөөл аркылуу гана өткүн. Кечинде, түн ичинде электричканын биринчи вагонуна олтуруп, тамбурга турууга болбойт. Поезд жүрүп бара жатканда вагондорго өтүп жүрбөгүн.

3-4 класстын окуучуларына өмүр коопсуздугун окутуу концепциясы. Жол жүрүүдөгү коопсуздуктар.

Авторлар тарабынан 1-4 класстын окуучулары үчүн " жолдо жүрүү эрежеси" окуу китеби жазылып Кыргыз республикасынын билим берүү жана маданият министрлиги тарабынан жактырылып басмаканадан жакында жарык көрмөкчү. Ушул окуу китебинин айрым бир эрежелерине токтолуп өтөбүз. Жолдо жүрүүдө өмүрүндү сактоо үчүн сөзсүз жолдо жүрүү эрежесин сактоо керек. Көчөдөн өтүүдө адагенде сол жагынды карап көчөнүн ортосуна келгенде оң жагынды карагын. Көчөдөн «Жоо адамдар өтүүчү өткөөл» аркылуу

өтүп, эгерде ал жок болсо светофорду пайдаланып, анын жашыл жарыгы күйгөндө гана өтүү керек.Автомашина жок болсо да кызыл жарык күйгөндө такыр өтүүгө болбойт. Жашыл жарыкта өтүүгө жете албай калсаң жанталашып чуркабай жолдун ортосунда күтүп тургунуң. Транспорт өтүп кеткенден кийин жолунду улант. Жашыл жарык күйүп турганда деле сол жагынды карап кой, кокустан айдоочу жол эрежесин бузуп келе жатса сени уруп кетиши мүмкүн. Жашыл жарык күйүп өтүп бара жатканында сирена сигналы менен медициналык тез жардам, өрт өчүрүүчү машина өтсө аларга сөзсүз жол бергиниң. Ушундай укукка милициянын машинасы да ээ болот. Бул транспорттор кызыл жарыкта өтүп кетүү укугуна ээ. Жашыл жарыкты күтүүдө тротуардын четине турбагын. Кокусунан арттагы кишилер түртүп кетсе транспорттун алдына каласын. Жолдо атайын өткөөл жок болсо эки жагы ачык көрүнгөн жолдон, жакындап келе жаткан транспот жок экендигин билгенден кийин гана өткүн.

Эгерде транспорт (иномарка) катуу ылдамдык менен келе жатса күтө турганын эле он. Ал транспорттун сага чейинки аралыгы төрт столбанын аралыгынан кем болбосун. Машина акырын келе жатса үлгүрүп өтүп кетемин деп шашпагын анын артында катуу ылдамдык менен келе жаткан машина болсо сени уруп кетет. Транспорт өтө турган жолдо ойноого болбойт. Айрыкча кыш мезгилинде өтө коркунучтуу. Айдоочу машина тормоздосо деле тайгак жолдо тормоздук аралык чон болуп токтотууга үлгүрө албайт . Көпчүлүк түшкөн тронспорттун алдынан же артынан өтүү коркунучтуу. Андан көрө өзүнө жакын жөө адамдар өтүүчү өткөөл аркылуу өткүн.

Биздин өмүрүбүздүн коопсуздугу жолдо, көчөдө жол жүрүү эрежесин сактоого байланышкан. Айыл-кыштактардын, шаарлардын көчөлөрүндө жана жолдорундагы коопсуздук жөө адамдар менен транспорт үчүн жол жүрүүдөгү кыймылдын эрежелери менен камсыз кылынат. Айдоочулар жана жөө жүрүүчүлөр үчүн жолдо жүрүүнүн атайы эрежеси бар.

Машинага урунуп жарат алуу, авариярга учуроо жол кырсыгы деп аталат. Мындай кырсыктар кыш мезгилинде көбүрөөк болот. Анткени кышында көчөдө кар жана муз жатат. Жол тайгак болуп келе жаткан транспорт дароо токтой албайт. Светофор көчөдөгү кыймылды жөнгө салууга арналган электр куралы. Ал мезгили менен жарык фильтри аркылуу жашыл, сары, кызыл нурларды берет. Көчөдөн өтөрүндө светофордун нурун карап, жашыл нур күйгөндө гана өт. Кызыл нур токто дегенди билгизет. Сары нур "көңүл бургула" дегенди эскертет.

Эми светофор менен көчөдөгү кыймылды жөнгө салуучунун жасаган кыймыл аракет салыштырып көрөлү. Башкаруучунун бет мандай тарабынан түз өтүүгө болбойт. Бул светофордун кызыл нуруна туш келет. Таякты өйдө көтөрүүсү сары нурга туш келип "көңүл бургула" өтүүгө же токтоого камылгыла дегенди билгизет. Бул жагдайда кезектеги белгини күтүү керек. Эгерде башкаруучунун оң колу алдыга сунулса анын арт жагынан онго, солго өтүүгө болот. Эгерде башкаруучунун таягы айлана боюнча кыймыл жасаса бул машиналарды тез өткүн дегенди билгизет. Подъезден көчөгө чыкканда жана аркадан өтөөрдө кокусунан чыга калуучу транспорттон сактан. Шаардын сыртындагы чоң жолдо өтө сак бол, анда светофор же жолдо жүрүүнүн башкаруучу адам жок.

Суудагы коопсуздуктар. Суудагы болуучу ар кандай кырсыктар жөнүндө 1-класста алгачкы маалыматты бергенбиз. Суугa түшүп кете турган пристандын жээгине, көпүрөдө, тик ылдый суунун жээгине турбоо жана ал жерлерде ойнобоо керек. Эч убакта көлдүн, суунун сырын билбеген тааныш эмес жерге чумкубоо керек. Параход, моторлуу кайык жүрүүчү жерлерге жакын сүзүп барбоо, кайыктын чекесине туруп алып секирбөө, көлдүн үстүндөгү карагайга жана өзүң жасап алган сүзүп жүрүүчү каражатка олтурбоо, жел толтурулган матрац жана камера менен жээктен алыс сүзүп барбоо талап кылынат. Бул эрежени сактасан өлүмдөн, кырсыктан тышкары болосун. Суугa, көлгө түшкөн учурда сактануу эрежесин сактабасан сууга чөгүп өлөсүң.

Сууда чөгүү коркунучу пайда болсо өзүңдү жоготпой, дайны жок колуң менен чабалактай бербей тегерегинде адамдар болсо жардамга чакыргын. Адамдар жок болсо өз күчүнө ишенип аман калуунун жолун изде. Өзүңдүн энергиянды, күчүңдү сактап, өлчөмү менен дем алгын. Мүмкүн болушунча жээкке чыгууга аракет жасап, туура эс алуу жолун изде. Бул үчүн чалкандан жатып, колуңду эки жакка жана бутуңду сунуп, көзүңдү жаап, башыңды чалкалатып суугa салып, горизонттaлдуу абалда жатып эс алып алгын. Мындан башка суунун үстүндө дем алып, суунун ичине тизенди колун менен бүгүп, оозундагы абаны акырындык менен суугa чыгар. Тез суунун үстүнө чыгып дем алып, суунун ичинде абаны чыгар. Ушул эле операцияны бир нече жолу кайталасаң суунун үстүнө жана ичинде дем алуу ыкмасын тез эле үйрөнүп аласын. Ошентип сууда эс алууну үйрөнүп, кайра сууда сүзүп жээкке чыгып аласын.

Эгерде сен суугa чөгүп бараткан адамды көрсөң дароо айлана чөйрөндөгүлөрдүн көңүлүн бөлүп "адам чөгүп баратат" - деп катуу

кыйкырып, жакын жерде кайык же сактачуунун каражаттарын (жип, тегерек сактагыч, үйлөнгөн камера же матрац) менен чөгүп бара жаткан адамга жетип баруу керек. Андай мүмкүнчүлүк жок болсо кийминди дароо чечип, чөгүп бара жаткан адамдын артынан баруу керек. Чөгүп бара жаткан адам жанталашып сени кошо чөгөрүп ийбөөсү үчүн чөгүп бара жаткан адамдын чачынан тартуу керек.

Чөгүп бара жаткан адамга таяк, жип жетсе алар менен тартып алууга аракет жаса. Жабыркаган адам эс учун жоготпосо анын денесин сүрүп кургаткандан кийин кургак кийим кийгизип эс алдыруу керек. Ал адам эс учун жоготуп койсо дароо врачка киши жиберип, жасалма дем алдыруу жана жүрөккө түз эмес массаж жаса. Оозун тазалап, өпкөдөгү сууну кетирүү үчүн башын ылдый каратып белинен өйдө көтөрүп ичтеги сууну чыгаргандан кийин оозунан - оозго үйлө жолу менен жасалма дем алдыруу жасап, жүрөккө туз эмес массаж жаса. Адам өз алдынча дем ала баштаганда жасалма дем алдырууну токтот.

Муздагы коопсуздук. Кыш мезгилинде суулар, көлдөр, суу токтоткон жерлер тоңот. Тоңгон музда жаш өспүрүмдөр коньки тепкиси, хоккей ойногусу, балык кармагысы жана бир жээктен экинчи жээкке өткүсү келет. Мына ушул учурда муздун алдына түшүп кетип муздак сууда калуу коркунучу алдыда турат.

Калындыгы 5 см кем эмес муздар коркунучсуз. Эгерде көп балдар группасы менен өтсө муздун калындыгы 7 см ден кем болбосу керек. Чөп, камыш, бак өскөн, жээк, суу куйган жерлердин музу анчалык катуу тонбойт. Мындан башка муз эрий баштаганда анын катуулугу начарлай баштайт. Музда басаардан мурда адамдар өткөн изди карап же колуна катуу таяк алып муздун калындыгын текшерип, муздун бышыктыгына көзүң жеткенден кийин гана бутунду муздун үстүнөн өйдө албай жылмышып басуу керек. Музда лыжа менен өтсөң байлаган жиптерин чечип кой. Эгерде лыжадан ажырагың келсе аны бут менен оной тээп жибергендей болсун. Колунда рюкзагын болсо ийниңе илип алып, ичине 10 метрге жакын жип алып алсан кырсык болгон учурда анын чоң пайдасы тиет. Муздун калындыгын бут менен тээп текшерүүгө болбойт. Антип текшерүү муздун алдына түшүп кетүү коркунучун пайда кылат.

Кокусунан муз жарылып сууга түшүп кетсең өзүндү жоготпой, паникага берилбей ушул коркунучтуу ситуациядан чыгуу жолун издөө керек. Башкача айтканда канчалык коркунучтуу кыйынчылыкка туура келсең да өзүндү психологиялык коргонуу принцибин эске тутуп, эң ылайыктуу жолун таап, ошол боюнча аракет кылуу керек.

Психологиялык жактан даяр туруу жаратылыштын берген касиети болбостон ал күндөлүк эмгек, окуу, тренировка болуп саналат. Муздан сууга түшкөндө адам дароо чөкпөйт. Кийим суунун үстүндө чөкпөй турганга жардам берет. Ушул абалдан пайдаланып суунун үстүнө чыгууга болгон аракетинди жаса. Жараңка же кандайдыр бир таянычты кармап жарылбаган муздун үстүнө чыгуу жолун изде. Эгерде тегерегинде кишилер болсо муздун үстү боюнча боорун менен жылып сени жип, узун таяк менен тартып алгандай болсун. Куткарып алган адамынды тезинен жылуу жайга кийирип, суу болгон киймин чечип, кургак кийим кийгизгенден кийин ага ысык чай бергин.

Мал, жаныбарлар менен байланышкандагы коопсуздук. Жаныбарлар жапайы жана үй жаныбарлары болуп бөлүнөт. Адегенде үй жаныбарларына итке коопсуздук чараларына токтолуп, алар менен байланышуудагы коопсуздуктарды карайлы. Итке абайлабай мамиле кылуунун натыйжасында балдар аларга каптырып алган учурлар көп эле кездешип жүрөт. Куйругун шыйпандатып үрбөй турса бул ит мага тийбейт деген жыйынтыка келүүгө болбойт. Ушундай абалда туруп сени качырып салышы мүмкүн. Итке өзүндүн коркуп турганынды такыр билгизбей андан дароо качып жөнөбө. Ит тамактанып жатканда жакындап, тийбегин жана анын күчүктөрүн албагын. Үйрөтүлгөн иттер унчукпай туруп алыстыктан сага секирип келип кол салышы мүмкүн. Иттин ээсине жана анын өзүнө кол көтөрүп, колунду тез кыймылдытсаң ит сөзсүз сага асылат. Ээсин жетелеп келе жаткан итке жол берип андан алысыраак өткөнүң жакшы. Эгерде ит болбой эле сага жулунса катуу үн менен "Фу", "Стоять", "Сидеть" деген буйруктарды кыйкырсаң сага тийбейт. Иттин өтө сезгич органы анын мурду. Ошондуктан анын мурдуна кандайдыр бир нерсе тийсе ал ит дароо качат.

Кутурган ит адегенде тынчсызданып, караңгы жакка корголойт, дайынсыз үрүп кангыйт, көрүнгөндү кабат. Таш, топуракты кемирип, тамагынан суу өтпөй шилекейи куюлат. Акыры колу буту шал болуп өлөт. Мына ушул белгилер байкалган учурда ал итти дароо өлтүрүү керек. Кутурган итке каптырып врачка кайрылбасаң өлүм ашкерелейт. Кутурган ит малды капса алдагы кутурат.

Мышыктын куйругунан тартсаң тырмагы менен тытат же тиштейт. Мышыктын тытуусунан адамдын сокур болуп калган учурлары болгон. Мышык менен иттен котур, кутурма (бешенство) оорулары жугат. Кутурма ооруусу жапайы айбандардан түлкүдөн, үй айбандары иттен жугат. Кокусунан ит же мышык тиштеп алса, дароо

канды токтотууга аракет жасаба. Кандын агышы менен айбандардын шилекейи кошо чыгып жугуштуу ооруулардан сактайт. Жаракат алган жеринди таза суу менен жууп, йод же атыр менен сүрүп кой. Болгон кырсыкты ата-энеңе жашырбай айтып, врачка кайрылгын. Капкан иттин ээсинин адресин айтып, иттин сөзсүз кутургандыгын ветеринардык бөлүмдө текшерүү керек.

Жапайы жаныбарлардын катарына жылан кирип, ал чагып алса адамдын өмүрүнө зыян келтирет. Жылан уулу жана уулу эмес болуп бөлүнөт. Уулу жыланга гадюка, кобра уусуз эмесине сары жылан кирет. Жылан адамды көргөндө жашынууга жана качууга аракет жасайт. Эгерде жыландын жолун тозуп же басып алсаң ал чагат. Жыландан сактануу үчүн сейилдикке, экскурсияга чыкканда "жыландын уюгу, ордосу" бар экендигин жана чөйрөдө жыландын бар, жок экендигин жергиликтүү элден билүү ашыктык кылбайт. Талаага чыкканда өтүк кийип алгын. Жыланды көрсөң ага тийбей өтүп кеткин. Эгерде жылан үйгө кирсе, ата-бабаңдын ырымын колдонуп ага ак (сүт) чачкын. Кээ бир учурларда жылан адамдын өтүгүнүн ичине кирип жатып алат. Аны билер замат өтүктү өзүнөн алысыраак ыргытып жиберсең жылан өзү чыгып кетет. Эгерде гадюка сени көргөндөн кийин, тегерек шакечке түрүндө болуп калса ал сени чагууга камданып жаткандыгын билгизет. Бул учурда өтө сактык керек.

Кокусунан жылан чакса анын уусу организмге тарап кете элегинде канды чыгарып, чаккан жерди сооруу керек. Андан кийин марганцовканын аз раствору менен жуун тангандан кийин, көбүрөөк суу жана чай ичүү керек. Дароо врачка кайрылууну унутпагын. Аарыга чактырбоо үчүн анын уюгуна тийбөө керек.

3.5. Мектеп окуучуларын, студенттерди өмүр коопсуздугуна таалим-тарбия берүү, кырсыктарды эсепке алуу, изилдөө

Бардык студенттер, окуучулар, окутуучулар менен закондун жана мамлекеттик стандарттын ГОСТ 12.04-79 ССБТ "Иштегендерге эмгектин коопсуздугун окутууну уюштуруунун жалпы жоболорунун" негизинде эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы, өндүрүштүк жана өрт коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрүлөт.

Эмгекти коргоо эрежеси жөнүндө инструктаждын тартиби министерствонун, ведомствонун, профсоюздун Борбордук комитети менен бирге кабыл алган тармактык жобосу менен жөнгө салынат.

Окуу жайларында, ишканаларда, мурдагы СССРдин эл агартуу мекемелеринде жана уюмдарында инструкция өткөрүү жөнүндө көрсөтмөнүн негизинде инструкция төмөнкү түрдө жүргүзүлөт: баштапкы инструктаж, кайталанган мезгилдүү инструктаж, пландан тышкары жүргүзүлгөн инструктаж, курстук окуу, эмгекти коргоо эрежелерин, коопсуздук техникасын жана өндүрүштүк санитарияны массалык пропагандалоо иштери белгиленет.

Баштапкы инструктаж жаңыдан киришкен студент, окуучуга, жумушчу жана кызматкерге окуу өндүрүштүк шартта окуу жайында, ишканада оңой ориентир жасоого жардам берет.

Ал жаңыдан кирген жумушчуга эмгекти коргоонун жана коопсуздук техникасынын жалпы эрежелери, өндүрүштүк санитария, мекеменин ички тартип эрежелери, окуу жайынын территориясында өзүн алып жүрүү, өндүрүштүк травмалардын жалпы сыроолору, окуу жайында эмгекти коргоо боюнча иштерди уюштуруу менен таанышгыруу максатын коёт. Ал эмгекти коргоого жооп берген башкы инженер, коопсуздук техникасы боюнча инженер, кабинет жана кафедра башчысы, ишкананын башкы адиси тарабынан аңгемелекция катарында жумуш убагында жүргүзүлөт.

Баштапкы инструктаждын программасы жергиликтүү шартты жана уюмдун иштөө өзгөчөлүгүн, коопсуздук эмгектин стандарттык системасынын талабын эске алып түзүлөт.

Ал инструктаж атайын жасалган журналга жазылып, инструктаж алган студенттер жана жогорку класстын окуучулары, инструктажды берген кишинин колу коюлат.

Мектептин мугалими, жогорку окуу жайынын сабак берген окутуучусу же мастер, цехтин башчысы студенттер жана окуучулар менен жумушчу ордунда биринчи инструктажды өткөрүшөт. Конкреттүү атайын ишти аткарууда коопсуз иштөө жолу менен биринчи инструктажды тааныштырып, ар бир окуучу, студент менен өзүнчө аңгеме түрүндө инструктаж өткөрүп, машина жана анын механизмдеринин аткарган технологиялык процессин, коркунучтуу зонасын, сактоочу тосмолор, блокировка жана сигнал берүүчү системасын, иштөөгө даярдануу тартибин, коркунучтуу абал болуп калса жасоочу аракетин, сактануунун өзүнчө каражаттарын колдонуунун, электр кокустугунда өрттөн сактануу жолдорун, өрт өчүргүчтү пайдалануу ыктарын жана анын жайлашкан жерлерин толук айтып берет.

Жумушчу орунда инструктаж берүүдө аткарылуучу ишти өзү жасап көрсөтөт. Иштөөчү адам адистигинин өзгөчөлүгү жана

өндүрүштөгү жергиликтүү шарты менен эмгек коопсуздугунун стандарттык системасынын ССБТ талабы менен таанышкандан кийин инструкциянын көчүрмөсүн бергендиги жөнүндө кол койдуруп, колуна берет.

Инструкция берген мугалим мастер үйрөнүүчүнүн билимин текшерип, эмгекти коргоо талабын толук өздөштүргөнүнө көзү жеткен учурда, журналга толтуруп кол койдургандан кийин гана өз алдынча иштөөгө уруксат берет.

Экинчи жолу мезгилдүү инструктажды жумуш ордунда жүргүзгөн инструктаждын көлөмүндөгү материал боюнча мурдагы өткөндүр менен жүргүзүлөт. Ал эмгекти коргоо боюнча алган билимдерин бышыктоо, унутулгандарын эстөө жана коопсуз иштөө ыктарына үйрөнүү максатын коёт. Бул иш группа менен, жекече жүргүзүлүп, инструкция алгандардын өздөштүрүүсүн суроо аркылуу тактоо менен аяктайт.

Мезгили менен жүргүзүлгөн инструктажды мекеменин жетекчиси белгилейт. Анын мөөнөтү жарым жылдан ашпоосу керек. Ден соолукка зыяндуу шартта иштеген учурда, мисалы, радиоактивдүү заттар жана окуу цехтеринде ал көбүрөөк жүргүзүлөт.

Кандайдыр бир кокустук болгондо жана эмгекти коргоо эрежеси өзгөргөндө экинчи инструктаж деп аталып, анын өзгөрүү себеби журналга белгиленет.

Коркунучтуу ишти аткарган учурда кезектеги инструктаж өткөрүлүп, ал жөнүндө наряд-допуск жазылат.

Ар кандай дисциплиналарды окуткан учурда ар бир сабактын мугалими, мастери жана цехтин башчысы ишти коопсуз аткаруу үчүн күндүк инструктаж өткөрүлөт. Күндүк инструктажды так жана кыска өткөрүп, мугалим өзү туура аткаруу жолун көрсөтүп, ал журналга толтурулбайт. Ар бир ишти коркунучсуз аткаруу жолу лабораториялык иштин методикалык көрсөтмөсүндө тиркелет.

Окуу жайынын, мекеменин, ишкананын жана чарбанын администрациясы инструкцияны сапаттуу өткөрүүгө дайыма көзөмөл жүргүзүп, аларды жүргүзүүгө зарыл болгон методикалык сунуштарды берет. Административдик-техникалык персоналдар инструкциянын бардык түрлөрүн жана эрежелерин аткарбагандыгы үчүн жооп беришет.

Мурдагы СССРдин агартуу Министерствосунун 08.12.1986-ж. N241 буйругу жана 19.06.1975-ж. № 37-М107.14 инструктивдик катынын негизинде мектептин инспекторуна, мекеменин жетекчиси жана орун басарына, эмгек, химия, физика, биология, дене тарбия

мугалимдерине, лабораториянын, жаш техник кружогунун, пионер уюмун башчыларына 12 сааттык программа менен эмгекти коргоо боюнча сабак өткөрүп аларды аттестациялоо иштери жүргүзүлөт. Программада эмгекти коргоо боюнча укуктук маселелер, коопсуздук техникасынын талаптары жана мектеп имаратына коюлган талаптар жана нормалар, окуучулардын кокустук алуу себептерин, электр коопсуздугунун талаптары, коргонуунун жекече каражаттары, өрттөн сактануу боюнча техникалык жана уюштуруучулук иштер, эмгекти коргоо боюнча көзөмөлдүк жана жоопкерчилик жөнүндө суроолор каралат.

Татаал техниканы, буу казанын, чоң басымдагы аппарат, жүк көтөрүүчү механизм, электрдик установкаларды башкаруу үчүн атайын программа менен курстук окуудан аттестациядан өтүп, квалификациялуу комиссия экзамен алышат. Мектептин от жагуу ишине ушундай курстан өткөн, күбөлүгү бар адамдар гана иштей алышат. Бул курста окуу мөөнөтү 1,5-2 айга чейин созулат. Ошондуктан мектептин жетекчиси кочегар жөнүндө камкордукту жай айларында ойлонушпаса, от жагуу мезгилинде кыйынчылыкка учурашы мүмкүн.

Инструктаж өткөрүүгө жана коопсуз методдорду пропагандалоого эмгекти коргоо кабинети чоң жардам берет. Ал эмгектин коопсуз талаптарын көпчүлүккө пропагандалоого чакырылган агитацияны кеңири колдонуу керек.

Көп тираждуу жана кереге гезитине эмгекти коргоо маселелерин чагылдырып, эмгекти коргоо эрежесин бузгандарды убагында көрсөтүү чоң натыйжаларды берет.

Өндүрүштөгү жана агартуу мекемелериндеги кырсыктарды эсепке алуу жана изилдөө. Эмгектенүү убагында коопсуздук техниканы сактабагандыктан кандайдыр бир өндүрүштүн коркунучтуу факторунун натыйжасында майып болуу жана организмдин туура иштөө функциясынын бузулушу өндүрүштүк травма деп аталат.

Өндүрүштүк травма майып болуу мүнөзү боюнча: механикалык оорутуу, кесүү, ткандын үзүлүшү, сынуу; термикалык ысыктыкка урунуу, күйүү, үшүккө алдыруу; химиялык күйүү, көбүрөөк өткүр ууланууу; электрдик күйүү, ткандардын үзүлүшү ж.б.; нурдук, тканды майып кылуу, кандын составын өзгөртүү; комбинацияланган бир нече травм болуп бөлүнөт.

Өндүрүштөгү кырсыкты изилдөө анын себебин таап, экинчи мындай кырсыкты болтурбоо үчүн иш чараларды иштеп чыгуу болуп саналат.

Кокустукту текшерүү кырсык болгондон кийин 24 сааттын ичинде аткарылышы керек. Жогорудагы көрсөтүлгөн уюмдардын катышуусу менен кокустук жөнүндө 4 нускада акт түзүлүп, бир нускасы өндүрүштөгү кокустук болгон цехке, экинчиси профсоюз уюмуна, үчүнчүсү тармактык профсоюздун борбордук комитетинин коопсуздук техникасы боюнча инспекторуна, төртүнчүсү жабыркаган адамга дарылануу үчүн берилет. Бул акт негизги документтерден болуп, өндүрүштүк травманын себебин тактоого, жабыркаган адамдын убактылуу жумушка жөндөмдүүлүгүн жоготкондугуна байланыштуу эмгек акы алуучу документ катарында эсептелет, ал 45 жылга чейин сакталат.(Н-1 актысы)

Мектептерде жана агартуу мекемелеринде өндүрүштүк майып болууну изилдөө жана эсепке алуу өндүрүштөгүгө караганда бир аз айырмаланат.

Мурдагы СССРдин агартуу министерствосу ВЦСПСтин жана СССРдин саламаттыкты сактоо министерствосунун макулдугу боюнча орто мектептин окуучулары, мектепке чейинки тарбия үйүндөгүлөр жана окуу тарбия берүүчү окуу жайынын системасындагы мекемелерде окуу жана өндүрүштө иштеген учурундагы алган кокустукту изилдөө боюнча 28.09.1987-ж. № 178 буйругун жарыялады.

Окуучулар жана тарбияланууучулар кокустукка учураган жана травма алганда сөзсүз изилденүүчү учурлар төмөнкүлөр:

1. Сабак өткөндө, спорт, кружок жана окуу планы боюнча ишти жүргүзгөндө, алардын ортосундагы танаписте, ошондой эле класстан жана мектептен тышкаркы иштерди жүргүзгөндө, ал иш мектептин территориясынан тышкары жүргүзүлгөндүгүнө карабастан текшерүү;

2. Мугалимдин, тарбиячынын, класс жетекчинин, воспруктун же болбосо окуу жайынын жетекчисинин буйругу боюнча майрам күндөрүндө, каникул убактысында жана дем алыш күндөрүндө класстан жана мектептен тышкаркы иштерди жүргүзгөн учурда жана окуу планы боюнча кесипке байланыштуу эмгекте, өндүрүштүк бригадада иштеген учурда кокустук алганда атайын форма боюнча акт 3 нускада түзүлүп 65 жылга чейин сакталат.(ДН-1 актысы)

Мектептерде болгон травманы жана ар кандай кырсыктарды анализдөөдө алар көбүнчө мектепти жылытуучу казандын туура эмес эксплуатацияланышы, элге билим берүү органы тарабынан жетишээрлик көзөмөлдүн, класста, кабинетте, өнөрканада эмгектин коопсуздук шартынын жоктугу, дене тарбия сабагында, коомдук пайдалуу өндүрүмдүү эмгекти аткарууда, окуу-педагогикалык

персоналдын эмгек жана өндүрүш тартибин бузуу сыяктуу себептерден улам болооорун көрсөтөт.

Окуучулар жол-транспорт кырсыгында, өрттө, сууга түшүүдө, ылайыкталбаган транспортто ташууда травма алышат.

ГОСТ 12.0.003-74 стандарты боюнча өндүрүштүн зыяндуу жана коркунучтуу фактору өзүнүн жаратылышы боюнча төмөнкү группаларга бөлүнөт: Физикалык, химиялык, биологиялык жана психофизиологиялык.

Физикалык фактордун группасына: машина жана механизмдин жана алардын тосулбаган корголбогон кыймылдуу бөлүгү, жумушчу зонанын газ жана газ аралашкан абасынын жогору бөлүшү, бөлмөнүн температурасынын өтө муздак же ысык болушу, ызы-чуу жана титирөө, инфра үн жана иондоштуруучу жана электромагниттик нурлар, статикалык электричество, ультра кызыл жана инфракызыл нурлар, чынжырдагы чоң чыналуу жана электр, магнит талаасынын чоң мааниси, жарыктаныштын нормадан башка болушу кирет.

Адамдын организмине зыян жана коркунучтуу таасир этүүсү боюнча химиялык группаларга: жалпы ууландыргыч, дүүлүктүрүүчү, клеткалардын жана ткандардын сезгичтигинин жогорулашы, организмге жаңы биологиялык белгинин жана касиетинин пайда болушу кирет. Булар адамдын денесине дем алуу, аш сиңиртүү органдары, теринин үстүнкү катмары аркылуу өтүшөт.

Биологиялык коркунучтуу жана зыян факторлорго микро жана макроорганизмдерге таасир этүүчү бактерия, жугуштуу ооруну козгоочу микроб, вирус, өсүмдүктөр, айбанаттар ж.б. кирет.

Психологиялык коркунучтуу жана зыян факторлор адамдын физикалык жана нерв-психика жактан чарчашы, ашык иштеши болуп бөлүнөт. Физикалык жактан эмгектенүүгө статикалык тынч туруп, динамикалык дайыма өзгөрүп туруп иштөө жана гиподинамикалык эмгек нормасынан көп иштөөлөр кирет, нерв-психика жактан ашык эмгектенүүгө акыл эмгек жагынан чарчоо, бир түрдүү кәңүлсүз эмгек, эммоционалдык сезимдер кирет.

Өндүрүштүк шарттарда зыяндуу жана коркунучтуу иштердин жыйындысы таасир этет.

Травма берүүчү фактор менен кырсыкка алып келүүчү себепти ажырата билүү зарыл. Травма фактору түздөн-түз травманы пайда кылат, ал эми кырсыктын себеби эмгекти коргоо боюнча эреженин же инструкциянын, стандарттын бузулушунан болот. Кырсык ар кандай себептин натыйжасында болушу мумкун: техникалык, санитардык-гигиеналык, уюштуруучулук, психологиялык жана

физиологиялык, жекече сактануунун каражаттарынын жоктугунан, атайын кийим жана бут кийим, көз айнек ж.б. жекече каражатка кайдигер мамиле кылуудан.

Өндүрүштүк кырсык төмөнкү себептен болот: Машинанын жана анын тетиктеринин бузук болушунан, технологиялык процесстин өркүндөтүлбөгөнүнөн, коркунучтуу участокто тосмо коюлбаганынан, анын туура иштебишинен улам келип чыккан кырсык техникалык кокустук деп аталат.

Убагында өз деңгээлинде техникалык коопсуздук эрежесин өткөрбөө же аны туура аткарбоо, эмкектенүү жана эс алуу режимин бузуу, ошондой эле техникалык көзөмөлдөөнүн дайыма болбогондугу административтик-уюштуруучулук кемчиликтер деп айтылат.

Жумушчу ордун туура уюштурбоо, таза сактабоо, андагы жетишсиз жарык, желдетүү, жылуулук жана нормадан ашкере ызы-чуу менен термелүү кырсыктын санитардык-гигиеникалык себептеринин негизин түзөт.

Иш убагында чарчоо, ар кандай эскертүүчү сигналдарга көңүл бурбоо, ошондой эле иш учурунда же мурда ичимдик ичүү психологиялык-физиологиялык себептерге кирет. Өндүрүштөгү, жол жүрүүдөгү болуп жаткан кырсыктын көбүрөөк бөлүктөрү ичимдиктин кесепетинен болгондугун далилдеп отуруунун зарылчылыгы жок экендигин турмуш өзү эле ырастап жатат.

Мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында студенттер жана окуучулар өнөрканаларда лабороторияларда иштеген учурда кездешүүчү кокустуктарды эки топко бөлүүгө болот.

1. Окуучу же студенттин күнөөсүнөн улам болгон кокустук. Бул болсо мектептин жана жогорку окуу жайынын администрациясы тарабынан окуучуларга жана студенттерге жетиштүү деңгээлде коопсуздук техникасы боюнча иш жүргүзбөгөндүктөн же жетишсиз контролдоонун натыйжасында болот. Ошондой эле медициналык кароодон жана техникалык коопсуздук боюнча инструктаждын өтпөгөн окуучулар же студенттер сабакка кирип кетиши мүмкүн. Мектептин директору тарабынан санитардык норманы жана иштин режимин, эс алуу убактысын бузган учурда кокустук болот. Мындан тышкары студент же окуучу иштеп жаткан участкада коркунучтуу тосмонун, эскертүүчү сигнализациянын жоктугунан улам кырсыкка учурайт.

2. Эгерде окуучу же студент өнөрканада, лабораторияда иштеп жатканда ал участокту таштап кетсе, устаттын, мугалимдин көрсөтүүсүн так аткарбаса, ал кырсыкка учурашы ыктымал. Окуучу

же студенттин ден соолугу начар болуп турса, аны иштетүүгө болбойт. Ооруу акырындык менен өнүгө турган дарт. Иондоштурулган нур менен иштеген адамдарда акырындык менен кандын составы бузулуп, нур оорусун пайда кылат. Бул оорунун алдын алуу үчүн биринчиден, кыскартылган жумушчу күнү жана кошумча отпуска берүү закондо каралган. Участоктун зыяндуулугуна жараша атайы тамак-аш, сүт берилет. Ошондой эле ушул участокто иштеген адамдар ишке кирерден мурда врач белгилеген баа, Жогорку окуу жайларында кырсыктын алдын алуу, эскертүү дегенибиз эмгекти коргоо боюнча төрт баскычтуу административдик-коомдук көзөмөл жүргүзүү болуп эсептелет.

Биринчи баскычта-лабораториянын башчысы, мастер, профактивдер; экинчиде-кафедра, илим изилдөө секторунун башчысы, үчүнчүдө-декан, башкы механик, энергетик, факультеттин эмгекти коргоо боюнча коомдук инспектору; төртүнчүдө-проректорлор, профком башчысы, эмгекти коргоонун инженери тейлейт жана текшерет. Мектепте мугалим, лаборатория же өнөркана башчысы, директор болуп уч баскычтуу эмгекти коргоо иштери жүргүзүлөт. Инструктаж берүү, жабдууларды мезгили менен кароо, жердештирүүнү жана өткөргүчтүн изоляциясынын бышыктыгын текшерүү боюнча журнал толтурулат. Коргоонуу жабдууларын, куралдарды, приборлорду сыноо боюнча акт түзүлөт. Өнөркана, лабораториядагы жабдууларды туура жайгаштырылат. Станоктун жабдуу жана механизимдерин сыноо боюнча техникалык документ түзүлүп, коркунучтуу жери кызыл боёк менен сырдалат.

Коркунучтуу зоналарга, жогорку чыңалууга, станоктун айлануучу илгичтерине тосмо коюлат.

Авариялык учурда автоматтык ,сигналдык түзүлүштөрдү иштетет. Коркунучтуу ишти эскертүүчү белгилер даярдалат жана колдонулат.

Өндүрүштө иштеген учурда ооруп калбас үчүн төмөнкүдөй чаралар көрүлөт: Кызматка кирген учурда жана мезгили менен мугалимдерди, лаборант, мастерлерди, студенттерди, окуучуларды медициналык кароодон өткөрүшөт.

Жумушчу жана жашаган орундарды санитариянын эрежесинин талабында кароо, убагында имаратты жана жабдууларды ремонттон өткөрүү, эмгекти коргоо боюнча кабинет, бурч уюштуруп, алар керектүү демонстрациялык аппаратты, көрсөтмө куралды даярдап, убагында көрсөтмө уюштуруу иштери жүргүзүлөт.

Медпунктун ишин жакшыртуу, ысы-чуу, титирөөнү азайтуу үчүн кошумча жабдууларды колдонуп, шамалдаткычты туура иштетүү, жалпы эмгек шартын жакшыртуу боюнча көрүлүүчү чаралар болгон эмгектеги оор процессти жеңилдетүү үчүн автоматизация жана механизацияны кийирүү иштери каралат.

Жаратылыштагы жана жасалма жарыктанышты жакшыртуу жарык жетишпеген жерге кошумча булак коюу, жарык өчүп калганда жарык бере турган булакты камсыз кылуу, бөлмөнүн нормалдуу жылуулугуна көңүл буруу, жетишээрлик жылуулукка кошумча чара көрүү да шексиз маанилүү.

Тамактануучу, кийим жуучу жайларды атайын жана бут кийимди ремонттоону, суу берүүчү установканы жана эс алуу комнаталарын уюштуруу керек.

Физкультуралык-ден соолукту чыңдоочу аянтчаларды куруу жана жабдуу, өндүрүштүк гимнастика үчүн шарт түзүү зарыл болот.

Коопсуздук техникасы жана өндүрүштүк санитария боюнча инструкцияны камсыз кылуу да маанилүү иш болуп саналат.

Эмгекти коргоо боюнча окуу уюштуруу жана алардын билимин убагында текшерүү бул иштердин маанилүү бөлүмүн түзөт.

Жалпы санитариялык чараларга: эмгектин жана эс алуунун рационалдуу режимин түзүү кирет. Мугалимдерди, студенттерди, окуучуларды медициналык жактан карап, курорттук саноториялык дарылоону уюштуруу да керек. Санитардык-тиричилик бөлмөсүн жабдып, аларды самын жана жучуу каражаттар менен дарылоочу-профилактикалоочу, тамак жана сүт менен камсыз кылуу.

Жумушчу орунун аптечка менен жабдуу иштерин да унутууга болбойт. Мындан тышкары жекече сактоочу чаралар жүргүзүлөт. Аларга төмөнкүлөр кирет:

-Ден-соолукка зыяндуу шартта эмгектенгендер, ысык жана ыплас жерде иштегендер атайын кийим, бут кийим жана сактануунун башка каражаттары менен камсыз кылынат.

-Кызмат ордунда иштегендердин баары коопсуздук техникасы боюнча инстукция жана эсептегич менен камсыз кылынат. Өндүрүштө иштегендерге коопсуздук техникасы боюнча жекече окуу уюштурулуп, экзамен алынып, иштөө укугу үчүн атайын күбөлүк берилет .

-Эмгекти коргоо боюнча инструктаж, ангеме, лекция өткөрүлөт.

-Жумушчу ордун коопсуздук эмгек боюнча плакат менен жабдылат.-Кесипке байланыштуу ооруну болтурбоо үчүн бир кыйла техникалык уюштуруучулук, жумушчу ордунда шарт түзүү иштери

жүргүзүлөт. Буга имаратты ушул шартка карата долборлоо жана куруу; ууландыруучу затты жана чаңды жоюу; өндүрүштөгү ызы-чуу жана титирөөнү азайтуу; жетиштүү жарыкты камсыз кылуу; сактануунун жекече каражаттарына көз айнек, атайын кийим, респиратор, бут кийим колдонуу иштери кирет.

Эмгекти коргоонун талабын пропагандалоонун максаты-окуу-тарбия процессинде коопсуздук каражаттарын кийирүү, ар бир жумушчу орунунда коопсуз жана өндүрүмдүү эмгек шартын түзүү болуп саналат.

Бул үчүн коопсуздук техникасы боюнча инстукция жана эскертмени түзүп, алар үчүн плакаттарды, эскертүүчү жазууларды колдонуп, эмгекти коргоо боюнча кабинет же бурчту уюштурушат. Бул иштин таасирдүүлүгү мугалимдин билимине жана аракетине көз каранды болот.

Инструкция жана эскерме эки түрдө болот: бирөө окуучулардын колуна берүүгө, экинчиси жумушчу ордунда тааныштыруурга арналган. Мында коопсуздук техникасы жана эмгектенүүнүн эрежеси кыска жазылып, ар бир адис үчүн аткарыла турган жумуш ачык көрсөтүлөт.

Сабак берген мугалим дубалга илинүүчү коопсуздук эрежесин түзүп, ар бир жумушчу ордуна илип коёт.

Плакаттагы жазуунун сүрөттөлүшүнүн мүнөзү боюнча уруксаат өтпөөчү, эскертүүчү, буйручуу жана көрсөтүүчү деп бөлүнөт.

Окуу мастерскойунда, цехте, окуу жайынын коридорунда коопсуздук белгилери жана эскертүүчү жазуулар кеңири колдонулат. Алардын бир нече группасы бар эскертүүчү"сак бол электрдик ток"; уруксат этпөөчү "тамеки тартпа"; буйруучу "көз айнек менен иште"; көрсөтүүчү"складга кирүү","өрт өчүргүч".

Жазуунун тексти өтө кыска, ишендиргендей болуп, алыстан окулушу керек. Иштин шарты өзгөрүлсө жана коркунучтуу шарт болбосо аны алмаштырып же алып салуу керек. Агартуу мекемелеринде эмгекти коргоо боюнча башкы уюштууруучу борбор эмгекти коргоо кабинети болуп саналат. Бул өндүү кабинеттер мекеменин көп ишканасында, окуу жайларда, мекемелерде, курулуш уюмдарында, түзүлөт. Педагогикалык институтта, университетте мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунда ушул сыяктуу кабинеттер түзүлүп, кээ бир тажрыйбалар топтолот.

Мектептин өнөрканасында, эмгек жана эс алуу пионер лагеринде, студенттик курулуш отрядында эмгекти коргоо боюнча бурч түзүлөт.

Бул кабинет эмгекти коргоо боюнча окуу жана инструктаж жүргүзүүгө; жумуштун коопсуз шартын пропагандалоого; мектептин, училищанын мугалимдерине жана кызматчыларына методикалык консультация берүүгө, коркунучсуз иштин шартын түзүүгө чакырылган.

Эмгекти коргоо кабинетинде эмгекти коргоодон башка предметен сабак өтүүгө болот.

Кабинетте өз алдынча үч бөлүк жабдууну сунуш кылууга болот: окуу, маалымат-методикалык, көрсөтмө.

Окуу бөлүгү инструктаж өткөрүүгө, эмгекти коргоо жана коопсуздук техника боюнча билимди текшерүүгө, эмгекти коргоо боюнча окуу-педагогикалык персоналдын квалификациясын жогорулатууга, коомдук инспектор жана профсоюздук активи менен сабак өтүүгө арналган.

Справка-методикалык бөлүмүндө ар бир иштин түрү боюнча инструктажды түзүүгө жардам берүүчү методикалык көрсөтмөлөр эмгекти коргоо боюнча справка, информация, демонстрациялык материал жайланышат.


Травманы азайтуу үчүн алдынкы тажрыйбалар, коркунучсуз иштөө жолдору, коопсуздук техникасынын ыкмалары көрсөтмө залында болот.

СНиП "92-76" «Кошумча имараттар жана жайланыштыруу.» эрежесинин негизинде кабинеттин аянты окугандардын санына 24 м. кв. 1000 киши, 48 м.кв. 1000 ден 3000 чейин жараша болот.

Кабинетте ашык буюмдар болбой, шкаф, мебель кабинеттин талабын канагаттандырып окутуунун техникалык каражаттары менен толукталат.

Кабинеттин жабдылышы жана жасалгалары жайгаштыруу 10-сүрөттө көрсөтүлгөн.

Кабинеттин ишин бир жылга же 6 айга пландаштырат. Кабинетти ишине жооп берүүчү адам, завуч же мугалим план түзөт. Иштин коопсуз методдорун окутууну уюштурат, эмгекти коргоо, алдынкы тажрыйбаны жайылтуу чараларын жүргүзөт, кабинеттин ишин жакшыртуу жана жабдуу боюнча өз планда кабинетти жабдууга жана уюштурууга кеткен чыгым "эмгекти коргоо кабинети боюнча чаралардын номенклатурасына"туура келүү керек.



10-сүрөт. Өмүр коопсуздугу кабинетинде анын конфигура-циясына жараша жабдууларды жайлаштыруу.

Эмгекти коргоо кабинетинде анын конфигурациясына жараша жабдууларды жайгаштыруу. а) квадраттык, б) тик бурчтуу, 1-окуу доскасы, 2-дубалдагы экран, 3-плакатты сактоо үчүн кассета, 4-мугалимдин стулу, 5-жазуу столу, 6-китеп шкафы, 7-дерманттин рулонуна клейленген плакаттарды демонстрация кылуу үчүн кыймылдоочу установка, 8-окуучулардын орду, 9-кинопроектор менен экидоскопту ташып жүрүүчү столчо, 10, 11 коопсуздук техникасынын талабына жооп бербеген аспаптар жана жабдуулардын стенд витринасы.

Эмгекти коргоо кабинетинен башка окуу кабинеттеринде, өнөрканада, окуу цехинде эмгекти коргоо бурчу уюштурулат. Аларды плакат үчүн демонстрациялык щит, стенд, кулактандыруу, информация, сатиралык баракча жана эмгекти коргоо боюнча адабияттар, инструкциялар жана эскертмелер жайлануучу текчелер менен жабдышат.

Травматизм менен күрөшүүдө эмгекти коргоонун массалык-агитациялык иштери чоң мааниге ээ болот: эмгекти коргоо абалын көпчүлүккө койгон көргөзмөсүн, конкурсун, лекция, аңгеме, кенешме, массалык рейд, өз ара текшерүү, изилдөө, экскурсия ж.б. иштерди окуучулар өздөрү даярдаса андан бетер жакшы болот.

IV. Глава. ОКУУ КАБИНЕТТЕРИНДЕ ЖАНА ӨНӨРКАНАЛАРДА ӨМҮР КОПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ

4.1. Окуу имаратындагы микроклиматтын параметрлери, нурдун таасирлери жана кабинетте ден соолукка нормалдуу шарт түзүү

Адам баласынын ден соолугуна, эмгектин өндүрүмдүүлүгүнө бөлмөнүн микроклиматы, метеорологиялык шарт, башкача айтканда температура, абанын басымы, зор таасир берет.

Кургак атмосфералык абанын составында 78.08 процент азот, 20.95 процент кычкылтек, 0.94 процент аргон жана башка газдар бар.

Кычкылтек адамдын жашоосундагы эң керектүү зат болуп эсептелет. Адам дем алганда кычкылтек кирип, дем чыгарганда көмүр кычкыл кислотасы бөлүнүп чыгат. Кычкылтектин азайышы, көмүр кычкыл кислотасынын көбөйүшү адамдын иш жөндөмдүүлүгүн төмөндөтөт. Дем чыгарган учурда өпкөдөн веналык кан көмүр кычкыл кислотасынан бошонуп, кычкылтекке каныгат. Газ алмашуу атмосфералык басымга жакын болгон учурда гана нормалдуу болот.

Азот физиологиялык жактан зыянсыз газ. Көмүр кычкыл газы өтө зыяндуу газ жана улуу болгондуктан ири [illegible] кирип, анын составын өзгөртөт. Абанын составында жогоркулардан башка суу буусу, чаң жана башка кошундулар бар.

Адамдын иш жөндөмдүүлүгүнө жана ден соолугунун нормалдуу болушуна бөлмөнүн температурасы өз таасирин тийгизет. Эгерде анын температурасы 22 градустан жогору болсо, денеден тер чыгып, адам шалдырап, өндүрүмдүү иштөөсү начарлайт. Тер менен кошо денедеги туздар да чыгат. Аны толуктоо үчүн, маселен, металлургиялык ысык цехте иштеген адамдарга газдалган сууга бир аз туз кошуп беришет. Жогорку температурада кан тамырлары кенейип, ал эми төмөнкү температурада кан тамырлары кысылат.

Мына ушуга байланыштуу өндүрүштүк имаратта 13 С градустан кем эмес, окуу жайынын, класс, кабинет, лабораторияларында 16-20 С дан кем эмес, гимнастикалык залда, коридордо, вестибюлда 14-16 С санитардык норманы белгилешет.

Адам баласына абанын салыштырма нымдуулугу өз таасирин тийгизет. Санитардык норма боюнча окуу имаратында 40-60 процент ал эми күндүн ысык мезгилинде 75% салыштырма нымдуулук болушу керек.

Чөйрөдөгү абанын кыймылынын адамга тийгизген таасири да эске алынат. Санитардык нормасына ушул параметрди аныктайт.

Окуу жайларында жана өндүрүштүк имараттарда абанын орточо ылдамдыгы суук мезгилде жана мезгил алмашканда 0.2-0.5 м/с, ал эми жылуу мезгилде 0.5-1.5 м/с болушу керек. Абанын агымын адам баласы 0.15 м/с ылдамдыктан баштап сезе баштайт.

Металлды, жыгачты, пластмассаны жана башка материалдарды иштеткенде, технологиялык процесстерде, химиялык реакцияда газ, буу, чаң бөлүнүп натыйжада, окуу жана өндүрүштүк имараттар, бөлмөлөр булганат. Булганган чөйрө ошол эттин жаратылышына жараша уулу жана уулу эмес болуп бөлүнөт. Уулу токсикалык заттар организмдин тиричилик аракетин бузуп, убактылуу жана өнөкөт патологиялык өзгөрүүнү пайда кылат. Мындай заттар менен окуучуларды такыр иштетүүгө болбойт. Бирок уулу эмес заттар да көп убакытка адамга таасир этсе, же алардын концентрациясы чоң болсо өпкө, тери оорусун пайда кылат.

Организмдин нормалдуу шарттан чыгышы заттын организмге өткөн жолуна, өлчөмүнө, убакытка, концентрациясына, эрүүчүлүгүнө, атмосфералык басымга, температурага, организмдин абалына көз каранды болот.

Организмге көп сандагы доза өтсө, уугуп калуу күтүлбөстөн болуп, мындай ууланууу тез ууланууу деп аталат. Аны өндүрүштүк травма катарында изилдөө керек. Ушул заттардын таасири акырындык менен кесипке байланыштуу ооруну пайда кылышы мүмкүн.

Зыяндуу заттар организмге дем алуу, тамактануу органы жана теринин үстүнкү катмары аркылуу өтөт. Заттардын ууландыруусу заттын өзүнөн эмес организмге өткөн продуктыларынын иштелишинен болот.

Эмгек сабагын окутууда электр кандоосу, бүркүү аркылуу сырдоо, металл менен каптоо, деталдарды куюу жана термообработка, кулинардык, ичинен күйүүчү кыймылдаткычтарды сыноо жана иштетүү, клейди кайнатуу, электр мешинде ысытуу, наждачный кругда иштеген учурда окуучуларга ууландыруучу таасирин тийгизет.

Жогорку концентрациядагы ууландыруучу заттар автомобиль жана трактор иштегенде бөлүнүп чыккан газдарда, таш көмүр толук күйбөгөн учурда бөлүнүп чыккан ис газында, семирткичтерди чачканда болот.

Гаражда, окуу өнөрканада, мал чарба чарбасынын имараттарында көп өлчөмдөгү газдар, буулар, жана чаңдар чогулуп калып, алар адамдын организмине зыяндуу таасирин тийгизет.

Абанын температурасы жогорулаган сайын уулу газдардын организмине өтүүсү күчөйт.Бул учурда адамдын кан тамырлары кеңейип тердейт, дем алуусу көбөйүп, уунун организмге өтүүсү тездейт. Мындан сырткары жогорку температура заттын бууланууусуна көмөкчү болот.

Атмосфера абасы менен кошулганда ууландыруучу газдарга: көмүр кычкылынын окиси ууландыруучу газ, сероводород, аммиак, автомобиль жана трактордуиштеткенде бөлүнгөн газдар кирет.

Ис газы-көмүр кычкылынын окиси химиялык формуласы CO .

Көмүр же көмүртектүү газдар күйүп, кычкылтек жетишпей калса ууландыруучу ис газы пайда болот. Ис газы мештин түтүн чыгаруучу морун жаап койгондо, таш көмүр күйгөн учурда кычкылтектин жетишсиздигинен көмүр толугу менен күйүп бүтпөгөн учурда бөлүнүп чыгат. Кышында үйдү жылуу кармоо максатында таш көмүр толук күйүп бүтө электе эле морун жаап коюунун натыйжасында адамдар өлүмгө учураган учурлар аз эмес. Себеби, сыртка чыга албаган ис мештин оозу же жаранкаларынан бөлмөгө тарап, акырындап, өпкө аркылуу дем алганда кандын гемоглобинине кошулат. Кандын гемоглобини ис газын адамдын бардык ткандарына таратып, аны ууландыра баштайт. Анткени, ис газы кычкылтекке караганда кандын гемоглобини менен 200-250 эсе тез кошулуп, кычкылтектин кошулушуна жолтоо кылат.

Эгерде ис газы менен ууланган адамга убагында медициналык жардам тез көрсөтүлсө, ал аман калат. Ошентип, ис газынын канчалык зыяндуу экенин түшүнүп, мештерди убагында оңдоп, морду эч качан бүтөбөш керек. Мындан тышкары ис газы менен ууланган адамды тезинен таза абага алып чыгуу зарыл. Бөлмөнү желдетип, мүмкүн болушунча ис газын тезинен тышка чыгаруу керек. Ис урган адамдын дем алуусу начарлай баштаса, ал адамдын кийимин чечип, жасалма жол менен дем алдыруу керек. Ошондой эле нашатыр спиртин кебезге малып жыттаса, дем алуу борборун дүүлүктүрүп жакшы натыйжа берет.

Күкүрт водороду-сасыган жумуртка сыяктуу газ. Ал ткандын ичиндеги дем алууну бузуп, кислородду өздөштүрүүсүн токтотот.

Абанын составында 0,06-0,07процент күкүрт водороду болуп, аны менен дем алган адамдын өпкөсүндө шишик пайда болот. Ал 0,08 проценттен жогору болсо, адам эс акылын жоготуп, дем алуусу төмөндөп шал болуп, өлүмгө учурайт. Өтө кичине өлчөмүндө (0,02е) 5-10 минут убакыттан кийин көздүн былжырлуу кабыкчасында жана дем алуу жолунда күйгүзгөн оору пайда болот.

Аммияк өзүнө мүнөздүү жыты бар болуп, дем алуу жолун жана көздүн былжырлуу кабыкчасын күчтүү дүүлүктүрөт.

Кыймылдаткычты иштеткенде чыккан газдын составында көп концентрациялуу истүү газ жана башка уулуктуруучу компоненттер бар. Абада газдардан башка өлчөмү миллиметрдин бир миң өлчөмгө чейинки үлүшүндөгү чаңдар бар. Ал абанын санитардык гигиеналык шартын начарлатат. Мындай аба бир кыйла оорунун себеби болуп эсептелет.

Чаңдар адамдын организмине таасир этүүсү боюнча уулу коргошундуу, сымаптуу, мышьяктуу, уулу эмес көмүрдүү, акиташтуу, жыгачтуу болуп бөлүнөт.

Уулу чаңдар адамдын организмине өтүп ууландырып, өнөкөт ооруну пайда кылышы мүмкүн.

Металлургиялык заводдор иштеген учурда чаңдан башка металлдардын майда бөлүкчөлөрү да чыгат. Мисалы, калай кендерин күйгүзүүдө 1т калайдын составында калайдан башка висмут, коргошун, цинк ж.б. заттар болгон 14 кг га жакын чаң бөлүнүп чыгат. Цемент чыгаруучу заводдор абаны көбүрөөк булгайт. Цемент заводунда пайда болгон цементтин 6 процент мор аркылуу тышка чыгат. Же болбосо 1 млн тонна цемент өндүрүүдө жылына 60000 т га жакын цемент атмосфераны булгайт. Ысык-Көлдөгү Күрмөнтү цемент заводу иштеген учурда Күрмөнтү айылынын үстү дайыма боз булут каптагандай болуп турушу бекеринен эмес. Шамал болгондо топурак, чаң асманга көтөрүлүп жер көрүнбөй калат да, ошол чөйрөдөгү микроклиматты бузуп, адамдын ден соолугуна терс таасирин тийгизет. Анткени, тынч туруп дем алганда 1 минутта адам 10-12 л, ал эми катуу иштегенде минутасына 50-70 л аба менен дем алат. Ошондуктан таза эмес аба өпкөгө өткөндө ден соолукту бузат.

Биздин өлкөбүздө абаны тазалоо боюнча бир кыйла иштер жүргүзүлүүдө. Шаарды максималдуу таза кармоо, көмүрдү аз жагып түтүндүн аз чыгышына жетишүү, чоң заводдордо циклон түрүндөгү чаң кармагыч камераларын түзүү, түтүндүү газдарды, чаңды тазалоо боюнча электрофильтрди колдонуу жакшы натыйжаларды берүүдө. Ошондой эле шаарды жашылдандыруу иштери да чоң роль ойнойт.

Зыяндуу заттарды классификациялоо жана ага коюлуучу талаптар ГОСТ 12.1.007-76 мамлекеттик стандартта берилип, адамдын организмине таасир этүү даражасы боюнча 4 класска бөлүнөт:

1-өтө аз коркунучтуу, 2-коркунучу жогору, 3-коркунучу орто, 4-коркунучу аз.

Азыркы убакта бизде 1000 ге жакын заттын уруксат этилген чеги бекитилген.

Окуу жайларында көп кездешүүчү заттардын уруксат этилген концентрациясынын чеги (УЭКЧ) 1-таблицада көрсөтүлгөн. Орус тилинде ПДК (предельно допустимая концентрация) деп аталат.

1 Таблица

Заттар	ПДК,мг/м^3 УЭКЧ	Коркунуч классы
Аллюминий жана анын кошундусу	2	4
Бензин - эриткич көмүртекке карата	300	4
Бензин күйүүчү көмүртекке карата	100	4
Ацетон	200	4
Аминопласты пресс-порошки	6	3
Коргошун жана анын органикалык эмес кошундусу	0,01	1
Күкүрт кислотасы	1	2
Туз кислотасы	5	2
Кремний карбиди	6	4
Углероддун оксиди	20	4
Марганец	0.3	2
Монокорунд электрокорунд	6	4
70 проц. жогору бар чандар	1	3
2 проц. кем эмес бар чандар	10	4
Аммиак	20	4
Дихлорэтан	10	2
Жез	1	2
Коргошун	0,01	1
Фенопластин	6	3
Чоюн	6	4
Озон	0,1	1
Сероводород	10	2
Тамеки	3	3

Абанын составында бир нече заттардын концентрациясы болуп калышы мүмкүн. Алардын концентрациясынын уруксат этилген суммасы бирден ашпоосу керек.

Ал төмөнкү формулада көрсөтүлгөн.

$$\frac{C_1}{ПДК_1}+\frac{C_2}{ПДК_2}+\frac{C_3}{ПДК_3}+.....+\frac{C_n}{ПДК_n}\le 1$$

C_1, C_2, C_3,.....C_n абанын жумушчу зонасында зыяндуу заттардын мг/м^3 бирдиги менен алынган чыныгы концентрациясы.

$ПДК_1$+ $ПДК_2$+ $ПДК_3$,...,$ПДК_n$ жумушчу зонадагы абада ушул заттардын уруксат этилген концентрациясынын чектери.

Адамдарга нур энергиясынын тийгизген таасири жана кабинеттерде ден соолук үчүн нормалдуу шарт түзүү. Жумушчу орунунда микроклиматтык шартты түзүүдө бөлүнүп чыккан жылуулук жана нур энергиясы маанилүү ролду ээлейт. Жылуулукту берүү конвекция, жылуулукту өткөрүү жана нур чыгаруу жолдору менен болот.

Адамдын денесине таасир этүүчү нур чыгарган энергия мүнөзү жана интенсивдүүлүгү боюнча төмөнкүдөй категорияга бөлүнөт.

1. 500 С чейин ысытылган нерседен чыккан энергия жылуулук аракетин жасайт.

2. 3000 С ысытылган нерседен чыккан энергия ультрафиолеттик нур болуп, көздү оорутуп жана терини күйгүзөт.

Жылуулук нурлануудан сактануу үчүн атайын кийим жана экрандар колдонулат. Эң негизгиси нур чыгарган булакты алуу болуп саналат. Экрандар өтө чагылуучу материалдардан никель, хром менен капталган жана күзгүнүн бетиндей жасалып, түшкөн нурга перпендикулярдуу багытта орнотулат. Сактануунун жекече каражаты: бир катмарлуу жана жарык фильтри бар эки катмарлуу күзгүлүү айнек, брезент жана сукнодон жасалган костюм, щит, маска.

Жайдын аптаптуу күндөрүндө студенттер же окуучулар сейилге чыгышып, сууга түшүшүп денени күйгүзүшөт. Ысык же күн өтүп кетүүнүн натыйжасында тери кызарып кол тийгизбей ооруйт, баш ооруп көңүл айланып, куску келет, сезимталдык төмөндөп дененин температурасы жогорулайт.

Жайында көлгө түшүп денени күйгүзгөндө төмөнкү шарттарды эске тутуу өтө зарыл. Кээ бир учурларда күн абдан ысык тийип, адам көпкө чейин денени күйгүзүп, кумда жатып калганда өтө катуу ооруган кээ бир шартта өлүмгө чейин алпарган учурлар кездешет. Бул учурда адамды күн нуру уруп кетип, ошол натыйжада кырсык болду дегенди Ысык-Көлгө түшкөндөрдөн угуп жүрөбүз.

Кийинки мезгилде илимдин, техниканын жетишкендиктери менен айрыкча космостук корабль жана спутниктер аркылуу күндө болуп турган реакция дайыма эле бирдей болбостон, айрым бир убактарда күндө сейрек кездешүүчү өтө күчтүү реакциялар боло тургандыгы ачылды. Мына ушундай реакция учурунда күнгө көп күйсө адамдын өмүрүнө зыян келип, өлүмгө дуушар кылып жүрбөсүн.

Бул келекчекте тактала турган иш. Ошондуктан күн өтө ачуу тийген учурда күйгүзүү аз-аздан болгону максатка ылайыктуу.

Күн өтүп кеткен адамды тезинен көлөкөлүү, салкын жерге жеткирип, кийимдин бүчүлөрүн чечип, башын бийиктетип жаткыруу керек. Бетин, төшүн, кежигесин муздак суу менен сүртүп, ошол эле жерлерине муздак компресстер коюлуп, резина баштыкчасына муздак суу куюп басса да болот.

Ач-сезимин жоготсо нашатыр спиртин же күйгөн арчанын түтүнүн жыттатуу сунуш кылынат. Күн өткөн адам өзүн начар сезсе, врачтын жардамы керек болот.

1895-жылы немец окумуштуусу В.К. Рентген белгисиз Х-нурун ачты. Бул окумуштуунун урматына ал нур рентген нуру деп аталып калды. Ренген нуру адамдын денесине көп түшсө кандын составын өзгөртүп нур оорусун пайда кылат, радиоактивдүү нур сыяктуу таасир тийгизет. Ренген нуру ачылганда кийин Беккерель уран тузунан кандайдыр бир көзгө көрүнбөгөн нур чыга тургандыгын ачкан. Уран тузу жайланышкан карангы чөйрөдө кадимки жарык өтпөгөн кара кагазга оролгон фотопластинканы карартып койгонун байкаган.

Мария Кюри Беккерелдин тажрыйбасын улантып уран жана торий тузунан чыккан нурлу бере тургандыгын далилдешти.

Радиактивдүү нур чыгаруучу чөйрөдө адам узакка турса, нур оорусуна чалдыгат. Бул кубулушту биринчи жолу Беккерель байкаган. Ал лекция окуганда жана ага даярданганда мезгилде радийдин тузу бар айнек түтүкчөнү бешмантынын чөнтөгүнө салып жүрүп, бир нече сааттан кийин туздун түшүндагы денесине күйгөндөй болгон такты байкаган.

Бул кубулуштарды текшерүү максатында Пьер Кюри өзүнүн колуна радийдин нурун түшүргөн. Эң мурда радий менен жарык кылган жери кызырып андан кийин жаранын тагы пайда болот. Бул жарат бир нече айдан кийин айыккан. Врачтардын изилдөөлөрүнүн натыйжасында радиактивдүү нурлар өтүп турган клеткаларга ар кандай таасир тийгизе тургандыгы билинген.

Өсүмдүктөр көп өлчөмдө радий нурун алса, анын өспөй калары далилденди. Аз өлчөмдө алса өсүмдүктүн тез өсүшү байкалган.

Радиактивдүү нурлар рак, чакалай жана тери ооруларын дарылоого колдонулгандыктан ал "Кюри терапия" деп аталды. Мындан тышкары Кюри радий тузу бар чөйрөдө жылуулуктун бөлүнүп чыккандыгын байкаган.

Радиактивдүү нур чыгаруунун булагы болуп урандын, торийдин атомдору эсептеле тургандыгын жубайлар Кюрилердин тажрыйбасы

көрсөттү. Ал нурдун жаратылышын текшерүү максатында Пьер Кюри жана Резерфорд радийди магнит талаасына жайланыштырган. Андан чыккан бөлүкчөлөр альфа, бетта, гамма -нурлары деп аталат.

Гамма-нурлары тоскоолдуктан тез өтүп кете турган, толкун узундугу рентген нурунан кыска болгон электромагниттик толкун экендиги далилденди. Ал нур жандуу клеткаларды бузуп жиберет. γ-нурлануунун энергиясы төмөнкү формула боюнча аныкалат.

$$\varepsilon = h\nu = \frac{hc}{\lambda}$$

мында h-Планктын туракгуулугу ($h = 6.26 \cdot 10^{-34}\ Дж \cdot с$)

ν - квант энергиясынын гц менен алынган жыштыгы

с - жарык ылдамдыгы ($c \approx 3.00 \cdot 10^{8}\ м/с$)

λ- толкун узундугу (м менен алынган)

Альфа-нурлары гелийдин ядросунун агымынан турган он зарядцалган бөлүкчө болуп эсептелет. Андан башка нейтрон нурлары бар.

Ал зарядды жок нейтрондун агымынан турат да, ар кандай заттардан оңой эле өтүп кетет. Жогорудагы көрсөтүлгөн радиоактивдүү рентген, нейтрон нурлары жалпысынан иондоштуруучу нурлар деп аталат.

Иондоштуруучу нурлар адамдын ден соолугуна терс таасирин тийгизет. Нур түшүп жаткан учурда адамдын денеси оорубайт, ысыбайт, же муздабайт. Ал нур көзгө көрүнбөйт. Адам ал нурду акырындык менен кабыл ала берип, таасирин сезбейт. Акырында ал кандын составын өзгөртүп нур оорусун пайда кылат. Мындан тышкары адам баласынын тукумуна генетикалык жактан терс таасирин тийгизет. Адам көбүрөөк дозага чалдыкса, ак кан оорусу пайда болот.

Адам нурдун тийгизген биологиялык таасирин билүү үчүн рентген нурунун биологиялык эквиваленти деген чондук киргизилген. Аны кыскача "БЕР" деп белгилейбиз.

Анткени, бирдей сандагы жутулган ар кандай радиоактивдүү нурлар ар башкача таасир тийгизет.

Эгерде адамдын денесине 25 БЕР радиоактивдүү агым түшсө, ал адамга анчалык деле таасир тийгизбейт. Эгерде адам 50-100 БЕР ге чейинки дозага чалдыкса, кандын составы өзгөрөт. Адам өзүнүн чарчаган сыяктуу сезет. 100 БЕР дозаны бир жылдын ичин де алса, анчалык деле коркунучтуу туудурбайт да аны адам сезбей да калышы

мүмкүн. Эгерде 100 БЕР дозага 1 сааттын ичинде чалдыкса, андай доза адамдын өмүрүнө коркунуч келтирет.

250-400 БЕР дозаны алгандардын 20процент нур оорусуна чалдыгышат. 400-700 БЕРге чейин чалдыккандардын 50 процент өлөт. Калгандары нур оорусу менен жабыркашат. 700 процент БЕР ден жогору доза адамды өлүмгө дуушар кылат.

Радиоактивдүү нурлардын тийгизген таасирлери 10-жылдан кийин да байкалат. Ошондуктан радиоактивдүү нурлар менен иштеген адамдарга нурду алуунун чегин белгилешет. НРБ-76-радиоктивдүүлүктүн коопсуздук нормасы. Бул нурга чалдыккан адамдарды үч категорияга бөлөбүз: А категориясы-радиоактивдүү нурлардын булагы менен дайыма иштөөчү персоналдар, Б-категориясы-радиоактивдүү нурдун булагы бар территорияда же имаратта иштеген адамдар, В категориясы-радиоактивдүү нурдун булагы бар райондо, областта жашап иштеген адамдар.

2 таблица

Радиоактивдүү нур алуунун категориясы	Организмге тийгизген бардык дозасы	
	Бир жумада алынган доза, БЕР менен	жылына алынган доза БЕР менен
А	0.1	5
Б	0.01	0.5
В	0.001	0.055

Радиоактивдүү нурдан сактануу нормасынын чеги боюнча өлчөм белгиленген. Бул дозага ошол чөйрөнүн жаратылыш берген радиоактивдүүлүгү кирбейт. Радиоактивдүү нурду алуу нормасынын чеги 2-таблицада берилген.

Радиоактивдүү нурлардын тийгизген таасири нур түшкөн убакытка жана нурдун булагынан адам жайланышкан аралыкка көз каранды. Нур канча кыска убакытта тийсе жана аралык канчалык чоң болсо, анын тийгизген таасири ошончолук төмөн болот. Мындан тышкары радиоактивдүү жана иондоштуруучу нурлар коргошун материалында көбүрөөк жутулат. Эксперимент жүргүзүп жаткан учурда нурдан сактануу үчүн коргошун кошулган резина халатты, мээлейди кийүү ал нурдун таасиринен сактайт.

Радиоактивдүү нурдун булагы бар жана рентген аппараты жайланышкан бөлмөнүн эшиги коргошун кошулган темир пластинка менен капталышы керек.

Иондоштуруучу нурлар берүүчү аппараттар менен иштеген бөлмөнүн эшигинде радиоактивдүү нурдун булагы бар экендигин көрсөтүүчү белгини жазып коёбуз.

Радиоактивдүү жана рентген нурлары менен иштеген адам жылына эки жолу медициналык кароодон өтүшү керек. Бул адамдарга кыскартылган жумуш күнү белгиленип, кошумча эс алуу күндөрү берилет. Ошондой эле зыяндуу шартта иштегенине байланыштуу сүт берилет. Рентген нурунун аракетинин аралыкка көз карандылыгын эске алып рентгено-структуралык анализ менен иштеген адам камераны туура коюп бүткөндөн кийин мүмкүн болушунча алыс аралыкта болуп, б.а. башкаруучу пульт аркылуу көзөмөлдөп иштөөсүү керек. Эгерде жогорку окуу жайында же мектепте радиоактивдүү изотоптор болсо, аны окуучулар же студенттер алууга мүмкүн болбогон шартта, б.а. коргошундуу темир сейфте сактайбыз.

Сейфтин ачкычы мугалимде же ушул ишке толук жооп бере турган лаборантта болуп, өтө зарыл убакта гана ачылат. Радиоактивдүү нурлар көзгө көрүнбөгөндүктөн жана нур түшүп жаткан учурда адамга эч кандай сезилбегендиктен нур денеге сиңе берет.

Мындай бир окуя болгон. Орто мектепте "Рентген нурлар" деген теманы өткөн учурда мектептин мугалими рентген аппараты бар жогорку окуу жайында экскурсия өткөргөн. Кристаллдын түзүлүшүн изилдөөчү рентген трубкасынын бир көзөнөкчөсү мурда ачык калган. Лаборант экинчи көзөнөкчөнү ачып рентген нурунун өтүп кетүү касиетин экран аркылуу көрсөткөн. Нур түшкөн жер кыпкызыл болуп жана ал жерге күйгөн сыяктуу кабыкча пайда болуп, врачтын дарылоосу менен гана ал адам айыккан.

Техникалык коопсуздуктун эрежеси боюнча радиоактивдүү жана рентген нурларынын булагы бар мекемелерге экскурсия өткөрүүгө тыюу салынат. Ал эми мугалим рентген нуру менен иштөөдөгү коопсуздук эрежесин бузуп, экскурсия өткөргөн.

Мында рентген нуру менен жогорку окуу жайларында жана мектептерде демонстрация жүргүзүлө берүүчү. Жаңы бекитилген эреже боюнча радиоактивдүү изотоптор жана рентген нуру менен окуучуларга демонстрация көрсөтүүгө тыюу салынат. Анткени, демонстрация учурунда мугалим, лаборант, студент, окуучулар нурлануу алып ден соолукка зыян келтирет. Рентген нурунун алынышын кино же башка техникалык каражаттар аркылуу көрсөтүү максатка ылайыктуу.

Иондоштуруучу нурду берүүчү бөлмөдө сөзсүз желдеткич болушу керек. Ансыз иштөөгө тыюу салынат. Ишти бүткөндөн кийин бөлмөнү сөзсүз желдетүү керек. Радиоактивдүү заттар, рентген аппараттары канчалык дозада нур чыгарганын текшерүү үчүн мезгили менен дозиметрикалык көзөмөл жүргүзөбүз. Анын жыйынтыгы атайын даярдалган журналга түшүрүлөт.

Жутулган нурду өлчөөнүн ионизациялык, фотографиялык жана химиялык метод менен аныктоо жолдору бар. Мисалы, адам иштеген мезгилде канча доза алынгандыгын билүү максатында төш чөнтөккө авторучка сыяктуу дозиметрдин калемсабын салып коёбуз. Иш бүткөндөн кийин калемсапты дозиметрге коюп, канча доза өткөндүгүн көрөбүз. Нурлануудан сактануу үчүн атайын кийимдерди жана көздү сактоо үчүн радиоактивдүү нурдан сактоого ылайыкталып жасалган көз айнекти кийүү жакшы натыйжаларды берет.

Жогоруда көрсөтүлүп кеткен радиоактивдүү нурлардан сактоонун жолдору граждандык коргоону иштеринде чоң мааниге ээ.

Радиоактивдүү нурлар коргошун элементинде жутулгандыктан бул нурлардан сактануу үчүн коргошун кошулган материалдарды колдонобуз.

Лазер нуру түшүп, денеге жутулган учурда жүргөн биохимиялык реакциянын таасири астында адамдын организминде өзгөрүүлөр болот. Эгерде түшкөн лазер нуру күчтүү болсо, анда кандын составы жана басымы өзгөрүлөт.

Ионизациялык нурду денеге жутулуудан азайтуу үчүн атайын коргошун кошулган жутуучу экрандар, материалдар жасалат.

$$k = \frac{D}{D_0}$$

Мында D–жутулуучу дозанын кубаттуулугу,

K-жутулуу коэфициентти.

D_0 – жутулуучу дозанын мүмкүн болгон деңгээли.

Гамма жана рентген нурлары коргошунда, болотто, вольфрам сплавдарында жакшы жутулат. Нурду кароо айнеги (экраны) ушул материалдар кошулуп жасалган органикалык айнек болуп саналат.

Лазер нуру менен малдарды аз эле нурлантканда алар дароо эле адамга кол салуудан кайра тартпай тургандыгы байкалган. Адамга нур түшкөндө баш ооруп, тердеп, чарчап-чаалыгат. Импульстук режим менен иштеген лазерде негизинен термикалык таасир байкалат.

Эгерде денеге күчтүү лазер түшсө, канды кайнатып, буулантып жиберет.

Установкалар жогорку чыңалуу менен иштейт. Жогорку чыңалуудагы электр тогунан өзүнчө коркунуч пайда болот. Жогорку чыңалуудан сактануу үчүн коопсуздук техникасынын эрежесин туура аткаруу талап кылынат.

СССРдин саламаттык сактоо министрлиги тарабынан 1981-жылы лазер нурунан сактануу боюнча мамлекеттик стандарт бекитилген.

Лазер нуру иштөөдөн мурун биринчи жолу анын касиеттерин, аракеттерин жана андан сактануу жолдорун билип, коопсуздук техникасынын эрежеси боюнча инструкция алышат. Нур өзүнүн таасири этүү касиеттери боюнча төрт класска бөлүнөт.

1 класс. Көзгө, адамдын терисине коркунуч келтирбейт.

2 класс. Көзгө түшкөндө, күзгүдөн чагылгандан, көзгө коркунуч келтирет.

3 класс. Көзгө түшкөндө, күзгүдөн 10 метр аралыктан чагылганда жана диффузияланып чагылган учурда көзгө жана териге коркунуч туудурат.

4 класс. Денеге түшкөндө жана диффузияланып чагылган учурда өтө коркунучтуу.

Ден соолукка эң коркунучтуу болуп 4 класстагы лазер нуру эсептелет. Бардык лазерлер өзүнүн классы боюнча белгилениши керек. Лазердик установка жайланышкан жана иштеген бөлмөдө атайын лазер нуру бар экендигин билгизген белги коюлат.

4 класстагы лазер өзүнчө бөлмөдө жайланышып, аны башкаруу жана байкоо экинчи бөлмөдө жана андагы предметтер күзгү нурду чагылдыргандай тунук жалтырак нерселер болбош керек. Бөлмөнүн төбөсүн өтө агартпай бозомтук актоо зарыл. Бөлмөнүн эшиги блокировка аркылуу жабылыш керек. Кокустан эшик ачылып кетсе, сигнал бергидей же лазер аппаратын ошол замат өчүргүдөй автоматика жасалат.

Лазердик бөлмөдөгү тосмолору бар экрандар чыдамдуу материалдан жасалып, ал нур түшкөн учурда ден соолукка зыяндуу токсикалык чаңдарды бөлүп чыгарбоосу зарыл.

2, 3, 4 класстагы лазердик установкага жана ал жайланышкан бөлмөгө жылына бир жолу дозиметрдик өлчөө жүргүзүлөт. Мындай өлчөө лазер нурун алганда же анын иштөө шарты өзгөрүлгөн учурда кайталанат.

Көпчүлүк учурларда лазердик нурдан сактануу максатында жекече ыкмалар колдонулат. Нурдун толкун узундугу өзгөргөн учурунда көзгө аябай таасир этет. Мындан сактануу үчүн лазердик көз айнекти киебиз.

Көз айнек лазер нурунун жутууга ылайыкталып түссүз же көк жашыл түстөгү айнектен жасалат. Күчтүү лазердик установкадан чыккан нурдун жолуна туруурга дээрлик тыюу салынат.

Лазер нурунан сактануунун дагы бир жолу ал нурду берүүчү установка коопсуздук техникасынын талабына толук жооп бериши керек. Ал иштегенде колдонулуучу жогорку чыңалууга адам тийип албагандай абалга келтирүү, установкадан чыккан биринчи нур адамга түшпөстөн, өзүнүн каналы аркылуу түз кетүүсү жана башка конструктордук маселени лазердик установканы иштетүүдө эске алышыбыз керек.

Лабораторияда төмөнкү талаптардын болушу зарыл: анын аянты 20 кв.м ден кем эмес болуп, иштеген адамдардын саны санитардык норма боюнча 5 кишиден ашпайт. Установкадан 1.5 метр аралыкка чейин эч нерсе жайланыштырылбайт. Дубал нурду жутуу максатында кара сыр менен сырдалат. Лазер түшкөн бет күйүп кетип, өрт чыкпасын үчүн ага асбест экран жайланыштырылат. Установка жайланышкан бөлмөгө жетишээрлик санда күндүн жарыгын беришибиз керек. Абаны таза кармоо үчүн сөзсүз желдеткич керек. Лазердик установка орнотулган бөлмөлөргө анда иштебегендер үчүн кирүүгө тыюу салынат. Азыркы мезгилде лазер нуру жаңылан эле өндүрүшкө кире баштады. Ошондуктан бул нурдан сактанууга айрыкча көңүл бөлүшүбүз өтө зарыл.

Кабинеттерде ден соолук үчүн нормалдуу шарт түзү. Шамалдатуу жана жылытуу. Окуу-өндүрүш имараттарында абанын талап кылган гигиеналык составын камсыз кылуу жана андагы зыяндуу газдарды, бууларды жана чандарды чыгаруу үчүн шамалдаткыч колдонулат. Шамалдаткыч башкарылуучу аба алмаштыруу милдетин аткарат. Абаны алмаштыруу жаратылыштык жана механикалык жол менен жүргүзүлөт.

1. Эшик же терезени ачып, таза аба менен бөлмөнү желдетүү, жаратылыштагы шамалдатуу болуп саналат. Жогорку температурага жана төмөнкү тыгыздыкка ээ болгон аба өйдө көтөрүлөт. Төмөнкү температурага, жогорку тыгыздыкка ээ болгон аба бөлмөгө кирип, анын ичиндеги аба алмашат. Бул кубулушту табигый жол менен абаны алмаштыруу деп айтабыз.

2. Механикалык желдеткич болсо ар кандай кыймылдаткычтын жардамы менен бөлмөнү желдетип, абаны алмаштырат. Кээ бир учурда табигый жана механикалык жол менен желдетүүнү бирге колдонгон учурлар да кездешет. Өндүрүштүн көлөмүнө жараша метеорологиялык абалдын негизинде берилген керектүү таза абаны мурдатан эсептөө жолу менен башкарып кийирүүнү аэрация деп атайбыз. Анын
жакшы жагы абаны алмаштырууда эч кандай желдеткич колдонулбагандыгында. Энергия үнөмдөлөт да, желдеткич иштеген учурдагыдай кошумча ызы-чуу чыкпайт.

Аэрациянын жетишпеген жагы бөлмөгө кирүүчү абанын температурасын кескин төмөндөтүп, иштеген адамдарга суук тийгизиши ыктымал. Экинчиден, бөлмөдөн чыккан аба тазаланбайт. Бул болсо абаны кошумча булгоого алып келет.

Табигый желдетүүгө караганда атайын жасалган кошумча механикалык желдеткич температураны, нымдуулукту жана таза абаны бере алат. Ошондой эле өндүрүштүк бөлмөдөн чыккан таза эмес абаны, атмосфераны булгабай тазалап чыгарат.

Бөлмөгө нормалдуу температураны белгилүү нымдуулукту ж.б. метеорологиялык параметрлерди берүүчү жабдууну кондициондук жасалга деп айтабыз. Жасалга иштеген учурда аба тазаланат жана жылытылат. Ошондой эле бөлмөгө керектүү салыштырма нымдуулук берилет. 1 м.куб көлөмдөгү аба бирдик убакытта толук алмашып бүтсө, аны абаны алмаштыруу жөндөмдүүлүгү деп айтабыз.

Норма боюнча бөлмөнүн көлөмү 20 $м^3$ болсо, ар бир адамга саатына 30 $м^3$ аба алмашуусу керек (30 $м^3$/саат). Эгер бөлмөнүн көлөмү 20 $м^3$ дан кичине болсо, ар бир адамга жок дегенде 20$м^3$/саат аба алмаштыруусу талап кылынат (20 $м^3$/с).

Айрым учурларда химиялык реактивдер, электролиттер менен практикалык иштер жүргүзүлөт. Бул учурда жабылган желдеткич соруучу шкафты колдонобуз. Соруучу желдеткич шкафтын үстүндөгү түтүкчөгө бекитилген. Металдарды электролиттик жол менен хромдогон учурда адамдын өпкөсүнө зыян келтирүүчү хром ангдридинин газы бөлүнүп чыгат. Соруучу желдеткич болбосо анын жанына адам чыдап тура албайт. Бөлмөнүн абасын булгабай зыяндуу газ тышка чыгып кетиши үчүн электролиттик ваннанын жанына соргучту коебуз. Бөлмөдөгү абаны атмосферага чыгарардан мурда аны сөзсүз тазартуу керек.

Өндүрүштүк жайларда технологиялык процесстин бузулушунун натыйжасында болгон авариядан улам бөлмөгө уу газдар же тез

жарылуучу заттар кириши мүмкүн. Бул заттарды дароо сыртка чыгаруу үчүн авариялык желдеткич коюлат. Бул желдеткич абаны соруп, сыртка чыгарат.

Аба атмосферанын бассейнин таза сактоо үчүн желдеткичтен чыккан абаны тазалап чыгарууга туура келет. Ошондой эле талап, желдеткичке киргенге чейинки абага да коюлат. Бул үчүн чандарды бөлүп калуучу камералар колдонулат. Чандын салмагы атмосфералык абанын салмагына караганда оор. Качан гана анча-мынча тынч чөйрө боло калганда чан салмагынын натыйжасында жерге түшүүгө умтулат. Ушул принциптин негизинде чанды чогултуучу камералар иштейт. Жылытуучу системалар борбордук жана жергиликтүү болот.

Борбордук жылытууда жылуулук энергиясы имараттан тышкары иштетилип, труба аркылуу келип, керектөөчүлөргө ысытылган суу жана буу аба түрүндө берилет. Окуучулардын саны 500дөн, аянты 1000 метр квадрат болгон кичине мектептерде жергиликтүү жагуу колдонулат. 100 градустан жогору ысыган жылытуучу куралдар адамдар тийип, денесин күйгүзүп албас үчүн тосулат.

Нормалдуу жылуулук адамдын өндүрүштөгү ишин өркүндөтөт, ден соолукту чындайт. Жумуш мезгилинде суук тийип калбасын деген ойду унутуп, ошол чөйрөдө адам өзүн эркин сезип чыгармачылык менен иштеши абзел. Окуу кабинетинде 16-18 градус физкультура залында 14-16 градус температура талап кылынат.

Температура жогорулаган же төмөндөгөн сайын температуралык нормалдуу режим бузулуп, эмгекке жөндөмдүүлүк начарлайт.

Жылытуу системасы төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

-кышында климаттык шарттарды эске алып, имараттын ичинде нормалдуу жылуулукту түзүү,

-нормалдуу температураны бардык убакта бирдей кармап туруу,

-от жагуу мезгилинде түтүн, ис газы чыкпас үчүн мештин жасалышына көңүл буруу,

-бөлмөнү жылытуу мезгилинде өрт чыгуу мүмкүнчүлүгү болбоо.

От жагуу мезгили башталардан мурда окуу жайынын жетекчиси техникалык инспектор профсоюз уюмунун жана өрттөн сактануу уюмунун өкүлү менен бирдикте имараттарды текшерип конкретүү иштерди жүргүзөт.

От жагуучулук кызматка 18 жаштан жогору, ден соолугунун таза экендиги жөнүндө врачтын справкасы жана ошол кесипке иштөө үчүн атайын күбөлүгү бар адамдар тартылат.

Жыйынтыктап айтканда өндүрүштүн, окуу жайынын жылытуу системасынын коопсуздук техникасына айрыкча көңүл бөлүү керек.

Анткени, окуу жайындагы көп кездешүүчү кырсыктар жана өрттүн чыгышы мектептин жылытуу системасына байланышкан.

Жарыктанышка коюлган талаптар. Жумушчу орунда нормалдуу жарыктанышты түзүү эмгекте коргоонун эң негизги талаптарынын бири болуп саналат. Окуу жайында алган илимий, окуу маалыматынын 90 проценти көрүү органы жана нормалдуу жарыктаныш аркылуу болот. Жетишсиз жарык көңүлсүз жагдайды түзүп, көзгө тескери таасирин тийгизип, адам жакшы көрбөй иштеген иштен ката кетип, кокустук алуунун себеби болуп саналат. Турмушта үч түрдөгү жарыктаныш колдонулат: табигый, жасалма жана аралаш жарыктаныш. Табигый жарыктанышка күндүн, айдын жарыгы кирет. Күн ачыкта нормалдуу жарыктаныш учурунда иштин өндүрүмдүүлүгү жакшы болуп, адамдын көңүлү куунак тартып, иштин сапаты жогорулап, өндүрүштүк кырсык жокко эсе болот. Күн бүркөк болгон учурда жарык жетишсиз болуп, адам өзүн күн ачыктагыдан начар сезет. Иштин өндүрүмдүүлүгү төмөндөйт, жарыктын жетишсиз болушу өндүрүштүк кокустукка алып келиши ыктымал.

Ачык лампаларды колдонуу коркунучтуу. Ошондуктан аларга кошумча арматура абажур, чачыратуучу, жарыгын төмөндөтүүчү колдонулат. Булар көздү ашык жарыктан коргоп, сактоочу бурч түзөт.

Арматура менен бирдикте болгон электр лампасын светильник деп атайбыз. Жарык берүүчүлүгүнө жараша колбанын ар кандай формасы колдонулат. Бөлмөгө жетишерлик жарыктаныштын шартын түзүү үчүн жарык агымына жана күчүнө жараша эсептөө жүргүзүлөт. Окуу өнөрканасындагы жумушчу орунуна жарык сол жактан түшкөндөй болуп, верстак терезеге перпендикулярдуу багытта орноштурулат.

Верстактын үстүндөгү жергиликтүү жарыктаныш чыналуусу 42В кызытма лампа менен иштетилет. Потолокко ак, керегенин өйдө жагына боз же көк, керегенин ылдый жагына күрөн, сары, жашыл өң беришет. Кыймылда болуучу жабдууларды кызыл сыр менен сырдап, сары же кара тилкелер менен бөлүп коюшат. Бардык түстүү толкун узундугуна байланыштырып жарыкты үч топко бөлөбүз. Узун толкун 760тан 590нм ге чейин кызыл, кызыл сары, орто толкун-590дон 500нм ге чейин сары, жашыл, кыска толкун-500дон 350нм ге чейин көгүш, көк, көк сыя түстүү болот. Узун толкун участогунун спектринин өңү дүүлүктүрүүнү жана жандуулукту пайда кылып бат чарчатат. Кыска толкун узундугуна туура келген спектрдин өндөрү тынчытуу аракетин жасайт. Орто толкун узундугуна туура келген

спектрдин өңү адамдын чарчоосун азайтып жагымдуу аракет жасайт. Бөлмөнүн өңүн берүүдө сөзсүз анын жарыктанышын эске алуу керек.

Жаратылыштын (күндүн) жарыктанышын мүнөздөө үчүн жаратылыш берген жарыктын коэффициенти колдонулат (КЕО)

$$KEO = \frac{E_{ички}}{E_{сырткы}} 100\%$$

$E_{ички}$ – жумушчу орундагы ички (комнатанын) жарыктанышы

$E_{сырткы}$ – люкс менен берилген көчөнүн (сырткы) жарыктанышы.

Ар кандай имараттар үчүн КЕО = 0,1 – 12% өлчөмүндө болушат.

Ызы-чуу жана титирөө (вибрация) жана андан сактануу. Ар кандай күчтөгү жана жыштыктагы добуштардын, үндүн кошулуусунун натыйжасында үндө угууга чыккан тоскоолдукту ызы чуу деп түшүнөбүз. Ызы-чуу адамга жагымсыз таасир берип, адамдын ахвалын оордотуп, кулакты катуулантып, дүлөйлүккө алып келет. Узакка созулган ызычуу борбордук нерв жана жүрөк кан тамыр системасына таасир этет: чарчоо симптомун пайда кылат, көңүл бурууну начарлатат, нервдик дүүлүктүрүүнү күчөтөт. Натыйжада ой жүгүртүү начарлайт, жумуш өндүрүмдүүлүгү жана жөндөмдүүлүгү төмөндөйт. Адам катуу ызычуунун шартында травма алууга жакын болуп калат.

Термелүү жыштыгы боюнча үн үч диапазонго бөлүнөт: 20 герцтен төмөнкү инфраүндөр, 20 000 герцтен жогорку жыштыктагы ультраүндөр. Адамдын кулактагы 20 герцтен 20 000 Гц ке чейинки үндүн термелүүсүн жана I дб чейинки үндү өзгөртүчүдөгү үндүн катуулугун сезе алат. 130 дб чейинки үндү адам нормалдуу кабыл алат. 150 дб үнгө адам чыдай албайт. 180 дб болгондо металлдын чарчоосу пайда болуп, бөрктөлүп жасалган конструкциясы чыгып кетет.

Үн төмөндөгү физикалык чондуктар менен мүнөздөлөт: үндүн жыштыгы ν Гц, үндүн интенсивдүүлүгү J(Н), үндүн басымы (Па) атмосфералык абада үндүн таралуу ылдамдыгы м/сек.

Биз жашап жаткан айлана-чөйрөгө булактарына жыш толгон. Канаттуулардын уккулуктуу сайраганы, музыканын добушу, суунун шылдырап акканы, көл толкундарынын күршары, токойлордогу жалбыректардын шуудурашы адамга жагымдуу сезим пайда кылып, ден соолукка жакшы таасирин тийгизсе, ал эми транспорттордон,

станоктордон установкалардан, самолеттордон, ишканалардан чыккан аркандай үндөр жана ызычуулар ден соолукка абдан зыяндуу келет.

Ызы-чуунун нормасынын параметри (ГОСТ-12.1.003-76) боюнча аныкталат. Ал бир имаратта эмгектин мүнөзүнө жараша ызычуунун параметринин өлчөмү аныкталат. 85 дб денгээлинен жогорку үндө иштөө коркунучтуу. 135 дб ден жогорку үндүн денгээлинде өтө аз убакыт болууга да улуксат берилбейт. Окуу жайларда ызычуунун булагы болуп окуу өнөрканасы жана кээ бир лабараториялар эсептелет.

Окуу жайларында ызы-чууну азайтуу үчүн бир кыйла чаралардын комплекси каралган. Алардын негизгиси: имараттарды рационалдуу пландаштыруу, ызычуу (90 дб жогору болсо, аны өзүнчө бөлүнгөн жайга (өнөркана, спортзалы) же атайын кошумча жабдуу куруу: ызы-чуунун булагы болгон имараттардын ортосунда бош орун калтырып,жашылдандыруу болуп эсептелет. Жашылдандыруучу өсүмдүктөр ызы-чууну жакшы жутушат.

Ызы-чуу менен күрөшүүнүн натыйжалуу жолу анын булагын азайтуу болуп саналат: ызы-чууну чыгаруучу техникалык процессти же жабдууну аз чуу чыгаруучу жабдуу менен алмаштыруу, үндү төмөндөтүү жана изоляциялоо, ызычууну басандатуучуну (глушителди) колдонуу, ызы-чуудан сактануунун жекече каражатын кийүү. Ал 11-сүрөттө көрсөтүлгөн.

Машина, установка жана агрегаттын ызы-чуусун азайтуусунун бирден-бир туура жолу, алардын үн булагынын кубаттуулугун азайтуу болуп саналат.

Үн кубатуулугун деңгээли (L_p) төмөнкү формула менен аныкталат.

$$L_p = 10 \lg \frac{P}{P_o}$$

мында Р-вт менен алынган үн кубаттуулугу.

$P_0 - 10^{-12}$ вт барабар болгон порогдук үн кубатуулугу

L_p –дб менен алынган үн кубатуулугунун деңгээли.

Механикалык ызы-чууну азайтуу үчүн машинанын конструкциясын жакшыртышат. Мисалы тиштүү передачаны ремендик передача менен алмаштыруу же сүрүлүүчү беттерди майлоо жолдору колдонулат.

Үндү жутуучу материалдар катарында жыгач такталар, курулуш кийизи, асбокебез, фанера кургак штукатурка, резонанстык жутуп

алуучулар колдонулат. Угуу органын сактоочу жекече каражаты катарында чууга каршы шлемофондор, кулакчын, үндү басып салуучулар, вкладыштар кызмат кылат. Буларды коллективдүү коргонуучу каражатка кошумча каражат катарында колдонууга болот.

Үн жутуучу материалдарды сан жагынан мүнөздөө үн жутуу коэффициенти α киргизилип, ал сан жагынан төмөнкү формула боюнча аныкталат

$$\alpha = \frac{E_{жутуу}}{E_{түш}} = E_{түш} - \frac{E_{чаг}}{E_{түш}}$$

Мында $E_{түш}$ - түшүүчү үн энергиясы

$E_{жут}$ – жутулган үн энергиясы

$E_{чаг}$ – чагылган үн энергиясы

α мааниси 0.2 ашпаса андай материалдар үн жутуучу материалдар деп аталат.


Ызы-чуунун денгээлин атайын датчиги бар осциллограф жана чуу өлчөгүч менен өлчөшөт. Жумушчу орунундагы чууну 6 айда бир жолу өлчөп, жыйынтыгы атайын журналга толтурулат.

Ультраүндүк термелүү кулакка үн сезимин пайда кылбайт. Анын адамдын организмине аракети аба жана заттар аркылуу берилет. Ультраүн ткандарга жылуулук жана туруктуу эмес басым аракетин жасайт.

Алардын системалуу аракети адамды чарчатып, кулакта ооруну пайда кылып, башты оорутуп, кускуну келтирип, тең салмактуулукту жоготтуруп, неврозду пайда кылат. Үн басымынын жумушчу орунунда уруксат этилген денгээли төмөндөгүдөй:

3 таблица

Ультраүндүк термелүүнүн жыштыгы, Гц	I2500	I6000	20000 жана андан жогору
Үн басымынын денгээли. Дб	75	85	110



11-сүрөт. Ызы-чууга каршы кулактын. 1-пластмасса корпусу; 2-айнек кебези; 3-тыгыздоочу прокладка; 4-пленкадан жана фланелден алынуучу кабы (чехол).

Адамдын организмин ультраүндүн таасиринен сактоо үчүн нерсенин термелүүчү чөйрө менен болгон контактысын ажыратат. Чууну атайын азайтуу үчүн кабиналарды жабдып, үндү өткөрбөөчү каттоо коюлат. Иштеген адамдар коргонуунун жекече каражаты менен камсыз кылышат.

Катуу нерселердин механикалык термелүүсүн вибрация деп айтабыз. Вибрация менен ызы-чуунун физикалык касиети жагынан анчалык деле айырмачылык жок. Ызы-чууну кулак, ал эми вибрацияны вестибулярдык аппарат жана сезүү органы кабыл алат. Вибрациянын булагы болуп механикалык, пневматикалык жана уруу же айлануу аракетин жасаган электрдик кол инструменттери, амортизациясыз жана виброизоляциясыз жасалган аркандай жабдуулар, ошондой эле транспорттук жана айыл чарба машиналары саналат.

Адамга таасир этүүсү боюнча вибрация жалпы жана жергиликтүү болуп бөлүнөт. Жалпы вибрация адамдын бүт денесине, ал эми жергиликтүүсү болсо иштеген адамдын колуна берилет. Жергиликтүү вибрацияда органдын кан менен камсыз болуусу азайып, жалпы вибрацияда жүрөктүн жана борбордук нерв системасынын ишкердүүлүгү бузулат. Ал көп убакытка чейин өзүнүн таасирин тийгизе берсе вибрация оорусу пайда болот. Вибрациянын аракети анын жыштыгына көз каранды, 15 Гцге чейинки термелүү тело жана органдарын жылытып, вестибулярдык аппаратка реакция жасайт: 25 Гцге

чейинки жыштыктагы термелүү сөөк-муундагы өзгөрүүнү: 50 дөн 250 Гцге чейинки термелүү нерв системалык, сосудалык реакция жасап, вибрациялык ооруну пайда кылат. Эң жаман коркунучтуу жагы өздүк термелүүнүн жыштыгы вибрациянын жыштыгынын дал келиши болуп саналат: бардык тело үчүн - 6 Гц, баш үчүн - 25 Гц, борбордук нерв системасы үчүн 250 Гц.

Вибрацияны азайтуу жана адамдын ден-соолугуна зыян келтирбей турган чекке жеткирүү үчүн үч багытта иш жүргүзүлүп жатат: инженерно-техникалык жаны технологияны киргизүү, автоматизация чаралары, инструменттердин конструктивдик параметрлерин өзгөртүү, уюштуруучулук, машиналарды техникалык туура эксплуатациясына, монтаж, жабдуулардын ремонттолушуна көзөмөлдүк кылуу жана туура уюштуруу, дарылоо-профилактикалык чаралар физиотерапиялык процедуралар, гимнастикалар, сактануунун жекече каражаттары кирет.

Вибрацияны өлчөө үчүн ИВШ-I комплектсин колдонобуз. Бул курал 0,005 тен 1,5 мм чейин 15 тен 200 Гцге чейинки диапазондогу жыштыкты өлчөп, вибрациянын амплитудасын регистрация кылат.

4.2. Электр коопсуздугу жана сактануунун жекече каражаттары

Азыркы убакытта электр энергиясы эл чарбасынын бардык тар мактарында: өнөр жайында, курулушта,транспортто, илим-изилдөө мекемелеринде, жогорку окуу жайларында,турмуш тиричилигинде колдонуп, айрыкча отундун, күйүүчү майдын тартыш болгонуна байланыштуу мындан ары электр энергиясы өндүрүштүн, жашоонун негизги булагы болуп кала берерине шек жок. Ошондуктан электр энергиясын пайдалануудагы коопсуздук эрежени билбесек, ал биздин өмүрүбүзгө терс таасирин тийгизет. Анткени, кокустуктан травма алуунун натыйжасында өлүмгө дуушар болгондордун 20-40 % электр тогу менен байланыштуу экен.

Электр тогунан кокустук алуунун башка кокустук болууларына караганда айырмаланган өзгөчөлүгү бар. Механикалык же термикалык,ошондой эле газдан болуучу кокустукту адамдар сезүү органдары аркылуу мурдатан сезет. Мисалы, автомашинанын добушу угулуп, ысык нерсенин температурасы денени ысытып, газдын жытын сезип, андан сактануу үчүн адам болгон аракетин жасайт. Ал эми өткөргүч аркылуу келип жаткан электр тогу үн чыгарбастан, денени ысытпастан, ошондой эле жыт чыгарбастан

өз жолу менен өтө берет. Качан гана ал өткөргүчкө кокустан адам тийип алмайынча, зымды токтун бар же жок экендиги сезилбейт. Ток бар же жок экендигин вольметрди, электр лампочкасынын жана моторду туташтыруу аркылуу билсе болот. Бирок бул куралды дайыма чөнтөгүнө салып жүрбөйт.

Адам токко урунуп алганда анын денесине электр тогу термикалык, электролитикалык жана биологиялык таасирин тийгизип, электр кокустугун пайда кылат. Электр тогунун адамга тийгизген таасири ар түрдүүчө болот, мисалы ткандардын жана органдардын белгилүү бир жерин майыпка учуратат же жалпы эле бүт организмди майып кылат. Электр тогу уруп адамдын бир жери майып болгон учурларга терини күйгүзүп алуу, электр тогунун белгилери, теринин электрдик металдашуусу, механикалык майып болуу жана электрофтальмиясы кирет.

Электр тогу ургандан пайда болгон күйүктө дененин ткандарына чейин жетип, абдан ооруксунтуп, узакка созулган дарылануусу талап кылат.

Электр белгилери болсо ток өтүүчү бөлүктөр менен тыгыз тийишип калганда пайда болот. Теринин андай ток урган жерлери шишинки тартып, катуу чор сымал боз же саргыч-ак түскө келип,айланасы тартылып агыш же бозомтук тегерек же сүйрү формада болот. Ток уруунун белгилери чоң көлөмдөрдө болсо, кыйын абалга дуушар кылышы мүмкүн. Теринин электрдик металлдашуусу-токтун таасири менен, мисалы электрдик жаа күйүп жаткан учурда чачыроонун жана бууланууунун натыйжасында металл бөлүкчөлөрүнүн теринин астына кирип кетиши. Бара-бара металл тканга сиңип кетет же теринин шишигени кетип,ток уруп зыян тарткан жер эми оорубай, кайра мурдагы нормалдуу калыбына келип айыгып кетет.

Электр офтальмиясы - электр жаасынан бөлүнүп чыккан ультракызгылт-көк нурлардын таасиринен күйүккө чалдыгуугу кесепеттеринен көздүн дарт чалышы.

Механикалык майыпка учуроолор урулган, сынган жерлер - эрксизден кескин кыймыл жасоонун натыйжасында бийиктиктен кулап түшүп майып болуу же ток уруп эсинен танып жыгылуу.

Өндүрүштө кандай даражада болсо да электр куралдары менен, байланышпаган бир да жетекчи жана адис жок ,ошондуктан алардын ар биринин электр коопсуздугу боюнча билими болушу зарыл. Мына ушуга байланыштуу электр түзүлүштөрүн дайыма пайдаланып

жүрүшкөн адистер электр коопсуздугу боюнча беш квалификациялуу тобу белгиленген.

1. топтогу квалификация атайын электртехникалык даярдыгы жок, бирок электр тогунун коркунучтуулугу, тейленүүчү участокто иштеп жаткан учурдагы коопсуздук чаралары жөнүндө жөнөкөй түшүнүгү бар жана биринчи жардам көрсөтүүнүн эрежелери менен практика жүзүндө тааныш болгон адамдарга берилет. Аларга электр инструменттери менен иштегендер кирет.

2. топтогу квалификация электр установкалары менен жөнөкөй техникалык тааныштыгы, электр тогунун коркунучтуулугу жөнүндө ачык түшүнүгү бар, электр установкаларында иштегенде алдын ала сактануунун негизги чараларын билген жана биринчи жардам көрсөтүүнүн эрежелери менен практика жүзүндө тааныш болгон адамдарга (электр монтерлоруна, электр слесарларына, электр ширетүүчүлөргө) берилет.

3 топтогу квалификация электротехника жагынан жөнөкөй билими бар, электр установкаларынын түзүлүшүү жана тейлениши менен тааныш болгон, электр установкаларында иштеген учурларда коркунуч жөнүндө ачык түшүнүгү бар, коопсуздук техникасынын жалпы эрежелерин жана анын өзүнүн милдетине кирген жумуштардын түрлөрү боюнча эрежерлери, биринчи жардам көрсөтүүнүн ыкмаларын билген жана жабыр тарткан адамга жардам бүрүдө өзүн иш жүзүндө көрсөтө алган адамдарга (электромонтерлоруна, электрслесарларына, оперативдүү - ремонтточу персоналдарга, жаңы иштей баштаган инженерлерге жана техниктерге) берилет.


4. топтогу квалификация адистештирилген техникалык окуу жайынын көлөмүндөгү электротехника жагынан билими,электр установкаларында иштеген учурлардагы коркунуч жөнүндө толук түшүнүгү бар, электр установкаларын техникалык жактан эксплуатациялоонун эрежелерин (ПТЭ), электр установкалары менен иштеген убактагы коопсуздук техникасынын эрежелерин (ПТБ) жана электр установкаларында колдонуучу сактагыч каражаттарын пайдалануунун жана сыноодон өткөрүүнөн эрежелерин билген, жумуштарды жүргүзүү үчүн установкалардын орнотулушу менен тааныш болгон чыналуусу 1000 вольтко чейинки электрустановкаларында жумуштардын коопсуз жүрүшүн уюштура алган, биринчи жардам көрсөтүүнүн эрежелерин билген жана аны жабыр тарткан адамга жардам бүрүдө өзүн иш жүзүндө көрсөтө

алган адамдарга (электр монтерлоруна, электр слесарларына, цехтик электр установкаларынын оперативдүү персоналдарына, жаны иштей баштаган инженерлерге, техниктерге, коопсуздук техникасы боюнча инженерлерге) берилет.

5. топтогу квалификация өз участогунун схемалары жана жабдуулары менен тааныш болгон, ПТБны жана электр установкаларында колдонулуучу сактагыч каражаттарын пайдалануунун жана сыноодон өткөрүүнүн эрежелерин жакшы билген, жумуштардын коопсуз жүргүзө алган жана ар кандай чыналуудагы электр установкаларында болбосун аларды көзөмөлгө алуу тартибин киргизүүнү колунан келген биринчи жардам бере алган, башка топтогу персоналдагыларды коопсуздук техникасынын эрежелерине жана биринчи жардам көрсөтүүгө үйрөтө ала турган адамдарга (электр монтеруна, электр слесарына, мастерлерге, техниктерге, инженерлерге) берилет.

Ишканада чарбада администрациянын буйругу менен атайын даярдалган персоналдын ичинен электр чарбасын эксплуатациялоонун жалпы абалы үчүн жооптуу адам дайындалат. Ишкананын жетекчиси инженердик техникалык кызматкелерди да үч жылда бир жолу текшерүүдөн өткөрүшөт. Аны атайын комиссия кабыл алып күбөлүк берилет. Өткөрө албагандарга экинчи жолу сыноо белгиленет. Электр тогунан травма алуунун даражасы электр чынжырынын түрүнө жана ток өткөрүүчү зымдарга адамдын тийип алуу мүнөзүнө көз каранды болот.

Электр чынжырына адамдын тийип алышы ар кандай болушу мүмкүн 12-сүрөттө көрсөтүлгөндөй адам электр чынжырына урунуп алышат.




12-сүрөт. Электр чынжырына адамдын тийип алуу учурлары.

Ток өткөн электр зымы үзүлүп, электр энергиясы жерге өтүп жаткан учурда зымдын жерге тийген участкасында кадамдык чыңалуу пайда болот. Кадамдык чыңалуунун аралыкка көз карандылыгы 13-сүрөттө көрсөтүлгөн. Жерге тийишкен жеринде жердин потенциалы өткөргүчтүн потенциалына барабар, ал эми 20 м аралыкта анын мааниси нөлгө барабар.

Адамдын эки буту зымдын жерге туташкан точкасынан ар кандай аралыкта болгондугуна байланыштуу потенциалдар айырмасы аркандай мааниге ээ болот. Ошондуктан буттун арышы канчалык чон болсо, анда потенциалдар айырмасы көбүрөөк болуп, ошончолук ток урат. Токтун уруусунан кутулуу үчүн эки буттун арасындагы кадамдык аралыкты кичирейтип, б.а. жүмүрөп басуу же эки бутту бири-бирине жакын коюп секирүү керек.

Тогу бар зымдын үстүндө турган адамды тез секир деп чочутуп катуу кыйкыруу керек. Адам секиргенде ток булагынан ажырап, акыл эсине келип анын аман калышына көмөкчү болот.



13-сүрөт. Кадамдык чыңалуунун аралыкка көз карандылыгы.

Адамдын электр тогунан жабыркашы ток күчүнө жана чыңалууга өткөн убактысына, өзгөрүлмө же туракту ток экендигине, токтун жыштыгына адамдын денесинин каршылыгына, ден соолуктун жекече өзгөчөлүгүнө жараша болот.

Адамдын каршылыгы туракту эмес, ал болсо, кенири чекте өзгөрүп турат. Изилдөөчүлөрдүн маалыматы боюнча кургак теринин каршылыгы нымдуу денеге караганда чоң. Адамдын денесине тийген чыңалуу канчалык жогоруласа, ошончулук адамдын каршылыгы азаят.

Ошондуктан чыңалуу канчалык чоң болсо, жарадар болуунун бирден-бир критериясы боло албайт. Жарат алуу 127 В, 380 В, болорун эске алып, терини тиешелүү 40-50 В чыңалууда болорун билип, биздин өлкөбүздө коопсуздук чыңалуу 42 В, ал эми коркунучтуу нымдуу имараттарда 12 В туруктуу ток үчүн эквиваленттүү чыңалуу 110 В кабыл алынган.

Дене аркылуу 0,6-1,5 өзгөрүлмө электр тогу өткөндө токту сезет (сезилүүчү токтун чеги). J=8-10 МА жеткенде колдору калтырап, зымдан өзү чыга алат.

J=10-15 МА колдорунун салааларынын ооруганы сезип, өзү электр зымынан колдорун чыгара албайт. J=20-25 МА колдору шал болуп, дем алуусу кысылат.

J=50 МА чейин дем алуу органдары шал болуп, жүрөктөн иштеши начарлайт. 100 МА 50 Гц тогу жана андан жогорку мааниси адамды өлүмгө дуушар кылуучу ток болуп саналат.

Электр зымынын туура кесилиш аянтты аркылуу аз dt убакыттын ичинде агып өткөн dq электр санын ток күчү деп айтабыз.

$$J = \frac{dq}{dt}$$

Ар кандай убакыттын ичинде зым аркылуу бирдей сандагы электр зарядды агып өтсө туруктуу, ал эми убакыт бирдигинде ток күчүнүн чоңдугу жака багыты өзгөрүлүп турса өзгөрүлмө электр тогу деп аталат.

Адамдын денеси аркылуу өткөн ток Омдун Закону боюнча аныкталат:

$$J_{ag} = \frac{V}{R_{ag}}$$

Мында V – коюлган чыңалуусу.

R_{ag} – адамдын каршылыгы. Көп учурларда эсептөө үчүн адамдын каршылыгы R_{ag} = 10000 ом деп алып жүрүшөт. Чындыгында адамдын каршылыгы дененин кургактыгына жана нымдуулугуна, адамдын өзгөчөлүгүнө көз каранды болуп, кургак дененин каршылыгы көп, ал эми нымдуу дененин каршылыгы аз.

Адамдар электр тогуна эки фазалуу же бир фазалуу тутошуу болушу мүмкүн. Эки фазалуу тутошуу учурунда адам аркылуу өткөн ток омдун закону боюнча эсептелет:

$$J_{ag} \cong \frac{V_{сыз}}{R_{ag}}$$

$V_{сыз}$ – чынжырдын сызыктуу чыңалышы, R_{ag} – адамдын каршылыгы Ом менен (R_{ag} =1000ом).

Чыңжырдагы чыноосу 380 волт болсо, дене аркылуу өткөн ток J_{ag}=380в/1000ом=0.38А=380мА, адамды өлүмгө алып келет. Биз фибрилляциондук токтун мааниси 100мА алгандыктан, дене аркылуу өткөн ток бул чондуктан ашып кетет.

Көп учурларда адам токтун бир фазасына урунуп алышат. Бул учурда токтун күчү нейтрольдын жердештирилгендигине көз каранды болот. Эгерде жердештирүү жок болсо, анда адамдын денеси аркылуу өткөн ток төмөнкү формула боюнча эсептелет:

$$J_{ag} = \frac{V_{\phi}}{R_{ag}},$$

Фазалык чыңалуусу сызыктуу чыңалуу менен байланыштуулугу

$$V_{сыз} = \frac{V_{\phi}}{\sqrt{3}} = \frac{V_{\phi}}{1.73}$$

$$J_{ag} = \frac{V_{\phi}}{R_{ag} + R_{пол} + R_{бут.к} + R_0 +} \approx \frac{V_{\phi}}{R_{ag} + R_{пол} + R_{бут.к}}$$

Мында V_{ϕ} – фазалык чыңалуусу, $R_{пол}$ – полдун участкасынын каршылыгы, R_{ag} – адамдын каршылыгы, $R_{бут.к}$ – бут кийимдин каршылыгы, R_0 – нейтральды жердештирүүнүн каршылыгы.

Адам нымдуу полдо жана бут кийими суу болуп (же жылаңайлак) турган учурда дене аркылуу өткөн токтун күчүн эсептейли. Бул учурда $R_{пол}$=0, $R_{бут.к}$=0 болот.

$$J_{ag} \approx \frac{V_{\phi}}{R_{ag}} = \frac{V_{сыз}/\sqrt{3}}{1000} = \frac{200}{1000} = 0.22 = 220\mu A$$

Бул ток адам үчүн коркунучтуу, анткени токтун мааниси 0.1 амперден ашып кетип жатат.

Ток өткөн убакыт адамдын өмүрүнүн сакталышында да маанилүү ролду ойнойт. Ток канчалык көп убакыт өтсө, ошончулук коркунучтуу. 200000 герцтен жогорку жыштыктагы ток коркунучсуз. Өзгөрүлмө электр тогунун коркунучтуулугу туруктуу токко караганда 4-5 эсе чоң.

Адамдын денесине ток тийгенде алардын негизги жолу кан тамырынын жана нервдик тамырдын (стволунун) жолуна (алардын каршылыгы аз болгондуктан) туура келет. Ошондуктан колго урунуп андан жерге өткөн, ошондой эле адамдын өмүрүн сактоочу эң негизги органдары (жүрөк, өпкө, мээ) аркылуу аккан ток өтө коркунучтуу. Денеси таза, эмгекке бышкан адамдар оорулуу адамдарга караганда токко урунганда өзүн жеңил сезгендиги далилденген. Ошондуктан электроустановкаларда ким эле болсо иштей бербейт. Мурдагы СССРдин саламаттыкты сактоо министерствосу бекиткен тизме бар. Анда жүрөгү, астма, нерв системасы, кан басымы оорусу бар адамдар электроустановкада иштөөгө уруксат этилбейт. Ошондуктан электр установкаларда иштерден мурда сөзсүз медициналык кароодон өтүп, дарыгерден уруксат эткен кагазын алуу керек.

Электротравма алуу ошол имараттын түрүнө жараша болот. Алар коркунучтуулук даражасына карата өтө коркунучтуу, жогорулатылган коркунучтуу, анчалык коркунучтуу эмес болуп бөлүнөт. Өтө коркунучту имаратка 100 процентке жакын нымдуулукка ээ болгон, химиялык жактан активдүү чөйрөсү бар, электр жабдууларынын ток өтүүчү бөлүктөрү жана зымдын изоляциясы бузулган, эки жана андан ашык коркунучтуу шарттары бар жайлар кирет.

Жогорку коркунучтууга салыштырма нымдуулугу 75 проценттен жогору ток өткөрүүчү чаңдары, полдору бар же ошол имарат жайланышкан чөйрөнү температурасы 30 С жогору болгон, электр жабдуусунун металлдык бөлүкчөсүнө урунуп алуу коркунучтуу бар имараттар кирет. Калган имараттар электр коопсуздугу боюнча анчалык коркунучтуу эмес болуп эсептелет.

Электротравма алуунун негизги себептери төмөнкүлөр: чыналуусу бар зымга кокусунан урунуп алуу (изоляциясы жок зымдар, розетканын, рубильниктин контактысынын ачык болушу), ток тийип алуучу жерге коюлган шиттин жоктугу, ток булагынан ажыратылган чыналууга кокусунан урунуп алышы, изоляциянын

бузулушунун натыйжасында токко урунуу, фазанын жер менен туташып калышы.

Ремонт ишин жүргүзүп жаткан учурда ток булагынын туташтыруусу көп кырсыкка алып келет. Мындай бир аянычтуу кырсыкты эскере кетсек болот.


Ысык-Көл өрөөнүндө иштеген электр монтёру жогорку вольттуу чыңалуу өтүүчү зым карагайда оңдоо ишин жүргүзүп жаткан. Борбордон билбестен же кайдыгерликтен, электр тогун туташтырышкан. Ошонун натыйжасында Ата Мекендик согуштун катышуучусу, Берлинге чейин барып согуштан аман келген урматтуу карыя ардактуу эс алуунун алдында жарык дүйнө менен коштошкон.

Биздин турмушубузда электр тогунан сак болбоонун натыйжасында кырсыкка дуушар болгон учурлар кездешет. Ал 14-сүрөттө чагылдырылган.

Электр тогунун коркунучтуу аракетинен сактануу үчүн төмөнкүлөрдү дайым эске тутуу керек: өндүрүштүн коопсуздук жана техникалык эксплуатация эрежесинин талаптагыдай көлөмдө жана так аткаруу, аткаруучу ишке жолдомосу бар, электр жабдуу ишине жана инструментине уруксат этилген күбөлүгү бар адамды иштетүү;

Окуучулар иштей турган электрленген кол инструментине 42 вольттон жогору чыңалуу болбоосун эстен чыгарууга болбойт.

Электр тогунан сактануу үчүн жердештирүү колдонулат. Бул үчүн жерге туташтырылган зымдын каршылыгы 4 омдон чоң болбошу керек. Эгерде жердештирүүчү өткөргүч зым жерге көмүлгөн казык менен жакшы туташтырылбаса, ал зым электр коркунучунан сактабайт. Ошондуктан зымды бириктирүү ишине атайын көңүл бурабыз. Айрыкча жерге туташтырылуучу зым менен бириккен жерин ширетип, же болбосо болт менен бекем бекитип коюу жакшы натыйжаны берет жана бул бекиткен жерге дайыма контакт болгондугун текшерип турабыз.



14-сүрөт. Токко урунуу коркунучтары.

Электр установкаларынын корпустарын жердештирүүнүн чоң мааниси бар. Эгерде алардын зымынын изоляциясы ачылып калса, ток жерге өтүп кетип адамга коркунуч туудурбайт. Зымдын каршылыгы 4 Омдон жогору болсо, ток жерге оной өтүп кетпей адамга таасир этет. Жердештирилген өткөргүчтүн каршылыгын текшерүү үчүн МС-08 маркасындагы атайын курал омметр колдонулат.

Элект куралдары менен иштөөдөн мурда алардын зымдарынын изоляциясынын абалын текшерүү зарыл.


Каршылыкты М-1101 маркасындагы мегаомметр менен текшеребиз. Куралды кандай колдонуу жана текшерүү анын инструкциясында толук көрсөтүлөт.

Мындан тышкары жердештирилген зым үзүлүп калса, жылуулук берүүчү батареяны колдонууга болбойт. Типтүү курулган мектептерде жердештирүүгө арналган атайын точкалар бар. Мындай жердештирүүнүн ыкмалары 15-сүрөттө көрсөтүлгөн. Эгерде айыл мектептеринин жердештирүүгө арналган орун жок болсо, анда аны сабак берген мугалим өзү жасап алса да болот. Ал үчүн каршылыгы 4 Омдон чоң болбогон зымды, б.а. өткөргүчтүн каршылыгы үчүн Ом чыгарган формула менен эсептөө аркылуу туура кесилиш аянтынын жана узундугун билип, бийиктиги 2 м болгон жерге кагылган казыкка бекем бекитип койсо болот. Жер канчалык нымдуу болсо, ток ошончолук женил өтөт. Өткөргүчтүгүн жогорулатуу үчүн жердештирилген казык көмүлгөн жерге туз же жез купоросун сээп коюу максатка ылайык.

Жердештирүүдөн башка нейтрал менен жерге бириктирилген электр жабдулары колдонулат. Уч фазалуу токко 4 зым колдонулат. Ушул зымдын бирөө нөлдүк зым болуп эсептелет. Качан гана электр зымдарынын изоляциясы иштен чыгып, чыналуусу металлдын тулку бетине өткөн учурда, фаза нөл өткөргүчү менен туташып, чоң электр тогу өтүп, андан сактоочу автомат иштеп же болбосо электирдик сактагыч күйүп кетип, авария болгон электр жабдуулары иштеп жаткан электр тармагынан ажыратылат. Нөлдөштүрүү зымы бар установкаларга кошумча жердештирүүнү туташтыруунун зарылдыгы жок.

Электр тармактарында ашык же коркунучтуу чыналуу болгон учурда электр жабдууларын сактоо үчүн сактоочу ажыраткыч колдонулат. Ажыраткычтар изоляторлорго бекитилген кыймылдуу жана кыймылсыз контактан турат. Ажыраткычтар кол же пружина менен электромагниттик же пневматикалык жол менен иштетилет. Ажыраткычтар үй тиричилигинде жана өндүрүштө колдонулуучу болуп бөлүнөт. Өндүрүштүк ажыраткычтар электр энергиясын бөлүштүрүү тармагында ток күчүнүн ашыкча болуп кетишинен сактайт.

Сактоочу ажыраткыч иштебей калган учурда тез эле авариялык өчүрүүнүн кнопкасын басуу керек. Биринчи жолу кырсыка дуушар болгон адамга жардам берип, жергиликтүү туташтырууну ажыратуу зарыл.



15-сүрөт. Жердештирүү ыкмалары.

Ремонт жасоо иштеринде айрыкча сактык талап кылынат."Ремонт жүрүп жатат ток булагын туташтырууга болбойт" деген эскертүүчү жазууну коюу керек. Мындан тышкары сактагычты чыгарып койсо, кокусунан, билбей туташтырып жиберген кырсыктан сактайт.

Электр установкаларынын эксплуатациялоодо жана ремонттоодо күтүлбөгөн кырсык болушу мүмкүн. Мындан сактануу үчүн атайын каражаттар колдонулат.

Резинадан жасалган каражаттар шкафта өзүнчө, күн тийбеген жерде сакталат. Өздүк каражатка жаракту мөөнөтү, текшериле тургандыгы жазылат.

Электр тогуна урунуу, электрдик травма деп аталат да ток тийген жерде анын белгилери билинип, дене кара күрөң тарттат. Айрым учурларда ток чоң болсо күйгөн жери капкара болуп көмүргө окшоп калат.

Электр тогу булчундарды диртилдетип, денени тырыштырып салгандыктан, токко урунган адам ток булагынан өзү бошонуп чыга албай калат. Электр тогу адамдын нерв системасына, жүрөктүн булчундарына, кан тамырларына өз таасирин тийгизип, алардын нормалдуу ишин бузат. Бирок электрдик травмада адам чала өлүк болуп калганын эске алып, болгон аракетти жасоо керек. Электр тогу менен жапа чеккенде көрүлүүчү жардам эки этаптан турат:

1. Тырышып калган кезде адамды ток булагынан ажыратуу. Адамдын денесин ток булагынан ажыратууну канчалык тез жана туура жүргүзсөк, ошончолук ийгиликке жетебиз. Адамдын денеси токту жакшы өткөрөт. Жардам берүүдө туура ыкманы колдонбосок, жардам берген адамдын өзүн ток урат. Биринчи ирет ток булагынан ажыратуучу бөлүктү өчүрүшүбүз керек. Ал мүмкүн болбой калса электрдик сактагычты тез чыгарып ийсек, ток булагынан ажырайт. Эгерде адамдын үстүндө тогу бар өткөргүч жатса, изоляциялоочу аспаптарды же кургак жыгачты пайдаланып, электр зымын адамдын үстүнөн алып салабыз.

Эгерде адамдын колу зымга тырышып калса, диэлектрикалык мээлейдин жардамы менен колдун манжаларын чыгарабыз же болбосо адамдын колунан кармабай кургак кийиминен, же чачтан тартуу да жакшы натыйжаларды берет. Кээ бир учурларда зымды кесүүгө туура келет. Бул учурда жыгач саптуу балта менен зымды үзө чабабыз. Балта темир саптуу болсо адамдын өзүн ток урат. Эгерде розеткага туташтырылган электрдик аспаптан ток урса, анда розеткадан вилканы тез ажыратып салышыбыз керек.

2. Токко урунгандарга медициналык жардам көрсөтүү. Жабыркаган адамга дарыгер гана туура жардам бере алат. Ошондуктан биринчи иретте врачты чакырууга аракет жасашыбыз керек. Дарыгерге чейин электр тогунун булагынан бошотуп алгандан кийин токко урунган адамдын ахвалына жараша жардам көрсөтүлөт.

Жабыркаган адам акыл-эсинде болсо, ага тынчтык берип, топчуларын чечип, курун бошотуп, таза аба менен дем алуусун камсыз кылып, дарыгердин келишин күтөбүз же транспорт менен медициналык жайларга жеткиребиз.

Эгерде адам токтун таасири астында акыл-эсин жоготсо, нашатыр спиртин жыттатып, бетине муздак суу чачып кан тамырынын согушун текшеребиз. Жапа чеккен адамдарды жасалма жол менен дем алдырыш учун жардам берүүчу адам терең дем алып, жапа чеккен адамдын оозуна же мурдуна үйлөйт. Мындай жол менен дем алдыруу абаны үйлөп берүү методу деп аталат. Жасалма дем алууда жапа чеккен адамдын оозун же мурдун минутасына 10-12 жолу(чоң кишилерди), ал эми жаш балдарга 15-18 жолу үйлөшүбүз керек.

Эгерде көпкө чейин эс учун жыя албай жүрөгү жана дем алуусу начарлаган(чала өлүк) болсо, анда 2-4 саатка чейин тындырбай жасалма дем алдырып туруу керек. Токко урунган адамды жылытып, бутун же денесин жылуулап жаап, грелка коюп, сыз эмес, кургак жакшы жайга жаткыруу зарыл.

Токко урунган адамды жерге көөмп жардам берүү керек деген туура эмес түшүнүктөр, б.а. адамдагы заряддар жерге өтүп кетет деген ойлор айтылып жүрөт. Жерге көмүлгөндө анын көөдөнү куушурулуп, дем алуусу ого бетер кыйындап, адамдын денесинин күйгөн жери булганып, микробдун кирүүсүнө жол ачарын унутпашыбыз керек. Мындан башка адамдын денеси конденсатор сыяктуу түзүлүшкө ээ болсо, аны жер менен туташтырып ийсек жакшы натыйжа берер эле. Адамга тийген ток аракетин тез эле жасап, электр заряды анда сакталып калбайт.

Жыйынтыктап айтканда электр тогунан сактануунун жолдору төмөнкүлөр:

- Ток өтүүчү зымдын изоляциясынын болушу жана ага дайыма көзөмөл жүргүзүү
- Токтун коркунучтуу бөлүктөрүнө тосмо коюу
- Блокировка жана эскертүүчү сигнализация
- Коопсуздуктун белгилеринин жана эскертүүчү плакатты колдонуу
- Төмөндөтүлгөн чыңоосун пайдалануу
- Сактоочу жердештирүүнү туташтыруу
- Нөлдөштүрүү
- Коргоочу ажыратып ийүүнү колдонуу
- Жекече каражаттарды колдонуу

- Шашып кетип жаңылыш туташтырып албоо
- Электр өлчөөчү куралдар менен ток үчүн, чыналуусун, кубаттуулугун ж.б. параметрлерин өлчөө.

Сактануунун жекече каражаттары. Кыргыз Республикасынын КЗОТунун 161 статиясынын негизинде эмгек шарты зыяндуу жумуштарга ошондой эле өзгөчө температуралык режимде жана ыплас жерде иштегендерге акысыз норма боюнча атайын (бут) кийимдер жана сактануунун жекече каражаттары берилет. Жекече сактануунун төмөнкү каражаттары колдонулат: денени коргоо учун халат, кыска тон, пахта тыканына, атайын ткандан жасалган тон;

Колду сактоо үчүн-мээлей, кол кап, булгары, резина, брезент, же кебез-кагаз материалдардан жасалган кол кап. Бутту коргоо үчүн-ботинка, өтүк, валенки, тизе кап, атайын бут кийимдин түрү(мисалы, анти электростатикалык). Башты коргоо үчүн-каска, шлем, капюшон, берет, бир байлам жоолук, баш жоолук, кулакчындуу тумак ж.б. Бетти коргоо үчүн-маска, кырдуу шапке, светофильтери бар шитка; Козду коргоо үчүн-ачык жана жабык тибиндеги көз айнек, зымдан жасалган торчо, кварц,оргайнек ж.б. Дем алуу органдарын сактоо үчүн чанга каршы респиратор, противогаз, айрым бир зыяндуу газдарды филтирлөөчү противогаздар, скафандр;

Угуу органдарын сактоо үчүн-ызы-чууга каршы кулакчыны колдонулат. Бийиктиктен кулап кетүүдөн сактануюга-сактоочу куралдар, тросс, чынжыр, коити, тайгаланбоочу жумшак бут кийим; Термүлүүдөн сактануу үчүн-термелүүгө каршы пористый резина кол кап, таманы калын бут кийим, виброаянтча, амортизилөөчү килемчелер; Электр тогунан урунуп алуудан сактануу үчүн-диэлектрикалык резина мээлей, галош жана бота, килемче, изолятордо койгуч, ток өткөрбөөчү инструменттин сабы, штанга, чыналуунун индикатору, токту өлчөчү клеш, көздү сактоочу көз айнек. Радиоактивдуу нурдан сактануу үчүн-атайын коргошун, айнек кошулуп жасалган костюм, нур өткөрбөгөн экрандар. Денеенин терисин сактоо учун-атайын кремдер, пасталар, атайын майлар.

Өндүрүштүк окуу же практика учурунда студенттер, окуучулар норма боюнча атайын кийим, бут кийим жана сактануунун жекече каражаттары жумушчулар сыяктуу эле камсыз кылынат. Өндүрүш (окуу жайы) убагында жараксыз, кир кийимди алмаштырып жана ремонт жасатууга, жуудурууга жетекчи кам көрөт.

Мекемелерде жана башка агартуу мекемелеринде тарбиялануучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша ылайыктуу атайын

кийимдерди камсыз кылуу жетекчинин, сабак берген мугалимдин, устаттын милдети. Кээ бир учурда төмөнкү класстын окуучуларына шөлбүрөгөн чоң халатты кийгизип койгон учурлар кезешет. Эгерде ошол халатты кийген окуучу айлануучу детал менен кошо оролуп кетсе анын тагдыры эмине болоруна маани берилбейт. Мындан башка станокто иштеген учурда кыз балдардын чачы айлануучу деталдарга кошо оролуп кетпөөсү үчүн коопсуздук техникасынын талабы боюнча бир байлам жоолук менен чачын байлап коюу талап кылынат. Дагы бир ойлонуучу нерсе азыркы жаш уландардын чачын узартып, алардын чачы кыздардын чачынан узун болгонун көрүүгө болот. Ошондуктан булардын айлануучу деталдарына иштеген учурда чачтарынын оролуп кетпөө камсыздыгын көрүү мугалимдин жана устаттын милдети.

Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо боюнча мыйзамында "Ишканалар өзүлөрүнүн чарбалык, комерциялык, тышкы экономикалык жана башка иштен түшкөн пайдалардан (кирешелерден) насыялардын, ошондой эле башка булактардын эсебинен эмгекти коргоо боюнча фондуларда түзүүгө укуктуу. Эгерде эмгекти коргоого багытталуучу пайда жалан гана эмгекти коргоо максатына пайдаланылган шартта андан салык алынбайт (12 статья)- деп айтылат. Мындан башка Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо боюнча законунун 7-статьясында" Ишканалардын коопсуздук эмгегинин маселелеринин чечилишине багытталган коомдук уюмдар салыктарды, мамлекеттик пошлиналарды жана мамлекеттик бюджетке кетүүчү жыйындардын башка түрлөрүн төлөөдөн бошотулат"- деп айтылат.

Мына ушул мыйзамдын негизинде эмгекти коргоо маселесине өкмөт тарабынан айрыкча көңүл бөлүнгөндүгүнө байланыштуу, биздин аймагыбыздагы чакан ишканалар Кыргыз Республикасында өндүрүштү, жашоо тиричилигибизди эске алып өмүр коопсуздугу боюнча кам көрүү азыркы талаптын кечиктирилгис иши.

4.3 Окуу кабинеттеринде (лабораторияда) коопсуздук

Физика кабинетиндеги ар түркүн куралдар жана жабдуулар, нурдун жана жылуулуктун булагы, күйүүчү газдар жана суюктуктар, техникалык каражаттар, механикалык жабдуулар ж.б. колдонулат. Ушулар менен иштөөдө ар кандай кокустук болушу ыктымал.

Жаңы программа боюнча физика сабагында 250дөн ашык демонстрациялык тажрыйба, 50гө жакын фронталдык

лабораториялык иш, ар бир эки саатка эсептелген физикалык практикум өткөрүлөт, көп сандаган кинодемонстрациялар жүргүзүлөт. Техникалык коопсуздукту сактоонун эрежелерин бузуу же ага өзгөчө маани бербей коюш жаш муундардын өмүрүнө коркунуч туудуруп, аларды кырсыка учуратышы мүмкүн.

Физикалык кабинетти туура тандоо айрыкча мааниге ээ. Лабораториялык (кабинет) аянты 66 м.кв.жана лаборант иштөөчү жай 16 м.кв. кем болбогон нымдуу эмес бөлмөдөн турат. Лабораториялык стол ага туташтырылуучу электр зымдары мамлекеттик стандарттын нормасына туура келүүсү зарыл. Айрыкча, электр зымдарындагы изоляциялардын бузулбай сакталышына көңүл бөлөбүз, анткени ал аркылуу өткөн электр тогу өмүргө зыян келтирет. Айрыкча өзгөрүлмө тогу туруктуу электр тогуна караганда кыйла коркунучтуу болот.

Лабораториялык ишти жүргүзүүдө, практикум өтүүдө, демонстрация көрсөтүүдө төмөнкү эрежелерди сактоону сунуш кылабыз: техникалык коопсуздуктун эрежесин билбей туруп тигил же бул ишти аткарууга тыюу салынат. Коопсуздуктун инструкциясы менен толук таанышгтырып же түшүндүрүп бүткөндөн кийин гана иш жүргүзүлөт. Бул инструкцияны тиешелүү уюмдар бекиткенден кийин лабораториядагы көрүнүктүү жерге айнектеп, илип коюу керек.

Лабораториялык схеманы чогултар алдында башкы рубильник (өчүргүчтүн) туташпай турган абалда болуп, башкы жогорулатуучу трансформатордун оромосу төмөнкү абалда болушу керек: электр тогу бар же жок экендигин текшерүүдө өтө сакгтык талап кылынат. Аны текшерүүдө номиналдык чондукка туура келген, башкача айтканда чыналуучу 220 В тон жогорку чыналууну өлчөй турган волтъметр, контролдук лампа же чыналуунун болушун көрсөтүүчү калемсаптар колдонулат. Электр тогунун булагынын ажыратылган конденсатор көп убакытка чейин электр зарядын сактап туруу касиетине ээ болот. Ошол конденсатор менен ишти бүткөн учурда сөзсүз зарядын чондугун эң төмөнкү маанисине жеткирип, б.а. разряддоо керек.

Лабораториялык ишке колдонуучу кабель жана зымдардын изоляциясы өзгөрүлмө электр тогунун 500 волт чыналуусуна чейин туруштук бере ала турган изоляциялык материалдан жасалат.

Кубаттулугу 800 ваттка чейинки электр куралдарын күндөлүк колдонулуп жүргөн кадимки эле розеткага туташтырсак болот.

Эгерде электр куралынын кубаттулугу андан ашып кетсе ал куралды электр бөлүштүрүүчү щитке же ушул максатка

ылайыкталган атайын жабык рубильникке туташтырабыз. Анткени, электр куралынын кубаттуулугу чоң болсо, зымдын изоляциясы күйүп кетип, чукул туташып, өрт чыгышы мүмкүн.

Электр куралдарынын корпустарын жерге туташтыруунун да чоң мааниси бар. Эгерде ошол аппараттагы зымдын изоляциясы бузулуп калса, ал адамга коркунуч туудурат. Мындан сактануу үчүн каршылыгы 4 Омдон чоң болбогон зым аркылуу жердештирүү зарыл. Анткени, кокусунан электр тогу электр куралынын корпусу менен туташып калса, ток жерге өтүп кетип, адамга коркунуч туудурбайт.

Физикалык кабинетте мугалимдин демонстрациялык столуна же окуучулар лабораториялык иш аткаруучу столго электр тогун алып келүүчү зымдар окуучуга такыр коркунуч келтирбөөсүн камсыз кылууга милдеттүүбүз. Демек, зымдан изоляциясын сактоо үчүн атайын темир түтүктөрдүн ичине жайланыштырабыз.

Лабораториялык ишти схема боюнча чогултканда учурда зымды кесилиштирбей туташтыруу зарыл. Лабораториялык иштен ашып калган зымдар столдон алынып, ага арналган атайын орунга коюлат.

Эгерде трансформатордук биринчи түрмөгү ток булагына туташып турса, анын экинчи оромосун туташтырууга такыр тыюу салынат.

Лабораториялык схеманы чогултуу ток булагынан ажыратылган учурда гана жүргүзүлөт. Ток булагы менен туташуу схеманы мугалим толук текшерип бүткөндөн кийин гана иштөөгө уруксат берилет. Эгерде схемада кандайдыр бир туура иштебеген участок болсо, биринчи иретте ток булагынан ажыратып, андан кийин гана ондоого болот.

Кээ бир лабораториялык иштерде ташып жүрүүчү розетканы колдонууга туура келет. Мындай учурда ал окуучулар электр зымына чалынып албагандай жагдайда жайланыштырылат.

Окуучуларга демонстрациялык тажрыйба көрсөтүүдө жана лабораториялык иш аткарарда, физикалык практикум өтөрдө, физика боюнча класстан тышкары иштерди жүргүзөрдө мугалим алдын ала ойлонуп, коопсуздуктун техникалык эрежесин так аткарып, окуучулардын ден соолугуна зыян келтирбей турган шартты түзүш керек. Физикалык демонстрация учурунда электр кыймылдаткычын жана айлануучуда пайда болгон борбордон четтөөчү күч белгилүү өлчөмдөн ашып кетпегендей маанисин текшерип турабыз.

Лабораториялык иште жылуулук булагы катары электр плиткасын ж.б. ысыткычтарды колдонобуз. Айнек идиш асбестелген торчосу аркылуу жылуулук булагына коюлат. Эч убакта бул куралдарды кароосуз калтырууга болбойт.

Лабораториялык ишти жүргүзгөндө ачык сымапты колдонбош керек, анткени сымап буусу ден соолукка зыян. Сымап термометри менен иштөө өтө кылдаттыкты талап кылат. Эгерде ал сынып кетсе, сымапты чогултуш кыйын жана бууланган сымап өпкөдө калып, адамда рак оорусун пайда кылат. Ошондуктан сымап термометри атайын кутучуларда жайгаштырылат.

Кийинки кездерде атом жана ядро физикасын окуп үйрөнүүдө радиоактивдүү элементтер менен иштөөгө (радий,уран ж.б.) туура келет. Бул элементтерден чыккан көрүнбөс нурлардын таасирин адам сезбейт. Ал нурду атайын көрсөтүүчү экрандардан гана байкоого болот. Жогоруда айтылган элементтерди коргошундун кошулмасы бар атайын жасаган темир сейфтерде сактоого милдеттүүбүз.

Анткени нурлар коргошунга жутулуп, сейфтен нур чыкпайт. Физика сабагында катод жана рентген нурлары деген темалар өтүлөт. Ал нурлардын касиеттери көрсөтүүчү түтүкчөлөр менен демонстрация көрсөтүүгө коопсуздук техникасы тыюу салат.

Суюктук аркылуу өткөн электр тогунун касиеттерин, Фарадейдин закондорун жана аларды турмушта колдонушун үйрөнүүдө ар кандай кислоталарды, щелочторду колдонууга туура келет. Кислоталар жана электролиттер ууланууну жутуп алуучу шкафтарда сакталат. Аккумулятордун жанында чукул туташа турган зым же металл болбогону абзел.

Түрдүү лабораториялык иштерди аткарууда физика мугалимине электр плиткалары, ысыткычтар жана тез күйүп кетүүчү майлар ж.б. металлдар менен иштөөгө туура келет. Аларды туура пайдаланбаган учурда өрт чыгышы мүмкүн. Мындан тышкары өрт негизинен төмөнкү себептерден чыгышы ыктымал.

- токтун мааниси берилген өлчөмдөн ашып кеткен учурда, айрыкча электр жаасында;

- туташтырылган зымдарда контакт начар болгон учурда; чукул туташтырылган учурда;

- ылайыкташтырылбаган сактагычты (предохранителди) колдонгон учурда;

Кээде мектептерде чагылгандан сактагыч болбосо өрт чыгышы мүмкүн. Эгерде мектептин үстү темир менен жабылып калса, аны каршылыгы аз зым менен жердештирүү максатка ылайыктуу, өрттөн

сактаныш үчүн жогоруда айтылгандарга айрыкча көңүл буруу керек. Электр тогунун коркунучтуу аракетинен сактануу үчүн атайын блокировкалар колдонулат.Мисалы электр тогу бар жабдуунун эшигин ачканда дароо эле ток булагынан ажыратып, коркунучсуз абалды түзөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн коопсуздук жоболорду жогорку окуу жайынын электротехника жана теплотехника кабинеттеринде да колдонууга болот.

Химия кабинетинде иштеген учурдагы коопсуздук. Химия кабинетинде коопсуздук техникасын сактоо боюнча мурдагы СССР эл агартуу министрлиги тарабынан түзүлгөн, мурдагы СССРдин саламаттык сактоо министрлиги жана профсоюз борбордук комитетинин макулдугу менен бекитилген атайын интрукция бар.

Мектептин директору, окуу иштери боюнча орун басары жана химия мугалими кабинетте окуучуларга сабак өтүү үчүн онтойлуу шарт түзүүгө милдеттүү. Химия кабинети терезеси чыгыш же түндүккө караган имараттын жогорку кабатынан орун алат. Кабинет 66 метр кв., лаборанттык бөлмө 15 м.кв аянтка ээ болуп, класска жайланышат. Кабинетин микроклиматы башка кабинеттердикине окшош.

Химиялык уу заттар менен иштөөдө атайы даярдалган чан соргуч шкафтар болуп, ал желдеткичтер менен туташтырылат. Иштеген бөлмөнү таза кармап, ал жерге кереги жок аспаптарды,идиштерди реактивдерди коюуга жарабайт. Химиялык заттардын даамын татып, мурун менен жыттап билүүгө болбойт. Жытын билгиниз келсе, идиштин пробкасын ачып алаканды жытка жакындатып, аны идиштен тартып алгандан кийин колду жыттаса болот.

Уу же ден соолукка зыян, жыты сасык заттар менен иштегенде жөн эле ачык бөлмөдө иштебей, соргуч жабык шкафта иштөө керек. Кислоталарды, составында аммияк, хлор, бром, йод, күкүртүү суутек, органикалык эритгичтери бар эритмелерди бөлмөгө буулантууга уруксат берилбейт. Химия кабинетинде ысыктан жана химиялык заттардан денени күйгүзүп алуу коркунучу да бар.Ар кандай күйүктөр өтө ысыган нерселер, приборлор менен олдоксон иштөөдөн болот. Жогорку температурага чейин ысыган заттар, кычкач, кыпчыгыч,туткуч менен кармалап ордуна жылдырылат. Ысыктан күйгөн денеге ошол замат калий перманганатынын эритмесине, спиртке чыланган кебез тампонду басуу керек. Химиялык заттардан күйгөн күйүктөр денеге концентрацияланган кислоталар,өзгөчө

күкүрт кислотасы же жегич щелочтун эритмеси тийгенде пайда болот. Колго же башка денеге жогоруда көрсөтүлгөн химиялык заттар тийсе, ал жерге ошол замат суунун агымы менен денени тез жууп жиберүү жакшы натыйжаларды берет.

Кислоталар эритмесин даярдоо аны акырындык менен муздак сууга куюп аралаштырат. Эч убакта сууну концентрацияланган күкүрт кислотасына куюуга болбойт. Анткени, кислота реакция убагында чачырап, денени күйгүзүшү мүмкүн. Катуу жегич щелочторду пайдаланган кезде көз айнек, халат, резина мээлейди кийип, башка жоолук салуу керек. Катуу жегич щелочторду эритүүдө температура жогорулайт. Ошондуктан аларды фарфор идиштерине эритишет.

Аккумуляторду заряддаганда,кээ бир органикалык бирикмелерде, тез күйүп жана от алуучу заттар менен иштегенде жарылуулар пайда болот. Жабык идиштеги жана бөлмөдөгү жарылуу өтө коркунучтуу. Анткени, мындай жарылуу учурунда пайда болгон чачырындалар денеге, көзгө өтө зыян келтирет. Реакция жабык идиште жүргүзүлсө, бөлүүнүн натыйжасында кошумча кокустук пайда болуп, жарылууга шарт түзөт. Өзүнөн өзү от алуучу жана өрттөн коркунучтуу заттарды тиешелүү тараларда гана өзүнчө сактоо керек. Айрыкча мындай суюктуктарды куюштурганда же алар менен иштегенде алардын жанында күйүп турган же өтө ысыган нерселер болбоого тийиш.

Коопсуздук техникасы боюнча химия мугалими инструкция түзүп, аны мектептин директору жана профсоюз уюму бекиткенден кийин окуучуларга түшүндүрүп, көрүнүктүү жерге илип коюу керек. Аны мазмуну төмөндө көрсөтүлгөн:

1. Химия кабинетинде иштеген учурда жумушчу орунунда тазалыкты, сактыкты көрсөтүп, коопсуздук техникасынын эрежесин так аткаруу.

2. Ишке киришердин алдында: а) тажрыйбаны коркунучсуз аткаруу тартибин айтып берүү ;

б) тапшырманы аткарууда колдонулуучу куралдын жана башка предметтердин ишеничтүүлүгүн текшерүү ;

в) ишке жолтоо боло турган материалдарды жана предметтерди жумушчу ордунан алып коюу.

3. Мугалим тапшырма бергенден кийин гана аткарууга киришүү

4. Тапшырмага жана мугалимдин көрсөтмөсүнө байланыштуу болгон гана ишти аткаруу

5. Иш убагында өзүндү жана башка окуучулары сүйлөп алаксытпоо.

6. Ишти аткарууда мугалим же лаборанттын берген идишин, приборун жана реактивин колдонуу. Башка столдогу идиш, реактивдерди алууга болбойт.

7. Тажрыйбанын методикасына жана мугалимдин көрсөтмөсүнө ылайыкталган сандагы гана химиялык заттарды алуу.

8. Реактивден жаңылып калбаш үчүн идишинин же башкасынын сыртындагы этикетканы окуу.

9. Химиялык заттарды түздүн-түз кол менен кармабоо. Бул ишке арналган фарфор кашыкчасын, калакчаны колдонгула.

10. Кургак реактивди столдун үстүнө төшөлгөн кагаздын үстүнө салгыла, суюгун табакчанын үстүнө коюлган идишке куйгула.

11. Столдун үстүнө салынган кургак жана идишке куюлган суюк реактивдерди кайра өзүнө куйбагыла.

12. Химиялык заттардын даамын татууга тыюу салынат, анткени алардын ар биринен уу келип, адамды ууктурат.

13. Заттын жытын билүү үчүн идиштин оозуна мурунду жакын алып барбагыла жана андан бөлүнүп чыккан буудан, чандан дем албагыла.

14. Зыяндуу буу, газ чыга турган бардык заттарды желжеткичи иштей турган жабык, соруучу шкафта сактагыла жана иштерди ошол шкафта жүргүзгүлө.

15. Суюктукту ысытканда учурда тыгындуу колбаны кармап тургула, анын озун өзүнө жана жанындагы кишиге жакын багыттаба.

16. Идишти (пробирканы) өйдө жагынан тиктебегиле, эгерде андан суюктук атылып чыкса, кокустук болушу мүмкүн.

17. Кайноо же кайнооого жакындап калган температурада плитадан, жылытткычтан реактиви бар колбаны же стаканды кол менен албагыла, жылдырбагыла. Ал үчүн туткучту же сүлгүнү пайдалануу керек.

18. Эритмеси бар чон өлчөмдөгү стаканды алууда,ташууда эки кол менен кармабагыла, мында бармак менен сөөмөйдү стакан жылмышпагандай жайлаштыргыла.

19. Ысык суюктугу бар идишти муздаганга чейин пробка менен катуу бекитпегиле.

20. Ысытылып жаткан суюктуктарды өтө кыска убакытка да кароосуз калтырбагыла.

21. Концентрацияланган кислотаны суюлтууда суюга акырындык менен кислотаны куйгула. Тескерисинче жасоого уруксаат этилбейт.

22. Концентрацияланган кислотага суу кошууда жана аралаштырууда химиялык жука же фарфор идишти колдонгула.

23. Оозду күйгүзбөө же уукпас үчүн кислотаны, жегичтин кошундусун айнек пипетка менен сорбогула. Ал үчүн атайын резина грушасын колдонгула.

24. Концентрацияланган жегичтер жана кислоталар менен иштеген учурда резина мээлейин жана көз айнекти тагынгыла.

25. фарфор идишин алып жегичти эритүү үчүн, суугa аз санда кошуп, үзгүлтүксүз аралаштыргыла. Жегичтин эрибеген бөлүкчөсүн пинцет менен же кыпчуур менен алгыла.

26. Кокусунан төгүлгөн кислотаны эритилген жегичти мугалимдин көрсөтмөсү боюнча гана чогултkула жана куюштургула.

27. Тажрыйба жүргүзгөн кислотанын жана жегичтин калдыгын раковинага куйбагыла. Аны атайын ылайыкталган идишке же бөлүнгөн жайга куюу керек.

28. Органикалык эриткичтер менен болгон иштерди желдетүү жана таза эмес абаны соруучу шкафта жүргүзгүлө.

29. Органикалык эриткич менен тажрыйба жүргүзүлүүчү идишти толтурардан мурда ал таза жана кургак болушу керек.

30. Тез тутануучу жана күйүүчү эриткичти жылытууну суу куюлган идиштин ичине салып ысыткыла.

31. Тез тутануучу жана күйүүчү эриткичтер менен иштөөдө анын жанындагы горелкалар өчүрүлүп, ачык спираль менен иштөөчү электроплиткалар ток булагынан ажыратылышы керек.

32. Эриткичти ысытууга байланыштуу болгон жумушчу ордун кароосуз калтыруугa болбойт.

33. Аба соруучу шкафты туура пайдалануу: а) ишти аткарууда соруучу шкафтын өйдө көтөрүлүүчү эшигин жабык абалда кармоо. Шкафта жутулуу болуу үчүн, андан аз гана жаранка кетирүү керек.

б) шкафты зарыл болгон гана убактарда ачкыла.

в) шкафтын жогору көтөрө турган эшигин ачкан учурда ал түшүп кетпес үчүн алдынан тирөөч койгула.

34. Газ горелкасын тура пайдалангыла. Аны күйгүзүү үчүн чагылган ширенкени, үстүндөгү тешикчеге алып барып кранын ачкыла. Туура күйүп жаткандыгын көзөмөлдөгүлө. Ишти бүткөндөн кийин горелканы өчүрүп, кранды жапкыла.

35. Кислотаны, жегичти ж.б. химиялык заттардын эриткичин ысытууда пробиркага айрыкча көз салгыла.

36. Өздүк гигиенаны туура сактагыла. Колду таза кармагыла. Тырмактын алдына зыяндуу заттар топтолуп, тамак ичкенде иче

карынга кошо кирип, адамды ууктурушу мүмкүн. Кабинетте иштегенде суу жана тамак ичпегиле. Ишти бүткөндөн кийин колунарды самын менен таза жуугула.

37. Ишти аткарып жатканда куралдар туура иштебесе, жогорку сапаттагы идиштер болбосо, дароо токтотуп ал жөнүндө мугалимге билдиргиле.

Эсептөө техникасы кабинетиндеги коопсуздук. Азыркы мезгилде компьютердик сабаттуулукка айрыкча көңүл бөөлүдө. Илимий техникалык прогресстин шартында мектеп окуучуларын чыгармачылык ой жүгүртүүгө жана эмгекке тарбиялоодо окутууну компьютерлештирүү айрыкча мааниге ээ болот. Ошондуктан мектепте, жогорку окуу жайында "Информатика жана эсептөө техникасынын негиздери" деген сабак окутула баштады. Мектепте бул курс математика циклдеги предметтерге жакын болгондуктан атайын даярдоодон өткөн математик жана физик мугалимдер сабак берет. Бирок эмгек сабагынан даярдалуучу мугалимдердин окуу планында «Информатика жана электрондук эсептөө техникасы», ЭЭМди технологиялык процессти башкарууга колдонуу" деген сабак бар. Мындан башка техникалык чыгармачылык жана моделдештирүү, эсептөөдө, информацияны издөөдө компьютердик техниканы колдоно билүү талабы коюлуп жатат. Бул сабактар "Эсептөө техникасы" кабинетинде окутулат.

Мектепте эсептөө техникасы сабагынын кийрилиши аларды эксплуатациялоо учурунда анын белгилүү коопсуздугун сактоону талап кылып отурат. Азыркы мезгилде өнөр жайлар ар түркүн микропроцессорлорду чыгарууда. Жекече компьютерлерге "Искра", "Агат", "ДВК" жана микрокалькуляторлору кирет.

Биздин өлкөбүздө эсептөө техникасы кийинки жылдарда эле окуу процессинде өндүрүштө кенири колдонула баштады. Ал эми өнүккөн өлкөлөрдө эсептөө техникасы мурунтан эле кенири колдонулуп келген. Ошондуктан алардын эсептөө техникасын колдонуудагы өмүр коопсуздугуна тийгизген таасирлери биз үчүн сабак болушу керек.

Америкалык компьютердик техника менен иштеген компанияда иштеген 500 кишинин 187си ден соолугу начарлаганын билгизишип, ден соолугун калыбына келтирүү жөнүндө доомат коюшкан. Мындан башка 470 персоналдык компьютерди пайдалангандардын 64 проценти ийни жана моюн сөөктөрүнүн ооругандыгын, ал эми 50 проценттен көбү көрүү органы көзгө тескери таасирин тийгизгендигин билгизишкен. Япониянын Осака

шаарындагы өмүр коопсуздугу боюнча илим-изилдөө институту эсептөө техникасында иштеген 3148 операторлору текшеришкен. Ушул иштегендердин баары көздүн чарчагандыгына жана анын начарлашына доомат коюшкан. Американын Окленде шаарында компьютер менен жумасына 20 сааттан ашык иштеген 1583 аялдын ден соолугун текшергенде жаныдан жана мурда боюнда болгон аялдардын боюнан түшүп калуусу ушундай убакытта дисплей терминаторунан башка кызмат иштегендерге салыштырганда 80 проц. жогору болгондугу байкалган. Мына ушулардын негизинде дисплей терминаторлорунда иштегендерди ден соолукка зындуу шарт катарында эсептеп белгилүү женилдиктерди берүү коопсуздук техникасынын азыркы учурдагы талабы.

Борбордук нерв системасынын функционалдык абалын жана көрүүнү анализдөө кластагы компьютердин саны, аларды жайланыштыруу окуучулардын нормалдуу жумуш жөндөмдүүлүгүнө жана коопсуздугуна таасирин эте тургандыгы изилдөө иштери көрсөттү.

Эсептөө кабинетинде ар бир окуучуга 4,5 - 5 метр кв. аянт туура келерин температурасы 17 -21 С,нымдуулугу 40 -50 проц. болуусу керек экендигин иштеген кабинеттердин тажрыйбасы көрсөттү. Машиналар иштеген учурда температура жогорулайт.Аны нормага келтирүү үчүн шамалдаткыч (кондицирлөө) талап кылынат.

Эсептөө техникасы иштеген учурда жагымдуу жарыктанышты түзүү зарыл. Ал үчүн күн ачык тийгенде дисплей жакшы көрүнбөй көзгө тескери таасирин тийгизет. Бул убакта терезеден түшкөн жарыкты аз жуткан түстүү парданы колдонуу ылайыктуу. Дисплейге чөйрөсүндөгү предметтердин чагылуусу болбоо үчүн аны 10 −15 градус окуучулар жагына жантайтуу же каптал жагынан щит менен шапкече коюу керек.

Кечке жуук класска жогору жагынан жарык берүү (150-300 люкс) сунуш кылынат.

VIII - XI класстарда микропроцессор менен тынымсыз иштөө убактысы 25 - 30 м убакыттан ашпайт. Класста электро жабдуусуна, электр зымынын клеммасына тийүүгө, арматура жана электро шкафын ачууга уруксаат этилбейт. Жекече компьютерлер үчүн 42 В чыңалуу каралган. Машинанын сетине мындан жогорку чыналууну туташтырууга туура келсе сөзсүз шлангалуу зым менен туташтырабыз. Штепселдүү розеткага жердештирүүнү зымын кошуу үчүн атайын контактысы болот. Жекече компьютер 3 айда бир жолу текшерилет. Мында корпуска туташып коюлган замыканиенин,

жердештирүү зымынын үзүлбөсүн, зымдардын изоляциясынын бузук эмес экендигин текшерилет.

Окуучулар машинаны үйрөнүүдө кабинет боюнча басып жүрүгө, иштеп жаткандарга тоскоолдук кылбай билбеген кнопканы баса берүүгө уруксат этилбейт. Дисплейдин экранын бузбоого айрыкча көңүл бөлөбүз.

Машинада бузук жер байкалганда (учкун чыкса, жарк этип күйсө, өткөргүчтүн изоляциясы бузулса, экран өзгөчөлөнгөн жарыктаныш берсе) аны өчүрүп, ал жөнүндө мугалимге билдирүү керек.

Деталы сынган учурда электр жабдууларынын бузук жери байкалганда, окуучулар же тейлөөчү адамдар ошондон травма алган учурда, ушул зонадан өрт чыккан учурда компьютерди өчүрүү керек. Столго алынып келинген бардык электрди туташтыруулар механикалык бузулуудан сакталуу керек.

Компьютер орнотулган бөлмө терезенин жайланышына жараша стена жана пол төмөнкү түстө болушу зарыл.

- Эгерде терезе түштүк жакты карай турса стена жашыл-көк же ачык көк, пол жашыл түстө сырдалат.
- Терезе түндүктү караса-стена ачык кызгылт-сары же сары, пол кызгылт сары түскө ээ болот.
- Терезе чыгышты караса. Стена сары жашыл түскө, пол жашыл же кызгылт сары түскө ээ болушу керек.
- Терезе батышты караса-стена сары-жашыл же көк жашыл, пол жашыл же кызгылт-сары түскө ээ болушу талап кылынат.

Компьютер жайланышкан имарат төмөнкүдөй чагылдыруу коэфицентине ээ болот (% менен)

Потолок – 60-70

Стена – 40-45

Пол- 30

Жумушчу мебели –30-40

Таблица №4

Компьютер орнотулган бөлмөнүн микроклиматынын параметри

Жыл мезгили	Микроклиматтын параметри	Чондугу
суук	Бөлмөнүн температурасы	22-22^{O}C
	Салыштырма нымдуулугу	40-60%
	Абанын ылдамдыгы	0,1 м/сек
жылуу	Бөлмөнүн температурасы	23-25^{O}C
	Салыштырма нымдуулугу	40-60%
	Абанын ылдамдыгы	0,1-0,2 м/сек

Таблица №5

Компьютер орнотулган бөлмөгө таза аба берүү

Бөлмөнүн мүнөздөмөсү	Бир адамга м^3/саат өлчөмүндө берилүүчү таза аба
Бөлмөнүн көлөмү	
20 м^3 болсо бир адамга	30 кем эмес
20-40 м^3 бир адамга	20 кем эмес
Бөлмө 40 м^3 болсо бир адамга	жаратылыштын абасын
Бөлмөнүн терезеси жок болсо	желдетиши 60 кем эмес

Видеодисплейдик терминалда (ВДТ), жекече электрондук-эсептегич машинада (ПЭВМ) жана компьютерде иштеген учурда СанПиН 2.2.2 242-96 санитардык норма жана кокустук техникасынын талабы боюнча компьютерде иштөө жана танапис жасоо убактысы № 6 таблицада көрсөтүлгөн

Таблица №6

Компьютерде иштөө жана танапис жасоо убактысы

ВДТже ПЭВМ иштөөдө иштин категория -сы	ВДТ менен иштөөнүн ар түрүндө түрүндө сменада нагрузканын деңгээли			Мин менен П перерыв кошкондо регламенттенген убакыттын суммасы	
	Группа А, знактын саны	Группа Б, знактын саны	Группа В, знактын саны	Сменада 8 саат болсо	12 сааттык сменада
I	20.000 чейин	15.000 чейин	2,0 чейин	30	70
II	40.000 чейин	30.000 чейин	4,0 чейин	50	90
III	60.000 чейин	40.000 чейин	6,0 чейин	70	120

СанПин 2.2.2 246-96 санитардык нормасы боюнча компьютерде иштөөдө үч группага бөлүнөт.

-группа А. ВДТ же ПЭВМ экранынан информацианы мурдатан суроо аркылуу аткарылган жумуш.

-группа Б. Информацияны киргизүү боюнча жумуш.

-группа В. ЭВМдин диалог режиминде чыгармачылык жумуш.

Танапис убагында өндүрүштүк гимнастиканы өткөрүү сунуш кылынат.

Эл чарбасында ЭЭМ жана илимий - техникалык прогрессте электрондук эсептегич техниканын колдонуу зарылчылыгын жана тейлей турган адамдар азыркы убакта өнүккөн техника менен иштей турганын эске алып коопсуздуктун жалпы принциптерине токтолобуз. Коркунучтуу жана ден соолукка зыян фактордон сактанууда аралык чон роль ойнойт. Аралык канчалык чон болсо, коркунуч ошончолук аз; коркунучтуу участкада иштөөчү адамдардын аз болуушу б.а. убакытты кыскартуу; коркунучтуу участокко жеткирбөө шарттын түзүү; блокировка аркылуу зордоп токтотуу; роботтун же автоматтык манипулятордун жардамы операторду алмаштыруу иштери белгилүү мааниге ээ болот.

Эмгекти коргоо жана нормалык шарт түзүү пландарында роботтоштуруга айрыкча көңүл бөлүнөт. Роботту колдонуу аркылуу

бир түрдүү жана жалаткан кол эмгегинен, айрыкча зыяндуу жана коркунучтуу шарттан кутулабыз.

Роботту иштетүүгө программалык окууну уюштууга роботтоштурулган технологиялык комплекске 18 жашка толгон, ден соолугу боюнча кароодон өткөн, ушул участкада иштөөгө күбөлүгү бар адам тартылат.

Черчение боюнча аткарылуучу көп тапшырмалар жогорку жана өтө тактыкта аткарылуучу иштерге кирет (обьектини ажыратуунун эң кичине өлчөмү 0,15 мм жана андан жогору). Бул болсо көрүү органына айрыкча күч келтирбей иштөөсүн талап кылат. Мындан тышкары окуучулар көп убакытка чейин кыймылсыз отуруу абалында болот. Бул өзгөчөлүктөр черчение жана сүрөт кабинетине коюлган талапты аныктайт. Черчение жана сүрөт тартуу кабинетинде табигый жарыктан башка күчөтүлгөн жарыктаныш талап кылынат. Кызытма лампасы үчүн 200 же люминесценттик лампа үчүн 400 люкс жарыктанышы колдонулат. (Бийиктиги полдон 80 см). 1972-жылдан баштап 25 см интервал менен окуучулардын боюна жараша шкала кабыл алынып мектептик мебель (стол жана стул) 5 группада даярдалат. Анын өлчөмү 4-таблицада берилген.

7 таблица

Мектептеги мебелдин өлчөмү

Мебелдин группасы	Окуучунун боюнун группасы, см	Полдон баштап столдун арткы чегинин бийиктиги	Полдон баштап алдынкы отургучунун бийиктиги, см	Маркировкалоо түзүү
А	130 чейин	54	32	сары
Б	130-145	60	36	кызыл
В	145-160	66	40	көк
Г	160-175	72	44	жашыл
Д	175 жогорку	78	48	ак

Эгерде черчение жана сүрөт тартуу кабинети үчүн стол коюлса, анда окуучуларды алардын боюнун бийиктигине жараша отургузабыз. Бул максат үчүн VI - VII класстын окуучуларынын 50 үчүн В өлчөмүндө, 50 Г өлчөмүндө, ал эми комплекстүү мектеп үчүн VI - X класска 30 В өлчөмү, 60 Г өлчөмү, 10 Д өлчөмүндөгү мебелдер коюлат.

Кульман тибиндеги сүрөт тартуучу столду атайын винттин жардамы менен өзгөртүп ылайыктуу тегиздикке сүрөт менен көздүн ортосундагы аралык 30-40 см болгондой кылып жантайта алабыз.

Черчение кабинетинде кездешүүчү травманын себептери: сүрөт тартуу инструменттеринин учтуу учу (кайчы, кнопка, карандаш учтачы бычак); оор нерселердин жерге түшүшү, сүрөт тартуучу столдордун жетишсиз аралыгы болуп саналат.

Профилактикалык ишти аткарууда мектеп окуучусу чийүү инструменттин туш келди ыргытпастан готовальеде сактап, керек учурда гана алуусу зарыл. Столдун үстүнө кнопканы ачык калтырбоо, бекитилбеген кнопканы коробкага чогултуу. Кульмандагы деталды өлчөөдө сызгычты, противовести жылдырууда өзгөчө сактыкты талап кылынат. Карандаш уштоочу макини ачык кармап, кесүүчү, курч учу боюнча берүүгө болбойт. Сүрөт тарткандан кийин калдык кагаздарды тазалап, инструменттерди тартипке келтиребиз.

Сабак убагында окуучулар көп убакытка чейин тынч сүрөт тартуу абалында болгондугуна байланыштуу танапис жарыялап физкультуралык көнүгүү жасоо керек.

Черчение жана сүрөт тартуу кабинетинде башка кабинеттер сыяктуу эле проекциондук аппараттар колдонулат.

Узкопленочной аппаратураны орнотуу жана күйбөөчү негизде жасалган пленка менен окуу фильмин кабинетте көрсөтүү төмөнкү шарттарга гана уруксат этилет:

- кабинеттен чыгып кетүү эшиги же тепкичи бар аянтча болгондо,
- эшикке чыгуу жана столдордун арасындагы аралык тосулуп калбаса,
- кабинетте 25 окуучу гана болгондо,
- фильмди көрсөтүү укугу (күбөлүгү) өрттөн сактануу боюнча талону бар адам гана көрсөтө алат,
- электр зымын тартуу установкаларын орнотуу эрежесине туура келгенде,
- экран стенанын борборуна бекитилип, анын ылдыйкы чеги полдон 1,2 м бийиктикте болуусу керек. Кол менен жасалган экранга кино көрсөтүүгө уруксат этилбейт.

Кино көрсөтүүдө учкун, күйгөн жыт чыкса кино көрсөтүүнү дароо токтотушат. Айлануучу тиштүү барабанга тийүүгө, жаныдан өчүрүлгөн проекционный лампаны кармоого, жаранкасы бар розетканы колдонууга болбойт. Проекцион аппараты сөзсүз жер

менен туташтыруу керек. Кино көрсөтүп жаткан учурда классты бекитип коюуга тыюу салынат.

Фильмокопияны сактоо, текшерүү, кайра түрүү, ремонттоо аралык имаратта же атайын ьөлүнгөн жерге гана жүргүзүлөт. Кинофильм жабылуучу жана оң фильмостатта 4төн көп эмес санда сакталат.

Кулинардык жумуштарда жана кездемени иштетүү кабинеттеринде коопсуздук талаптары. Бул кабинеттерде окуучулар жана студенттер кулинардык жумуш жана кездемелерди иштетүү технологиясы боюнча практикалык даярдыктарды алышат. Кабинетте иштөөдө коопсуздукту сактабаса электр, механикалык жана термикалык травманы алуу, ошондой эле өрт коркунучуна байланыштуу кокустук болушу мүмкүн.

Кездемелерди иштетүү жана кулинардык ишти аткаруу үчүн арналган кабинетте жогорулатылган санитардык - гигиеналык талап коюлат.Кабинетте окуган ар бир окуучуга 2-2,5 метр кв. аянт талап кылынат. Күндүзгүдөй жарык үчүн 400 люкс, кызытма лампа үчүн 200 люкс жарыктаныш керек.

Кабинеттер төмөнкү кабатта окуу аудиториясынан алысыраак жайланышып, башкаларга ызы-чуу бербеши үчүн үн изоляциясы жасалат.

Кездемерди иштетүүдө алынуучу мүнөздүү травмалар: тигүүчү машинадан жана электроутюгдан алган электрдик травма; кийим тигүүчү машиналарында алган механикалык травма (кесүү, оорутуу, сайып тешүү), ийне, булавка кайчы менен иштегендеги травма; тканларды жылуулук нымдуулук менен иштеткенде алуучу термикалык травма (ожог).

Кийим тигүүчү электр машинасын жердештирүүсү керек. Машинада иштөөдө иштеген адам коопсуздук эрежесин сактоого милдеттү; чачты баш кийиминин алдына кийирип, халаттын топчуларын тыкан топчуланат. Тигүү учурунда машинанын кыймылдуу бөлүгүнө тийбей, тигүүчү материалда ийне жана төнөгүч болбош керек.

Электр утюгу менен иштөөдө, туташтырып кароосуз калтырбоо жана утюгдун ысык таманын ток келүүчү зымга тийгизбөө талап кылынат. Утюг коюлуучу подставка бекем, ысыктыкка чыдамдуу материалдан жасалып, айланасында тез күйүүчү материалдар болбойт.

Ийне менен өзгөчө мамиле жасалат; окуучуларга берүү, алуу эсебин ылайыкталган жерге сактап, кокустан ошол ийне сынып калса сөзсүз сынган бөлүгүн тапкандан кийин гана уруксат этилген

жерге ыргытылат. Ийнени оозго салууга атайын кийимге төөнөп коюуга, столго калтырууга дат баскан ийне менен тигүүгө уруксат этилбейт. Кайчы жабылган абалында атайын жерге сакталып аны башка кишиге берүүдө сабынын (көзөнөк жагынан) берилет.

Кулинария кабинетинде окуп үйрөнүүчүлөр санитардык гигиеналык талапты, плита, кесүүчү инструмент, ысык суюктуктар менен коопсуздук шартты билүүгө жана сөзсүз аткарууга милдеттүү.

Бардык мектеп окуучулары медициналык кароодон өтөт. Тери оорусу, колун кесип, күйгүзүп, сыйрып алган окуучулар тамак продуктулары менен иштөөгө уруксат этилбейт.

Тамак даярдануу үйрөнүүчү окуучулар ак халат кийип, чачына атайын калпак же косынка кийишет. Колду, кийимди таза кармап, ишти баштардан мурда шакек, саат, төөнөгүчтү алып коюу керек. Кийинки мезгилде кездешүүчү кырсыктар ысык тамак куюлган кострюлдун коюучу жайы бекем эместигинен, полдун тайгалактыгынан, электр коопсуздугун бузуудан (жердештирүүнүн жоктугунан,электр өткөрүүчү зымдын бузулушунан), тосмонун жоктугунан, колду курч инструмент менен кесип алуудан, кармоочу туткучтун жогунан, туш келги жасалганы колдонуудан, жумушчу ордун канагаттандырарлык эмес кармоодон, эмгекти коргоо эрежесин билбөө жана бузуудан болуп жүрүшөт.

Кулинария боюнча сабак өтүүчү имаратта форточкадан башка плитанын үстүндө соруучу жасалгалоо болушу керек. Газ плитасын колдонууда пайдаланбаган кранды жаап коебуз.

Газды күйгүзөрдөн мурда, ал уулу жана жарылып кетүүгө жөндөмдүү экендигин эстен чыгарууга болбойт. Газдык приборлор менен туура мамиле кылбоо ууланууу, жарылууну жана өрттү чыгарат. Лабораторияда кокустан газдын жыты байкалса, имаратты желдетүү, газдык сеттин кранын, плитаны тейлөөчү слесарга билдирүү зарыл. Мындай убакта ширенке чагууга, жарыкты күйгүзүгө, тамеки тартууга болбойт. Анткени оттон газ тутанып жарылуу пайда болот. Газдык сетти ремонттоо жана кайра жабдуу ишин адис гана жүргүзөт.

Кайнап жаткан суюктуктар (суу жана май) коркунучтуулукту туудурат. Ошондуктан кайнап жаткан идиштин капкагын туткуч менен кармап, чыккан буу өзүнө жабылбасы үчүн өзүнөн алыс жагынан ачуу керек. Суюктук кайнаган учурда казандын четинен төгүлгөндүгүнө көз салабыз. Анкени кайнаган суюктук газды өчүрүн же электр плиткасына төгүлүп кырсыкты алып келиши мүмкүн.

Иштеп жаткан плитканы кароосуз калтыруу жана ошол убакта тазалоого уруксат этилбейт. Атайын окуган, билген адам мезгили

менен жердештирүүнү, башкаруучу жана туташтыруучу жерлерин текшерип турат.

Кайнаткычтан сууну атайын койгучка коюлган идишке куюбыз. Эч убакта идишти кайнаткычтын кранына илип коюга болбойт. Краны омурулуп кетип, кайнак суудан күйүп калышыбыз мүмкүн. Дайыма туташтырган жерин текшерип, кокустан суюктук тамчылаган жери болсо ишти дароо токтотуп, бузугун ондотуу керек.

Кофе кайнаткычта, этти майдалагычта иштеген учурда алардын иштөө инструкциясын сактап өтө этияттык керек. Ар бир машинада иштөөдө жана тыгылган продуктуну кол менен тазалоого, башкарууга болбойт. Механикалык жабдууларда окуучулар иштетүүгө уруксат этилбейт.

Травма кесүүчү инструменттен көбүрөөк алынат. Ар бир инструментти өзүнүн ылайыгы менен иштетишет. Картошканы ноочо формалуу, балыкты кыргыч бычактары менен тазалашат. Колуна тийген бычак менен туш келди пайдаланууга болбойт. Тамак бышыруучунун бычагы сабына бек бекитилип, кесүүчү тегиздиги дайыма курчутулуп турат.

Кесүүчү жана сайуучу инструментти (бычак, айры) сабын алдына каратып беребиз. Сабы бекем бекибеген, капталы ийилген, түбү тегиз эмес идиште колдонууга болбойт. Чай жана ашканалык идиштерди жууганда колду айрып албоосу үчүн аларды жаранкасы жана кетиги болбосу керек.

Жарат алганда биринчи жардам берүү үчүн атайын шкафта сакталган аптечка болот. Азыр окуучуларды, студенттерди имаратты тазалоого жана ремонтоого катыштырып жүрүшөт. Бирок айнекти, туалетти тазалоого, имаратты дезинфекция кылууга, бакка дары чачууга, постелдик бельену жууга, коркунучтуу иштерди аткарууга тыюу салынат.

4.4 Эмгекке үйрөтүү жана өндүрүштөрдө коопсуздукту сактоо

Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинде жана Эмгекти коргоо жөнүндө закондо мекеменин жетекчисин эмгекти коргоо эрежеси боюнча өндүрүштө тиешелүү шартты түзүүгө милдеттендирет.

Кыргыз Республикасынын элге билим берүү жөнүндө мыйзамдарынын негиздерине ылайык окуучуларды эмгекке тарбиялоо, үйрөтүү жана аларга кесиптик багыт берүү максатында коомдук пайдалуу, өндүрүмдүү эмгек жалпы билим берүүчү

мектептерде, кесиптик техникалык окуу жайлардагы мастерскойлорунда мектептик жана окуу цехтеринде жана ишканалардын участокторунда, ошондой эле окуучулардын өндүрүштүк бригадаларында жүзөгө ашырылат.

Ушул эле максаттарда жайкы каникул мезгилинде мектеп окуучуларын ыктыярдуу башталышта, ата-энелердин макулдугу менен мектептин жана саламаттыкты сактоо органдарынын контролдугу астында эл чарбасында колунан келген коомдук пайдалуу,өндүрүмдүү эмгекке катыша алат. Окуучулардын коомдук пайдалуу, өндүрүмдүү эмгегинин шарттары жана уюштурулушу өкмөт тарабынан белгилүүчү тартипте аныкталат.

Мектептин администрациясы жана өндүрүштүк окууну жүргүзүүчү мекемелер окуучуларды медициналык кароодон өткөрүп, врачтын уруксаты болгон учурда гана өндүрүштүк окууга тартышат. Медициналык кароо жарым жылда бир жолу жүргүзүлөт.

Окуучулардын өндүрүштө иштөө убактысы планда көрсөтүлгөн сааттан ашпаган өлчөмдө болуп, жаш өспүрүмдөрдүн эмгекти коргоо законуна каршы болбогондой шартта уюштурулат. Мурда эмгекке тарбиялоону окуу өнөрканасында эле жүргүзсөк, азыркы кайра куруунун жана базар экономикасынын талабы боюнча окуу өндүрүштүк комбинаттарында, мектептер аралык окуу өнөрканасында жүргүзүлөт. Эмгекке жана өндүрүмдүү пайдалуу эмгекке тарбиялоонун талабы жогорулады. Ошондуктан эмгек болгон жерде ар кандай кокустук да болушу мүмкүн.

Окуу имараттарында, окуу-өндүрүштүк өнөрканаларында жана механизмдерди жайгаштыруу санитардык норманы (СН 245-71), курулуш нормасы менен эрежесин (СНиП 11-65-73),СССР агартуу министерствосунун 21.06.71-ж. "мектептеги окуу жана окуу-өндүрүштүк санитария эрежелерин, СССРдин саламаттыкты сактоо министрлигинин 22.02.85 (N-3215 жана 3216) " I-VII жана VIII-X (XI) класстарда эмгекке окутууну уюштурууда санитардык - гигиеналык талаптарын" канагаттандыруусу зарыл.

Өнөркананын имараты жарык, жылуу жана кургак болушу керек. Мектеп окуучулары керектүү буюм чыгаруучу цехте окуса, анда ага кошумча талап коюлат. Окуу имаратын заводдун эшигине жакын жерге орундаштырып, окуучулардын завод боюнча максатсыз басып жүрбөөсүнө, айрыкча жүк трассасында болбоосуна көз салынат. Окуу цехи ден соолукка зыяндуу эмес жана ызы-чуусу жок имаратка жайланышат.

Өнөркананын полу жылма, тайгак эмес, чан турбагандай оной тазалануучу материалдан жасалат. Полдун материалы жылуу, механикалык соккуга туруктуу болуп, ага май жана агрессивдүү суюктук төгүлбөгөндөй шарт түзүлөт. Эгер пол цемент төшөлүп жасалса, мугалим жана окуучу иштеген жерге решетка төшөлөт.

Өнөркананын дубалы жана шыбы майлуу жана эмулсиялуу (силикатный) сыр менен сырдалып, материал менен тазалаганда жуулбагандай абалда жасалат. Өнөркананын дубалы жылмакай жасалып,чан турбагандай болушу керек. Өнөркананын температурасы 18-21 С, салыштырма нымдуулугу 60-40% абанын ылдамдыгы 0,3 м/сек болот. Өнөрканага жылуу суу, самын, селге, жана электр кургаткыч коюлат. Мында ичүүгө температурасы 20 С жогору жана 8 С дан төмөн эмес таза суу коюлат. Көбүнчө сууну кайнатып туруп, муздатып койсо болот.

Өнөрканада балдардын санына жетерлик таза кийим илгич, ошондой эле атайын кийимдерди чечүү үчүн шкафтар коюлат. Сырткы кийимдерин алар мектептин жалпы гардеробуна чечишет.

Эгерде андай мүмкүнчүлүк болбосо, жумушчу кийимин таза кийиминен бөлөк чечишет. Бардык өнөрканада аптечка жана алгачкы жардам берүү үчүн медикамент, замбил жана жакынкы дарылоо мекемесинин телефону, дареги болот.

Мастерскойдо 300 люкс люминесценттик лампа үчүн ал эми кийим тигүү өнөрканасында 400 люкс жарыктаныш камсыз кылынат. Өнүрканадагы ызы-чуу окуучуларды чарчатып, кырсыкка себепкер болот. Ошондуктан мүмкүн болушунча ызы-чууну азайтып, үн изоляциясы, экрандаштыруу жана ар кандай типтеги үн баскычтар колдонулат.

Өнөрканада ар бир иштөөчүгө 20 метр куб саат абаны алмаштыруу талап кылынат. Окуу өнөрканасында борбордук жылытуу системасы колдонулат. Чоюн жана башка мештерди убактылуу колдонууга болбойт. Токардык жана фрезердик станоктор терезеден 40-50 см кем эмес жерде, ал эми татаал, коркунучтуу жабдуулар мугалимдин столунан алыс эмес аралыкта жайланышат. Циркулярдык араа жана сүргүлөөчү (фуговалый) станок өзүнчө бөлмөдө жайланышып, анын узундугу иштетилүүчү материалдын узундугуна ылайык болуп,аларда окуучуларды иштетүүгө тыюу салынат.

Слесардык верстактардын катарларын көзөмөл кылууга милдеттүү. Кол аспабы менен иштөөдөгү кокустуктардын себеби

алардын бузуктугунан, туура эмес жана аларды себепсиз колдонуудан келип чыгат.

Мектептердин окуу өнөрканаларындагы коопсуздук техникасы.

Эмгекке тарбиялоонун негизги участогу болуп окуу өнөрканалары эсептелет. Ошондуктан мектептин жыгаччылыкты жана металлдарды иштетүү боюнча түзүлгөн өнөрканаларынын техникалык коопсуздугуна жана аларга коюлган санитардык-гигиеналык талаптарга токтоло кетели.

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин Уставына ылайык окуу өнөрканалары ар бир орто жана сегиз жылдык мектептерде түзүлөт. Окуу өнөрканалары IV-VIII класстардын окуучуларына программанын талабына ылайык техникалык жетишкендиктин негизинде эмгек боюнча окуу сабактарын, ошондой эле кружокторду жана факультативдик сабактарды өткөрүү, коомдук пайдалуу эмгектерди уюштуруу үчүн түзүлөт.

Мектеп директорунун буйругу менен эмгек сабагынан берген мугалимге окуу өнөрканасынын мастерлигинин милдетин аткаруу да жүктөлөт. Өнөрканадагы окуу эмгек сабагына медициналык кароодон өтүшкөн жана эмгектик окуу боюнча сабакка ден соолугу жарактуу болгон мектеп окуучулары катыштырылат. Мугалимдер ден соолугуна байланыштуу окуу өнөрканасында иштөөгө болбой турган окуучулар жөнүндөгү маалыматты мектептин медициналык кызматкерлеринен алышат. Окуучулар өнөрканалардагы бардык жумуштарды атайын ылайыкталып жасалган кийимдерди кийүү менен аткарышат (халат жана башка ишке ылайыкталган кийимдер бөлүнөт).

Жаңы окуу жылына карата окуу өнөрканаларынын даяр экендиги, окуу жылына мектепти кабыл алуу жөнүндөгү жыйынтыкты атайын комиссия чыгарат. Анын составында райондук акимдин орун басары же өкүлү, райЭББ же шаарЭББнен өкүлү, райком (шаарком) профсоюз уюмунан, райондук санэпидстанциядан, мектеп директору, окуу мастерлери жана өндүрүштүк окуу болгон жердеги ишкананын жетекчиси ,ошол уюмдун жергиликтүү профсоюз өкүлү болуп, өнөрканаларды толук көрүп бүткөндөн кийин алардын эмгекти коргоо эрежесине ылайык сабак өткөрүү мүмкүнчүлүгү боюнча акт түзүшөт.

"Жаңы окуу жылына карата мектептердин даярдыгын кабыл алуу" актысы жалгыз гана окуу өнөрканасы үчүн гана эмес башка лаборатория жана кабинеттер үчүн да түзүлөт.

Эгерде мектепте 20 дан же андан көбүрөөк сандагы класс комплект болсо, андай мектептерде эки (металлды иштетүү боюнча, жыгачты иштетүү боюнча), өз-өзүнчө өнөрканалар түзүлөт. Ал эми клас комплектери 20 дан кем болгон мектептерде бир гана өнөркана болот.

Мындан тышкары жыгач материалдарын сактоо үчүн өзүнчө жай бөлүнөт. Ал жерде бийиктигин 1 метрден жогору кылбай жана ошол материал кулап түшүп кетпегендей кылып, аларды атайын тосуп, тирөөч коюп, тыкан жыйып коюшат. Бул материалдар окуучулардын ары бери өтүшүнө тоскоолдук кылбай тургандай болуш керек.

Көпчүлүк айыл мектептеринде окуу өнөрканасын өзүнчө салып, аларды борбордук жылытуу системасына кошпостон өзүнчө от жагып жылытышат. Мындай имаратта жыгач материалдарды жана анын таарындысы, чачкындылары сыяктуу тез күйүүчү материалдар болгондуктан өрт чыгып кетиши ыктымал. Ошондуктан жыгачты иштетүүчү өнөрканада жылытуу системасына айрыкча көңүл буруп,электр плитка колдонууга, ширенке чагууга жана тамеки тартууга болбойт. Тез күйүп кетүүчү материалдар, нефть продуктылары ал жерде дегеле болбошу керек. Өнөркананы бекитээрден же убактылуу калтыраардан мурда мына ушуларга өзгөчө көңүл бөлүшүбүз зарыл.

Өнөрканада медициналык аптечка, жакын жердеги медициналык мекемелердин дареги, телефону көрүнөө жерде жайгаштырылышы керек.

Окуу өнөрканалары окуу жана методикалык китептер, маалыматтамалар, дидактикалык материалдар, окуучулар кие турган кийимдер, инструменттер, ошондой эле өрткө каршы инвентарлар менен жабдылат. Өнөрканага авторлор сунуш кылган «коопсуздуктун белгилери» ишти аткарууда коркунучтуу жерлерге илинет.

Жабдуулар өнөрканага коопсуздук техникасынын санитардык-гигиеналык нормаларына жана эрежелерине ылайык жайгаштырылат. Өнөрканалардагы мебелдердин жана жабдуулардын жайгаштырылышы окуучулардын бардык иштерин көзөмөлдөп турууга мүмкүнчүлүк бергендей абалда болот. Верстактар аларга жарык сол жактан тийип тургандай болуп жайгаштырылат. Көзөөчү станок мугалимдин жумушчу ордуна жакын жерге коюлат.

Коопсуздук техникасы боюнча тийиштүү инструкция түздөн түз жумушчу орундун жанына аткарыла турган иштин өзгөчөлүгүн эске алып илинет. Мугалимдин жумушчу орду бөлмөдө иштеп жатышкан

окуучуларды көрүп тургандай кылып бир аз бийиктикте жасалат. Бул жерде верстак, стол, чийүү инструменттери, станоктордун токторун өчүрүп коюуучу рубильник жана класстык доска жайланыштырылат. Араалап, Сүргүлөөчү жана өгөлөөчү ФПШ-5М тибиндеги электр станогу менен мугалимге гана иштөөгө уруксаат берилет. Ал мастердин инструменталдык бөлмөсүнө же өнөрканадагы мугалимдин жумушчу ордунун жанына орнотулат жана окуучуларга сабак өткөрүлүп жаткан учурда ал куту менен жабылып, бекитилип коюлат да, аны менен окуучулардын иштөөсүнө тыюу салынат.

Окуу өнөрканасында мастердин милдетин аткарган эмгек мугалими өнөрканадагы аспаптарды мезгил-мезгили менен курчутуп турат. Өнөркана ар кандай стенддер жана плакаттар менен жасалгаланат: анда окуучулар тарабынан бүткөрүлгөн иштердин дайыма иштеп туруучу көргөзмөсү уюштурулат. Эмгек мугалими документацияларды, дидактикалык материалдарды, жабдууларды, инструменттерди даярдоону ишке ашырат. Окуучулардын ден соолугун сактоо жана эмгегин коргоо, алар тарабынан коопсуздук техникасынын эрежесинин аткарылышы жөнүндо камкордук көрүп, анын милдетин аткарган эмгек мугалим андагы материалдык мүлктөрдүн сакталышына жооп берет.

Өнөрканада төмөнкү документтердин болушу зарыл:

1. Сегиз жылдык мектептин эмгекке үйрөтүү боюнча программасы.
2. Өндүрүштүк санитария жана коопсуздук техникасынын эрежелери.
3. Сабактын тематикалык пландаштырылышы.
4. Өнөркананын иш-планы.
5. Техникалык документтер (чиймелер, инструкциялык эрежелер, технологиялык карта, тамшырма-карточкалар, схемалар, сүрөттөр ж.б.)
6. Коопсуздук техникасы боюнча инструктаждарды каттап туруучу журнал.
7. Материалдарды, куралдарды, жабдууларды эсепке алуучу китепче.
8. Өнөрканада сабак өтүүгө уруксаат берген чечим-актысы.
9. Өнөрканада электрдик жердештирүүнүн сыноо актысы.
10. Кол менен жабдылган иш куралдарын иштетүүгө уруксаат актысы.
11. Станоктордун жана башка буюмдардын актысы.

12. Жараксыз буюмдарды эсептен чыгарып салуу жөнүндөгү актысы.

Жыгач материалдарды иштетүү боюнча коопсуздук техникасы. Эл чарбасынын көп тармактарында жыгач материалдары кенири колдонулат. Ал материалдар курулуш ишинде негизги ролду ойнойт. Азыркы кезде жыгачты иштетүү маселеси кенири механизациялаштырылган. Электроэнергиясын пайдалануу менен жыгачты иштетүүдө көптөгөн жаңы станоктор колдонулуп жатат.

Жыгач иштетүүчү ишканалардагы кокустук төмөнкү себептерден улам болушу мүмкүн: станоктордун, верстактардын туура эмес жайланышы, коркунучтуу участоктордо тосмолордун жоктугу, алардын жаны талапка ылайык өркүндөтүлбөгөндүгү, ишке киргизилүүчү аппараттын коопсуздук техникасы боюнча канаатандырарлык эмес болушу, ишти аткарууда коопсуздук ыктарын окуучулардын жана студенттердин начар өздөштүрүшү, коопсуздук техникасынын эрежелери боюнча инструкциянын мектептин жана жогорку окуу жайларынын мугалимдери тарабынан талаптагыдай өткөрбөшү.

Жыгач иштетүүчү станоктордо иштеген учурда сакталуучу негизги эрежелер- ГОСТ 123.007-75 мамлекеттик стандарты жана "Эмгектин коопсуздугунун стандарт системасы. Жыгач иштетүүчү, коопсуздукту сактоонун жалпы талаптары" деген эрежеде толук көрсөтүлгүн. Мындан тышкары мектептин жыгачты иштетүү боюнча өнөрканасында кокустукту болтурбай коюу үчүн төмөнкү эрежелерге айрыкча көңүл бурууну сунуш кылабыз.

Колго кармап иштөөчү аспаптардын сабы, туткасы балканын же темир шынаалары менен бекитилүүгө тийиш. Балканын стамесканын ж.б. аспаптардын саптары жылмакай,иштөөгө ылайыктуу болуусу зарыл. Стамесканы пайдаланып жыгач материалынан оюлуучу көзөнөктү жасоодо материалды аспаптын мизинин багытына карай кол менен кармап туруугa болбойт.

Анткени, стамесканын бычагы колду кесип кетиши мүмкүн. Сүргүнүн шынаасын бычактын бетине бекиткен учурда бычакка тыгыз кылып бекитүү керек. Бычакты колодкадан уруп чыгарууда же орнотууда аны сол колдун бармагы менен кармап туруп орнотобуз.

Туткасыз аспаптар менен иштөөгө тыйуу салынат. Тутка бекем болушу үчүн тутканын учуна металл шакекче кийгизүү керек. Араа менен жыгачты аралоодо жыгачты бекитип алып, колду араанын мизинин алдына койбой туруп араалайбыз. Мизи курчаспаптарды

окуучуларга, студенттерге берген учурда мизинен эмес, сабынан карматуу керек.

Практикалык ишти аткарып бүткөндөн кийин ар бир аспапты өз ордуна коюп, бирок алардын мизин өйдө каратып таштоого болбойт. Алар сакталуучу шкафтар өз ирети менен адамга коркунучсуз шартта жайланышуугa тийиш. Окуу өнөрканасында кол аспаптары менен иштөөдө ар биринин өзүнө тиешелүү эрежелери бар. Жыгач иштетүүчү станок иштеп жаткан учурда бекем, кошумча ашык вибрация (дирилдөө) бербегендей болуп орнотулат.

Станок иштеген учурда чаңды жана майда чамындыларды соруп ала турган желдеткич менен иштетилет.

Станокто иштээрден мурда араанын же бычактын бекитилишин, аракетке келтирүүчү түзүлүштөрдү, тосмонун туура колдонушун, станоктун корпусунун жерге туташтырылышын текшеребиз.

Араа менен кесүүдө жыгач материалын түртпөстөн бир калыпта кармоо керек. Эгерде түз түртсөк, араанын айлануу саны азайып, токтоп калышы, ал түгүл электр моторундагы оромо күйүп кетиши ыктымал. Араанын дискасы столдун үстүнөн канчалык бийиктикте көтөрүлүп турса, ошондой эле калындыктагы жыгач материалды кесүүгө болот. Андан калын материалдарды тилгенде араа көрүнбөй калат.

Реймус станокторунда алардын бычагына тийип албоо үчүн бычак орнотулган вал алды жана үстү жагынан метал менен жабылып коюлат. Станоктордо иштээрден мурда тосмолордун туура экендигин, станинанын ашыкча дириллдебегенин, бычактын бекkем бекитилишин текшеребиз.

Фрезердик станокторду иштетүүдө жыгач материалдарын кол менен берүүдө айрыкча кылдаттыкты сактоо керек. Мындан материалдарды кайра чыгарбоо үчүн пружиналуу роликтерди пайдаланышат. Бул станоктун коркунучтуу жерине тосмо коюлат.

Иштетүүдө тосмонун тууралыгына көз салуубуз керек. Бургулап көзөөчү станоктордо колду кокусунан майып кылып албоо үчүн жыгач көзөгүчтөр патронго бекемделип, көзөөчү жерге тез баруусу керек.

Сүргүлөгүчү станокто иштеген кишинин колу бычакка тийип албасын үчүн бычак валынын жумушчу бөлүгү автоматтык коргоо үчүн атайын тосмо менен жабдылат.

Кыскасы жыгачтарды аралоодо жана сүрүчүү материалды станокко берүүдө адамдын колу станоктун бычактарына тийип

албасы үчүн станоктун түрткүчтөрү болуш керек. Станоктун айлануучу жумушчу бөлүктөрүн кол же башка нерселер менен токтотууга жарабайт.

Бардык жумушчу орундар, керектүү аспаптар, кошумча шаймандар, кокустуктан сактоочу ж. б. жабдуулар менен камсыз кылынууга тийиш. Станоктун электр кыймылдаткычына адам урунбагандай анын өзүнчө жабылма ящиги же тосмосу болуш керек.

Жыгачты иштетүү өнөрканасындагы иштин ийгилиги үчүн анын туура жабдылышы, станоктор, верстактар коопсуздук техникасынын эрежелери боюнча жайланыштырылышы чоң мааниге ээ болот.

Металлдарды токардык станокто иштеткен учурдагы коопсуздук техникасынын эрежелери жана металлдарды иштетүүчү жабдууларды жайланыштыруунун айрым ыкмалары чоң мааниге ээ.

Токардык станок менен иштөөдүгү кокустуктар төмөнкү себептерден улам болот:

1. Тосмонун туура эмес коюлушу же таптакыр жоктугу.
2. Аспаптардын жана деталдардын бекем бекитилбегендиги.
3. Кесүүчү аспаптардын мокоп калышы.
4. Иштеп жаткан станокко ременди кийгизүү же чыгаруу.
5. Электрдик жабдуунун, айрыкча жердештирүүнүн бузулушу.
6. Жумуш ордунун талаптагыдай эместиги.

Ишти баштаардан мурда

1. Атайын кийимдерди (баш кийим, халат, фартук, кол капты) туура кийүү. а) халатты туура топчулоо. б) чачты баш кийимдин алдына кийирип, жоолуктун учун тыкан байлап коюу.
2. Станоктун корпусунун, тосмолордун бекемдигин жана анын жердештирүүсүнүн (нөлдөштүрүүнүн) бар экендигин текшерүү.
3. Аспаптарды жана заготовкаларды тумбочканын үстүнө же ошого ылайыкталган жерге тартиби менен жайгаштыруу.
4. Иштетүүчү деталды, кескичти ачкыч менен патронго бекитип, ачкычты патрондон сууруп өз ордуна коюу.
5. Станоктун өзүн куру иштетип, башкаруучу рычагдарды жана кнопканы ачып же жаап, анын туура иштей тургандыгын текшерүү.
6. Ишти баштаардан мурда көздү сактоочу көз айнек кийүү.

Ишти аткаруу убагында

1. Иштелүүчү деталга аны албагандай кылып, кескичти акырындык менен алпаруу.
2. Кокустук болбосун үчүн:

а) патронго же кесип жаткан инструментке башты өтө энкейтип алып барбоо,

б) станоктун айланып жаткан бөлүгүнө арта салынып бир нерселерди албоо же бербөө,

в) станокко сүйөнбөө жана анын жанына турбоо, ошондой эле ага заготовканы жана аспапты койбоо,

г) станок толук токтогонго чейин жасалып жаткан деталды өлчөбөө, станокту майлабоо, тазалабоо, ошондой эле металлдын таарындыларын жыйнабоо.

д) кескичти жана жасалып жаткан деталды чүпүрөк же анын учу менен муздатпоо.

е) кескичтин алдынан чубалжыган узун кесиндини чыгарбоо.

ж) станоктун патронуна кол менен тормоз берип токтотпоо.

з) станокту токтотпой туруп анын жанынан басып кетпөө. и) кесип жаткан материалды кол менен кармап турбоо же тосуп албоо керек.

3. Станоктогу деталды сабы бекем бекиген өгөө же тери менен тазалоо.

4. Станокту өчүрөөрдөөн мурда иштелүүчү деталдан кескичти алыстатуу.

5. Деталдын ортосун көзөөдө көзөгүчтүн бекемдигин кароо.

6. Ар бир гайканын өзүнө туура келген ачкычын, бураманын өзүнө туура келген головкасын колдонуу.

7. Иштелүүчү деталдын узундугун станоктун узундугунан ашып турбагандай тандап алуу.

8. Иштеп жаткан учурда электр тогу өчүп калса, иштетүүчү кнопканы өчүрүү.

Иш ти бүткөндөн кийин.

1. Электр кыймылдаткычын өчүрүү.

2. Темир таарындыларын темир щетка, кол жетпеген жерин илмек темир менен тазалоо.

3. Станокту майлоо жана тазалоо, аспаптарды жана жекече коргонуучу жабдууларды тартипке келтирүү.

Фрезердик станокто иштеген учурда коопсуздук техникасы.

Иштөө учурунда болуучу кокустуктар.

1. Фрезердик же станоктун айлануу бөлүгү менен бармакты же колду жабыркатуу.

2. Фрезерди бекиткен оправанын айлануусунда чачты ороп алуу.

3. Морт металлды иштеткен учурда таарындысынын көзгө чачырашы.

Мындан башка металды кесүүчү станокко мүнөздүү болгон башка кокустуктар да болушу мүмкүн.

Ишти баштаардан мурда

1. Атайын кийимдерди (баш кийим, халат, фартук, колкапты) туура кийүү а) халатты туура топчулоо, б) баш кийимди кийүү,

2. Станоктун корпусунун, тосмолордун бекемдигин жана анын жердештирүүнүн (нөлдөштүрүүнүн тууралыгын текшерүү.

3. Аспаптарды жана заготовкаларды тумбочканын же ошого ылайыкталган жерге тартиби менен жайгаштыруу.

4. Даярдалуучу деталды жана фрезди бекем бекитүү. Ачкычты өз ордуна коюу.

5. Станоктун өзүн нагрузкасыз, куру иштетип, башкаруучу рычагдарды жана кнопканы ачып же жаап, анын туура иштей тургандыгын текшерүү.

6. Ишти баштаардан мурда көздү коргоочу көз айнек кийүү.

Ишти аткаруу убагында.

Даярдалуучу деталга фрезди өтө калын катмарды албагандай кылып акырындык менен жакындатуу. Станоктордо иштөөнүн коопсуздук эрежеси мамлекеттик стандарт (ГОСТ 12.009-75) боюнча аныкталган.

Металл кескич станоктордо иштегенде кокустук төмөнкү себептерден улам болушу мүмкүн: Станоктун кыймылдуу бөлүгүнө тийип алуу, металл таарындыларынын чачырап чыгышы, бузук аспаптарды колдонуу, электр тогуна тийип алуу же станоктун жердештирилген (нөлдөштүрүлгөн) туташтыруусунун үзүлүшүнөн, кескичтин өтө мокоп кетиши жана башка себептен болот. Коопсуздук техникасынын жалпы жоболорунан тышкары өнөрканада иштөө мезгилинде төмөнкү эрежелерди тураа аткаруу өтө зарыл.

Станок иштеген учурда чачыраган таарындылардан сактануу үчүн иштеген адамга тоскоолдук кылбагандай кылып, тунук экран же торчо түрүндө тосмо коюлат. Станоктордо иштегендердин көзүнө темир таарындылар түшпөсүн үчүн сынбаган айнектен жасалган көз айнек пайдаланылат. Анын айнегинин калындыгы (бышыктыгы) кесүүнүн ылдамдыгынан көз каранды. Канчалык чон ылдамдыкта кесилсе, көз айнектин айнеги ошончо калыныраак болот.

Көзөгүч станокко көзөлүүчү деталды кол менен кармап туруп иштөөгө болбойт. Аны станоктун столундагы карматкычка же ага арналган машиналык кыскычка бекитебиз. Деталдын кырлары миздүү болсо колду кесип кетиши мүмкүн. Ошондуктан аны кармаган учурда кол капты кийебиз. Көзөгөндө же кескенде узун чырмооктой буралган кесиндилердин пайда болушуна көз салабыз. Алар көзөгүч менен бирге чон ылдамдыкта айланып, бетке чабышы

мүмкүн. Станокту бир аз убакыттан кийин токтотуп кесиндилерди темир щетка жана илгичи бар зым менен тазалап, токтоп турган көзөгүчтү сууланган материал менен муздатууга болбойт. Станокту иштеткенде чүпүрөк кошо айланып, ар кандай кокустукту пайда кылышы мүмкүн.

Станокто айланып жаткан деталды кол менен тормоз берип токтотууга же шпиндель айланып жатканда аспапты (кескичти) орнотууга жол берилбейт. Мындай учурда иштеген адам механикалык травма алат.

Иштеген станокту муздатуу жана кесип жаткан детал менен кескичтин ортосундагы сүрүлүү күчүн азайтуу үчүн муздатуучу жана майлоочу суюктук колдонулат. Бул суюктук денеге тийсе тери оорусун пайда кылат. Ошондуктан колду таза кармап, иш бүткөндөн кийин колду сөзсүз жууйбуз.

Слесардык өнөрканасындагы эмгектин коопсуз шарттары төмөнкүлөр: Иш башталганга чейин мына буларды жасоо керек:

-атайын кийимди кийинип, анын этек-жеңинин тыкандыгын текшерүү, жеңди бүчүлөө же аны чыканактан жогору түрүп алуу,слесардык верстактын бекемдигин, анын бийиктигинин иштеген адамдын боюна туура келишин текшерүү, слесардык тилкелер бекем орнотулуп, оной буралып, кыса турган материалды эки жагынан бирдей аралыкта кесишин текшерүү;


-жумушчу ордун тартипке келтирүү, слесардык столго керектүү гана шаймандарды калтырып, керексизин өз ордуна коюу, аспаптын курч жана он экендигин текшерүү;

-колдонулуучу аспаптар сабына бекем бекитилгендигин кароо, балканын сабын шынаа менен бекитүү, иштей турган жабдуулардын он экендигин, коркунучтуу чөйрөдө тосмонун бар экендигин кароо;

-көтөрүлүүчү жүктү бекем бекитүү жана анын астында турбоо, кол менен көтөрүлөө турган жектен салмагын эмгекти коргоо боюнча бекитилген өлчөмдөн ашырбоо.

Иш убагында төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл: Тетиктерди жөө загатовканы кыскычтарга бекем бекитип, аны кайра бошотууда ошол материал түшүп кетип бутту майып кылбоосуна көз салуу. Жумуш бүткөндөн кийин жумуш ордун тартипке келтирип тазалоо.

Станок, көзөгүч, циркулярдык араа, айлануучу (ролик, чынжыр, лента), кесүүчү аппараттарда жана башка куралдарда иштөөдө травма алуу коркунчу бар. Бул коркунучту бөлүк 16-сүрөттө стрелка менен көрсөтүлгөн.



16-сүрөт. Станокто жана башка жабдууларда иштөөдө коркунучтуу бөлүктөрү стрелка менен көрсөтүлгөн.

Кандоо жана газ менен иштөөдөгү коопсуздуктар. Кандоо-мискерлөө иштери мектепте анчалык деле кеңири таралбаганы менен окуу өндүрүш комбинатынын техникалык чыгармачылык кружогунда кенирик колдонулат. Бул ишке тартылуучулар мурдатан медициналык кароодон өтүүсү зарыл. Ишти баштаардан мурун окуучулар коопсуздук техникасы боюнча муталим же устаттан инструкция алышат. Металлдарды кандоодо калай жана коргошун кошундусун (кандоочу материалын) колдонобуз. Кандаганда коргошун менен калай ээрип, алардын буусу чыгып өпкөгө, кандын составына, нерв системасына уу сыяктуу таасир этет. Адам дем алганда калай менен коргошун ээригендеги пайда болгон буу өпкөдө калат да өпкөнү жабыркатып, аны рак оорусуна айлантышы мүмкүн.

Паяльникти ысытуу үчүн электр тогу колдонулат. Ысыган паяльник денеге тийсе терини күйгүзөт. Ошентип электрдик кандоо мезгилинде электрдик жана термикалык травма болушу мүмкүн. Мындан тышкары кислота флюстар көзгө жана териге тийсе кошумча жабырканууну пайда кылат. Ошондой эле уулу бууланууболуп организди ууктурат. Паяльник менен иштеерден мурда төмөнкү коопсуздук эрежелерине көңүл бурабыз:

-жергиликтүү жана жалпы шамалдаткыч иштеген учурда гана кандоо жүргүзүлөт,

-кандап, монтаж жүргүзүүдөн мурда атайын кийимди кийип, жумуш столунун жер менен туура туташтырылгандыгын текшеребиз.

Айрыкча паяльниктин сабы жана ага туташтырылган электр зымынын тууралыгын кароо керек. Ошол чөйрөдөгү тез күйүп кетүүчү заттарды коркунуч туудурбагандай кылып бөлмөдөн алыс жайгаштырабыз;

-кандоо жүргүзүлгөн бөлмөдө анда иштеген адамдардын кийими, башка майда-баратгары, тамак аштары болбошу керек; -жумушчу кийими менен башка цехте жана территорияда жүрүүгө, паяльникти ток менен туташтырып, кароосуз калтырууга уруксаат этилбейт,

-тамактанардан мурда колду самын менен таза жууп, андан кийин 1 проц. уксус кислотасы кошулган суу менен сөзсүз чайкайбыз. Айрыкча ооздуу чайкап, тишти таза жууш керек,

-кандоо ишин баштаардан мурда электр зымдарынын жана ысытуучу бөлүктүн туура туташтырылгандыгын текшеребиз,

-паяльниктин ысып жаткандыгын кол менен кармап текшерүүгө болбойт. – кандап жаткан учурда паяльниктин учундагы ашык припойду силкип түшүрүүгө жарабайт. Эриген припой денеге, бетке

чачырашы мүмкүн, -ысытуучу бөлүктү туташтырууда аны бет мандайдан жана башкалардан алысыраак жайгаштыруу зарыл,

-паяльниктин күйүп кеткен бөлүгүн ондоону ток булагынан ажыратып, ал толук муздагандан кийин жүргүзөбүз,

-радиомонтаж иши диэлектрикалык клемченин үстүндө жүргүзүлөт,

-радиомонтажды убактылуу токтоткон учурда паяльникти столдун үстүнө коюп кетпестен, атайын жасалган подставканын үстүнө коёбуз. Кандоо ишинде колдонулуучу химиялык заттар (хлордуу цинк) жабык идиште сакталып, идиштин сыртына составы жана анын аты көрсөтүлөт,

-кандоо үчүн чыналуусу 42 В болгон диэлектрикалык сабы бар жана штепселдүү вилкалуу паяльник колдонулат,

-кандоо иштеринде атайын сактыкты талап кылган кандоочу лампа колдонулат. Лампага бензинди атайын ылайыкталган бөлмөдө куюшат. Мында бензин муздаган лампага гана куюлат. Эч убакта толтура куйбай, лампанын сыйымдуулугунун 75 проц гана толтурулат. Аны атайын өзүнүн ийнеси менен вентилди жаап тазалайт. Лампаны күйгүзүп алып, өнөркана боюнча басып жүрүүгө, кароосуз калтырууга болбойт. Калай чайкоо абаны соруучу шкафта жүргүзүлөт. Бөлмөгө келүүчү таза абанын чыккан абага барабар болуусу зарыл. Кандоо бүткөндөн кийин паяльникти, желдеткичти өчүрүп, жумушчу столун тартипке келтирип, жуунуп, жумушчу кийимин алмаштыруу керек.

Газ менен иштеген учурда сакталуучу коопсуздук техникасы.

Биздин турмушубузда жана өндүрүш процессинде газ кенири колдонулат. Газ жана анын горелкасынан чыккан газдар ден соолукка зыян экенин эстен чыгарбашыбыз керек. Киши жашаган бөлмөдө күйбөгөн газ чыга берсе ал адамды ууктуруп өлтүрөт. Кислород же абанын кошундусу менен бириккен газ өрт чыгарууга өтө ийкемдүү болот. Газ балону жайланышкан үйгө же лабораторияга кирген учурда газдын жыты көбүрөөк байкалса, ал бөлмөгө киши кийирбей газдын чыгып жаткан булагын жабабыз. Эч убакта ширенке чагууга, тамеки тартууга жана электр жарыгын күйгүзүүгө болбойт. Тамеки тартып келе жаткан адам болсо, тамекисин ыргытуусун талап кылабыз. Эң алды менен бөлмөнүн эшигин жана форточкасын ачып, желдетебиз.

Күйүп турган газды жана газ приборлорун кароосуз калтырууга болбойт. Айрыкча күйүп жаткан газ горелкасынын үстүнө идишке толтура суу куюп кароосуз калтырсак, суу кайнагандан кийин ташып төгүлөт, натыйжада күйүп турган газды өчүрөт. Газ күйбөстөн,

горелка аркылуу чыга берип, ширенке чакканда жарылып, өрт чыгышы ыктымал.

Лабораторияда газды колдонууда ал өтүүчү темир труба тармакталып кетет. Анын түйүндөрү окуучулар отурчу столго же башка тармакка барышы мүмкүн. Ошондуктан газды тутандырардан мурда газдык крандардын жабык тургандыгын текшеребиз. Күйгүзө турган газдын горелкасынын кранын аз гана ачабыз да, ширенке менен тутандырабыз. Эгер күйбөсө, кранды жаап экинчи жолу кайталап көрүү керек. Такыр эле күйбөсө аны мугалимге же лаборантка билдирип, себебин аныктап алган соң, күйгүзүүнү окуучулардан талап кылабыз.

Газ менен абанын бирикмесинин күйүшүн текшерип, эгерде газ көп чыгып жатса, аны азайтуу керек. Күйгөн газдын түсү газ менен абанын аралашуусуна жараша болот. Газ күйгөндөгү түс көгүш болсо нормалдуу деп эсептейбиз, эгер күйгөндөгү жалын горелкадан үзүлгөн сыяктуу күйүп, түсү сары болсо, горелканы регулировка кылуу керек. Газды өчүүрдө адегенде газдык аппараттагы кранды, андан кийин жалпы кранды жабабыз. Газдык баллондон жана горелкадан, аларды туташтырган шлангадан чыкпашы мезгил-мезгили менен текшерип туруу керек. Булардын туура иштешине технадзорлор да көзөмөл жасашат.

Газ көп чыгып, авария болсо анын счетчигинин алдындагы кранды жаап, ондоочу адисткр дароо чакырылып, алар келгиче бөлмө желдетилет. Бул учурда эч кандай жарыкты күйгүзүүгө, электр куралдарын туташтырууга болбойт. Анткени жарыкты күйгүзүп жатканда учкун чыгып жарылышы мүмкүн. Ошондуктан от таптакыр болбошу керек.

У-Глава. ОКУУЧУЛАРДЫ ЭМГЕККЕ ҮЙРӨТҮҮДӨ ЖАНА КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДЕ КООПСУЗДУК ТЕХНИКАСЫ

5.1. Электротехника, автоиш, трактор үйрөнүү боюнча коопсуздук техникасы

Электротехниканы окутууда "1000 В ко чейинки чыналууда мектепте жана агартуу мекемелеринде пайдаланылган электроустановкаларында коопсуздук техникасы боюнча инструкцияны" толук аткаруу зарыл.1979-жылы мурдагы СССР агартуу министрлиги "Жалпы билим берүүчү мектептерде окуу мектебинде /классында/ жана мектеп окуучулары өндүрүштүк объектисин практикасында сабак өтүүдө электр коопсуздугунун техникасы боюнча эреже" бекиткен. Мындан тышкары "Электроустановкалары эксплуатациялоодо коопсуздук техникасынын эрежеси" (М. Энергоатомиздат,1987) пайдаланылат.

Электротехника сабагынан берген мугалим окуучуларды кабинеттеги жабдуулар менен туура жана коопсуз мамиле кылууга үйрөтүүгө жана окуучулардын электр коопсуздугун сактоосуна көз салууга милдеттүү. Ар бир өз алдынча иш жүргүзүүдөн мурда мугалим ишти коопсуз аткаруу жөнүндө инструкция берип,аткаруу ыкмаларын көрсөтүп, ишке даярдануу жана кайра чогултуу жолдорун айтып, инструкцияны кандай деңгээлде үйрөнгөнүн текшерип журналга толтурат.

Кабинет жарык, кургак жана жылуу болуп, полдору түз жана тайгаланбагандай жасалат. Бул кабинет мамлекеттик стандарт боюнча жогорулаган коркунучу бар кабинеттердин тизмесине кирет.

Электр зымдары өзгөрүлмө электр тогунун 500Втон кем эмес чыналууга туруштук берүүчү изоляцияга ээ болуу керек. 1ден 10мм(кв.) кесилишке чейинки зымдарды кандоо аркылуу гана туташтырууга болот. Электр энергиясына туташтыруу бөлүштүрүүчү щит же пульттан жүргүзүлүп, ар бир тумблердун аткаруучу милдети жазылат. Бөлүштүрүүчү щитте авариялык өчүрүүнүн кнопкасы болот.

Кабинеттеги электр жабдууларын ремонттоо жана техникалык тейлөө ошол участкада ток булагын толук өчүрүү аркылуу жүргүзүлөт. Аны атайын окуган, уруксаты бар адис гана аткарат.

Окуучуларды, мугалимди электр кокустугунан сактоо үчүн электр жабдууларынын металл тулкусун кокусунан тийип алса ток

урбоо үчүн электр установкасын эксплуатациялоодогу эрежелердин негизинде жердештирилет: Алар электирдик машинанын, станоктун трансформатордун станинасы жана корпусу, электр өчүргүчү, трансформатордун экинчи оромосу жана алардын корпусу, бөлүштүрүүчү щиттин каркасы, башкаруу щити, шкафтар, металл кабельдик конструкциялар, өткөргүчтүн металлдык кабыгы, болоттук трубалар, электр өткөрүү жана башка металдык конструкциялар,жылдыруучу жана ташылуучу электро кабылалгычтардын металл корпусу.

Электротехника кабинетинде иштеген окуучуларга, студенттерге стендди ажыратууга,анда кандайдыр бир ремонт ишин жүргүзүүгө, аткарып жаткан ишке тиешелуу эмес жабдууну туташтырууга, мугалимдин же устаттын уруксаты жок өзүнүн стендиндеги куралды башкага берүүгө же андан алууга уруксат этилбейт. Чогултулган схеманы туташтыруудан мурда аны мугалим текшерет. Иштн бүткөндөн кийин стендди өчүрүп, схеманы ажыратып, курал, аспап жана сактануунун жекече каражаттарын ылайыкталган жерге жайгаштырышат.

Автоиш боюнча теориялык сабак өтүш үчүн аянты 60 м(кв.)тан кем эмес кабинет, практикалык иш үчүн өнөркана жана окуу каражаты болуу керек. Жогорку окуу жайында лекция окуу үчүн 150-200 м(кв.) ээ болгон аудитория, автотрактордук лаборатория, гараж, машина айдап үйрөнүү жана иштөө үчүн полигон уюштурууну сунуш кылынат.

Окуу жайында, мектепте окуп үйрөнүүчү машина оң болуп, бир эле убакытта адам башкаруу үчүн жабдуулар жасалат.

Автоиш боюнча сабак өтүүнү мамлекеттик автомобиль инспекциясы окуу материалдык базаны текшерип, окуу группасын регистрация кылгандан кийин гана баштайт. Окуучулар жана студенттерди окутууда "автоиш боюнча окуучуларды даярдоодо мектепте жана өндүрүштө коопсуздук техникасы жана өндүрүштүк санитария боюнча эрежелерди" сактоо керек. Эгерде мектеп окуучулары авторемонт заводунда иштетүүгө туура келсе "авторемонттук ишкана үчүн коопсуздук техникасынын эрежелерин" билүүсү зарыл.

Эрежеге ылайык эмгекти корғоо боюнча жетекчилик жана уюштуруу иши директорго (ректорго), мугалим жана машина айдоо боюнча өндүрүштүк окутуунун устатына ал эми автоишканада өндүрүштүк окутуу өтсө ушул ишкананын башчысына жүктөлөт.

Автоиш боюнча бардык окуучулар лабораторияда, өнөрканада иштөө жаракттуулугу жөнүндөгү медициналык кароодон өтүшөт.18 жашка толо элек жаштарга закон боюнча каралган эрежелер сакталат.

Окуу иши авточарбада жүргүзүлүп калса эмгекти коргоо боюнча жаш өзгөчөлүгүн эске алган закондун талабын канагаттандыруу керек. Сабак өтүүгө уруксатты атайын комиссия берет. Коопсуздук техникасы боюнча чараларды иштеп чыгуу жана аны турмушка ашырууну өндүрүштүк санитария жана өрт коопсуздугун камсыз кылууну, коопсуздук техникасынын эрежелеринин жана нормасынын сакталышына көзөмөлдүүлүктү түздөн-түз мугалим жана устат аткарат.

Автоиш имаратына төмөнкүдөй талаптар коюлат: Автомобилди окуган ар бир окуучуга (студентке) көлөмү 15 м(куб.) жана аянты 4,5м(кв.) туура келгидей кылып автоиш кабинетин жабдышат. Бул жумушчу орун рационалдуу т⊙з жана коопсуз эмгектенүүгө көмөк берүүчү шарттардын бири болуп саналат. Кабинеттерге бийиктиги 80см, аралыгы 70см ден кем эмес эки орунду столдор жайланышат. Столдун өлчөмү -140х60см. Оор деталдар менен иштөөдө стол жылып кетпеш үчүн полго бекитип коюшат. Жара кесилген агрегатты жана анын түйүндөрүн атайын ишеничтүү бекитилген койгучка же стеляжга бекитилет. Аларды дубалга чала бекитип же катары менен ага жөлөп коюга тыю салынат. Агрегаттын айлануу жана иштөөчү бөлүгү бийиктиги 2м ден кем эмес тор менен тосулат. Салмагы 20кг дан жогору болгон агрегаттарды көтөрүү жана ташуу иштери көтөрүүчү транспорттук механизимдин жардамы менен жүргүзүлөт. Слесардык монтаждык өнөркана ызы-чууну чыгарбагандай шарт түзүлүп имараттын биринчи кабатында жайланышат.

Коопсуздукту жана ылайыктуулукту камсыз кылуу үчүн мугалимдин жумушчу оруну эшикке жакын, биринчи верстактын катарынан 100см аралыкта жайгашат. Верстактар бири экинчисинен 80см, ал эми алардын катарынын ортосундагы аралык 100см, агрегаттар жайгашкан стенддердин аралыгы 1,5м, дубал менен стенддин ортосундагы аралык 1м ден кем болбосу талап кылынат. Ичинен күйүчү кыймылдаткыч жайланышкан стенд өнөркананын бир бурчунда жайланышат. Өнөрканага жайланышкан иштебей турган автомобиль дубалдан 1м, башка жабдуулар 1,5м аралыкта жайланышат.

Өндүрүштө иштегендердин коопсуздугун камсыз кылууда ошол жумушка ылайыкталып тигилген кийимдер жана сактануунун жекече каражаттары чоң мааниге ээ болот.

Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндөгү кодексинин статиясында "Эмгектин шарты эыяндуу болгон жумуштарда, ошондой эле өзгөчө температура шартында жүргүзүлө турган же булганч жумуштарда иштеген жумушчулар менен кызматчыларга белгиленген норма боюнча атайын кийим, бут кийим жана жекече сактануудагы башка курал жабдыктары акысыз берилет" деп көрсөтүлөт.

Жумушчу атайын кийимдерди,бут кийимдерди жана коргонуунун жекече каражаттарын этияттык менен пайдалануура тийиш. Тракторист, машинист, трактордук бригаданын бригадири жана жардамчысы, комбайнер жана анын жардамчысы жыл сайын кебезделген, токулган чаң өткөрбөөчү кездемеден токулган комбинезон, кол кап алышат. Чандуу жерге иштегенде механизаторлорго коргогуч көз айнектер берилет. Кыш мезгилине карата аларга кошумча кылып кебез салынган куртка жана шым берилет. Трактористерге чокой да берилет. Ыплас жана булганч жерлерде жумушчулар жана кызматчыларга белгиленген нормада атайын кийим кечелер жана жекече сактануунун курал-жабдыктары берилет.

Териге зыяндуу заттардын таасири болгон жумуштарда белгиленген нормалар боюнча, эмгек шарты зыяндуу жумуштарда жумушчулар менен кызматчыларга белгиленген норма боюнча жууп кетирүүчү зыянсыз заттар да акысыз берилет.

Механизацияланган агрегаттарда иштеген кишилердин кийимдерине төмөндөгүдөй талаптар коюлат: - комбинезон, өтүк же жумушта кийүүчү ботинка кийип,ал эми аба ырайы суук болсо, жылуу кийим жана ылайыктуу бут кийим кийип иштөө керек; - жумушка киришердин алдында кийимди топчулап, саландап турган сызмаларды, ботинканын боолорун бекем байлап, чачты баш кийимге кийрип, жолуктун учун саландатпай жана чечилип кетпегендей кылып байлоо керек; - кийимдерди же баш кийимдерди коопсуздук техникасынын талаптарына ылайык келбеген окуучулар же студенттер ишке жиберилбейт; - халат, фартук, алжапкыч, кен жана узун шым кийип, баш кийимсиз, жыртык бут кийим, шиш така, тапочка же кепич лийип иштөөгө болбойт; - кесиптик-техникалык окуу жайынын, жалпы билим берүүчү мектептердин, атайын орто окуу жайынын окуучулары жана жогорку оқу жайынын студенттери өндүрүштүк практика, окуу өтүп жаткан учурда ишкана тарабынан атайын кийимдер менен камсыз кылынып, практика бүткөндөн кийин кайра өткөрүп берилет.

Механизатор жана айдоочулардын нефти продуктылары менен өтө булганган кийимдерди жалынга тийгенде күйүп кетүү коркунучу бар. Ошондуктан бул кийимдерди убагында жуудуруп же алмаштырып туруу өрт коркунучунан сактайт.

Өзү жылуучу, чиркеме, асма жана стационардык машиналарга билбестик же камарабастык менен мамиле жасоо чоң коркунуч алып келет. Ошондуктан аларды иштөөгө жашын, квалификациясын, билимин жана ден соолугун эске алуу менен гана уруксат берилет. 17 жашынан комбайнда жана 18 жашынан автомобилде иштөөгө уруксат берилет.16 жаштагы өспүрүмдөргө атайын күбөлүк талап кылынбаган татаал эмес машиналарда жана куралдарда күндүз иштөөгө болот.

Кырсыктын көбү иштеп жаткандар эмгектин коопсуздугун билбегендиктен, эмгекти коргоо боюнча эрежелерди жана инструкцияларды бузгандыктан, иш процесине жетекчилер менен адистердин начар көзөмөл жүргүзүшкөндүгүнөн, машиналардын, шаймандардын бузуктугунан болот.

Жумушка кирерден мурда ар бир механизатор чарбанын башкы инженери өткөрүүчү баштапкы инструкцияны угушат. Жумушчунун жекече китепчесине сакталуучу атайын карточкага ал тууралу белги коюлат. Мындан тышкары ар бир жумушчу ордуна инструкция берилет.

Инструктажды укпай туруп жумушка кирүүгө тыюу салынат. Инструктаждын темасы жана өткөрүлгөн күнү атайын китепчесине жазылат. Ага инструктаж өткөрүлгөн жана инструктаж алган киши да кол коет. Технологиялык процесс өзгөргөн кезде, жаны жабдуу алганда жана кырсык болгондо пландагыдан сырткары инструктаж өткөрүлөт.

Машинаны башкарууга ден соолугу таза адамдарга уруксат берилет. Алардын ден соолугунун абалын күбөлөндүргөн справканын болушу зарыл. Чарчаган, ичимдик ичкен жана сыркоологон адамдарга машинаны башкарууга уруксат берилбейт.

Автомобилди окуп үйрөнүү боюнча мурдагы СССРдин агартуу министрлиги тарабынан түзүлгөн жана СССРдин саламаттыкты сактоо министрлиги, профсоюздук Борбордук Комитетинин макулдугу боюнча бекитилген атайын инструкция бар. Бул инструкция мектеп жана автомобилди окуп үйрөнүүчү ишканалар үчүн коопсуздук техникасы боюнча негизги документ болуп саналат. Ошондуктан автомобиль сабагынан берүүчү мугалимдер, инструкторлор ушул эрежени толук окуп үйрөнүп, дайым аткарууга милдеттүү. Өндүрүштүк окууну уюштурудан мурун окуучулар ден

соолугу боюнча атайын медициналык кароодон өтөт. Мындан тышкары шофердук кесипке жарактуулугун атайын медициналык комиссия текшерет.

Слесардык монтаждык иш үчүн техникалык жактан тейлөө лабораториясын жана жумушчу орундарын түзүп, ал коопсуздук техникасына толук жооп бергенден кийин гана өндүрүштүк окууга уруксат этилет.

Жаны алынган же ремонттон чыккан автомобилдерди пайдаланардан мурда обкаткадан өткөрүп, алардын рулдук башкаруусун, тормоз берүүчү системасын, жүрүүчү бөлүктөрүн, жарык жана сигнал берүүчү системаларын туура иштөөсүнө көңүл бурулат.

Рулдук дөңгөлөктөгү лифт 25 градустан ашпаса, картердин жана рулдук колонканын бекитүүчү тетиктери ос жана нормалдуу тартылган болсо, рулдук аракетке келтиргичи бузугу жок болуп, бекем бекитилсе жана шплинттелсе, рулдук колонкада ийилген жана кабырылган башка бузуктар жок болсо гана рулдук башкаруу оң деп эсептөөгө болот.

Гидравликалык аракет кылгычы бар бут тормозу менен тормоздолгондо педалды бир эле басканда токтоого тийиш. Тормоздоо педалынын бош кыймылы заводдо коюлган норманын чегинде болуш керек. Кол тормозу мындай текшертилет: саатына 15км менен бараткан жүгү жок бош автомобилди тормоздогон кезде 6м ден ашпаса кол тормозу туура иштерин көрсөтөт. Кардандык кыймыл өткөргүчтүн тетиктери бекем туташтырылат. Автомашина жүрүп бараткан кезде кардандык валдын дириллеши жана жулкунушу байколбоого тийиш.

Дөңгөлөктордун дискалары бардык гайкалар менен бекитилип, ал эми дисканын алкактары туура орнотулушу керек. Шинадагы абанын басымы нормага туура экендигин текшеребиз.

Автомобилдин алдынкы дөңгөлөктөрүнө экинчи группадагы ремонт боюнча калыбына келтирилген протектору бар покрышкаларды коюга тыюу салынат. Ар бир машинада үн берүүчү сигнал, арт жагын көргөзүүчү күзгү болуу керек. Фаралар жарык бергенде алыстан 100м жана жакындан 30м ге чейин жолго жарык түшөт. Жарыкты өзгөртүп туташтыргыч, токтоо сигналы, бурулуштарды көрсөткүчтөр, арткы жана алдынкы габариттүү фаралар дайыма оң болуушу зарыл.

Автомобилдин кыймылдаткычын от алдырардын алдында кыймыл өткөргүч рычагын нейтралдык абалга коюп, эгер тормоз

туташпай калса, автомобилдин кол тормозун пайдаланабыз. Кол тормоз машина токтоп турганда да пайдаланылат. Кыймылдаткычты кол тутка от алдырып жаткан кишини илип кетпегендей аралыкта туруу керек. Эгер автомобиль алысыраак болсо, анда тутканын үстүнө эңкеип турууга туура келет. Мындай учурда муунакту вал тескери айланып кетсе, тутка от алдырып жаткан кишинин бетин же денесин уруп кетиши мүмкүн.

Иштөө мезгилинде машиналардын жана механизимдердин карматылган жерлери бошоп калат, жылчыктын натыйжасында автол, суу, куйуучу май агат. Иштеги мындай шалакылык ар кандай кырсыкка алып келет. Эгерде бекитүүчү шплинт койбой койсо, рулдук тарткычтын жөнгө салуучу жери буралып чыгып кетет да, трактор же автомобиль башкарылбай калып, муздаткыч системасынан суунун агышы кыймылдаткычтын өтө ысып кетишине алып келип, моторду иштен чыгарат жана кыймылдаткычка суу куйган кезде айдоочу бир жерин күйгүзүп алат. Эгерде машинада иштеп жаткан кезде адамдын өмүрүнө же ден соолугуна коркунуч туудуручу бузук жери болсо, ишти дароо токтотуу керек. Ошондуктан ар бир айдоочу машинага отурунун алдында анын техникалык абалын текшерүүгө милдеттүү.

Үйрөнүү максатында айдоодо төмөндөгүдөй талаптар коюлат:

1.Үйрөнүү максатында жолдо транспорт каражаттарынын айдоочу инструктор менен жүрүп, ушул эрежелердин талаптарын билүүгө жана аткарууга милдеттүү. Үйрөнчүктүн аны башкарууга жетиштүү тажыйрыбасы болгондо гана уруксат берилет.

Үйрөнчүк да, окуучу да үйрөнүү максатында жүрүүгө тыюу салынган жолдордун участоктордун эмгекечилер депутаттарынын жергиликтуу Советтеринин аткаруу комитети тарабынан бекитилген тизмесин билүүгө тийиш.

2.Үйрөнүү максатында айдоо боюнча мектептердин, курстардын, кружоктордун инструкторлору айдоого үйрөтүүгө укуктуулугу жөнүндө документтерин алып жүрүүгө милдеттүү.

3.Үйрөнүү өтүп жаткан механикалык транспорттук каражаттарда тийиштүү таанымал белгилери болууга тийиш. Мектептеги курстардын, кружоктордун үйрөнүү үчүн берилген автомобилдери мындан тышкары сцепление менен тормоздук кошумча педалдары жана үйрөнчүк үчүн арт жагын көрсөтүүчү күзгү менен жабдылат.

Окуучулар окуу полигонунда өткөрүлүүчү сабактардын алдында коюлган милдеттердин мазмууну менен таанышып,окуу

куралдарынан тийиштүү материалдарды окуп, алдында аткарыла турган иштердин коопсуз ыкмаларын үйрөнүшү керек.

Полигондо коопсуздук техникасынын эрежесин башкарууларды, тормоздорду жана жүрүүчү бөлүктөрүн текшеришет. Рулдук башкаруунун бардык тетиктери бекем буралып ишенимдуу болууга тийиш. Дөнгөлөктүү трактордун рулдук башкаруусундагы жалпы лифт завод койгон ченемден ашпоосу керек. Рулдун гидравликалык күчөткүчүнө майды нормалдуу денгээлге чейин куюшат. Рулдук башкаруу оң болсо, трактору эки жакка буруу оной болот.

Бардык тракторлор тормоздогон кезде кургак, бетон жолдо тез токтоого тийиш: массасы 4т келген саатына 20км ылдамдыкта бараткан трактордун тормоздоо жолу 6,5 ден 7,5м ге, ал эми эки прицеп менен иштеген трактордуку 7,5 ден 9м ге барабар болуш керек.

Дөнгөлөктүү трактордун сол жана оң жактагы тормоздору бирдей аракетке келиши керек, антпесе бир жакты көздөй ооп, коңторулуп кетиши мүмкүн. Тормоздордун бүт тетиктери жана өзгөчө анын аракетке келтиргичтери оң болуп, бекем бекитилиши зарыл.

Эгерде жүрүп бараткан трактордун бошотулган тормоздору ысып кетсе, анда алар "күйүп" кетиши же ал иштен чыгышы мүмкүн. Дөнгөлөктөрү же гусеницалары бузук болсо, жүрүп бараткан трактор күтпөгөн жерден чукул буруп же тык токтоп калышы ыктымал. Натыйжада авариялык абал түзүлөт. Ошондуктан жүрүүчү бөлүктүн бүт тетиктери бекем бекитилүүгө тийиш.

Жүрүүнүн коопсуздугу алдынкы дөнгөлөктүн подшипниктеринин оң абалына жараша болот. Подшипниктерге май куюу үчүн жылчык жок болсо алар такалып калышат, ал эми жылчык чоң болсо рулдук дөнгөлөктөрдүн люфту чоңоюп,трактору башкаруу кыйындап, подшибниктерге урунушуу пайда болот да алар сынып калат. Дөнгөлөктүн шиналарында абанын нормалдуу болушу, ал эми шиналардын покрышкаларында тешик болбошу керек. Былырлары бүт жешилген шиналарды пайдаланууга болбойт. Жумуш башталар алдында покрышкага жабышып калган нерселерди чыгаруу керек.

Чиркелгич, асма машиналар жана куралдар менен иштөөнүн алдында чиркегич түзүлүштөрдү жана асма системаларды текшерүү керек. Тетиктер оң болууга, ал эми бириктирилген жерлери өз алдынча ажырап кетпөөгө тийиш.

Асма системалардын көтөргүч механизимдеринин өз алдынча көтөрүлүшүнө же төмөн түшүшүнө жана майдын агып калышына,

асма системанын гидравликалык бөлүгүндө майдын нормалдык денгээлде болушуна көз салуу зарыл.

Жантайыңкы жана тектир жерлерде иштөөгө арналган тракторлордо жана өзү жүрүүчү шассилерде кыйшаюну ченегичтер болууга тийиш. Кечинде жана түнүчүндө, туман да кандайдыр бир тоскоолдуктарга урунуу жана бараткан башка транспорттор менен кагылышып калбоо үчүн жарык берүүчү системалар дайыма оң болушу керек.

Ишке киришердин алдында трактор милдеттүү түрдө майланат, күйүүчү май жана суу куюулат, ал эми кышкысын кабина жылууланат. Иштеп жаткан кезде айлананын жакшы көрүнүшү кабинанын терезесинин тазалыгына көз каранды. Ошондуктан айнектин ордуна фанера же тунук эмес материалды коюга болбойт. Терезеде айнек тазалагычтардын дайыма оң болушу зарыл. Кабинанын эшигиндеги кулпулар жүрүп баратканда өзүнөн-өзү ачылып кетүүгө тийиш эмес. Айдоочунун отургучу трактор башкарууга ылайыктуу абалда жайгашып, кабинага чаң кирбегендей болушу керек. Трактор башкарардан мурда анын заводдук көрсөткүчүндөгү талаптарды толук аткарып, коопсуздук техникасынын эрежелерин толук үйрөнгөндөн кийин гана аны башкарууга жана бузулган жерлерин, тетиктерин оңдоого уруксат этилет.

Айдоочулардын жалпы милдеттери. Жолдо жүрүнүн эрежеси боюнча айдоочулар төмөнкүлөргө милдеттүү:

1. Ушул категориядагы транспорттук каражатты айдоого укук берүүчү күбөлүүгүн жана ага кошо берилген талонун өзү менен алып жүрүүгө; - транспорттук каражаттын каттоо документтерин, жол же маршрут баракчасын, ташылуучу жүктөргө берилген документтерди (жекке транспорттук каражаттары бар адамдардан башкалар) алып жүрүүгө; - башкарууга укук бере турган ишенич катын алып жүрүүгө.

2. Айдоочу мындан тышкары мына буларга милдеттүү: - айдап чыгаар алдында транспорттук каражаттын оңдугун жана комплектүүлүгүн текшерүүгө; - транспорттук каражаттын жолдо бара жатканда техникалык абалына көз салууга;

Коопсуздук кемерлери менен жабдылган автомобилдерде же автобустарда жүрүп баратканда кемерлерди тагынууга, аны тагынбаган жүргүнчүлөрдү ташыбоого (кемерди тагынбай коюуга 12-жашка чейинки балдарга, транспорттук каражатты үйрөнчүк адам айдап жүргөндө, аны айдоого үйрөткөн мастерге, калк жашоочу жерлерде булардан тышкары индвалид-айдоочуларга, таксилердин

айдоочулары менен жүргүнчүлөргө уруксат берилет) милдеттүү; - мотоциклде бараткanda мотошлем кийүүгө жана аны кийбеген жүргүнчүнү ташыбоо.

3. Айдоочу транспорттук каражатын пайдаланууга төмөнкүлөргө бере алат: - милициянын кызматкерине, дружиначыларга жана милициянын штаттан тышкакы кызматкерлерине, медициналык жардам токтоосуз керек болгон адамдарды жакын арадагы дарылоочу мекемеге жеткирүүгө керектиги үчүн; - кызмат боюнча тапшырылган шашылыш иштерди аткарган милициянын кызматкерлерине;-жол кырсыгына учурап же бузулган транспорттук каражаттарды жүктөп жеткирүү үчүн (жүк ташычу автомобилдер гана) милициянын кызматкерлерине; - өзү бараткан тарапка барып, жардам көрсөтүүчү медициналык кызматкерлерге, ошондой эле кайсы тарапта болбосун, өмүрү коркунучта жаткан оорулуу адамга бараткан врачка жана медициналык орто кызматкерлерге же болбосо ошондой эле орулууларды жакынкы дарылоочу мекемеге жеткирүүгө макул болууга милдеттүү.

Агрегаттарды техникалык жактан тейлөөгө коюлуучу талаптар. Техникалык жактан тейлөөдөн мурда тийиштүү аспаптарды, материалдарды жана запастык бөлүктөрдү, которуучу түзүлүштөрдү, сактоочу жасалгаларды жана май куючу шаймандарды камдап алуу керек.

Жумуш убагында бузук аспаптарды пайдаланууга болбойт, анткени балка сабынан чыгып кетсе, бузук же өлчөмү туура келбеген гайкалык ачкыч менен гайкаларды жана болтторду бекемдеп тартып же чыгарып жатканда тайып кетсе, иштеп жаткан же айланасында турган адамдар урунуп алынышы мүмкүн. Эгерде машинанын астында иштөө керек болсо, аны тормозго коюшат, кыймылдаткычты токтотушат, каробканын рычагын азайтылган же артка жүрүүгө кыймыл берүүчү абалына коюшат, дөңгөлөктүн алдына тосмолорду орнотушат. Иштеп жаткан кезде суук тийгизип албоо үчүн жерге тактай, чөп же саман төшөшөт. Ал үчүн кичине дөңгөлөкчөсү бар атайын жасалган тактай-тапчанды пайдаланса болот.

Ысык кыймылдаткычтагы суунун денгээлин текшерген убакта же картерден май агызган кезде колду күйгүзүп албоо үчүн өзгөчө этият болуп сөзсүз мээлей кийүү керек. Өтө ысык кыймылдаткычты бир аз муздатуу зарыл. Ысык кыймылдаткычка суу куюу үчүн капкагын ачуу коркунучтуу, анткени, муздаткыч системасындагы суу басымынын астында болуп,температурасы 110 С га чейин жетиши

мүмкүн. Ошондуктан анын капкагын ачкан маалда ысык суу атылып чыгат. Эгерде шиналарды моңтаждаганда жана ремонттогондо коопсуздук техникасынын талаптары сакталбаса, анда кокустук болушу ыктымал.

Өзү түшүүчү автомобилдин көтөрүүчү механизими менен иштөө жогорулатылган коркунуч менен байланышкан, анткени кузовдун өзүнөн-өзү да түшүп кетиши ыктымал. Өзү түшүрүүчү автомобилдин кузову көтөрүлгөн абалда турганда көтөрүүчү механизимди кароого, ремонттого же техникалык тейлөөгө кишилерден мурда таяныч штангасын орнотуу жана кубат берүүчү кутунун ишин токтотуу зарыл. Өзү түшүрүүчү автомобилдин көтөрүлгөн кузовунун алдында эч ким болууга тийиш эмес. Бул убакта автомобилдин каптал жагына туруу керек.

Прицепти автомобиль менен чиркештирүүдө айдоочудан башка,айдоочуга жүрүүнүн багытын өзгөртүү же токтотуу жөнүндөгү белгини берип туруучу адам болушу зарыл. Чиркештирүүдөн кийин прицептин машинадан бөлүнүп калбашы үчүн, сактагыч чынжырды же тросту бириктиребиз.

Бузулган автомобилди буксирлөө үчүн тросту же катуу металл түтүгүн же жумуру металды пайдаланабыз. Тростун узундугу 4м ден 6м ге чеин болууга тийиш. Буксирлөөчү тросту" Жолдо жүрүүнүн эрежелерине" ылайыктуу кылып белгилөө керек. Айрыкча түн ичинде трост көрүнгөнү коркунучсуз. Буксирлөөдө сүйрөгөн машинанын ылдамдыгы төмөндөтүлөт. Эгерде автомобиль жумшак же кумдак жерде тыгылып чыгалбаса жана улам барган сайын жерге чөксө, анда дөнгөлөктү айланта берүүнүн зарылдыгы жок. Автомобилдин дөнгөлөгү тыгыла берсе анда автомобилдин огу асылган даражасына чейин жеткирүүгө жол берүүгө болбойт. Болот тросторду кол капсыс кармаганда зымдары колго кирип, жабыркашы да ыктымал.

Автомобилдерди техникалык жактан тейлөө жана ремонт жумуштарын жүргүзүүчү имаратты жакшылап жарык кылып, таза кармашат. Жуулбаган автомобилдерди тейлөөгө уруксат этилбейт. Жумуш орундары менен имараттарды станоктор, механизимдер жана башка жасалгалар иштебей турганда тазалашат. Коопсуздук техникасынын жана эмгекти коргоонун талаптарынын негизинде автотранспорт ишканасынын территориясында автомобилдердин кыймылынын так тартиби белгиленүүгө тийиш. Ошондой эле айдоого күбөлүгү жок адамга башкарууга тыюу салынат.

Жүрүү схемасы,уруксат берилген ылдамдык жана коркунучтуу участоктор жол белгилери менен көрсөтүлөт.

Автомобилдерди жолдо пайдаланган убакта айдоочу,андагы иш менен байланышкан адамдардын бардыгы коопсуздук техникасынын эрежелеринин сакталышына толук жооп беришет. Эгерде транспорт жумуштарын аткарып жатканда, коопсуздук техникасынын талаптарына ылайык келбеген шарттар түзүлсө, айдоочу жумушту дароо токтотуп бул жөнүндө автотранспорт ишканасынын жетекчисине билдирүүгө жана уруксатсыз иш баштабоого милдеттүү.

Айдоочуга бузулбаган автомобиль менен гана жолго чыгууга уруксат бар: автомобилдин кузовуна администрациянын уруксаты менен транспорт жумуштарын аткарууга байланышкан адамдарды гана ташууга жол берилет.

Шайма-шай аспаптардын, зарыл жасалгалардын болушу, алардын жумушчу ордунда туура жайгаштырылып, тазалык жабдуулардын жана имараттардын туура сырдалышы, жарык булагынын туура тандалып алынышы, коопсуздук техникасынын эрежесинин болушу, имараттардын жана территорияларынын жашылдандырышы, азыркы кездеги автотранспорт ишканасына мүнөздүү болушу керек.

Автомобилдерди техникалык тейлөөдө каралган же ремонттоо менен байланышкан бардык жумуштарды атайын жабдылган жерлерде гана аткарууга уруксат берилет. Бул учурда автомобиль ишенимдүү тормоздолууга, ал эми кыймылдаткыч болсо милдеттүү түрдө токтотулуп "Кыймылдаткычты от алдырбагыла-иштеп жатышат" -деген алдын-ала эскертүүчү жазуу илинип коюлууга тийиш. Эгерде көрсөтүлгөн жумуштарды аткарып жаткан убакта автомобилди домкрат менен же гидравликалык көтөргүч менен көтөрүү зарыл болсо, анда анын астында тирөөч коюп гана иштөөгө болот. Оор агрегаттарды механизимдердин жардамы менен уруксат берилет. Көтөргүчтү башкаруу механизимине: "Ишке киргизбегиле-адамдар иштеп жатышат"- деген алдын-ала эскертүүчү жазуу илинет. Жүктөө жана түшүрүү жумуштарында бул максатта ылайыкталган механизимдер колдонулат. Жүктөлүүчү машинаны тормоздоп,айдоочу жүк жүктөлүп жана түшүрүлүп жаткан жайдан кетүүгө укугу жок. Жүктөө жана түшүрүү малында ремонттук жумуштарды, кароо жана техникалык тейлөөнүн иштерин аткарууга тыюу салынат.

Автомобилге жүктөлгөн контейнерлердин кузовдо жылып жүрүшүнө жол бербей, жакшы бекитүү керек. Бийик контейнерлерди ташуучу автомобилдерде иштөөчү айдоочулар жүрүүнү жана тормоздоону бир калыпта жүргүзүп, ал эми бурулуштарда машинанын

ылдамдыгын азайтышат, контейнерлер менен бирге кузовдо пасажирлерди ташууга болбойт.

Нефти продуктылары менен иштөөдө көрүлүүчү коопсуздук техникасы. Нефти продуктылары адамдын денесине дем алуу органы аркылуу тери, ооз аркылуу өтүп, ден соолукту начарлатат. Бардык нефти продуктыларынын ичинен бензиндин буулары, күйгөн бензин өтө уулу келет. Бензин сакталган жайда жана башка имараттарда желдеткичтер болбосо, ал ууктуруп, өпкөнүн сезгенишине алып келет. Керосин жана дизелдик күйүүчү майлар көп булганышпайт, алардын концентрациясы анчалык көп эмес. Бензиндин буулары имаратта көп болсо адамдын башы айланат, мууну бошойт, көнүлү айныйт, эсинен танышы да мүмкүн. Бензин - бат күйүүчү,өрт чугаруу жагынан коркунучу бар зат, ал териге тийгенде дүлүктүрүнү пайда кылат. Бензин жана ал куюлган идиш менен өзгөчө этияттануу менен иш жүргүзүү керек. Анткени, бензиндин идиште калган калдыгы менен анын буусу тез от алат. Мындан тышкары этилдештирилген бензинде адамдын организимин катуу ууландыруучу, күчтүү таасир этүүчү тетраэтил коргошуну бар экендиги белгилүү. Этилдештирилген бензин менен колду жана кийимди жууганга болбойт.

Май куюучу колонкаларда автомобилге этилдештирилген бензинди куюп жатканда шамал соккон тарапта туруу керек. Териге тийген этилдештирилген бензинди зыянсыздандыруу үчүн, теринин же кийимдин булганган жерин керосин же жылуу суу менен самындап жуушат. Ал бензин көзгө тийген убакта сооданын эки процеттүү эритмеси же жылуу суу менен жууп, ал эми андан кийин дарылоочу мекемеге кайрылышат.

Этилдештирилген бензиндин уулу экендигин эске алып, аны менен байланышкан бардык адамдар атайын кийим менен иштөөлөрү керек. Этил аралашкан бензин төгүлгөн кийимди адегенде абада кургатып, жуугандан кийин гана кийишет.

Машинага майды жабык кол менен куюуга болбойт. Күйүүчү майды сордурганда атайын жасалган сордургуч шланг колдонулат. Эч убакта ооз менен соруурга болбойт.

Нефть продуктыларын куюштурганда, трубалар менен сордурган кезде челектерде жана цистерналарда статикалык электр заряды топтолот. Ал идиштерди жердештирсек, заряд жерге өтүп кетет да, эч кандай коркунуч туудурбайт. Жердештирүү болбосо топтолгон заряд жарылууну пайда кылат.

Май куйгандан кийин төгүлгөн майды арчып тазалоо керек. Эгерде адамдын кийимдерине нефть продуктылары төгүлсө, ал

адамдын ачык өрткө келиши жана тамеки күйгүзүп, ширенке чагышы коркунучтуу. Нефть продуктылары атайын ылайыкталган жерде сакталат. Машинанын кабинасына жана турак-жайларга аны сактоого таптакыр тыюу салынат. Майланышкан чүпүрөктөр атайын темир кутуга сакталат, коркунучсуз жерге өткөзүлөт, өрттөлөт. Чагылган чартылдап турганда бакка бензин же идишке бензин куюуштуруу өрт коркунучун пайда кылат.

Аккумлятордук батареяларды заряддоодогу коопсуздук техникасы. Автомобилдерге күкүрт кислоталуу электролити коргошундуу акумлятордук батареялар колдонулат. Коргошун да, күкүрт кислотасы да адамдын ден соолугу үчүн зыян. Аккумляторду заряддаган убакта суутек бөлүнүп чыгат да,кычкылтек менен аралашуудан жарылып кетүүчү аралашма газды пайда кылат. Аккумлятордук батареяларда иштөөдө резина мээлей жана алжапкыч кийишет.

Электролитти заряддаган убакта кислотаны жылытып туруп сууга куюп, кислота менен сууну өз ара аракеттенишинен пайда болуучу жылуулуктун тегиз таралышы айнек таякча менен аралаштырып туруу керек. Эч качан кислотага суу куйбаш керек. Себеби, суу кайнап чыгып электролит катуу чачырайт да, беттин күкүрт кислотасына күйүп калышына алып келет. Электролитти даярдап жатканда көздү сактоо үчүн атайын көз айнек кийүү керек.

Аккумлятордук батареяларды пайдалануу, заряддоо жана ремонттоодо, күкүрт кислотасын колдонууда жарылуу коркунучу бар газды бөлүп чыгаргандыктан ар бир транспорт ишканасында бул иш үчүн абаны киргизүүчү жана айдап чыгуучу шамалдаткыч орнотулат. Аккумлятордук батареяларды заряддоочу жайда от жагууга, электр учкундарын пайда кылуучу иштерди аткаруурга жана тамеки чегүүгө болбойт. Жакшы контакт болбосо электирдик туташтыруудан учкун чыгат. Ал үчүн өткөргүч зымды батареянын клеммасы на бекитүү зарыл.

Күкүрт кислотасы менен электролит кийимдерди тешип, терини күйгүзөт. Эгерде күкүрт кислотасы же электролит териге тийсе, крандан аккан суу менен тез жууп, андан кийин ичуучу соданын 10проц аралашмасы менен жууп жиберсек болот. Электролитке фарфор, пласмасса айнек кислотага чыдамдуу материалдар болуп эсептелет. Иштен чыккан аккумлятордун челеги идиш катарында табылбаган сыймдуулук болуп саналат. Электролитти даярдаган убакта, кислотага суу менен аралаштырганда резина алжапкыч, кол каптарды жана сактоочу көз айнектерди кийишет, ал эми кислотаны

болсо акырындык менен жылжытып суугa куюу керек. Сууну кислотага куйганда катуу реакция болуп кислотаны чачыратат. Аккумляторду же анын батареясын чукул туташтырып учкун чыгаруу аркылуу текшерүүгө болбойт.

Автотранспортторду тейлөөдө уулуу заттардан сактануу.

Автотранспорттук ишканалардын иштеринин практикасында кезигүүчү токсикалык заттар болуп төмөнкүлөр саналат: тетраэтилсвинец, көмүртектин кычкылы, кислоталар, щелоочтор ошондой эле иштетилген газдарды чыгаруучу системанын бүтүндүгүнө көз салып туруу зарыл. Шамалдаткыч жок болгондо өнөкөт ууланууу болушу мумкун. Бул учурда баш оору, айлануу, уйкунун бузулушу пайда болот. Эгерде көмүртүк кычкылынын концентрациясы 1литр абада 0,65мг жана андан көбүрөк болсо, андан ууланууу болуп, эсин жоготууга алып келет, ал эми 1литр абада 2,5мг көмүртек кычкылы болгондо адамды өлүмгө дуушар кылат. Эгерде 1литр абада акролендин болушу 0,07мг га жетсе,анда адам ушул концентрацияга 1минутадан ашпаган убакытка гана туруштук бере алат.

Иш убагында температура режими иштеп жаткандардын ден соолугуна жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнө чоң таасир көрсөтөт. Жогорку температурада ысыкка урунууга, төмөнкү температурада үшүккө алдырууга болот. Дем алуу убагында кабинаны жылытуу максатында иштеп жаткан кыймылдаткычты пайдаланууга болбойт, анткени газ ууланууну алып келет.

Антифризге этият мамиле кылуу талап кылынат, анткени анда күчтүү таасир кылуучу уулуу суюктук - этиленгликоль бар. Ал организимге тийгенде оор ууланууга алып келет. Антифризди колдонуу эрежеси боюнча ачык идиши менен берүүгө тыюу салынат, ал эми куюучу колонкаларда аны автомобильдин кыймылдаткычынын муздатуу системасына түздөн-түз куюу керек. Антифризди бир идиштен экинчи идишке насостордун жардамы менен гана куюуга уруксат берилет. Антифриз сакталуучу же ташылуучу бардык идиштерде кетпей турган боек менен жазылган "уу" деген жазуу даана көрүнүп, антифризди барбы же жокпу, ага карабастан тыгынды менен оозу пломбаланууга тийиш. Антифризди колдонуу менен байланышкан бардык жумуштарды аткаргандан кийин колду самын менен жакшылап жууш керек.

Кислоталарды тыгыны жакшы бекитилген чоң бөтөлкөлөргө сакташат, ташышат. Чоң бөтөлкөлөрдү чыбыктан жасалган корзиналарда жыгачтын жумшак таарындысын салып

жайгаштырышат. Ташыганда атайын замбил же арабачалар пайдаланылат. Кислоталар териге тийгенде күйгүзө тургандыгын унутпоо керек.

Нитрокраска, ацетон жана башка эритмелер бууну чыгарышат, аны менен дем алган убакта ууланууу, ал эми териге тийгенде дүлүктүрүү жана күйгүзүү болушу мүмкүн.

5.2. Айыл чарба машиналарында жана мал чарбасында эмгекке даярдоодо өмүр коопсуздугу

Трактор жана айыл чарба машиналарын эксплуатациялоодо кокустуктар машинанын оң эмес экендигинен, билиминин жетишпегендиги же коопсуздук техникасын, жол жүрүү эрежесин сактабоонун, трактор жана башка айыл чарба машиналарын айдоого жетишерлик машыгуунун жоктугунан, айрыкча татаал метерологиялык жол шартынан, айдоочунун көңүл коштугунан келип чыгат.

Тракторист жердин ой-чуңкурун билбешинен, багытын жогорулашынан машинанын өлчөмүнөн ашык жүктөөнүн жана жолдун татаалдыгын эске албоонун натыйжасында авария жасайт.

Кичине радиуска ээ болгон бурулушта жана тик жерде, көчөнүн кесилишинде катуу ылдамдыкта жүрүүдө трактор ала салып кетип, адамдар оор травма алган учурлар да кездешет.

Ишти баштардан мурда жумушчу орунунда коопсуздук техникасы боюнча инструктаж өткөрүлөт.

Коопсуздук техникасына, өндүрүштүк санаторияга, өрт коопсуздугуна, ошондой эле окуучулардын жана студенттердин ден соолугунун абалына көзөмөлдү жогорку окуу жайы жана элге билим берүү бөлүмдөрү, өндүрүштүк, профсоюздук жана ведомстволук инспекция жүргүзөт. Эл агартуу системасында директорго (ректорго) мамлекеттик агрооноржай мекемелеринде, ишканаларында, мекеменин башчысына жана өндүрүштүн башкармасына ушул эле жоопкерчилик жүктөлөт. Мугалим жана устаттар окуучу-студенттердин иштөө жана окуусу үчүн бөлүнгөн участкага жетекчилик кылып, санитардык-гигиеналык шарттардын сакталышы үчүн жекече жооп беришет.

Окуучулар жана студенттер иштеген учурда, айыл-чарба мекемелеринин жетекчилери тарабынан коопсуздук техникасынын сактоо жана жооп берүү үчүн атайын киши дайындалат. Эмгек сабагынын мугалими жана адистери окуучуларды жана студенттерди

коопсуз иштөөгө, жекече сактануунун каражаттарын колдонууга, коопсуздук техникасын сактоого, техниканын ондугуна көз салууга үйрөтүүгө жана тарбиялоого милдеттүү.

Жерди айдоочу,эгин себүүчү жана жыйноочу машиналарды, жабдууларды коопсуздукта эксплуатациялоо.

Айыл чарба өндүрүшүндө ар түрдүү айыл чарба машинасынын комплекиси колдонулат. Ал машиналар татаал жана дайыма өзгөрүлүп туруучу шарттарда иштейт. Алардын чабуучу жана оруучу аппараттары, мала тартуучу дискалары, эгин жүктөөчү шинек, комбайндын транспортеру сыяктуу жумушчу бөлүктөрү тосулган эмес. Ушуга байланыштуу аларды коркунучсуз эксплуатациялоодо чоң мааниге ээ.

Өзү жүрүүчү айыл чарба машиналарында иштөөгө атайын окуусун бүткөн, медициналык кароодон өтүп, инстуктаж алган, тракторист-машинист деген күбөлүгү бар 17 жаштан кем эмес жаштарга жана студенттерге уруксат этилет. Бул машинада иштөөчүлөр алардын түзүлүшүн, жөнгө салынышын, тейлөө жана коопсуздук эрежесин билиши керек. Бир нече машиналар менен иштегенде ушул адистердин ичинен бирөөнү жетекчи кылып шайлашат.

Айыл чарба иштерин аткаруу жана аларды иштей турган жерге жеткирүү мурдатан иштетилген технология жана маршрут боюнча атайын башкарган киши аркылуу аткарылат Трактордо жана комбайнда иштөөдө жердин энкейиши 16% жогору болбошу керек. Ишке техникалык жактан оң, текшерилген жумушчу бөлүктөрү толук, сигналы жана ондоочу толук инструменттери бар машиналар тартылат. Иш талаасына арык-чөнөктөрү түздөлүп, коркунучтуу бурулуш жерге бороз салынып, же белги коюлуп, мурдатан даярдалат.

Трактору ондоп тазалоо жана аны жөнгө салууга туура келсе моторун өчүрүп, керек болсо прицепти ажыратып коюу керек. Аз убакытка токтотууга туура келсе, моторду өчүрбөй, кароосуз калтыруурга болбойт. Көпкө токтотууга туура келсе, моторду өчүрүп, жумуш аткаруучу бөлүгүн жерге түшүрүп, тормозго коюу талап кылынат. Энкейиш жер болсо дөнгөлөккө таш же башка тоскоолдук коюушу ашык болбойт. Бороздо, чөмөлөдө, жолдун жээгинде жана иштеп жаткан машинанын айланасында уктоого, эс алууга тыюу салынат. Трактору, айыл чарба машиналарын электр тогу өткөн зымдын алдына токтотууга да такыр болбойт.

Ысык-көл областындагы Бөрү-Баш айлында мындай кырсык болгон: чөп жыйноочу сынган тырмоокту ремонттоо үчүн

стогометатель аркылуу экинчи трактурго ток өткөн зымдын алдында жүктөшкөн. Стогометатель тырмоокту өйдө көтөргөндө токко туташып экинчи токтоп турган трактордо 18 жаштагы дени сак тракторист электротравма алган. Акыл эсин жоготкон адамды жерге көөмүп, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып, анын дем алуусун начарлатышкан. Эгерде ошол адамга жасалма дем алдырышканда, ал адам аман калмак. Анткени ал ток урганда оозун ачып, дем ала албай кыйналып тирүү болуучу.

Прицептик машинада иштегенде тракторист менен прицептеги кишинин ортосунда эки жактуу ишеничтүү сигнализация орнотулат. Трактористин берген сигналына иштеген адам жооп берет. Андай жооп боюнча кыймылды баштоого болбойт. Трактурду чукул токтоткондо прицептеги жабдуулар кулап түшпөөсү үчүн алар илгич же илмек менен жабдылат. Прицептик машинаны сактоочу сеткасы ажырап тургандааны туташтырып айдоого, же прицептик машина же прицептик машина жумушчу абалда турса, аны артка бурууга болбойт.

Мала тарткан учурда анын тиштерин чөп жана башка туруп калган нерседен кол менен тазалоодо травма алган учурлар болгон. Соконун жерди жумшарткычын, культивациялык, мала жасоочусун жумушчу органын атайын тазалагыч менен тазалоо керек. Көтөрүлүп турган машинаны тазалоо жана бузугун оңдоо үчүн эч убакта анын алдына кирүүгө болбойт. Жерди иштетүүчү жабдууларды жөнгө салуу атайын аянтчада, устаттын катышуусу менен алар өз алдынча түшүп кетпегендей шартта жүргүзүлөт.

Эгин себүүчү жана үрөн отургузуучу машиналар иштөөдөн мурда ремонттолуп, жөнгө салынган оң отургучу, бут коюучу тактайы тайгалакк эмес, кендиги 350мм ден кем эмес болуп, ал жерден 100мм бийиктике жайланышат, сеялкада 1м бийиктикте тосмо коюулат, үрөн себүүчүлөр мээлей, сактоочу көз айнек, иштөөгө чак кийим менен камсыз кылынат.

Себүүчү аппараттарды, культиваторду жана башка жумуш бөлүктөрүн мээлей кийүү менен атайын тазалагычтар аркылуу жүргүзүлөт. Үрөндү жылдыруу атайын ылайыкталып жасалган жыгач күрөкчө менен аткарылып, орунунан түшүп, түз порозго түшкөндө өз ордуна келет.

Эгин оруу, чөп, силос чабуу, саманды чогултуу убагында кырсыксыз иштөө машинанын жана анын механизиминин оң болушуна жана эмгекти туура уюштурууга көз каранды болот. Чарбанын жетекчиси бекиткен маршруттук кыймыл жана

технологиясы боюнча иш жүргүзүлөт. Күндүн жарык кезинде жана шамалдын ылдамдыгы секундасына 10 метирден ашпаган учурда гана үймөк үйүлөт.

Чөптү оруп-жыйноочу агрегатты эксплуатациялаган учурда машина менен трактордун чиркешүүсүнүн бекемдигине айрыкча көңүл бөлүнөт. Айрыкча кесүүчү аппаратка өтө сактык керек.

Стогометатель жана волокуш илинүүчү трактордун туурасынан туруктулугун көбөйтүү үчүн алардын дөңгөлөктөрү максималдуу кендикке ээ болуусу керек.Энкейиштиги 5% жогору жерге жана шамалдын ылдамдыгы секундасына 10 метирден ашкан учурда стогометатель менен иштөөгө тыюу салынат. Стогометатель жүрүп бараткан учурда чөп жүктөгөн айрыларды жерден 1-1,5м бийиктиктен өйдө жогору көтөрүүгө болбойт. Үймөккө, анын кырына окуучулардын чыгуусуна уруксат этилбейт. Ишти баштоо жана аяктоо жетекчинин айтысуу боюнча болот.

Көп сандаган кырсыктар эгин оруу машиналарында иштеген учурда да кездешет. Булар болсо ыксыз ыкчам иштетүү, айлана-чөйрөнүн жогорку температурасы, жумушка чала билген адамдарды тартуу менен түшүндүрүлөт.

Ишти баштардан мурда эгин чабуучу техниканын толук комплектелгендигин, өрт өчүрүү каражаттары бар экендигин текшерип, талааны байкап, коркунучтуу жерди жана агрегаттын жүрүү жолун аныктап алуу керек.

Трактористин милдетин аткаруучу үйрөнчүк адам эгин жыйноочу агрегаттын коопсуздук техникасына туура келерлигин: тепкичти, тосмону, аянтчаны, сигнализацияны, коргоочу жабдууларды, өрт өчүргүчтү, аптечканы, иче турган суусу бар бачокту иштин алдында текшерет.

Комбайн иштеп жаткан учурда башкаруучунун жанына экинчи кишинин туруусуна жол берилбейт. Бункердеги эгинди бут, кол, чабыкча менен түртпөй ал үчүн атайын күрөкчө колдонулат. Кесүүчү аппараттын алдынан өтүүгө же алдына баруурга, чабуучу машинанын бычагын, чапкысын жалгыз алмаштыруурга, молотилканын бузук жерин мотор иштеп жатканда оңдоого, жүрүп бараткан учурда жыйноочу агрегат, прицеп менен трактордун ортосунда болуурга же отурууга уруксат этилбейт.

Бункерден экинчи машинага жүктөгөндө комбайндын аянтчасында туруп, агрегаттын иштешине көз салынат, кыймылдагы машинанын кузовунда, эгинди жүктөп жаткан шинектин алдына турууга болбойт. Машинадан эгинди түшүрүүдө анын арткы бортун

эки киши ачат. Автопогрузчик иштеген учурда анын айлануучу шинегинен, транспортерунан сак болуу керек. Эгин жыйноочу агрегатта иштегендер чак кийим кийип, топчуланып, айлануучу механизм менен кошо оролуп кетүүдөн сактанат. эгин жыйноо учурунда механизаторлордун нормалдуу эс алышына шарт түзүлөт, анткени жакшы эс алуу коопсуз иштөөнүн негизи болуп саналат.

Көп сандаган окуучулар картошка, жашылча-жемиш терүүгө катышышат. Ошондуктан бул жерде коопсуздук техникасын сактоо чоң мааниге ээ болот. Картошканы жыйноочу талаа мурдатан казылат. Чогулган картошканы машинага жүктөөдө оор нерселерди көтөтөрүүчү өлчөмдорүн сактоо керек. Айрыкча кыз балдарды бул ишке тартууга болбойт. Иштеп жаткан машинадан картошканы чогултуу 10м ден кем эмес аралыкта жүргүзүлөт.

Комбайндын жумушчу органы токтоп турган учурда гана атайын арналган тазалагыч, илмектин жардамы менен тазаланат. Бул ишти билген комбайнер же тракторист-машинист жасайт. Машинаны жылдыруу бардык иштөөчүлөр ордуна жайланышып, даяр болгондон кийин гана башталат. Бардык иштөөчүлөр баш кийим, кийимдерине желпилдеген, саландаган учтары болбоосу керек. Комбайн жүрүп баратканда секирип түшүүгө жана отурууга тыюу салынат. Картошканы машинадан түшүрүп жаткында кыймылдагыч механизимдин жанында турууга, картошканы кол, бут, металдык предмет менен түртүүгө болбойт. Ал үчүн атайын жасалган жыгач күрөкчө бар. Күбөлүгү жок үйрөнчүктөргө электр тогу бар машиналарды тейлөөгө уруксат берилбейт.

Мектеп окуучуларынын мал чарба фермасында иштөөдөгү коопсуздук жумушу. Мал чарба фермасында практика өткөн учурда үйрөнүүчүлөр 3-6 кишиден турган группага бөлүнүп, алар мугалимдин же тажыйрыбалуу адистин жетекчилиги астында иштешет. Багууга коркунучсуз жоош жаныбарды (музоо, торопой, кой, канаттуулар, коен) окуучулар өз алдынча багышат. Мал чарба фермасынын айрым бир түрлөрүнө окуучулар жиберилбейт. Окуучуларды чалпоо жылкы тейлөөгө, бука каман багууга, оорулуу малдарды тейлөөгө, күпкөдө иштетүүгө, ветсанитар кылууга тыюу салынат. Адамга коркунуч келтирген айбандар жайланышкан короого эскертүүчү жазуу илинет. Малга жумшак мамиле жасап, коркпой тейлөө керек, аларды уруп, кыйкыруунун зарылдыгы жок. Акырдагы короодогу шакелдер, калдыктар малдар жокто атайын жабдыктар менен жыйналат. Малды короого кийрип, чыгарууда алардын жолуна турууга болбойт. Акырга жакын туруу, анын жанына көп убакыт

болуунун зарылдыгы жок. Чөп, жем берүүдө мал турган клеткага кирүүгө, жем, чөптү кол менен түздөөгө, энкейүүгө болбойт. Кол менен жем, чөптү ташуу белгиленген нормадан ашпайт. Тейлеген адамды тооктор көзгө чокуп, коендор арткы буту менен колго тебиши мүмкүн. Ошондуктан аларды кармоодо, тейлөөдө сактоочу көз айнек жана кол кап кийилет.

Малды машина менен сааганда жабдуулардын травма берүүсүнөн сак болуп, аларга тептирип же сүздүрүп албоо жагы эске алынат. Бул машина менен иштөө мугалимдин, адистин жетекчилиги астында жүргүзүлөт. Бардык механикалык жана электирдик ондоолор үйрөнгөн адис тарабынан аткарылат.

Чөптү тууроочу жана майдалоочу машиналарда иштөө көп коркунучтуу туудурат. Буларда иштөөдө жалпы коопсуздук техникасынан башка кошумча сактыкты аткаруу зарыл: туташтырардан мурда бычактык барабандын подшипнигин, тууроочу бычактын, кожугтун, щиттин, тосмонун бекемдигин текшеребиз. Иштеп жаткан учурда чөптү кол менен жылдырууга, механизимди тазалоого болбойт. Майдалоочу барабан белгилүү жыштыкта айлангандан кийин гана чөптү туурай баштайт. Реверсивдүү түзүлүшү бар машинаны адегенде артка жүрүшүн туташтырат. Тоют кызылчасын тууроочу агрегат цементтелген түз полго орнотулат. Бардык электр тогу менен иштөөчү машиналар жердештирилет.

Малдардын кыктарын чогултуу учун машина иштеген учурда малды бөлмөгө кийирүүгө жана чыгарууга болбойт. Транспортер, рельсалуу жасалганы иштетуу ушул механизим үчүн техникалык эксплуатациялоо эрежесине дал келүү керек. Буларга түшүп алууга болбойт. Фермандын территориясына жайланышкан же андан алыс эмес чалпыктар, кык сактагычтар котлован, андар, силос траншеялары, кудуктар тосулуп, жерден 0,8 м бийиктикте люк жасалып капкагы дайыма жабылып турат.

Көп сандагы травмалар жүктөрдү кол менен жүктөөдө жана түшүрүүдө болот. Бул иштер жоопту адамдын жетекчилиги астында жүргүзүлөт. Мында иштебеген кишилер бул аянтка жиберилбейт. Түшүрүү, жүктөө иштерин карангыда, 8проц энкейиш аянтчада жүргузүүгө болбойт. Кыш күндөрүндө тайгаланып, жыгылбоо үчүн кар, муз тазаланылат. Жантык тегиздиктеги жүктү жылдырууда өзүнчө жылып кетүүсүнөн сак болуп, алардын алдына жана көтөргөн жүктүн артында турбоо керек.

Мал чарба фермасында иштөө мурдатан белгиленген электр коопсуздугун сактоого туура келет. Үйрөнчүктөр электр жабдууларын

ремонттоо ишине катышпайт. Бардык кое берүүчү электирдик установка жабык типте болот.Электр жабдуулары үчүн нымдуулук, газдар, температуралардын өтө өзгөрүлүшү зыян. Булар зымдын изоляциясын бекемдик мөөнөтүн азайтат. Үзүлгөн тогу бар зымга жакындабоо керек. Установкалар ишеничтүү жердештирилет. Кокусунан зым күйсө тезинен ток булагынан электроустановканы ажыратып, администрация же жетекчиге билдирип, аны кум же углекислоталуу өрт өчүргүч менен өчүрөбүз, анткени, суу куйган кезде ным болуп, адамды ток уруу коркунучун пайда кылат.

5.3. Окуучуларды пайдалуу эмгекте, кружокто, эмгек жана эс алуу лагеринде коопсуздукка тарбиялоо

IY-YIII класстын окуучулары мазмуну боюнча ар түрдүү коомдук пайдалуу эмгекке, өзүн-өзү тейлөө иштерине, мектеп үчүн өндүрүмдүү эмгекке, жаратылышты коргоо иштеринде, жашылдандырууга, таштандыларды чогултууга катышат. Өзүн-өзү тейлөө жумуштарына класстык бөлмөлөрдө таза кармоо, класста өстүргөндөрдү тейлөө: класстын, кабинеттин, өнөркананын, коридордун полун тазалоо кирет.

Химия кабинетин, санузелдин, тамак аш блогун электроараматураны, терезенин айнектерин окуучулардын тазалоосуна уруксат этилбейт.

Окуучулар жабдууларды жана инвентарларды мектеп үчүн даярдап, ремонттошот, туристтик жүрүш жана экскурсияга камылга көрүшөт, мектеп китепканасы үчүн эскирген, айрылган китептерди мукабалайт, мектептин окуу тажрыйба участогунда жумуштарды бүткөрүшөт.

IY-YIII класстын окуучуларына уулуу токсикалык заттар менен, тракторист, прицепшик, комбайнер жана анын жардамчысы, ат, айгыр, бука багуучу болуп иштегенге, ооруган мал жана канатууларды тейлөөгө тыюу салынат.

YIII класстын окуучуларын чапчан эмес жана адамга зыяны жок малдарды тейлөөгө тартса болот.

IY-YIII класстын окуучуларын эмгекке даярдоодо өндүрүмдүү эмгекке атайын көңүл бөлүнөт. Практикаланып келе жаткан эмгектенүүнүн негизги багыттары: мектеп үчүн материалдык мүлктү, мекеме, уюм, фермерлер үчүн майда буюмду, соода тармагы үчүн түздөн-түз буюмдарды даярдоо болуп саналат. Ар кандай ишти аткарууда коопсуз иштөөнүн ар кандай жолдору бар.

Негизгиси ошол иштин түрүнө карата ден соолукка зыянсыз жана коркунучсуз шарт түзүү жана жашоо шарттарына көңүл бөлүү болуп саналат.

Эмгек сабагынан берген мугалим окучулардын эмгегин туура уюштурууга, өндүрүштөн коркунучтуу факторунан жекече жана коллективдүү коргооңуунун каражаттарын камсыз кылууга, жаш муундарды коопсуз иштөөгө, коопсуздук техникасын сактоого үйрөтүүгө жана тарбиялоого милдеттүү.

Эмгектин коркунучсуз шартын түзүүдө жаштардын эмгегин сактоо законун, коопсуздук техникасы боюнча инструкция жана эрежелерди, өндүрүштүн санитариясын жана гигиенасын жетекчиликке алат.

Ишти баштардан мурда, айрыкча жайкы эмгек бирикмелеринде иштээрде окуучулар медициналык кароодон өтүшөт. Ден соолугуна ылайык келбеген окуучулар дарыгер уруксат эткен жумуштун түрүн гана аткарышат. Ден соолугу начар окуучуларды коомдук пайдалуу эмгекке тартууга тыюу салышат. Мектеп окуучуларына жаш өзгөчөлүгүнө туура келбеген, эпидемиологилык жактан коркунучтуу, уулуу химикаттар менен байланыштуу иштер сунуш этилбейт.

IY класстын окуучулары-2 саат, Y-YII класстын окуучулары-3 саат, YIII-класстын окуучулары-4 саат иштешет. Ар бир 50 минут убакыт иштегенден кийин 15 минуттук эс алуу берилет. Мектеп окуучулары күндүзгү убакытта гана иштейт. Жумуш режим жергиликтүү санитардык эпидемиологиялык органдар менен макуллашып, окуучулардын жаш өзгөчөлүгү жана жынысы, климаттык шарт эске алынат. Иштөө учурунда атайын кийим берилип, иштөө мезгили бүткөндөн кийин алар кайра өткөрүлөт. Окуучуларды эмгекке тарбиялоонун формалары өтө көп. Ага окуучулардын окуу тажрыйба участогунда иштеши, алардын өндүрүштүк бригадалары, эмгек жана эс алуу лагерлери, окуу өндүрүштүк комбинатта эмгектениши, ата-энелерине жардам бериши, ар кандай кружоктор, түрдүү эмгек бирикмелери, эмгек алдынкылары жана ветерандар менен жолугушуулар, өндүрүшкө берген жардам иштери кирет. Төмөнкү класстардан баштап мектепти бүтүрүүчүлөргө чейинки окуучулар сөзсүз мектеп алдындагы окуу тажрыйба участогунда иштешет. Ошондуктан бул иште сакталуучу коопсуздуктун техникалык эрежелеринин ыкмаларына токтолуп өтөбүз: Мектеп алдындагы тажрыйба участогунда уулуу, тикенектүү жана чагычуу өсүмдүктөр отурулгузбашы керек. Ошондой эле мектептин аймагында жапайы өскөн уулуу мендубана, уу коргошун

жана чалкан сыяктуу өсүмдүктөр болсо, аны сөзсүз жулуп салуу керек.

Окуу тажрийба участогунда окуучулар халат жана айрым учурларда мээлей кийип иштешет. Айры, күрөк, тырмоок жана башка эмгек куралдары менен ишке жөнөгөндө же кайтканда окуучу ийнине салып алса, ал башка окуучуларга тийип, кокустук болушу мүмкүн. Ошондуктан эмгек куралдарынын курч учун жерге каратып, тик көтөрүү максатка ылайыктуу. Инструменттерди мугалим же жетекчи гана курчутат.

Айыл чарба куралдары окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө туура келип эмгектенүүгө ылайык бек сапталып, жеңил, жылма жасалат. Алардын сабынын узундугу окуучулардын боюнун бийиктигине жараша болот.

Участкадагы өсүмдүктөрдү чака менен сугарууга туура келет. Анын сыйымдуулугу окуучулардын жашына жараша болуп, эгерде андай мүмкүнчүлүк жок болсо, сууну толтура куйбай чаканын жарымына же үчтөн бир үлүшүнө туура келгендей кылып ташыйбыз. Мында айрыкча төмөнкү класстын кыздарына өзгөчө көңүл бурабыз. Аларды толтура суу куйган чаканы көтөрүүгө такыр катыштырбайбыз, же чакага сууну үчтөн бир үлүшүнө чейин куябыз. 15 жашка толо элек окуучуларга замбил жана чака менен оор нерсени ташууга тыюу салынат. Ар кандай жумушту уюштурар алдында бөөдө кырсык болбос үчүн мугалим өзү иштин жайын көрсөтүп, айрыкча айыл чарба жумуштарына колдонуучу аспаптарды пайдалануу ыктарын эскертет. Мектептин окуу тажрыйба участогунда алма бак жана башка өсүмдүктөрдү уу химикаттар менен иштетүүдө окуучулардын катышуусуна такыр тыюу салынат. Бул иштерге мектептин мугалимдери, лаборанттар жана техникалык жумушчулар катышуулары керек. Уу заттар менен иштетилгенден кийин беш күнгө чейин окуучулардын участкада иштөөсүнө, ага кирүүсүнө уруксат этилбейт. Мындай учурда сөзсүз кулактандыруу жазып, ууланууу коркунучу эскертилет.

Республикабыздагы бир мектеп-интернаттын окуучулары дары чачкан алманы билбей жеп алып, дарыгердин убагында көрсөткөн жардамынын натыйжасында окуучулардын өмүрү сакталып калган учурлары болгон. Эгерде убагында мындай жардам болбосо кырсыктын акыры өкүнүчтүү болоору шексиз. Чөптү чалгы менен чабуу иши айрыкча көңүл бөлүүнү талап кылат. Мүмкүн болсо бул ишке окуучуларды тартып кереги жок. Эгер такыр мүмкүнчүлүк жок болсо, жогорку класстын эркек балдарын мугалимдин көзөмөлдөөсү менен

кошо иштетип, иштердин алдында коопсуздук техникасы боюнча инструктаж берилет. Чөп чабууда коркунучсуз аралыкты сактоого, чалгыны чыңап жана кайроодо, эс алуу убагында чалгыны коркунучсуз жерге коюга, чөп чабуучу жерге барууда жана кайра келүүдө чапкынын коркунучтуу үчүн алдыга каратып колтукка кысып, туткасынан кармап алууга үйрөтүшүбүз керек.

Өсүмдүктү отоп, анын түбүн жумшартууда кол менен иштебей атайын жасалган отоочу же кичине кетменди колдоңобуз. Мээлей кийип отоо чөптөрдү жулабыз. Мугалим аягына чейин дайыма катышып, өзү кошо иштөөгө милдеттүү. Кээде окуучуларды иштетип коюп, шахмат ойноп отурган мугалимдерди көп эле байкап калабыз. Бул ишти мектептин жетекчилери көзөмөлдөп, шарт түзүүгө милдеттүү.

Техникалык кружокто коопсуздукка үйрөтүү. Техникалык кружок өткөрүүдө окуучулар окуу куралын, модел, макет, прибор, аппараттарды конструкциялашат, жасашат. Айыл мектептеринде айыл чарба өндүрүшү үчүн кичине механизация каражатын түзүүгө: кичине габаритуу трактор жана мотоблок, продукциянын сапатын контролдоочу курал жасоого катышышат. Кружокто окуу процессине караганда оригиналдуу жана таттал буюмдар жасалат. Ошондуктан техникалык кружоктун коопсуздук техникасына айрыкча көңүл бөлүнөт. Мында кружокту өткөрүүгө ылайыкталган материалдык база чоң роль ойнойт. Кружок өнөрканада, физика кабинетинде, мектептен тышкаркы мекемелерде атайын бөлүнгөн имаратта жүргүзүлөт. Техникалык моделдештирүү жана конструкциялоо кружогун өткөрүүгө үч бөлмөдөн турган жай талап кылынат. Биринде материалды иштетүү үчүн механикалык өнөркана, экинчисинде-жыгачты, пластмассаны жана металды иштетүүчү жана эсептөө графикалык, электромонтаждык же чогултуу иштерин жүргүзүүчү бөлмө, үчүнчү-лаборанттык бөлмөдө эксперименталдык иш аткарылып, документация, деталдар сакталат.

Техникалык кружоктун имараты мектептин типтүү жабдуулары менен толукталат. Материалдарды кол менен иштетүүдө, чогултууда, электротехникалык иштерди аткарууда иштеген адамдын боюна жана отургучуна жараша өзгөртүүгө ылайыкталган айкалыштыруучу верстак колдонулат. Кружоктун мүчөлөрү жекече инструменттердин чогундусу менен камсыз кылынат. Жалпы колдонуучу инструменттер атайын шкафта сакталат. Шкаф ар кандай конструкцияда, же текче түрүндө жасалат. Инструменттерди белгилүү тартипте жайланыштырып, аларды оңой алуу жагына көңүл бурулат.

Модел, оюнчук, ар кандай нерселерди жасоодо күйүүчү жана тез күйүүчү материалдарды, суюктуктарды химиялык заттарды колдонууга байланыштуу техникалык кружоктун имаратында өрт коркунучу көбүрөөк болот. Ошондуктан кружок өтүүчү жай тез күйбөчү материалдан жасалат. Ошондой эле техникалык кружокту экинчи кабатка жана подвалдык имаратка өткөрүүгө болбойт. Терезенин рамалары тышка оңой ачылып, ага эч убакта темир решетка коюлбайт.

Кружок имаратында запас материалдарды сактоого болбойт. Бир күнгө жетерлик чеңемдүү материал сакталат. Жыгач материалын ысытуучу жабдууларга кургатууга, нитросырды ысык чөйрөдө сырдоого уруксат этилбейт. Имаратта автомоделге тез күйүүчү суюктук куюуга жана ракетанын моделин пиротехникалык состав менен жабдууга тыюу салынат.

Ар кандай жасалгаларга полимердик материалдар: полистирол, пенополиуретан, ж.б.колдонулат. Алардын чыккан чан жана кесиндилери өрт жагынан коркунучтуу. Анткени, алар жылуулук булагынын анчалык чоң эмес температурасында деле күйөт жана уулуу заттарды бөлүп чыгарат. Ошондуктан булардын калдыгын ылайыкталган жерге чыгарып, андан кийин ишти улантууга болот. Эч убакта алардын чогулуп калуусуна жол берүүгө болбойт.

Кружокто өтө күчтүү кыймылдаткычты (окисител) жана суу таасир эткенде күйүүчү затты колдонууга тыюу салынат.

Клей, лакка жана башка материалга тез күйүүчү эриткичти кошкондо өтө сактык керек. Буларды аз санда кошуп, коркунучтуу жагы жөнүндө окуучуларга мурдатан айтуу керек. Кружоктун ишин коркунучсуз алып барууга, ага болгон туура жетекчиликке байланыштуу болуп, коопсуздук эрежеси көздүн карегиндей сактоо керек.

Иш жүргүзөрдөн мурда өнөрканадагы станоктун туура иштешин, жарыктанышты, электрдик кандоо жана жылыттуучу куралдарын, өрт өчүрүү каражаттарын, электр коопсуздугун текшерүүгө милдеттүүбүз.

Жетекчи, коопсуздук техникасы боюнча нормативдик документти, окуу методикалык китептерин пайдаланып, техникалык кружоктун айырмачылыгын эске алып, инструкция түзөт. Аны жетекчиге, техникалык инспекторго кесипчилик уюмуна көрсөтүп алар бекиткенден кийин көрүнүктүү жерге айнектеп илип коет.

Коопсуздук техникасы боюнча инструктаж берүү, аларды журналга жазуу иштери мурда айтылган. Кружокто атайын кийим

кийишет. Кружок мугалим же устаттын жетекчилиги астында жүргүзүлөт. Мугалим окуучуларды аз убакытка да кароосуз калтырбашы керек. Инстументтер ордуна коюлуп, ар бир иштен кийин жумушчу оруну тазаланат.

Азыркы мезгилдеги жогорку класстын окуучулары ар кандай техникалык кружоктун, жаш техниктер станциясынын мүчөлөрү катары же окуу өндүрүш комбинаттында, окуу цехтеринде эмгектенишкенде робот техникасы менен гана иштебестен, роботту конструкциялап, үлгүсүн жасап, өндүрүшкө сунуш кылганга чейин өсүп жетишти.

Роботту эмгекке окутууда кеңири колдонуу жагы белгиленип жатат. (Эмгекке окутуунун окуу планында робототехникасы боюнча атайын курс киийирилген). Ошондуктан робототехникасын колдонууда кээ бир коопсуздуктун чараларына көңүл бура кетели.

Коркунучтуу жана зыяндуу участкада иштөөдө роботтун артыкчылыгы болгондугуна карабастан анын адамдын өмүрүн жана ден соолугуна тийгизүүчү потенциалдык коркунучтары бар. Мисалы, робот жылып жүргөндө иштеп жаткан адамга урунуп алышы мүмкүн. Авариялык ажыратуусу жана блокировкасы адам сыяктуу тез аткара албайт. Робот отказ бергенде сигнализациясы иштебейт.

Робот менен иштеген адамды коопсуз кылуу үчүн роботтун жумушчу органынын конструкциясын тандап алуу чоң мааниге ээ. Энергияны өчүргөндө, кысып турган деталды түшүрбөй механикалык кармап калуу түзүк экендиги белгиленет. Аткаруучу түзүлүш кеңири диапазондо башкаруусу керек учурда нөлгө чейин төмөндөшү зарыл. Робот (коргоо, сактоо, блокировка, сигнал берүү) өзүнүн жумушчу зонасында адамга зыян тийбегендей жана коркунуч тийбегендей жана коркунуч келтирбегендей каражаттар менен камсыз кылынат.

Роботтун жылуу жолунда адам же кандайдыр бир тоскоолдук болсо, ага зыян келтирбей токтоп калуу конструкциясы эске алынат. Роботтун башкаруу системасында аварийный токтоо түзүлүшү болушу керек. Оператор тарабынан берилген команда аркылуу роботтун аткаруу милдети жаңыланып турат.

Робот токтогондо аны ондоо, окутуу, тейлөө үчүн оңой кирүү мүмкүнчүлүгү болуу керек. Роботту эксплуатациялоодо жана ремонттоодо коопсуздуктун эрежелери сакталат.

Манипуляторду, роботту жана татаал техниканы конструкциялоодо техникалык процесстин эмгек операциясын ажыратып кароо зарыл. Булардын бардыгы мугалимдин (кружоктун

жетекчисинин) туруктуу көзөмөлдүлүгү жана уруксаты менен тиешелүү курактагы жаштарга тапшырылат.

Эмгек жана эс алуу лагеринде коопсуздук техникасы. Окуучуларды стационардык эмгек эс алуу лагерине тартуу мамлекеттик санитардык көзөмөлдүн толтурган санитардык паспорттун негизинде ишке ашырылат.

Эгер мектептин окуучулары палаткалык лагерде жайланышса, аларга төмөнкүдөй талаптар коюлат: лагер үчүн тандалып алынган участок пландаштырылат жана тазаланат, анын жанында узун жыгачтар, автотрасса жана электр станциясы болбошу керек.

Тоолу жерлерде палатка жердештирилет жана андан 5 метр кем эмес аралыкка чагылгандан сактагыч коюлат.

Лагерде төмөнкүдөй зоналар уюштурулат: жашоочу зона, тамактануу жайы, санитардык жашылдандыруу, транспорт-чарбалык, спорт жана маданий-массалык иштер.

Жашоочу зонада аманаттарды сактоо, кургаткыч, изолятору менен медпункт жайланышат. Окуучулар жашаган палаткада убактылуу меш жана убактылуу өткөрүлгөн электр зымына уруксат этилбейт. Окуучулар жашаган үйдөн ашкана 30 метрден кем эмес аралыкта жайланышат. Ар кандай күйүүчү курулуштар 50 метр кем эмес аралыкта окуучулардын жашаган жери болуу керек. Кечки костерду курулуштан 100 метр кем эмес аралыкта жагып, анын тегереги айдалып коюлат.

Жашаган зонада өрт өчүрүүнүн биринчи каражаттары илинет. Санитардык тейленген жайы, жуунучу жай, душ, туалет, тамак-аштын калдыктары үчүн ан (бак) менен камсыз кылынат. Электр зымын электрик тартып, түйүндөрдү орнотот жана ага окуучулар кошумча өз алдынча өзгөртүү кийирүүгө уруксат этилбейт. Өткөргүчтөрдүн изоляциясын бузууга, ага кандайдыр бир нерселерди, инструменттерди, материалдарды илүүгө, коюуга, басууга, машинанын дөңгөлүгү менен тебелеп өтүүгө тыюу салынат.

Окуучу ар бир жумада кеминде бир жолу денесин самындап ысык суу менен жуунат. Окуучулар стационардык имаратта: мектепте, мектеп-интернатта, балдар бакчасын да жана башка окуу тарбия мекемелеринде жайланышканда айрыкча өрт коопсуздугунун талаптарын так орундатуу керек болот.

Чатырга кандайдыр бир нерселерди, күйүүчү материалдарды сактоого болбойт. Запас эшиктерди ачылбас кылып жабууга, мык менен бекитип коюуга такыр тыюу салынат. Бардык эвакуациялык эшиктер имараттан чыгуу багыты боюнча ачылуу керек.

5.4. Экскурсияга чыгууда, сууга түшүүдө авто транспорт менен жүрүүдөгү өмүр коопсуздугу.

Эмгекке окутуу жана келечекте кесип тандоо багыттоо максатындагы иштерде экскурсия жүргүзүүгө айрыкча көңүл бөлүнөт. Экскурсия өндүрүш ишканасына, курулушка, айыл-чарба өндүрүшүнүн объектисине, токойго ж.б. жүргүзүлөт. Бардык экскурсанттар үчүн толук коопсуздугу камсыз болгон объектиге гана экскурсия уюштурулат.

Экскурсияны жогорку деңгээлде өткөрүү үчүн алдын-ала объектини тандап алуу керек. Атайын максат менен экскурсия өткөрүү үчүн мугалим алгач өзү объектилер менен таанышып, бөөдө кырсык болтурбоо жагын ойлонуштурат, адис-экскурсовод менен бирдикте кайсы суроого токтолуу керек экендигин белгилейт.

Экскурсияны уюштургандан мурда мугалим ошол объектинин өзгөчөлүгүн көрсөтүп коопсуздук техникасы боюнча инструктаж берет. Ошондой эле жылдын мезгилине жараша кандай кийим менен баруу керектигин да окуучуларга эскертет. Экскурсияга баруучу окуучулардын саны 25 тен ашпоосу керек. Эгерде экскурсия өтүүчү объектинин шарты коопсуздук техникасынын шартына ылайык келбесе, класстагы окуучуларды экиге бөлүүгө туура келет. Экскурсия учурунда окуучулар бейтаныш нерселерге кызыгып, ар нерсени колу менен кармап көрүнү самашат. Ошондуктан окуучуларга өз алдынча кандайдыр бир нерселерди кармап көрүүнү жана текшерүүгө тыюу салынат. Ошондой эле аба ырайы бузулуп, күн жаап чагылган чартылдаса, кышында жер тайгалак учурда, туманда жана түнкүсүн экскурсия жүргүзүлбөйт. Радиоактивдуу элементтер бар жайларда рентген нуруна, аккумляторду ремонттоп электролит куюучу цехтерге экскурсия өткөрүүгө уруксат этилбейт.

Экскурсия учурунда коопсуздук техникасы боюнча коркунуч болуп калса, окуучуларды коркунучсуз жерге тез чыгарып, ошол жерге туруу жөнүндө эскертилет. Экскурсия бүткөндөн кийин мугалим окуучулардын бардыгын тизме боюнча текшерип, кайра кайтуу да жол кырсыгынан сак болуу жөнүндө эскертилет.

Мектептин директорунун жазуу жүзүндө уруксаты берилгенден кийин гана окуучуларды экскурсияга алып барууга болот. Директор экскурсия өткөрүү боюнча коопсуздук техникасынын даярдыгын текшерип, ага жооптуу адамды дайындайт. Экскурсия бүткөндөн кийин анын жыйынтыгын чыгарып, кийин өткөрүлүүчү ушул

сыяктуу иштерде коопсуздук техникасы боюнча айрыкча эске ала турган маселелерди пландаштырат.

Бир нече жыл мурда Ак-Суу районундагы азыркы М.Мамакеев (мурдагы Мичурин) мектептин окуучуларын өз крайын таануу боюнча мугалим экскурсия өткөргөн. Окуучулар өзү каалаган маршрут боюнча того чыгып, алдыдагы бала бош ташты басканда ал кулап, артта келе жаткан окуучунун башына тийип жарык дүйнө менен коштошкон. Эгерде маршрут мурдатан түзүлүп анны директор бекитип, коопсуздук сакталса мындай кайгылуу кырсык болмок эмес.

Жумуш жана экскурсия убагында айрыкча айыл жеринде ачык сууга жана көлмөгө түшүүнү окуучулар эңсешет. Жай мезгилинде Ысык-Көлгө, Чүй каналына түшүп канча окуучу, студент чөгүп өлгөндүгү жөнүндө көп эле угуп жүрөбүз. Булардын баары сууга түшүүдөгү элементардык коопсуздук эрежесин сактоонун, сууда сүзүнү билбөөнүн, натыйжасында болуп жаткандыгы менен түшүндүрүлөт.

Окуучуларга сууга түшүүгө уруксат бергенден мурда ошол жерди үйрөнүп, коркунучсуз экендиги аныкталат. Жар болгон жерге атайын белги коюлат, чөгүүдө сактоочу каражаттар даярдалат. Ушул жерге сууга түшүү боюнча жергиликтүү санитардык эпидемиялык жана сууга чөгүүдөн сактоо уюмдарынан уруксат алынат. Сууга түшүүгө атайын бөлүнгөн жерге медициналык адис уруксат берет. Сууга сүзүнү билбегендерге терендиги 1,2 метирден жогору эмес атайын тосулган жерлер көрсөтүлөт. Сууга түшүү учурунда кайыгы бар жана жакшы сүзө билген, адамды сактоого атайы үйрөнгөн 2 ден кем эмес адистер дайындалат. Ар бир кайыкта пробкалык пояс, резина тегереги сыяктуу сактоочу шайман болот, кайыктын бортуна жип бекитилет. Кырсык болсо, анын учу чөгүп бараткан адамга ыргытылат.

Сууга түшөрдөн мурда эс алуу, тайыз жерге тез кирүү, сууда түшүүдө кыймылсыз болбоо сыяктуу сууда коопсуз жүрүү эрежесин бардыгы билүү керек. Суунун температурасы 17-19 С жана абанын температурасы 21-23 С ден кем болгон учурда сууга тешүүгө болбойт. Сууга жүрүү убактысы 15 минуттан ашпайт. Сууда көп жүрүү денени муздатып, тарамышты түйүлтөт. Түн ичинде сууга түшүүгө болбойт. Сууга түшүү жергиликтүү шартка карата аныкталат. Тамак ичкенден кийин 2 саатка чейин сууга түшүүгө болбойт.

Сууга түшүүнү уюштуруу жана ага көзөмөл жүргүзүү мугалимге жүктөлөт. Сууга түшүүгө жооп берүүчү адам жээкте болуп, түшүү

эрежелерине көзөмөлдүк кылат. Мугалимдин уруксаты жок жана жоопту адамы жок, жабдылбаган жерге сууга түшүрүүгө болбойт.

Сактоочу каражаттарды башка максатка колдонууга, шаймандрды суу алдына сүзүүгө пайдалануурга, тосулган жерлерден ашып сүзүүгө, моторлуу кайыкка жармашып жөрмөлөп чыгууга, жээкти жана сууну булгоого, айнек идишти, темир банканы ыргытууга, кийим жууп, бийиктиктен секирип түшүүгө, жээктен, бийиктиктен жолдошторун сууга түшүрүүгө тыюу салынат.

Ушул талаптарды бузган окуучуларга эмгек сабагы боюнча практикалык иштен четтетүүгө чейинки жазалар колдонулат. Жүрүш жана экскурсия маалында, эмгекке окутуу процесинде айлана чөйрөнү коргоо ишине айрыкча көнүл бөлөбүз. Окуучулар майлоочу майлар менен суюктуктарды жерге төгүп, абаны толук күйбөгөн отун жана газ, менен булганышы, ар кандай калдыкты көрүнгөн жерге таштап, бактарды талкалап, жаныбарларды өлтүрбөшү керек. Машинаны атайы бөлүнгөн жерге коюп, суу, кир суюктуктарды арналган жерге төгүү иштерине да айрыкча көнүл бөлөбүз. Айлана-чөйрөнү таза кармоо келечекте биздин ден соолугубузга жана тукумубузга кам көрүүбүздүн өбөлгөсү болуп саналат.

Окуучуларды (студенттерди) автотранспорт менен ташууда кокустукту болтурбоого кам көрүү. Жогорку окуу жайларында жана мекемелеринде окуучуларды ташууга окуу жайынын ректорунун, мектептин директорунун же анын орун басарынын жазылган буйругу боюнча уруксат этилет. Жол баракчасына машинанын техникалык абалы толук текшерилип, жүргүнчүлөрдү ташууга уруксат деп жазылып, ага окуу жайынын жетекчиси жана гараждын башчысы же алардын орун басарлары кол коюушат.

Жүргүнчүлөрдү жүк ташуучу автомобилдерде ташууда кузовуна отургучтар коюлат. Ал отургучтар борттун үстүнкү четинен 150 мм төмөн коюулуп, акыркы отургучтардын бекем жөлөнгүчтөрү болушу керек. Окуучуларды мындай машинада ташууда эки мугалим бекитилет. Бири кабинада олтуруп машинанын ылдамдыгына жана башка коопсуздук техникасына көз салат. Айрыкча чукул бурулушта ылдамдыкты өтө азайтууну эскертет. Экинчи мугалим окуучулар менен кузовго отуруп, алардын тартибине жана жалпы коопсуздук техникасына көз салып, машина толук токтогондон кийин гана машинанын артынан же тротуар жагынан жерге түшүү керектиги эскертилет.

Айдоочу жана узатып бараткан мугалим окуучуларга жол жүрүүнүн алдында машинага түшүү, андан чыгуу жана транспорт

жүрүп баратканда түшпөөгө инструктаж берет. Машинадан түшүү жана чыгуу транспорттун арт жана оң жагынан боло тургандыгын, кузовдо туруп туруугa жана машинанын бортуна отурууга мүмкүн эмес экендиги эскертилет.

Адамдарды ташыган машинанын борттору бекем бекитилип, түшүүгө жана чыгууга тепкичтери болуп, машина тент менен жабылат. Ошондой эле машинанын алдына жана артына балдарды тартып бара жаткандыгын билдирүүчү "Балдар"деген жазуу жазылат. Окуучуларды ташууга 1жана 2-класстагы күбөлүгү бар айдоочуларга уруксат этилет. Аларды ташуучу айдоочулардын тизмеси мурдатан эле мекеменин жетекчилери тарабынан бекитилет.

Эгерде I жана II класстагы айдоочулар жетишсиз болсо, үч жылдан кем эмес стажысы болуп, ушул мөөнөттө авариясыз айдаган III класстагы айдоочуларга уруксат берилет.

Окуучуларды ташуучу машинанын ылдамдыгы саатына 50 кмден ашпайт. Өзү түшүрүүчү кузову бар, жук ташуучу автомобилдерге, машинанын чиркелгичтерине, Кузовтун бортторунун четине чейин же андан бийик салынган жүгү бар автомобилдерге адамдарды ташууга тыюу салынат.

Аба ырайы начар убакытта, тайгалакта, көчө начар көрүнгөн туманда жана түнкүсүн окуучуларды ташууга такыр болбойт. Автобустар жана адамдарды ташууга бөлүнгөн автомобилдер өрт өчүрүүчү жабдуулар менен камсыз кылынат.Окуучуларды автомобиль токтоп турган кезде гана отургузууга жана түшүрүүгө уруксат берилет.

Жүк ташучу машиналарга окуучуларды (студенттерди) ташуу кээ бир аргасыз болгон учурда гана жол жүрүү эрежесин жана инстукциянын талабын аткаранда гана уруксат этилет. Ташылуучу балдардын саны даярдалган орунга карата болот.

Отургучтар борттун үстүнкү четинен 150 мм ден кем эмес полдон 0,8 м бийиктикте бекем бекитилет. Катарлардын ортосундагы аралык 600 мм болуу керек. Машинанын артындагы скамейкага 300 мм ден кем эмес жолөнгүч бекитилет. Борттук бекиткичтерди ачылбагандай абалга келтиребиз.

Студенттер менен Каркыра өрөөнүндө чөп чабууга көп иштөөгө туура келди. Чөп жүктөлгөн машинанын үстүнө ашык балдар, кабинасына 3-4 кыздар тыгылып түшүп алган учурду шоферго эскертип, студенттерди жерге түшүргөн учурлар болду. Эмнегедир машинанын кабинасына кыздар талашып, нормадан ашык түшкөндү, аларды отургузуп алганды айдоочу кайдыгер иш катарында карайт.

Чөп чаап жүргөндө Жыргалан шахтасына жакын жерге мындай кырсык болгон.

Түн ичинде ак чолмок ойногондор уттурганын берүү үчүн тайгалакта жүк ташуучу машинанын кабинасына шоферден тышкары үч студент отуруп дүкөнгө жөнөшкөн. Катуу буруунун натыйжасында бурулушта машина ала салып кеткен. Бир кыз ошол жерден жарык дүйнө менен коштошкон. Экинчи кыздын балтырын машинанын кузову басып, бутун сууруп алууга мүмкүнчүлүк болгон эмес. Машинанын багынан бензин аккан. Жардамга келген адамдар жарык кылып, кызды сууруп алууга аракеттенишкен. Кыз алыстан кыйкырып ширенке чагууга уруксат этпей, келгендерден бычак сураган. Балтырын өзү кесип, эптеп чыккан. Мындан жетекчилик кылып жүргөн окутуучу эмнени карады, коопсуздук техникасы жөнүндө түшүнүгү барбы деген суроо туулат. От менен ойногондордун жыйынтыгы ушундай кайгылуу кырсык менен бүтөт.

Республикабыздын борборундагы институттардын биринде кирүү экзамени бүткөндөн кийин айыл чарба жумушунда жүргөндө өтө чон авария болгон. Автобуска 30 дан ашык студенттер мугалимдери менен жумушка жөнөшкөн. Машинанын ондугу текшерилген эмес. Тосулбаган темир жол өткөөлүнөн поезд келе жатканына карабастан өтүп бара жатканда машинанын мотору өчүп калган. Бул мезгилде поезд машинаны уруп кеткен, натыйжада көп студенттер жарык дүйнө менен коштошушкан. Ал эми калгандары майып болгон.

Биздин республиканын жолдору татаал. Айдоочуларга тоолуу жерден көп жүрүүгө туура келет. Ошондуктан машинада коопсуздук техникасын сактоого айрыкча көнүл бөлөбүз. Окуучуларды темир жол транспортунда ташуу жүргүнчүлөр поездинде жүргүзүлөт. Мында окуучуларды вагондогу состав боюнча кыдырып жүрүүгө уруксат этилбейт. Бузулуучу тамакты жолго алууга болбойт. Ооруган жана начар сезген убакытта вагон боюнча жетекчи адамга кайрылуу керек.

VI глава. ТАБИГАТТАГЫ ЖАНА ТЕХНОГЕНДИК КЫРСЫКТАРДАН САКТАНУУ ЖОЛДОРУНА ТАРБИЯЛОО

Адамдардын нормалдуу жашоосун жана чыгармачылыгын бузуп, материалдык байлыктарды жоготуп, адамдарды өлүмгө алып келүүчү табияттын кырсыгын-стихиялык кырсык деп айтабыз. Ал жаратылыштын айлана чөйрөсүнө терс таасирин тийгизет. Бул жаратылыштын кырсыктары жер титирөө, ураган, сел, жер, көчкү, кар күрткүсү, токойдогу өрт жана башка жаратылыштын кырсыктары кокусунан, күтүлбөгөн жерден өтө тез болуп адамдарды эмне кыларын билбеген стресстик абалга алып келет.

Стихиялык кырсык радио, телевидение, печать аркылуу билгизип, кырсыктын мүнөзү, анын болуу убактысы, сактануу жолдорун, кырсык кайсы райондо боло тургандыгы, стихиялык кырсык убагында эмне кылуу керектиги айтылат.

6.1. Чагылгандан жана жер титиөодөн сактануунун жолдору

Чагылгандан жабыркоо алуу ошол жердин жайланышына, геологиялык түзүлүшүнө, өлчөмүүнө, обьектинин конфигурациясына көз каранды болот. Кыргыз республикасы тоолу райондорго жайланышкандыгына байланыштуу чагылган түшүү мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк.

Чагылган –атмосферадагы өтө зор электр учкун түрүндөгү разряд. Ал күчтүү жарк этүүнү жана бир аз убакыт өткөндөн кийин күн күркүрөөнү пайда кылат. Эмне үчүн чагылгандын үнү кеч угулат деген суроого, жарыктын таралуу ылдамдыгына караганда үндүн таралуу ылдамдыгы кичине болот деп жооп берүүгө болот. Ошондуктан чагылган чартылдагандан кийин анын үнү угулат. Чагылган көбүнчө жамгырлуу булуттарда пайда болот.

Чагылган эки түрдө аракет жасайт; биринчиси түздөн-түз уруу, экинчиси электромагниттик жана электростатикалык индукция кубулушу аркылуу өз таасирин тийгизет.

Чагылган түздөн-түз урганда өрт чыгып, жарылуу пайда болот, конструкция талкаланып, адамдар өлүшү ыктымал. Электр зымындагы чыналууну жогорулатуу кубулуштары байкалат. Чагылган түшкөндө токтун күчү 200 КА,чыналуу 150МВ, учкундун узундугу жүздөгөн бир нече метрге, температурасы 6000- 10000 С га чейин жетет.

Чагылган көп кырсыктарга учураткандыктан бийик жана манилуу курулуштарда, мектеп имаратында атайын чагылгандан сактагыч колдонулат.

Чагылган сызыктуу жана шаар түрүндө болуп айырмаланат. Шаардык чагылган жөнүндө адамдардын өз көзү менен көргөн маалыматтарга токтоло кетели.

«Чагылган чартылдап турган учурда репродуктордун вилкасын сууруп койсом розеткадан футбол тобунун өлчөмүндөй кара-кызыл шар пайда болуп мени көздөй келе жатканда күйөм мени түртүп жибергенде мага тийбей терезенин айнегинен (ага тешикче пайда кылбай) тышка чыгып кетти» -деп жазат П.А.Струкова.

«Машина айдап бара жатканда 200 метр аралыкта төөнү арабага кошуп алып 13 жаштагы бараткан баланын төөсүнүн башына шар түрүндөгү чагылган түшкөндө төө кулап түшүп, башы көмүргө айланып, баланын кулагы тунуп эч кандай зыянга учураган эмес. Мен эч кандай жарылууну байкаган жокмун»- деп жазат Головинов Г.А.

Каракол шаарынан Вести Ысык-Куля газетасынын фотокорреспондентти В. Зотов көзү менен көргөн шардык чагылгандын сүрөтүн газетага басып чыгарган.

Анын тартып алганы 17-сүрөттө көрсөтүлгөн.



ШАРОВАЯ МОЛНИЯ

17 - Сүрөт. В. Зотов тарткан шардык чагылгандын сүрөттү.

Күн жаап өткөндөн кийин өскөн чөптөрдүн үстүнөн шуулдап жылган жаркырак шарды көргөн. Ал шар 10 метр аралыкка жылып тамга тийгенде катуу үн чыгып жарылып кетиптир. Жарылганга чейин фотограф шардык чагылганды бир нече жолу тартып алган.

Шардык чагылгандан сактануу үчүн ал келе жаткан жерден алыс болуп, кокусунан сени көздөй жылып келе жатса андан качуу керек. Жалгыз бийик өскөн карагайдын түбүнө отурууга болбойт. Чагылган чартылдап турган учурда жапыс өскөн бадалга, кырчынга жашынуу керек. Чагылган өтө бийик өскөн токойго, көбүнчө соснага, тереке, карагайга көбүрөөк түшөт. Ошондуктан бул жыгачтардын түбүнө жашынуу коркунучтуу. Чагылган кайын жана кленге аз түшөт. Ошондуктан чагылганда булардын түбүнө коргонууга болот.

Атмосферадагы статикалык электрден адамды, курулуштарды сактоодо чагылгандан сактагыч колдонулат. Курулуш канчалык бийик болсо, чагылган ошончолук көп түшөт. Чагылгандан сактагыч анын зарядын жерге өткөзүү үчүн жер менен тутуштырылат.

Талаада иштеп жаткан окуучулар чагылгандан сактануу эрежеси менен таанышуу керек. Чагылган чартылдап турганда машинага май куюуга уруксат этилбейт. Чагылгандан машинанын алдына жашынууга болбойт. Эгерде чагылган чартылдап турса машинанын үстүнө олтуруу коркунучту. Машинадан жок дегенде 50 метр аралыкка кетип калуу керек. Чагылган учурунда даректын түбүнө олтуруп жаандан сактанууга болбойт. Чагылган учурунда суу жана темир жол боюнча жүрүү чагылганда чөмөлө үймөккө жашынуу да коркунучтуу. Чагылганда радиоприемник, телевизорду иштетүүгө, телефондон сүйлөшүүгө, чагылгандан сактагыч зымга, жердештиргичтин зымына жакын турууга жарабайт.

Кокустан чагылган түшсө, электр тогунан жабыркаган адамга көрсөтүлүүчү жардамды көрсөтүп, жасалма дем алдырып, журөккө түз эмес массажды жасоо керек.

Жер титирөөдөн сактануунун жолдору. Табыгый күчтөрдүн таасири астында жер бетинин термелиши болот. Ал тектоникалык процесстердин, кээде жанар тоолордун атылышынын натыйжасында болот. Жер шаарында жылына жүз миндеген жер титирөө болуп турат. Бирок алардын көпчүлүгү анчалык катуу болбогондуктан адамдар сезе беришпейт. Сейсмикалык куралдар гана аларды сезип,тизмеге алат. Орточо эсеп менен жылына бир эки катуу титирөө болуп, шаар-кыштактар талкаланып, адамдар зыян болгонун угуп жүрөбүз. Айрыкча чоң титирөөлөр 1755-ж. Лиссабондо, 1887-ж.Алматыда, 1948-ж.Ашгабадда, 1966-Ташкенде, 1976-жКытайда болгон. Кыргыз жергесинде 1911-ж Кеминде,1970-ж Сары −Камышта,1992-ж Токтогулда титиреген, Сары-Челек көлү жер титирөөдө тоо кулап, Ходжа-Ата суусун тосуп калгандыктан пайда болгон экен.

Жер титирөөнүн очогунда, айрыкча тегерегинде талкалануу болот. Көп убакытка чейин жер алдында жыйналган потенциалдык энергиядан бошонуу процесси жүрөт. Титирөө боюнча ар кандай туура эмес уламыштар айтылып жүрөт. Кыргыз элинде жер титирөөнү жердин жети катмарында жерди көтөрүп турган көк өгүз бар. Анын алтын мүйүзү талыган учурда силкинип жерди титиретет дешкен.

Катуу жер титирөө болор алдында жер алдынан күүлдөгөн добуш угулуп жердин электр жана магнит талаасы өзгөрүп, радиоактивдүүлүк көбөйүп, жер алдындагы жаныбарлар суур, жылаан, кескелдирик,. ж.б. ийинден чыга качышат. Уйлар өкүрөт тооктор кыйкырат. Жер титирөөнү алдын ала айрыкча айбандар көбүрөөк сезишет.

Кыргызстанда катастрофалык жер титирөө 1911-ж. 4-январда(11-чейин баллдык шкалага жеткен) Кеминде болгон. Тоолор көчүп, жер бетине чоң-чоң жаранкалар пайда болгон. Андагы Иле Ала-Тоосу жарылып эң чоң аң пайда болгон. Жер алдындагы уруу вертикалдуу болуп, үйдүн түндүктөрү асманга чейин учкан.

Алаамат жөнүндө Молдо-Кылыч өзүнүн «зилзала» деген ырында мындай мүнөздөйт; [66]

«Ороодогу эгинди ,
Жер жарылып житирди.
Капчыгайдан таш кулап,
Кара жолду бүтүрдү,
Тоо жарылып токтобой,
Аска таштар бузулду,
Ажалы жок адамдар,
Аман качып кутулду.
Төшөктөгү адамдын ,
Бири өлүп, бири бар
Кайда болсо ааламат,
Ажалдууга жолугар
Там жыгылып, таш тийсе
Адамдын кайсы алы бар
Бешиктеги бир бала
Аман калды жаныбар»

Бул ырдан касиеттүү арча бешикте жаткан баланын аман калуусуна айрыкча токтолуп кетүүгө туура келет. Жер титирегенден кийинки кырсыктарды териштирип көргөндө бешиктеги баланын дайыма аман калганы көп кездешет. Касиеттүү бешик жалгыз гана

баланы таза жана жылуу кармабастан баланын өмүрүн сактоого да көмөкчү болот экен.

1970-жылы Сары-Камышта жер титирегенде мектеп толугу менен кулап калган. Мектептин имаратында жашаган директордун бешикте жаткан баласы кулаган үйдүн, мордун кирпичинен аман калганын өз көзүм менен, көргөн элем.-М.К.

Жер титирөөнүн алдында жаныбарлардын жүрүш-турушу таптакыр өзгөрүлөт, мисалы 1970-ж жер титирөөнүн алдында короодогу малдар жан талашып чуркап ,айгыр кишенеп, жер титирөөнүн очогун көздөй коркуп карап, жылан кескелдирик жана чычкандар ийинен чыккандыгы байкалган.

1978-жыл Алайда жер титирөөдө суук болгондугуна карабастан жылан, кескелдирик ийинен чыкканын, алааматка чейин 3-7 күн мурда суур карга чыкканын ,дайыма бийиктикте жашап жапайы аргындар жер титирөөгө 3-5 саат калганда түз жерге түшкөнүн байкашкан. Жер титирөөнүн алдында балык кайырмакка же торго такыр түшпөйт экен. Жаныбарлардын жүрүш турушунун өзгөрүшүн байкоо жана сейсмикалык куралдардын көрсөтүүсүн салыштыруу аркылуу 1975 –ж Кытайдагы жер титирөөнү 1 күн мурда айтышкан.

Азырынча илим жана техника жер титирөөнүн болушун алдын-ала так айта элек. Ошондуктан жер титирөө мезгилиндеги айрым бир кокустуктардан сактануу жолуна токтолуп кетмекпиз:

Сейсмикалык активдуу райондордун жашоочулары жер титирөөнүн кесепетинен болгон чыгымдарды мүмкүн болушунча азайтуу жана өзүн аман сактап калуу үчүн төмөнкү иш чараларды көрүү керек:

Жер кыртышынын жана имараттын чайпалуусун сезген мезгилде;

Адам өзүн токтоо, салкын кандуу кармап, кыйкырып, чебеленип ары бери чуркабашы керек; -кирип-чыга турган эшикти ачып коюу зарыл, жер титиреген учурда ал жабылып калышы мүмкүн; -адам бөлмөнүн ичинде болуп калса токтоосуз коркунучсуз баш калкалап, бекем столдун, кроваттын алдына оюгуна, бөлмөнүн бурчуна, антисейсмикалык темир-бетондун алдына турушу зарыл; -жер титиреп жаткан учурда тышка чуркап чыгуу көп коркунуч туудурат. Андан көрө адам турган жерине ылайыктуу баш калкалап, андан кийин коопсуздукту сактап тышка чыгыш керек . Антпегенде экинчи жолу силкинүүдөн бошоп калган имарат такыр кыйрашы ыктымал. Урай турган бөлмөдөн мүмкүн болушунча алыс болуу зарыл; эгерде адам бир кабаттуу сэйсмикалык туруксуз үйдө болсо дароо сыртка

чыгып кеткени ылайык. Чыгып баратып кулап жаткан кирпичтен, үзүлгөн электр зымынан сак болуу керек-адамдар көп кабаттуу үйдө болгон учурда лифтке же чыга турган тепкичке умтулбашы керек. Лифт жабылып иштебей калышы ыктымал. Ал эми тепкичтерде көп адамдар бири –бирин тепсеп кырсыка учурашы күтүлөт. Андан көрө ылайыктуу баш калкалоочу жерди издөө керек-жер титирөө көчөдө жүргөн учурда болсо, имараттан электр берүүчү зымдардан, мунарадан алысыраак ачык аянтка чуркап чыгуу зарыл-үйдөгө газ кранын мурдатан жаап, эгерде ачык болсо аны тез жабуу керек. Адам тышка чыгалбай калса ,чыккан газ ууктуруп өлтүрүшү мүмкүн.-автомобилди айдап бара жаткан учурда жер титиресе төрт дөңгөлөктүн жели чыгып калгандай туюлат. Бул учурда токтоолук кылып, туура чечим чыгарып бийик имараттан, көпүрөдөн алысыраак аралыкта токтоп туруу керек .

Жер титиреген учурда биринчиден электр зымы иштен чыгат. Титирөө түнүчүндө болушу ыктымал . Караңгыда чоң имараттан көп адамдын чуркап чыгышы кошумча кырсыкты пайда кылат. Ошондуктан адамдар болуучу чоң имараттарда сөзсүз кырсык болуп, алар бири-бирин тебелеп кетиши мүмкүн. Ошондуктан кошумча жарыктаныш болуусуна жана эшиктер , авариялык тепкич оной ачылуусун мурдатан текшеребиз.

Жогорку окуу жайларында жана мектептерде көп адамдар болгондугуна байланыштуу имараттан студенттер жана окуучулардын оной тышка чыгып кетүүсүнө кам көрүшүбүз керек. Мектептин биринчи этажында төмөнкү класстын окуучуларын жайланыштырабыз. Мурдатан түзүлгөн эвакуация планы боюнча иш алып баруу жакшы натыйжаларды берет. Табигатта болуучу кырсыктан сактануу боюнча туура жүргүзүлгөн тарбия жана машыгуу иштери жаш өспүрүмдөрдүн өмүрүн сактап калууга көргөн инсандык милдетибиз болуп саналат.

Жер титирөө жаратылышка, коомго жагымсыз натыйжа берет. Аларды мурдатан жакшы билип, жер титирөө болуп өткөндөн кийин өзүн жоготпой, психологиялык жактан туура чечимге келип, өзүндүн жана айлана чөйрөдөгүлөрдүн өмүрүн, калган материалдык байлыкты сактап калууга кам көрүшүң керек. Силкинүүнүн натыйжасында жер жарылып,вулкандын чыгышына мүмкүндүк берип, тоо кулоо, таштын учуп түшүшү, суу 40 метр бийиктикке чейин көтөрүлүп (жердин титирөө күчүнө карата) сел каптоо, газ чыгуу кубулуштары болот. Тоонун кулашынын натыйжасында сууну тозуп калып ошол чөйрөдө көл пайда болот .

Адамдар жашаган үйлөр, өндүрүштүк, окуу жайларынын ж.б мекемелер жайланышкан имараттар талкаланып адамдарды басып калат. Адамдар жашаган шаар–кыштактардын инфраструктурасы, жолдор, коммуникация, байланыш түйүндөрү, электр жана суу менен камсыз кылуу иштен чыгып, массалык түрдө ооруу, көп материалдык чыгымдар болот.

Жер титирөөнүнүн коркунучтуулугу адамдардын өлүмү, колу бутун сындырып травма алуусу, тирүү адамдын колу буттун басып алып, андан чыга албай кыйкырып жатышы, көп адамдар тура эмес жүрүш турушунан ысы чуу чыгарып психологиялык жактан нормалдуу эмес абалга келип өзүн өзү жоготуп коюшу пайда болот.

Жер титирөөнүн оор натыйжасын, психологиялык жактан мурдатан даярдыгы жана андагы боло турган кырсыктарды мурдатан билген, жумуш аткаруу жөндөмдүүлүгүн жоготпогон, коопсуздук эрежесин билип туура чечимге келе турган токтоо адамдар катастрофадан оной чыгып, өзүнүн жана жанындагылардын өмүрүн сактай алат.

Жер титирөө мезгилиндеги өмүр коопсуздугу. Жер титиреп бүткөндөн кийин адамдардын кырсыкка учурашын териштирип көргөндө, алардын тенинен көбү адамдардын туура эмес жүрүш турушунан, бийиктиктен кулап түшүшүнөн, өзүн калканычка сактап калбагандыгынан, адамдарга өтө күчтүү дүүлүктүргүч таасир эткенде пайда болгон стресстик абалдан туура чыгуу жолун билбеген, коркунучтан дүрбөлөнгө, чак–челекей, ополон-тополонго туш келгендиктен пайда боло тургандыгын практика көрсөттү.

Жер титирөөдөн сактануунун бирден бир жолдору паникага берилбей, өзүндү жоготпой, дайны жок ары бери чакчелекей чуркабай, туура чечимге келүү. Потолоктун шыбактары түшүп башына тийбешин үчүн тоскоолдукка башынды катып, кулап түшө турган шкаф, терезеден жана ички капиталдык стенадан алыс бол. Жер титирей баштаганда эле отту өчүрүп, ширенке шам жакпоо, тышка качып чыгам деп эшике тыгылып калбоо, көп этаждуу үйдө болсон жогорку этаждан секирбөө, терезе айнекти сындырууга туура келсе табуретка же женин менен уруп сындыруу жолдорун унутпоо керек.

Жер титирөө кийинки иш чаралар;

Жер титирөө токтогондон кийин, биринчиден жапа чеккендерге жардам берип, өрт чыгып кетпес үчүн алдын алуу;-жабыр тарткандарды коопсуз жерге жеткирип, аларга жардам уюштуруу-газ кранын жаап, суу түтүгүн бекитүү;-кокусунан газ кранынан газ

чыгып, бөлмө толтура газ болсо эч убакта ширенке чакпоо, ачык отту колдонбоо. Биринчи газды чыгаруу максатында терезени, эшикти ачып коюу.-үзүлүп калган электр зымдарына жана ал тийип турган нерсеге жакындабоо;-кыйрап турган имараттан чыгып бара жатканда сак болуу. Ал кокусунан урап кетиши ыктымал;-кыйраткыч жер титирөөдөн кийин имараттарды адистер көрүп чыгышып, тийиштүү чечим кабыл алгандан кийин гана үйгө кайта келсе болот– граждандык коргонуунун, өрт өчүргүчтүн, саламаттык сактоонун кызматкерлерине жардам берип, адамдын өмүрүн сактап калууга, кырсыктын кесепетин көбөйтпөө керек;- Өзүндү жана тегерегиндеги адамдарды карап, аларга жардам бер. Оор жарадар болгондору (өрт, кулап түшүү, башка кырсыктар күтүп турбаса), ордунан козгоонун зарылчылыгы жок.-Коопсуздукту сактап, женил басып калган адамдарды коркунучтан куткар. Өзүндүн тегерегиндерди паникага берилбесин эскертип, алардын өмүрүн сактап калууга кам көр.

-Телефондун зарыл убакта гана колдонуп, кыска сүйлөшүп, телефонду бош турууга кам көр.

- Суу булганып калышынан сактанып, кайнаткан сууну гана колдон. Канализацияны колдонордон мурда анын иштешин текшер. Кичине өрттүн чыгышы байкалса тез өчүр, болбой эле күчөп баратса өрт өчүрүүчү уюмдарга тез кабарла.

Жер титирөөнүн экинчи кайталануусу болорун эстен чыгарбашыбыз керек. Мында биринчиге караганда көбүрөөк коркунучтар байкалат. Анткени, имараттардан жаранка кетип оной кулап түшөт. Практика көрсөткөндөй бир катуу силкингенден кийин анын энергиясы төмөндөгөнүн байкоого болот. Зарыл болбосо имараттарга кирбөө керек. Аргасыз иштер болсо, анын ичиндеги имараттардын кулап кетүүсүнөн сактанып, ага аз сандагы адамдардын кирүүсү сунуш кылынат. Имаратта мүмкүн болушунча аз убакытта болусу зарыл.

Жер титирөөнүн эпицентри көлдө болсо тезинен жээке чыгуу жана сактоочулардын буйругун аткаруу. Кырсыктан аман калуу жолдору радиодон айтылып, телевизордон берилет. Ошондуктан алардагы кулактандыруурга, эскертүүлөргө көнүл буруп алардын сунуштарын аткар.

Өзгөчө кырдалдар жана граждандык коргонуу кызматкерлери элдин өмүрүн сактап калууга, кырсыкты жоюуга, материалдык байлыкты сактап калууга дайыма жардамга келишет. Булардын көрсөтмөлөрүнө көнүл буруп алардын буйругун так аткаруу керек. Бул үчүн радионун иштеп турушун камсыз кылуу талап кылынат.

Аргасыздан кулаган бөлмөнүн ичинде коңулда аман калсан эс учуңду жыйнап, дайны жок күйүп бышпай, энергияңды үнөмдөп, өзүңдү таап казып алууну күт. Мүмкүнчүлүк болсо катуу добуш чыгарып, катуу кыйкыруу керек. Сени сөзсүз таап казып аларын унутпа.

1987-ж Арменияда катуу жер титирөдөн аман калып 11 күндөн кийин казып алган кыз жөнүндө статьяны «Комсомолская правда» газетасынан окуган элем.-М.К. Здания толугу менен кулап, подвалдын конулунда аман калган кыз кыйынчылыкка, ачкачылыкка чыдап суусаганда чыдай албагандыгын айтып, подвал аркылуу суу түтүкчөсүн таап алып, темир трубанын сыртын тили менен жалап суусаганын баскан. Тогузунчу суткада казып аткандын үнүн угуп, онунчу суткада кичине тешикче чыгып жарык түшө баштаганын, он биринчи суткада тышка чыгарышканын эскерет.

Кокусунан ууктуруучу газ чыгып жатса, моюн ороочун, жолугун бешмантындын өнүрү аркылуу дем ал. Болгон кийимиңди ала жүр. Кокусунан суукта калсан жамынуута пайдасы тийет. Жей турган тамагын жок шартта калсан, таза сууну ичүүнү унутпоо керек, суу сени ачкалыктан сактайт.

6.2. Көчкүдөн, селден, суу ташкыны жана гидродинамикалык авариядан сактануу

Эзелтеден табият менен адамзат эриш-аркак жашап, бирок бирде дос болсо, бирде кас мамилесин бири-бирине көрсөтүп келе жатат. Биздин республикабыз тоолуу жерде, сейсмикалык жактан опурмалдуу аймакта жайгашкандыктан, кийинки жылдары табигый кырсыктарды башынан көп өткөрүүдө. Токтогул, Суусамыр өрөөнүндөгү жер титирөөнүн залдарын четтетип, кайгы-мун толук басылып бүтө элек кезде элибиздин башына кайрадан кырсык болду. Ош, Жалал-Абад областарындагы жер көчкүлөр ондогон ата-мекендештерибиздин өмүрүн кыйып, ансыз да жетишсиз бюджетибизге кедергисин тийгизип, миллиарддаган сомдук чыгымдарды алып келди жана журтчулугубуздун жүрөгүнө өчпөс так салды.

Жаратылыштын табигый кырсыгы жана каардуу кубулуштарынын бири болгон жер көчкү адам баласына мурдатан эле белгилүү. Анын коркунучу күтүлбөгөн жерден пайда болуп, заматта адам баласынын көп жылдык эмгекгинин натыйжасында жаралган

материалдык байлыктарды талкалап, адамдардын өмүрүнө зыян келтиргендигинде.

Жер көчкү өтө тез жүрүп, адамдар качууга үлгүрө албай калат. Жер көчкү оордук күчүнүн таасири менен тоо тек массаларынын каптал ынгай жылышынан болот. Ойду карай жантайынкы жаткан катмарлар борпоң суу сиңбей турган кабаттын орун алышынын натыйжасында жер алдында суунун топтолушу көчкү жүрүшүнө көмөкчү. Жер силкингенде да тоо көчкү пайда болуп, өрөөндү тосуп ушул аймакта көлдү пайда кылат. Жер көчкү адамдарды өлумгө алып келип, эл чарбасында көп зыян келтирет.

Жер көчкү туннелдерди жаап калышы, телефондук жана электр зымдарын үзүшү, үйлөрдү талкалап, бир айылды толугу менен басып калышы, айыл чарба жерлерин иштен чыгарышы, кен казган жайларда кырсыкты пайда кылышы менен коркунучтуу .

Биздин республика тоолуу жерде жайланышкандыктан, кырсыкты дайыма күтүүгө болот. Мындан сактануу үчүн турак-жайын тоо түбүнө жана көктуга салбоо, эгерде мурда салынып калган курулуш болсо аны коркунучсуз жайларга көчүрүү, кар эрий баштаганда сак болуу, көчкү коркунучу бар жерден коркунучсуз жайга чыгарып, көчкүнү жасалма жол менен көчүрүү, көчкү жүрөөрүн адамдарга алдын-ала эскертүү иштери кирет. Көчкүгө суу көмөкчү болоорун унутпай жаан жааганда көчкү коркунучун эстен чыгарбоо керек. Жер көчкүдөн сактануу үчүн коркунучтуу жерлердин картасы түзүлүп, ага казык урулат, кыртышты бекемдоо максатында бак-даректар тигилет, борпоң жерлер тапталат, тоо тектерине суу топтолуп, катмарды бошондотпос үчүн ушул аймакта арыктар казылып коопсуздук иштери жүргүзүлөт .

Тоо тектеринде жаранканын пайда болушу же эки тоо катмарынын ортосунда кум, топурак же бөштуктун болушу, ошол катмар аркылуу жаандын, кардын өтүшү байланышты начарлатып, көчкү кубулушун пайда кылат. Көчкү жаанда, кар эригенде, жардыруу иштеринде жана курулуш иштерин жүргүзүүдө пайда болот. Кумдуу жерде же бош топуракта, котлован казганда көчкү пайда болот. 1993-жылы Череповец шаарында үй куруу ишинде 3 жумушчу котлованды казган. Грунттун көчкүсүнүн натыйжасында жумушчулар алдында калган. Үчөөнү сактап калууга аракет кылышып көчкөн топуракты казып алышкан. Бирок үчөөнүн өмүрү сакталган эмес. Кудук казуу ишинде коопсуздукту сактабаса жогоркудай кырсык болушу ыктымал.

Жаз мезгилинде Бишкек–Ош жолунда жана Кыргызстандын түштүк райондорунда кар эрүүнүн натыйжасында көчкү көчүп, өтүп бара жаткан трансспортту басып калуу же жолду иштен чыгаруу кырсыктары болуп жүрөт.

Көчкүдөн сактануу үчүн төмөнкү эрежелерди сунуш кылабыз;

Жер көчкү болуучу жерлерде курулуш имараттарын, жашоо үчүн үй жайды, жол жана темир жолду курууга болбойт. Көкусунан аргасыздан шоссе жана темир жол өтүүгө туура келсе көчкүдөн сактануугa ылайыкталган тосмону куруу керек. Мисалы-Балыкчы-Бишкек жолунда көчкүдөн сактануу үчүн Боом капчыгайында атайын тосмолор курулган.

-Көчкү коркунучу бар жерлерге жардыруу ишин жүргүзүүгө такыр болбойт. Эгерде Боом капчыгайында жардыруу ишин жүргүзсөк кулаган таштар тосмодон ашып түшүп же тосмону кошо көчүрүп кетет.

-Бассеин, суу токтотуучу жайларды курууда көчкү болуучу жерлердин ылдый жагын казууга, суу өтүүчү трубалардан суу чыгарууга руксат этилбейт

-Тоо массибиндеги токойлорду, бадалдарды кыюуга болбойт.

-Тоодогу чогулган карларды эрүүдөн мурда көчкүнү жасалма болтуруу, тазалоо иштерин убагында жүргүзүү, болуучу кырсыктан сактайт.

Суу ташкыны жана селден сактануу.

Суу ташкынынын коркунучу жер шаарынын көп жерин тынчсыздандырат. ЮНЕСКОнун статистикасы боюнча суу ташкынынан 1947-1967-жылдардын аралыгында жер шаарынан 200000 киши өлүмгө учураган. Сузактагы суу ташкыны канчалык көп материалдык чыгымды алып келди. Бул кырсык болору мурдатан белгилүү болсо да эч кандай чара көрүлгөн эмес. Адамдар суу ташкынынан сактануу иштерин илгертеден эле жургузуп келе жатышат. Египетте Нил дарыясынын суу ташкыны жазында асмандан сары жылдыз (Сириус) көрүнгөндөн кийин болорун байкашып, ушул жылдыз көрүнгөндө эле Египеттиктер дарыянын жээгинен тезинен көчүп, тоолорго чыгып кетишчү. Муну К.Маркс «Нилде суу ташкыны жана анын төмөндөшүн эсептөө зарылдыгы Египеттин астрономиясын т☉зд☉» деп бекеринен көрсоткон эмес. Сел арабдын сайль деген сөзүнөн алынган. Бизче которгондо «долуулу агым» дегенди билгизет. Долуулу агым менен бирге кум, топурак, таш, башка материалдар кошо сел (долу агым) тоо сууларынын нугунда күтүлбөгөн жерден пайда болгон убактылуу суу

ташкыны. Суу деңгелинен тез көтөрүлүп, өзү менен кошо таш, кум жана чополорду кошо агызып жөнөйт. Сел нөшөрлөнгөн жамгырдын тез эришинен жантайынкы жерде пайда болот.

Ысык-Көл өрөөнү жана Сырт тоолуу жерге жайгашкандыктан, жер көчкү жана сел жүрүү иштерин күтүүгө болот, мындан бир нече жыл мурда Тоң районундагы Кекиликтин чатынан жүргөн сел бир нече адамдар менен кошо мал-салын, үйлөрүн агызып, көлгө куюп алардын эч дайыны табылбай калган.

Ысык-Көл өрөөнүндө опурталдуу жерлер Түп, Жыргалан, Төргөн, Кара-Көл, Ырдык жана башка суу өзөндөрүнүн бойлору болуп саналат. Сыртларга баруучу жолдорду да көчкү басарын билебиз. «Кырсыкты кайдан деп болбойт» дегендей, табигый ааламаттын кайсыл жерде кандайча болорун кайдан билебиз? Ошондуктан, өзгөчө кырдаалга даяр жана сак болбосок болбойт.

Каракол шаарынан чыккан кир сууларды тазалоочу жай көлгө жакын Бөрү-Баш айлынын аягында курулган. Мындан чыккан суудан өзүнчө кичине көлмөчө пайда болгон. Нөшөрлөнгөн жаан жааса, көлдү жарып, пристандын жээгиндеги үйлөрдү каптоо коркунучу бар. Каракол шаарындагы илгери тигилген теректер катуу шамалда жыгылып, зыян алып келиши мүмкүн. Аны, кырсык болмоюнча азырынча ойлонгон жерибиз жок.

Сел жүрүүдө суунун ылдамдыгы 10-15 м/секундага жетип, жолдорду, курулуштарды, айдоо жерлерин зыянга учуратып, адамдын өмүрүнө коркунуч туудурат. Селден сактануу максатында суу сактагычтар, агын суунун деңгээлин жөнгө салып туруу, суу нугуна гидротехникалык жабдууларды куруу, дарыянын жээгине бак-даракгарды олтургузуу иштери жүргүзүлүүгө тийиш.

Эгерде адам баласы ушундай кырсыкка туш келип калса, аман калуу үчүн дөнсө жерге жана бактын талдарына чыга качуу керек.

Мектептерде жана окуу жайларда жаратылышты окуп-үйрөнүү үчүн табият тануу боюнча бир нече предметтер окутулат, жаратылышта болуучу табигый кырсыктан сактануу боюнча окуучуларга эч кандай маалыматтар берилбейт. Ошондуктан кездешүүчү табигый кырсыктан алдын-ала сактануу иштерин калыптандыруу, башкача айтканда өмүр коопсуздугунун педагогика илимин өркүндөтүү жашоо турмушубуздун негизги талабы.

Суу ташкыны жана гидродинамикалык авариялардан сактануу жолдору. Суу ташкыны жана гидродинамикалык авария дароо эле өзүнөн өзү боло бербейт. Кышында кар көп жаап анын эриши, нөшөрлөнгөн же көпкө созулган жаандын жаашы сөзсүз суу

ташкыны, гидродинамикалык авариияны пайда кылат. Ошондуктан болуучу кырсыка мурдатан даяр туруп каптоо чөлкөмү, коргонуу жана материалдык сактоо боюнча радио, теле аркылуу убагында эскертүү зарыл. Кабарды угарын менен, документ, кичине өлчөмдөгү баалуу буюмдарды алып, малынды айдап, күүгүндү эрчитип кие турган кийимди жана убактылуу жей турган тамакты унутпай коркунучсуз жайды көздөй жөнө. Ала албаган буюм оокаттарынды чердакка же жогорку этажга, бактын бутагына, столбага алып барып кой.

Коккустан сууда калсаң, толкун чукулдап келе жатса, суу түбүнө чумкусаң сени толкун суунун үстүнө алып чыгат. Чабак уруп же бир нерсени кармап дамбанын үстүнө же кургак жерге чык.

Көп квартиралуу жана кабаттуу үйлөрдө адам калса адам бар деген кулактандыруу жазып, алыстан көрүнгөндөй желекче илип кой. Граждандык коргонуу уюмдары тез таап алып, сактап калуу чараларын көрөт. кабар алып туруу үчүн батарея менен иштей турган радиоприемнигин дайыма жанында болсун. Сууну, ичүүчү тамакты экономдоо керек.

Каптаган көлмөдө калган учурда өзүңдү токтотуп андан чыгуунун туура жолун изде. Резина кайыгы, балондун камерасы, балдардын чоң өлчөмдөгү резина оюнчугу, матрац жана резина өтүк, отундук карагай сактануунун жекече каражатты болорун эстен чыгарба.

Эвакуация кылуу үчүн болгон транспортту (автомобиль, араба) пайдаланып биринчи ирээтте балдарды, кары-картаң, оорулуу адамдарды жеткир.

Суу каптоо жай мезгилинде болсо, терендиги бир метрден чоң болбогон көлмө аркылуу алдынкы жол баштоочу адамга суунун терендигин билүү үчүн узун таяк берип, суудан, кырсыктан алып чык. Суунун денгели төмөндөй баштаганда эле адамдар үйүнө барууну самашат. Үйгө кирерден мурда электр тогунан, газдан сактанып, сууга түшкөн тамакты жебей, кудуктагы сууну ичпей, кир суу толук тышка чыгарылгандан кийин пайдаланууучу сууну кайнатып ич.

Биз жогоруда суу ташкынынан, гидродинамикалык авариядан сактануу жолдорун көрсөттүк. Бул коопсуздуктун эрежелерин мурдатан үйрөтсөк боло турган кырсыкка адам мурдатан психологиялык жактан даяр туруп, аман калуунун, материялдык байлыкты сактап калуунун туура жолун табат.

Жалал-Абад областынын Сузак району жана Кара-Дарыя өндүү оркунучтуу объектилер Кыргызстандын бардык областарында кездешет. Ошондуктан жалгыз гана мектеп окуучуларына коопсуздук эрежени үйрөтүү керек болбостон, бул эрежелер коркунучтуу аймакка жайланышкан адамдар үчүн да керек.

Тоң районундагы Каджы-Сай шаарчасынын Түндүк жагында көлдүн жээгине жакын жерге көп үйлөр отурукташкан. Жаан жаап сел жүргөндө үйлөрдү, огородду каптап өзүнчө көлмөлөрдү пайда кылып көп материалдык чыгым алып келет. Жылына үйлөрдү каптабас үчүн бульдозөр менен кумду түрттүрүп тосмо коюшат. Бул каптоочу коркунучтуу жер болгону жарым чакырымдан ашпайт. Кумду сел алып кетип үйлөрдү каптайт. Эгерде ушул жерге таш төгүп, бактарды отургузсак, мындай кырсыкты, коркунучту жылына пайда кылбайт эле. Жаз айларында айылды жашылдандырабыз деп көчөнүн боюна бак тигебиз. Ал бакка (автомобиль жолдон чыкса) урунуп авария учурунда адам өлөрү менен эсептешпейбиз. Бакты сел ала турган арыктын жээгине тиксек, суу нугу менен коркунучсуз сайга кетер эле.

6.3. Техногендик кырсыктардан сактануу жолдоруна үйрөтүү

Бир территорияда авариянын жана катастрофанын натыйжасында адамдардын зыянга учурашы, чоң материалдык чыгым, айлана чөйрөнүн бузулушу техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаал деп айтабыз.

Адистер авариянь, катастрофаны объектидеги белгиси жана чыгуу жаратылышы боюнча төмөнкү типке бөлүшөт;

1. Транспорттук авария жана катастрофага-жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуучу поезддерде, океан жана көл кемелеринде, самолетто жана космостук корабилде жол, көпүрө жана тешкен тоолордо болгон кырсыктар кирет.

2. Өрт жана жарылуу кырсыктарына;

- Өтө тез күйүүчү (нефть продуктолору) заттарды алууда жана ташууда, сактоодо;
- Шахтыларда
- Химиялык коркунучтуу объектилеринде;
- Коргонуу объектилеринде, жарылбаган бомба, жарылуучу затты жоготууда;
- Космодром полигондорунда болгон кырсыктар кирет;

3. Өтө күчтүү уулуу химиялык заттардан чыккан авариява;

• Коркунучтуу уулуу заттарды чыгаруучу өндүрүштөрдөн ал заттарды бир райондон экинчи районго ташууда;

• Химиялык реакциянын натыйжасында болгон авария;

• Ок дарыларды чыгаруучу объектисинде жана сактоодо;

• Химиялык коркунучтуу уулуу зат, шал кылуучу, думуктуруучу, терини ириндетуучу заттар кирет.

4. Радиоактивдуу (иондоштуруучу) нур чыгаруудагы кырсык;

• Атомдук электр станциядагы авария (Чернобыль)

• Радиактивдуу отундарды даярдоодогу авария;

• Радиактивдуу заттардын калдыгы көмүлгөн жери (мүрзөсү) Каджи-Сай, Майли-Сай кыштактары.

• Радиактивдуу нур чыгаруучу заттын булагын жоготуу.(бир нече жыл мурда Кара-Балта кант чыгаруучу заводдон радиакдивдуу «цезий» сакталган кутучаны жоготуп жиберген, ошол ачылбаган кутучасы менен балдар ойногон жерден тапкан. Эгер кутуча ачылса чыккан нур балдарды өлүмгө учуратмак. Бул жөнүндө материал «ИЗВЕСТИЯ» газетасына чыккан .

• Биологиялык коркунучтуу заттарды таратуу;

5. Курулуштардын, имараттардын кутуусуз кулап кетиши;

6. Электроэнергетикалык авария;

7. Коммуналдык системадагы авария;

8. Тазалоочу курулуштардагы, жаилардагы авария;

9. Гидродинамикалык авария;

Жогорудагы көрсөтүлгөн авариялар дароо эле болбостон бир кыйла стадиялардан өтүп катастрофа (кыйроо, кырылуу) чыгат. Биз «учкундан жалын тутанат» деген акылман сөзду эсибизден чыгарбашыбыз керек. Бир кырсык экинчини чакырат б.а окуя+авария+катастрофа бири-бирине өтө тыкыс байланышкан.

Өнөр-жайдагы, транспортто болгон кырсыктарды териштирип көрсөк алар төмөнкү себептерден болот экен;

• Өндүрүштө эмгек жана технологиялык тартиптин бузулушунан;

• Коопсуздук техникасында чоң ката кетирүүдөн;

• Технологиялык жабдуулардын эскириши, жыртылышынан;

• Жабдууну ойлоп чыгарган кишинин кайдыгер мамилеси заводдук брак жана иштетерден мурда көзөмөл жургузбөөдөн;

• Жетекчилердин, адистердин кайдыгер мамилесинин натыйжасында, убагында текшерүү ишин жасабоодон;

• Запастык бөлүктөрдүн убагында алмаштырылбашынан;

- Ушул ишти аткарууга атайын даярдыктан өткөн кадрдык жетишсиздигинен;
- Экономиканын төмөндөшү, зарыл материалды убагында камсыз кылбоодон;

Өтө коркунучту аракет кылуучу химиялык заттардагы авариялар.

Азыркы убакта өндүрүштө, өнөр жайда жуз миңдеген химиялык заттар жана алардын кошундулары колдонулат. Дүйнө жүзүндө химиялык заттардын номенклатурасы өтө эле көп. Химикаттардын өркүндөп өсүшү менен бир жагынан керектуу заттарды алууга мүмкүнчүлүк түзгөнү менен өмүр коопсуздугуна айлана чөйрөгө ошончолук коркунучту туудурат. Өтө коркунучтуу аракет кылуучу заттар, адамдарга, айыл чарба, жаныбарларга, өсүмдүктөргө, айлана чойрөгө, суугa, абага аракет этип массалык түрдө булгап, жашоого коркунучтуу таасир кылары белгилүү болду. Адамдар жашаган аймакта коркунучтуу объектилер курула баштады. Мисалы Россия Федерациясынын 53млн адамы химиялык жактан коркунучтуу таасир жасоочу шаарларда кыштактарда жашашат. Коопсуздук эрежеси сакталбаса ар кандай убакытта коркунучтуу авариялар болушу ыктымал.

1982-жылы декабрь айында Индиянын Бхопл шаарында болгон авария барыбызга сабак болушу керек. Бул шаарда Америкалык «Юнион Корбайд» компаниясынын химиялык заводуна айыл-чарба өсүмдүктөрүндө зыяндуу отоону өлтүрүүчү пестицид (метилизоционид-жогорку токсикалык зат) болгон авариянын натыйжасында үч миңден ашык адамдар өлгөн. Кысылган зат салынган шестерна жарылып учкан уу чанына айланган. Заводдон авариялык сигнал берилгенде, заводдо өрт чыгып жаткан экен деп жумушчулар заводго шашып барып көпчүлүгү ошондон кырылган. Авариялык ситуацияда туура, түшүнүктүү сигнал берилгенде адамдардын өмүрү сак талып калмак.

Ылдамдыгы 5 км/саат ылдамдыктагы шамалдын таасири менен калыңдыгы 5м болгон уулу туман 40 квадраттык чакырым аянтты толук каптап калган. Адамдардын көздөрү ачышып, тумандан эч нерсе көрүнбөй, баш айланып адамдардын кускусун келтирген. Ушул ааламаттан, оозу мурдун өзүнүн шарфы менен жаап алып дем алган кыз гана аман калган. 2км аралыкта жайланышкан темир жол вокзалында иштегендер, көткөн жүргүнчүлөр толугу менен өлгөн. Жол, талаа адамдардын, жаныбарлардын, канаттуулардын өлүгүнө толуп калган. Радиусу 170км уулу заттар эгиндерди, өсүмдүктөрдү иштен чыгарып, бул аянтка кийин эч кандай өсүмдүктөр өскөн эмес.

Ушул заттардын таралышына шамал таасир этет. Уулуктуруу өтө кыска убакытта болот. Бул ааламаттан сактануу эрежесин билгендер гана аман калат. Бул өндүү кырсык 1998 жылдын май айында биздин республикабызда Барскон айылында болбодубу.

Эмне үчүн мындай кырсык болду? Муну анализдеп көрөлү. Цианид уулуу заты салынган машина авариясы, машинанын ылдамдыгынын чоң болгондугуна байланыштуу, машина бурулуу учурунда борбордон четтөөчү күч пайда болоорун айдоочу унутуп койгон. Бул күчтүн чондугу машинанын ылдамдыгынын квадратына массасына түз пропорцианалдуу, ал эми бурулуу радиусуна тескери пропорцианалдуу экендиги барыбызга эле белгилүү эмеспи. Катуу ылдамдыкта чукул бурулуунун натыйжасында машина ала салган. Эми ушул болгон авариядан элди, сууну, Ысык-Көлдү булгабай алып калууга толук мүмкүнчүлүк бар болуучу. Бул үчүн төгүлгөн цианид көлдү, сууну булгабагандай кылып ан (мүрзөсүн) казуу керек болучу. Жок дегенде булганган сууну, айылга, көлгө куйбагандай кылып буруу, же көлмөчө жасоо деле болот эле да. Бул үчүн Кумтөр алтын казуу компаниясынын жетишерлик техникасы жана жардыруучу заттары бар эле. Алар зарыл аракеттерди жасабастан кырсыкты жашырып коюуга аракет жасашкан. Жабыркаган элди дароо эвакуация жасоо керек болучу. Алар ууланган чөйрөдө 10 күнгө жакын убакыт жашап, андан кийин Чолпон-Ата аймагында курортко көчүрүлгөн. Биз мындан жергиликтуу өкмөттөрдөн баштап, Республиканын өкмөт башчысына чейин өзгөчө кырдаалда аракет этүү эрежелерин начар билгендиктерин көрсөттү.

Эми химиялык коркунучтуу объектилерде (ХКО) авария болгон учурда төмөнкү сактануу эрежелерин сунуш кылабыз;

- Нымдуу чүпүрөк, кебез менен оозу мурдунду жаап ошол аркылуу дем ал. Мүмкүнчүлүк болсо противогаз кий. Өзгөчө кырдаалда бардык адамдарга жетерлик даяр турган противогаз болбойт эмеспи. Ошондуктан жогоруда көрсөтүлгөн ыкманы пайдалануу керек;
- Ачык денеңдеги, кийиминдеги күчтүү аракет этүүчү уулуу заттын тамчысын материал менен тазалап ал;
- Жабыр тарткан адамды булганган зонадан чыгаруу;
- Медициналык тез жардамды чакыруу;
- Дарыгер келгенге чейин кошумча медициналык жардам көрсөтүп, жабыркагандарды аларга берүү;

Эл ичинде ууккан адамдарда «сүт ичирүү» керек деген сунуштар айтылып жүрөт. Сут уулу заттардын (дихлорон, төрт

хлористый углерод, бензол) эришине синишине көмөкчү болуп тескери таасирин тийгизет. Ошондуктан сүттү, өсүмдүктөрдүн майын берүүгө такыр болбойт.

Биринчи медициналык жардам берүү үчүн адамдар төмөнкү эрежелерди сакташы керек;

- Булганган зонага атайын сактоочу (химкоргоочу) костюмду кийип кирүү;
- Булганган чөйрөдө чаң чыгарбай акырын басуу, чөйрөндөгү предметтерге урунбоо, уулуу тамчыга тийбоо;
- Күчтүү аракет этүүчү уулу заттар денеге тийсе, дароо жуу - Булганган зонадан чыккандан кийин костюмуңду чечип душка таза жуун;

Химиялык коркунучтуу объектидеги кырсыктан элди жана иштеген адамдары аман алып калуу үчүн төмөнкү чараларды жасоо керек;

- Уулануудан сактануу үчүн жекече каражатты колдонуу ;
- Ууланбаган подвалга жашынуу;
- Эвакуация ишин уюштуруу;
- Уулануунун каршы дары-дармекти колдонуу;
- Бууланган территорияда жүрүү эрежелерин сактоо;
- Кийим, эмерек, жабдууларды санитардык иштетүүдөн өткөрүү;

Сактануу командасын угарын менен коргоонуу каражаттарын кийин, терезени, эшикти жаап, үйдөгү газды, отту, электрди өчүрүп, кары-картан, кичине балдарды кийинтип үч кундук таза тамагынды алып, команда боюнча аракетинди жаса. Паникага туш келбей, шамалдын таралуу багытына каршы бийигиреек жер менен басып, жок дегенде ууланган территориядан бир жарым чакырым аралыкка чейин басып команданы күт. Противогаз, респиратор жок болсо сууланган чүпүрөк, марли, кебез аркылуу дем ал. Ууктуруучу зат оор болсо төмөнкү этажда, ал эми женил болсо жогорку этажда болорун унутпа. Кокусунан үйдөн чыгып кетүүгө мүмкүн болбой калса эшик-терезени уу зат кирбегендей герметикалык бек жаап ууланууудан сактан.

Уулуу заттарды ташуучу транспорт ачык кызыл боёк менен сырдалып, машина күйүп, өчүп туруучу «мигалка лампочкасы» менен жабдылат. Машинада мамлекеттик автомобиль инспексиясы тарабынан берилген номерден башка, ООН тарабынан берилген номер да болот.

Өзгөчө кырдаалдагы абалдан сактануу эрежесин билбөөнүн натыйжасында Барскон айылындагы жана анын аймагында жашаган

элдер көбүрөөк жабыркашты. Барскондогу кырсык бардыгыбыз үчүн сабак болушу керек.

6.4. Экологиялык тең салмактуулуктун бузулушу жана экологиялык коопсуздука тарбиялоо

Байыркы элдердин цивилизациясынын тарыхында жаратылышты сактоо, аны булгобоо, жаратылыш берген байлыкты сарамжалдуу пайдалануу эң негизги проблемалардын бири катарында эсептеп келген. Айлана чөйрөнү жашоонун негизги булагы катарында таза ыйык кармоого аракеттенген. Эл ичинде «ичкен сууна түкүрбө» деген накыл сөз бар. Чыккан булакты таза кармап, аны ыйык «мазар» катарында эсептеп ага сыйынышкан.

Ата-бабаларыбыз жаратылыштын тең салмактуулугун сактоого кам көрүп, болгон туура аракеттерин жасашкан. Кыргыз эли касиеттүү Ысык-Көлдү ыйык көл катарында көрүп буттарын салышкан эмес, көлгө колун, бетин жууп, ага түшөбүз деп эч убакта булгашкан эмес.

Үркүндө касиеттуу Ысык-Көлүмдү аман эсен кайра көрөр бекенмин деп, суусунан ууртап, көзүнүн жашын көл кылып, кытай жергесине, көздү улам-улам карап, ашууну аша албай көп эл кырылган.

Кыйналдык ашуу ашалбай
Кыйрандап чалдар басалбай
Кыздарды кеттик корумдап
Кыйкырып көзгө жаш албай
Арт жагымды карасам
Көгөрүп көлүм көрүнөт
Ысык-Көл сени самасам
Акылым санга бөлүнөт - деп ырдашкан.

Кыргыздын биринчи окумуштуусу, акын Касым Тыныстанов да алыста окуп жүргөндө Ысык-Көлдү сагынуу мотиви өтө күчтүү болуп төмөнкү ырды жазган ;

Кайдасын кең Ысык-Көл тууган жерим!
Киндигим кесип, кирим жууган жерим
Көргөн жан саулетинди сагынады
Жайкалган сен Каракол -алтын кеним.

Цивилизациянын өсүшү менен адам керектөөсүн камсыз кылуу үчүн жаратылыштан көп алууга аракет жасалды. Айдоо аянттын көбөйтүп, турак үйлөр, жаны салынып жаратылыш өздөштүрүлө баштады. Өндүрүштүн, калктын санынын өсүшү менен жаратылыш мейкиндиги кыскара баштады. Жаратылыштагы биосферанын ордуна техносфераны адамдар өз кызыкчылыгы үчүн түзө башташты. Гидроэлектростанцияны куруу балыктын урук таштоо ишине тескери таасирин тийгизди. Суу сактагычынын куруу климаттын өзгөрүшүнө, сазды кургатуу жердин алдындагы суунун азайышына алып, келип, токойдун өсүшүнө терс таасирин тийгизди.

Химиялык, металлургиялык, энергетикалык системалардын түтүнү атмосфераны бузуп, өсүмдүктөргө жаныбаларга терс таасирин тийгизип, адамдардын оорусун пайда кылды. Көп түшүм алабыз деп минералдык жер семирткичтер (пестицид, гербицид) айыл-чарба продуктуларына жогорку концентрацияны пайда кылып адамдардын ден соолугун начарлантты .

Тирүү организимге чөйрөнүн түздөн-түз же кыйыр тийгизген таасири экологиялык фактор деп аталат. «Экология» терминин 1886-жылы Немец биологу Э. Геккель колдонгон. Жалпы жана жеке экология болуп бөлүнүп, бир нече илимдин багыты бар. Жеке организмдин чөйрө менен өз ара аракетин аутоэкология, организм тобу менен биогеоценөзду-синэкология, популяциянын бир аймакта жашаган бир турдүү особдордун жыйындысын популяциялык экология изилдейт. Жеке экологиянын изилдөөчү объектилерине карата өсүмдүк экологиясы жана жаныбарлар экологиясы болуп бөлүнөт. Табигый чөйрөнүн кишиге тийгизген таасирин киши экологиясы изилдейт.

Кийинки мезгилде чөйрөнүн радиактивдуу заттардан булгануу коркунучу ракиоэкологияны пайда кылды. Илимдин бул тармагы 1986-жылы апрель айында Чернобыль атом электростанциясынын авариясынан кийин айрыкча өнүктү. Тирүү организмдин жашоо чөйрөсү менен өз ара аракетин үйрөнүүдө биологиялык методдордон башка физика, химия, геология, география, медицина, экономика, математика жана башка илимдердин жетишкендиктери кеңири пайдаланылат.

Биздин планетанын же анын өзүнчө регионунун экология системасы-ошондо жашаган организмдин жашоо шартына закондуу байланышы. Экосистема температуранын белгилүү диапазондорунда басымда жана абанын состабында жашай алат. Ал система терс кубулушка белгилуу чекке чейин гана туруштук берип өзүнчө

тазаланат б.а жаратылыштагы биологиялык, химиялык процесстин таасири астында өз калыбына келет. Мисалы Ысык-Көл кечинде ушунчалык кир, тунук эмес бозоруп турганын байкоого болот. Ал эми эртең менен карасаң суусу көк кашка болуп ушунчлык тазаланат.

Кийинки мезгилде элдин санынын жана өндүрүштүн көлөмүнүн санынын тез өсүшү, айрым жерде экосистеманын тең салмактуулугун бузду. Өндүрүштүк чарбанын улам тез темп менен тийгизген таасиринен чөйрөнүн ылдам өзгөрүшү адам жана ал жашаган чөйрөнүн ортосундагы экологиялык тең салмактуулуктун бузулушуна алып келиши ыктымал, кээде анын бузулган учурлары да болуп жатат. Бул тең салмактуулуктун бузулушу өзгөчө кырдаалдарда айрыкча болуп, жаратылыштын закон ченемдүүлүгү чөйрөнү калыбына келтирүүгө күчү жетпей калып жатат. Ошонун натыйжасында экологиялык кризис пайда болуп, ушул аймакта экологиялык мүнөздө болгон өзгөчө кырдаалдын түрлөрүн пайда кылды;

Атмосферанын (аба чөйрөсүнүн) өзгөрүшүнө байланыштуу ситуациялар;

1.Антропогенттик ишмердуулуктун натыйжасында аба ырайынын жана климаттын чукул өзгөрүшү. Кийинки мезгилде айрым бир райондордо (Ат башыдагы терезенин айнегин сындырган катуу шамал) кыйратуучу шамалдар пайда болду. (Бул кошунабыз Лобнордогу атомдук сыноого байланыштуу болуп жүрбөсүн –М.К)

2.Атмосферадагы озондук катмардын өзгөрүшү

3. Кислоталык жаан-чачындар

4. Атмосферадагы зыяндуу заттардын концентрациясынын пайда болушу.

5. Шаардагы ызы-чуунун уруксат этилген чегинен чыгышы.

Гидросферанын (суу чөйрөсүнүн) өзгөрүшүн байланыштуу болгон ситуациялар.

6. Ичүүчү суунун жетишпегендиги, суу булактарынын соолушу жана алардын булганышы;

7. Чарба-жашоо иштерине жана технологиялык процесстерде зарыл болгон суу ресурстарынын азайышы.

8. Океан, көлдүн булганышынын натыйжасында экологиялык тең салмактуулуктун бузулушу

9. Кургак жердин (жер кыртышы, жер асты, ландшафт) өзгөрүшүнө байланыштуу болгон ситуациялар;

10. Жер көчкү, жердин алдын казууда урап түшүшү, басып калышы;

11. Жер кыртышында оор металлдардын, радионуклиддердин, зыян заттардын болгон чегинен ашып кетиши;

12. Жер кыртышынын деградациясы, эрозиясы, тузданышы жана сайдын пайда болушу;

13. Жер бетин жана чөйрөнү булганыч калдыктар менен бузуу.

14. Биосфераны өзгөртүүгө байланыштуу ситуациялар;

15. Чөйрөнүн шартынын өзгөрүшүнө байланыштуу айрым бир жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн жок болушу;

16. Жаныбарлардын массалык өлүшү;

17. Чоң территорияда өсүмдүктөрдүн өлүшү.

Адамдардын ойлонбогон аракетинин натыйжасында Арал көлүнө келүүчү Сырдарыя менен Амур-Дарыяны сугат ишине көп пайдалануудан, ал көл 10 чакырым жээктен алыс кетти. Андагы экологиялык тең салмактуулуктун бузулушу баарыбызга белгилүү болгондуктан толук көрсөтүлгөн жок.

Жаратылышка тез жана интенсивдүү аракет кылуу экологиялык катастрофаны алып келет.

Жаратылыштын кайра ордуна келбеген бири-бирине чырмалышкан кырсыгынын натыйжасында чарба иштерин жүргүзүүгө болбой калышы, чөйрөнүн өтө булганышы, адамдардын ооруга чалдыгышы жана өлүмү экологиялык катастрофаны алып келет.

Жаратылыштын кайра ордуна келбеген бири-бирине чырмалышкан кырсыгынын натыйжасында чарба иштерин жүргүзүүгө болбойт калышы, чөйрөнүн өтө булганышы, адамдардын ооруга чалдыгышы жана өлүмү экологиялык котастрофа–деп аталат. Экологиялык катастрофа жаратылыштык жана техногендик болуп бөлүнөт.

Өтө чоң экологиялык катастрофа 1989-жылы 24-мартта Аляскада «эксон-валтис» танкеринде болгон. Экипаждын күнөөсүнөн танкер оркоюп турган чоң ташка тийип авария жасаган. Танкерде 53млн. тонна иштетилбеген нефт болуп, 11млн. Галлон (суюк нерсенин чен бирдиги, 1галлон=4,54л-м.к) нефти 2600 квадраттык миль (көлдүк миль=1852м-м.к) көлдү, 800миль жээкти иштеп чыгарган. Миндеген канаттуулар жана көл жаныбарлары өлгөн. Нефть көп аянтка тарагандыктан абадан ыргытылган химиялык бомбанын таасири астында аны кууп чыгарууга мүмкүн болбогон.

Москвич 412 автомобиль 40 км/саат ылдамдык менен, жүргөндө 1 саатта бензин күйүү үчүн кеткен расходдолгон кислороддун өлчөмү он мин адамдын 1 саатка дем алуусуна жетет экен.

1992-жылы июнь айында Бириккен Улуттар Уюму (ООН) Рио-де Жанейродо айлана чөйрө жана анын өнүгүшү боюнча эл аралык конференция өткөрүп 179 мамлекеттин өкүлү катышып, 21-кылымда экономиканын өнүгүшүн айлана чөйрөнү коргоого айкалыштыруу боюнча программа кабыл алынды.

Экологиялык тең салмактуулукту жоюу өтө коркунучтуулука алып келет. Бузулган экосистеманы ордуна келтирүү өтө татаал.

Экологиялык коопсуздук—жер шаарынын бардык региондорунда экологиялык тең салмактуулукту бузбоого, экологиялык катастрофаны болтурбоо гарантиясын камсыз кылуу.

Экологиялык коопсуздукту күндөлүк турмушубузда жашоо тиричилигибизде колдонуу өтө зарыл;

- Ичүүчү сууну турмуштук фильтирден өткөрүп бир нече саат коюп пайдалан. Бул үчүн сууну мурдатан фильтирден өткөзүп көп убакытка койсоң зыяндуу элементтери түбүнө чөгүп калып, пайдалануура даяр суу болуп эсептелет.
- Экологиялык коркунучтуу участкага жана кыймыл өткөн автотрассага жакын жердеги айыл-чарба продуктуларын пайдалануура болбойт.
- Айыл чарбасында түшүмдү көп алуу үчүн нормадан ашык химиялык жер семирткичтерди чачуу экосистеманы бузат.
- Бакка ууктуруучу дары чачкандан кийин белгилуу убакытка чейин анын жемиштерин жегенге тыюу салынат.
- Тиричиликтеги калдыктарды атайын ящике салуу керек. Май жана нефть продуктоларын топурака, сууга төгүүгө болбойт.
- Калдыктар төгүлгөн жердеги зыяндуу заттарды өрттөсөң, андан чыккан түтүн сен дем алуучу атмосфера абасын бузат.
- Мурдатан тазалыгы белгилүү болбогон жана кир көлмөгө түшүү коркунучту.
- Кара өрүктү жана абаны буза турган токсикалык калдыктарды жерге көмүүгө жарабайт.

VII Глава. ӨРТТӨН САКТАНУУНУН НЕГИЗДЕРИ ЖАНА ӨРТ КООПСУЗДУГУНА ТАРБИЯЛОО

7.1. Өрттүн чыгуу себептери. Заттын күйүүсү

Өрттүн чыгуу себептери электрдик жана электирдик эмес мүнөздө болуп бөлүнөт. Электирдик себептен чыккан өрткө төмөнкүлөр кирет:

-электирдик машиналарда,контакттын бекем болбогондугунун натыйжасында, электростатикалык разрядда учкундун чыгышына жана чагылгандын түшүүсүнөн өрт чыгат;

-электр жаасын пайда кылуучу токтун чукул туташып,электр тармагына жана электр жабдууларына токтун ашып кетишинен, зымдар өтө ысып кетип, изоляциясынын кенейишинин натыйжасында өрт коркунучу пайда болот;

- эки контакты туташтырууда анын бекем болбогондугунун себебинен учкун чыгып, туташкан жери ысыйт да тутанууну пайда кылат;

- электр менен ширеткен учурда жакын жерде тез күйүп кетүүчү материалдар болсо от алып кетет. Ширетилген материалдын кесиндилери өтө жогорку температурага чейин ысып, ал эрийт да, ширетүүнү токтоткондон кийин деле ошо ысыган металлдан тутануу пайда болот;

-аккумляторду заряддаган бөлмөнүн ичинде жетишерлик шамалдатууну пайда кылуучу желдеткич жок болсо, ал бөлмөдө зарядлоодон улам көп сандагы кычкылтек жана суутек бөлүнүп чыгат. Кичинекей эле учкун же жалын жарылууну пайда кылат;

- жаңы жылдык ёлка /балаты/ майрамын өткөргөн учурда электр лампочкаларынын санын жана ага туура келген токтун маанисин туура эсептебесе жана ток күчү өлчөмдөн жогорулап кетсе, пластмассадан жасалган оюнчуктар жана өткөргүчтү изоляциясы кенейип,өрттүн чыгышына себепкер болот;

- электр тогун колдонуу аркылуу термикалык мешти иштетүүдө анын температурасы миң градустан ашса, металлдарды эритет. Өтө жогорку температурада ысыган металл өрт коркунучун туудурат;

- электр үтүгүн, телевизорду өчүрбөстөн унутуп кетүүнүн, электр плиткаларын, электр ысыткыч приборлорун туура эмес пайдаланууунун натыйжасында өрт чыгат.

- эгер газ плиткасынан газ күйбөстөн чыгып турса,электр ажыратып-туташтыргычын кошкондо учкун чыгып, бөлмөнүн ичине толгон газ күйүп, өртөнүүнү жана жарылууну пайда кылат;

-жооң зым оролуп, кол менен жасалган электр сактагычтарда электр зымы чукул туташтырылган учурда ал күйүп кетмейин ток булагынан ажыратпайт. Ошонун кесепетинен зымдын изоляциясы күйүп,өрт чыгат;

Күйүп жаткан тогу бар зымды өчүрүүдө атайын сактык керек. Ток булагын өчүрбөй суу чачсак адамдын өзүн ток урат. Мындай ток уруу күйүп жаткан зымды көбүктүү өрт өчүргүч менен өчүрүүдө байкалат. Биринчи жолу ток булагынан ажыратуу керек. Эгерде андай мүмкүнчүлүк болбосо, күйгөн зымды химиялык өрт өчүргүч менен өчүрүү керек.

Өрт чыгуунун электр тогуна байланышпаган себептери төмөндөгүлөр:

-газ менен ширетүүчү иштерде өрт коопсуздугун сактабоо.

Учкундан жана өтө ысыган металлдан анын жанындагы заттардын күйүшү;

-ачык аянтка от жагуунун эрежелерин бузуу. Өрт коркунучу бар чөйрөдө тамеки тартуу жана тамекинин калдыгын ыргытуу;

-кандагыч лампалар менен иштөөдө коопсуздук техникасынын эрежесин туура аткарбоо;

-имаратты жылытуучу казандардын жана өндүрүштүк печтердин, ошондой эле үй жылытуучу куралдардын туура эмес иштелиши;

- дүрт этип от алып күйүүчү материалдарды туура сактабоо;

-кээ бир материалдардын өз алдынча тутанып күйүп кетиши;

-өндүрүштүк жабдуулардын бузулушу,ошондой эле технологиялык процестердин туура эмес иштеши,анын натыйжасында газдын, буунун өтө көп бөлүнүп чыгышы;

-атомдук реакторлорго аны муздатуучу суулардын жетишсиз келишинин натыйжасында буунун ашыкча пайда болушунан улам жарылышы (мисалы,Чернобль АЭСиндеги өртүн чыгуу себеби);

- кыймылдаткычтын өтө ысыган тетиктери жана түтүн чыгаруучу моторлор өрттүн чыгышына себеп болот;

Өртүн чыгышына ошондой эле күйүүчү заттар да көмөкчү болушу мүмкүн. Мисалы, өндүрүштүк калдыктар, майланышкан материалдар (чүпүрөк жана жыгач материалдар).

Заттардын, материалдардын тутануусун сан жагынан мүнөздөө үчүн күйгүчтүн(тутануучулук) даражасы β колдонулат.

$$\beta = \frac{Q_0}{Q_U}$$

Мында Q_U – булактан алынган күйдүрүүчүнүн жылуулук саны Q_o – сыноо мезгилинде күйүп жаткан заттын (образецтин) бөлүп чыгарган жылуулугунун саны. Эгерде $\beta > 0,5$ чоң болсо ал материалдар күйүүчү материалга кирип, $\beta = 0,1$ 0,5 чейин болсо кыйынчылык менен күйүүчү материалга, ал эми $\beta = 0,1$ болсо күйбөөчү материал болуп саналат.

Жаратылыштагы бардык заттар күйүүчү, күйбөөчү жана начар күйүүчү болуп бөлүнөт. Оной күйүүчү заттарга нефть продуктылары жана жыгач материалдары кирет. Бул материалдар өрттөн, жогорку температурадан өрттүн жалыны өчүрүлгөндөн кийин деле күйө берет, анан түтөйт.

Күйбөөчү заттарга кирпич, бетон кирет. Күйүүчү заттардын өрт чыгаруу жөндөмдүүлүгүн баалоодо алардын тутануу жана жалындоо температурасын билүү зарыл. Тутануу температурасы деп, күйүүчү заттын эң кичине температурасын түшүнөбүз. Сырттан жалын берилбеген учурда деле ошол аралашманын сырткы чөйрөсүнүн температурасы жогорулоонун натыйжасында пайда болгон күйүү өзүнөн-өзү күйүү деп аталат. Мисалы, күрөң көмүр, чым көң, өсүмдүктөрдөн жана жаныбарлардан алынуучу майлар өзүнөн-өзү күйүп кетет. Алар ошол заттардын ичинде болуп өтүүчү биологиялык, химиялык процестердин натыйжасында жылуулуктан тутанып күйүшөт. Ал заттардын өзүнөн -өзү күйүп кетпеси үчүн аларды төмөнкү температурада сакташат. Өтө тез күйүүнүн жана көп сандагы жылуулукту бөлүп чыгаруунун натыйжасында жарылууга жөндөмдүү заттарга бензин, ацетелен, скипидар жана башка заттар кирет.

Кальцийдин карбиди сыяктуу заттар суу менен өз ара таасир жасаган учурда күйүүчү жана жарылуу коркунучу бар газды бөлүп чыгарат. Кысылган кычкылтек, азот кислотасы, марганец, кычкыл калий кээ бир күйүүчү заттар менен кошулган кезде күйгүзүүчү булак болбосо деле күйүүнү пайда кылат.

Бензин, керосин жана дизелдик майлар өздөрүнчө күйбөйт. Ал суюктуктар буу түрүндөгү абалында күйөт. Эгерде күйүп жаткан нефть продуктыларына суу чачсак, ал майлар суунун үстүнө чыгатда, күйүүсүн суунун агымы менен уланта берет.

Күйүүнү токтотуу үчүн абанын күйүүчү заттын зонасына өтүшүн токтотуп, же болбосо суу күйүп жаткан заттын температурасын төмөндөтүп, аны муздатуу керек.

Өрттүн таралышы ошол территориядагы курулуштун жайланышына байланыштуу болот №8 таблицасында зданиялардын аралыктарына карата өрттүн таралуу мүмкүнчүлүгү берилген.

Таблица №8.

Өрттүн таралуу мүмкүндүгү.

Зданиянын аралыктары, М менен	0	5	10	15	20	30	40	50	70	90
Өрттүн таралуу мүмкүнчүлүгү % менен.	100	87	66	47	27	23	9	3	2	0

7.2. Жогорку окуу жайларда жана мектептерде өрткө каршы чараларды уюштуруу

Жогорку окуу жайларында жана мектептерде өрткө каршы иш чараларды ийгиликтүү өткөрүү үчүн өрттүн чыгуу себептерин билип, ошону болтурбоо эрежелерин толук жасатышыбыз керек.

Мурдагы СССР эл агартуу жана ички иштер министрлигинин өртөн сактоо боюнча башкармасынын макулдугу менен 1969-жылы 3 январда өртөн сактануу боюнча эреже кабыл алынган. Ал эреже ар бир окуу жайында жана мектептерде ушул убакытка чейин күтүн жогото элек.

Агартуу тармактарында өрткө каршы иштерди жүргүзүү жана ага жооп берүү мекеменин жетекчисине, ошондой эле мектеп директоруна жүктөлөт. Агартуу мекемесинин жетекчисине мектепти, окуу жайынын имараттарын таза кармоого, өрткө каршы эрежеге ылайык бардык ишти аткаруу, эвакуация планын түзүү жана бекитүү, өрткө каршы инвентарды толук камсыз кылып, атайын ылайыкталган орунга коюу, өрткө каршы эрежени бардык кызматкерлерге (айрыкча жаңыдан ишке орношкон мезгилде сөзсүз) тааныштыруу, окуучулар жашаган мектеп-интернатта сутка боюнча көзөмөл дайындоо, окуучуларга өрткө каршы иштер боюнча класстан тышкаркы сабакты өтүү, төмөнкү класстын окуучуларына өрттүн чыгуу себеби жана коркунучу боюнча мектепте жана үйдө эмгекке көңүл бөлүү керектиги жөнүндө аңгеме өтүү, өрт өчүрүү боюнча ыктыярдуу дружиналарды түзүү милдеттери коюлат.

Агартуу мекемелеринде өрт коркунучу жаңы жылдык балаты майрамын өткөрүүдө кездешет. Өрт балдардын от менен ойноосунан да чыгат. Мындан башка өрттүн чыгуу себептери төмөнкүлөр болушу

мүмкүн: электр жаасын пайда кылуучу токтун чукул туташышы, электр контактынын бекем болбошу, электр тармагынын жана электр жабдууларынын өтө ысып кетиши, дискалардын, подшипниктердин, ж.б. сүрүлүүчү нерсенин өтө ысышы, ачык аянтта от жагууну билбөө, өрт жагынан коркунучтуу болгон жерде тамеки тартуу, статикалык электирдик учкун разряддары, термикалык мештин иштеши, дүрт этип күйүп кетүүчү материалдарды туура сактабоо жана кинофильм көрсөтүүдө өртөн сактануу эрежелерин туура аткарбоо.

Өрт коркунучу электр тогу менен көбүрөөк иштер жүргүзүп, ар кандай станоктор менен иштөөгө туура келген физика, химия кабинеттеринде жана окуу өнөрканасында кездешет. Окуу кабинеттеринде айрыкча жыгачты иштетүү боюнча өнөрканада таарындылар кичине эле оттун жалыны болсо тез күйүп кетет. Ошондуктан жыгач материалдарынын сакталышына жана анын иштелген калдыктарын, таарындыларын өз убагында ташып чыгарууга көңүл бурушубуз керек. Окуу өнөрканасында бир күнгө жетишерлик гана жыгач материалдары сакталат. Мектептин ремонт ишине ширетүү жүргүзгөн учурда директордун же окуу жайдын башкы жетекчисинин уруксаты керек. Мында ширетүү адамды эскертүүдөн башка ушул ишке өрт коркунучу боюнча жооп бере турган адам дайындалып, жергиликтүү өрттөн сактануу уюмдарынын уруксаты алынат.

Бир мектепте чыккан өрттүн себеби ширетүүнүн натыйжасында болгон.

Мектептин чатырында газ менен ширетип жатып, кесилген ысык темир ошол жерде калган. Жыгач материалы акырындык менен тутанып, түн ичинде өрт чыгып, окуучулар кышында мектепсиз калган. Эгерде ширетүүчү адам, мектептин күзөтчүсү, чарба иши боюнча директордун орун басары жана директор өз убагында көзөмөлдөө ишин жүргүзсө, мындай кырсык болмок эмес.

Физика, химия кабинеттеринде өрткө коркунучтуу реактивдер бар. "Өрткө коркунучтуу" деген жазуусу бар реактивдер күйбөөчү металл ящигинде сакталат. Анын ачкычы лаборантта же мугалимде болот. Өтө тез күйүп кетүүчү заттар аз санда, кабинетте атайын бөлүнгөн өрткө коркунучсуз орунда сакталат.

Кышында мектепти жылытуу боюнча от жаккыч адамдын ушул кесиби боюнча атайын көбөлүгү болгон учурда гана уруксат этилет. Мештин жанына окуучулардын кийими кургасын деп жайып коюуга болбойт. Мектепти жылытуучу иши башталардан мурда морду

жана өрт коркунучу боюнча башка иштерди текшертүү мектептин жана окуу жайынын жетекчилеринин милдети.

Мектепти жарыктандыруу иши электр лампаларынын жардамы менен жергүзүлөт. Лампочканы кагаз же материал менен жаап коюуга жана ага жакын аралыкка күйүп кетүүчү материалдарды жайгаштырууга болбойт. Жарык өчүп калган убакта "авариялык жарыктаныштын булагы"катарында электрдик фонарь же керосин лампалары колдонулат.

Окуу процессинде электр плиткасы колдонулат. Плитканын алды күйүп кетпес үчүн отко чыдамдуу материалдын, асбесттин же кирпичтин үстүнө коюлат. Электр куралдарын туташтырууга өзүнө тийешелүү гана чыналууга уруксат этилет. Эгерде радионун зымын электр розеткасына туташтырсак, ал күйүп өрт чыгат.

Мектепте, окуу жайларында кино жана башка кечелер өткөн учурда айрыкча өрттөн сактануу боюнча сактыкты талап кылат. Окуу жайынын жетекчилери тарабынан өрт коркунучу боюнча атайын иштер жүргүзүлүп, дежурный дайындалат. Запас эшиктер ачык болуп, өрт өчүрүүчү ыктыярдуу дружиналар көзөмөлдө турушат.

Мектеп-интернаттарда дежурдук милдетти аткарган мугалим же тарбиячы, ошондой эле мектептин сакчысы өрт чыгып кетүү коркунучтарын өрт өчүргүчтү кандай иштетүү жолдорун, өрт өчүрүүчү мекеменин телефон номерин, аны чакыруу жолдорун жакшы билип, кокус өрт чыгып кетсе эвакуация планы боюнча иш жүргүзүшү керек. *Талас областындагы мектеп-интернатта чыккан өрт, андагы көптөгөн окуучулардын масалык өлүмгө учурашы, алардын кесепети бардыгыбыз үчүн сабак болушу керек. Окурман өткөн кайгылуу иште эмне эскерет деп капа болор. Кетирген кемчиликти кайталабоо жөнүндө кам көрүү ар бир инсандын милдети эмеспи.*

Дежурдук жана сакчылык милдетти өткөрүп алган адам телефондук байланыштын он, эвакуациялык жолдордун бош экендигин жана эшиктердин оной ачылар-ачылбасын," авариялык лампанын" туура иштешин, ачкычтардын бардык комплектисинин бар экендигин текшерүүгө милдеттүү.

Мектеп интернатта дайыма окуучулар болгондуктан өрт өчүргүч инвентарлар жана мотопомпо каралган. Аны суу тоңбогон жылуу бөлмөгө жайланыштыруу керек. Ошондой эле өрт кырсыгы болсо өчүрүүчү команданы күтүп, болгон ишти кыскача, так түшүндүрүп, кайсы бөлмөдө окуучулар калгандыгын ошол эле замат билдирүү үчүн атайын адамдар чектелет.Биринчи ирет төмөнкү класстын окуучуларын алып чыгып, коркунучсуз жерге жеткирүү керек.

7.3. Айыл чарба машиналарында, автомобилде өрттөн сактануу жана өрт өчүрүчү каражаттар

Автомобиль, трактордуу жана айыл чарба техникаларын окуп үйрөнүүдө иштеген адамдардын өмүрүн, коомдук байлыктарды жана өздүк мүлктү сактоодо өртөн коргонуунун эрежесин билүү жана так аткаруу айрыкча чоң мааниге ээ болот.

Гараждарда, авторемонттук цехтерде адамдар өтө турган жолдорун тоспой, аларды таза сактоо керек. Бул бөлмөдө ачык от жагууга, тамеки тартууга, ширетүүчү жана кандоочу аппараттарды колдонууга болбойт.

Ремонт өнөрканасында бензин, керосин, дизелдик отун сактоого уруксат этилбейт. Машинанын багында калган бензиндин калдыгы дайыма жабык болуу керек. Керосин,бензин куюлган идиштерди ысык суу менен таза жуун, каустикалык соода менен чайкагандан кийин түпүрөк менен сүртүп, тазалап сактоого болот. Машинаны жана анын бөлүктөрүн тазалаган түпүрөк металл ящикте сакталып, атайын ылайыкталган жерге өрттөлөт.

Эгерде жерге күйүүчү май төгүлүп калса ага кум топурак сээп, аны атайын ынгайлуу жерге чыгарып салуу керек. Гаражда жана ремонттук цехте иштелген автолду көп сактоого болбойт. Аны атайы бөлүнгөн идишке куюуп, өрткө коркунучу жок жерде сактайт. Трактордуу жана автомобилдерди ремонттоочу гаражда жана цехте өчүрүүчү инвентарлар, кум салынган ящик, өрт өчүргүч, түмкөп жаба турган кийиз материалдар болот.

Чагылгандуу жаан-чачын болгон учурда машинага, тракторго май куюуга урукса этилбейт. Күйүүчү майлардын буулары көп топтолгон жерде электр дрели,электр данакерлегич жана өтө ысыган аспаптары менен иштөөгө коркунучтуу.

Нефть продуктылары сакталган жерге от жагып, тамеки тартууга уруксат берилбейт. Тамеки атайын бөлүнгөн жерде чегилет. Нефть продуктылары сакталган цистернадан 30м аралыктан кем эмес аралыкта гана тамеки тартууга уруксат этилет.

Автогаражда өрттөн сактанууга байланыштуу эвакуациянын планы түзүлүп, өрттөн сактанууга жоопту адамдар бекитилет.

Аккумляторду зарядлоочу бөлмөдө шамалдаткыч сөзсүз иштеши керек. Газ, электр менен ширетүүнү атайы уруксат берилген бөлмөдө гана жүргүзүшөт. Машинаны техникалык жактан тейлөө жана ремонттоо өнөрканасында электр лампочкалары айнек түмбөт менен жабылат.

Окууга арналган автомобилдерде өрт чыгып кетпеси үчүн төмөнкү талаптар аткарылат:

а)машинанын кыймылдаткычындагы, картериндеги бензин жана май менен аралашкан топуракты тазалап туруу;

б)машинанын кабинасындагы адам отурган отургучтун алдына машинанын деталдарын тазалаган чүпүрөктү калтырбоо;

в)бензин куюлган бактын жанына тамеки тартпоо;

г)машинанын механизимин оңдоп жаткан учурда ширенке чакпоо, шам күйгүзбөө;

д)машинаны от алдыруу максатында мотордун алдын кандагыч лампа жана жалын менен ысытпоо.

Нефть продуктылары менен иштеген учурда айрыкча аларды куюуштуруп жана, трубкалар боюнча сордурганда, ошондой эле бочка же цистерна менен ташыган учурда статикалык энергия топтолот. Бул кубулуш бензин жана башка нефть продуктыларын ташыган машиналарда көбүрөөк кездешет. Ошондуктан нефть продуктысы куюулган сыйымдуулукту жердештирүү өтө зарыл иш. Эгерде бочкалар же цистерналар жердештирилбесе жарылуу жана өрт чыгып кетүү коркунучу туулат. Нефть продуктыларын ташыган машина темир чынжыр аркылуу жердештирилиши бекеринен эмес. Жердештирүүнү билген адис жасабаса, б.а.ошол жердештирүү башка ток булагы менен кокусунан туташып калса, андан тышкары дагы коркунуч туудурат. Жердештирүүнү бекем бекитпесе, анда контакт болбой, андан эч кандай жардам тийбейт.

Автоцистерналарда жана куюучу чоң сыйымдуулуктагы күйүүчү майларды куйуштуруу жумушу анын түбүнө жайланышкан шлангалардын жардамы менен жүргүзүлөт.

Өрт өчүрүүнүн каражаттары жана ыкмалары. Өрт жөнүндө өрт өчүргүч жайланышкан мекемеге кабарлоо техникалык каражаттардын жардамы менен ишке ашырылат. Аларды аткарууда азыркы мезгилде ар кандай автоматтык установкалар иштейт. Установканын иштөө принциби өрт чыккан жердеги температуранын жогорулашынын аракетине, түтүндү жана жалынды байкоого негизделген. Мисалы, бөлмөнүн температурасы 100 град. жогорулай турган болсо, бул температурада эрип кете турган заттар бар. Эриген зат автоматиканы иштетүүгө жардам берет. Бул болсо ток булагын, дагы башка сигналды туташтырат. Мындан башка акустикалык жана оптикалык сигналдарды пайдалануу аркылуу өрт чыккан чөйрөнү билдирүүгө болот.

Өрт чыгууга ынгайлуу болгон бөлмөлөр жана кампаларда өрттү өчүрүү үчүн спринклердик жана дренчердик установкалар колдонулат. Бул установкалар үйдүн төбөсүнө коюлат. Спринклердик установканын баш жагы 70-80 С да эрип кете турган припой менен кандалат. Качан өрт чыгып температура жогорулаганда припойду эритип, суу түтүгүнүн кранын ачып жиберип, өрт болгон жерге суу чачып, өрт чыккандыгы жөнүндө сигнал берет. Ар бир 12 м кв. аянтка бир спинклердик установка орнотулат. Ал установкалар өрттү өчүрүп, ал бөлмөдөн башка бөлмөгө өрттүн өтүүсүнө тоскоолдук кылат. Дренчердик установка да ушундай принципте иштейт.

Өртү өчүрүү үчүн төмөнкүдөй ыкмалар колдонулат:

1.Күйүп жаткан жерге суу чачуу аркылуу өрттү токтотууга болот. Суу болсо мурдатан бери эле колдонуп келе жаткан өрт өчүрүүнүн негизги каражаты. Суу чыккан учурда күйүп жаткан заттын температурасы төмөндөп, өрттүн андан ары таралышына тосколдук кылат. Ошондой эле күйүүгө көмөк берүүчү кычкылтектин жана күйүүчү газдын санын азайтууга жардам берет. Эгерде өрт электр тогу бар зымда болуп жатса, аны суу менен өчүрүүгө болбойт. Суу электр тогунун өткөргүчтүүлүгүн жогорулатып, өрттү өчүрүп жаткан адамга кошумча коркунучту пайда кылат.

2. Күйүү зонасын березент, кийиз, сууланган материалдар менен жаба коюп, өрттү өчүрөт. Бул материалдар менен жапканда кычкылтек кирбей калып күйүү басандайт.

3.Күйүп жаткан жерге кум, топурак чачуу жакшы натыйжаларды берет. Күйүп жаткан бөлмөнүн эшигин, терезесин жаап, алардын желдешин токтотуу керек. Шамал жана жел өрттүн күчөшүнө жардам берет.

4. Күйүп жаткан бөлмөгө күйбөөчү газдарды, бууларды же чандарды толтуруп, өрттү токтотууга болот.

5. Күйүүчү зонасында жылуулуктун бөлүнүшүн азайтуучу зат болгон хлордуу көмүртекти жиберишет.

6. Күйүүчүү майлардын крандарын жабышат. Эгерде ошол чөйрөдө өтө тез күйүүчү зат болсо, аны башка чөйрөгө тез алып кетишибиз керек.

7. Карды, музду кышында өрт өчүрүү ишине пайдалануу керек. Азыркы мезгилде кол өрт очүргүчү көбүрөөк колдонулуп жүрөт. Андай өрт өчүргүчтөрдүн бардык жерде кездештиребиз. Өрт чыканда өрт өчүргүчтүн капкагын ачып, күйүп жаткан жерге чачышат. Ар бир өрт өчүргүчтүн колдонуу эрежеси бар. Муну мурдатан билип алуу керек.

Өрт убагында өчүрүү үчүн жогорууда көрсөтүлгөн кырдаалдан башка кум, күрөк, чака жана өрттү өчүрө турган материалдар көрүнүктү жерге даяр абалда сакталуу керек.

Кышында өрт өчүргүчтөр жылуу имаратта сакталат. Ал жерди жазуу менен көргөзүп, каалаган убакта тез алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылабыз.

Щит жакшы көрүнө турган жерге орнотулат. Щитке коюлуучу жабдуулар толук болушу керек. Суук түшүшү менен кышында көбүктүү өрт өчүргүчтөрдү жылуу бөлмөгө сакташат. Ал бөлмө оной ачылып, тез алууга ылайыкталган болушу керек. Бөлмөнүн сыртына "Бул жерде өрт өчүргүчтөр сакталат" деген жазуу илинип коюлат. Өрт өчүргүчтөрдү такай текшерип, кайра жаңылап зарядлап, дайыма иштөө абалында тургандай кылышыбыз керек. Иштөө жөндөмдүлүгүн таразага тарта коюп билсе болот. Эгерде салмагы азайып кетсе, ал өрт өчүргүчтүн иштөөсүнүн начарлаганы деп билебиз. Өрт өчүргүчүнө туура иштөөгө үйрөтүү жана тарбиялоо ар бир агартуу мекемелеринде иштегендердин милдети.

Өрттө жана жарылуу коркунучунда;

Өрттө авариялык эшикти, тепкичти пайдаланып лифти колдонбостон тезинен тышка чуркап чыгуу;

- Көпчүлүк жашаган имараттарда сактануу сигналы берилери менен дароо тышка чыгуу;
- Жарылуучу заттар болсо ага тийбестен жакын жолобостон, ал жөнүндө дароо милицияга билдирүү. Адресинди, Фамилияңды, телефон номериңди дароо айт;

-Өрттүн булагы кичине болсо болгон каражат менен өчүр;

-Токтолуукту сактап, паникага берилбей туура чечимге кел. Тегерегиндеги адамдарды аман сактап калуу жолдорун унутпа ;

- Күйүп жаткан зонадан чыгууда бети башың,ды нымдуу чүпүрөк менен жаап ал. Түтүндүү имараттан боорун менен жыл;

-Кийимиң күйсө чуркабай, суу, кар менен өчүрүүгө аракеттен;

-Төмөнкү этаждан, балкон же терезе аркылуу чык, жогорку этаждан жипти, шейшепти толгоп жип катарында пайдаланып ал аркылуу (бир учун бек байлап) жерге жылып түш;

-Өрттүн булагынан шамалдын таралуу багытына каршы чурка;

-Күйүп жаткан комнатынын эшигин ачууда анын капталына тур;

-Өрттөн корккон балдар стол, кроваттын алдына же бурчка тыгылып калышат. Аларды ошол жерден издеп, коопсуз жерге чыгар;

-Кокусунан электр зымы күйүп жатса ток булагына ажыратуу керек. Ал үчүн рубильниктен өчүр же сактагычты чыгар;

-Имаратка кирүүдө чыккан газдан сактан. Күйгөн имараттын төбөсү кулап түшүү коркунучу болушу мүмкүн;
-Күйүп, түтүн чыгып жаткан имаратын тепкичинен чыгууда тамдын капталы боюнча чык.

7.4. Жаратылыштан (токойдон) чыккан өрттөр жана андан сактануу

Кыргызстанда Арсланбап, Сары-Челек, Кызыл Үнкүр, Көгарт, Каракол сыяктуу бир кыйла токой аймактары бар, ушул токой аймактарында туристик жана эс алуу жайларын уюштурууга кийинки мезгилде айрыкча көңүл бөлүнө баштады.

Отту туура эмес пайдалануунун натыйжжасында жана табыгый кырсыктан өрт чыгып, ал токой чарбасына чоң зыян келтирип, көп төкөй күйүүнүн натыйжасында анын составы жана өсүү жөндөмдүүлүгү начарлап, мамлекетибизге өтө чоң материалдык зыян алып келип, адамдардын өмүр коопсуздугуна коркунуч туудурууда;

Кийинки мезгилде Россия Федерациясында чыккан өрт жөнүндө малымат төмөнкү таблицада берилген.

Таблица №9

жылы	өрттүн саны	Күйгөн аянт миң га м-н	өрттүн чыгуу себеби	
		токой	Адамдын күнөсү	жаратылыш
1993	18428	748,6	88,8	11,2
1994	20287	536,8	90,4	9,6

Таблицада көрүнгөндөй жыл сайын өрттүн чыгуусу көбөйүп, анын чыгуусуна адам фактору күнөлүү экендиги көрүнүп туурат. Эми туристик жана эс алуу жайларынын өсүшүнө байланыштуу өрт коркунучу дагы өсүшү мүмкүн.

Өрт төмөнкү себептерден чыгат. Күйгүзгөн ширенкени өчүрбөй ыргытуу, тамекинин калдыгын өчүрбөй таштоо, тамак даярдаганда күйгөн отундарды толук өчүрбөө, тез күйүүчү нефть продуктулары синген чүпүрөктөрдү токойдо калтыруу, автомобильди иштетип коюп ага бензин куюу, костер жагуу, бөтөлкө же айнек токойдо калганда күн нурунан күн тарткычтын милдетин аткарып тутандыруусунан, чагылгандан өрт пайда болот.

Токойдо өрттүн кыртыштагы түрү болуп, андагы чөп-чар, куурай, жалбыректар, бутак, чегедек, тобурчак күйөт. Мында өрттүн

таралуу ылдамдыгы саатына 0,25-5 чакырымга жетет. Үстүртөмө токой өртүндө бак-дарак жана чөп- чар күйөт да саатына 5-25 чакырымга тарайт.

Жердеме токой өртүндө жердин чириндүү катмары менен бак-дарак тамыры күйүп, суткасына ондогон жана жүздөгөн метрге жетет. Өрттүн тарашына абанын температурасы жана салыштырма нымдуулугу, шамалдын ылдамдыгы чоң таасирин тийгизет.

Токойдо болгондо төмөнкү эрежелелерди сактаса өрттүн чыгышы азайып анчалык коркунуч туудурбайт.

-Күйүп жаткан ширенкенин жалынын, тамекинин күлүн жана калдыгын өчүрүү;

- Анчылык кылууда, ок атууда тез күйүүчү материалды болтурбоо;
- Бензин жана нефти продуктуларды синген чүпүрөктү токойдо калтырбоо;
- Костер жагуудан жана тамак бышыруудан кийин тутанган жыгачтарды толук өчүрүү;
- Өрт коркунучу жайдын өтө ысык күндөрүндө көп кезиккендигине байланыштуу, машинага бензин куюуда өрттөн сактануу;
- Бөтөлкө жана айнек идишти токойдо калтырбоо,(ал түшкөн күн нурун чогултуп ал жерин күйгүзөт);
- Элге өрттүн чыгуу себептерин, алдын алуу жолдорун түшүндүрүү;
- Токой арасын таза кармоо, өрткө каршы тилке түзүү.
- Өрт болгон учурунда төмөнкү чараларды көрүү керек;
- Жергиликтүү радио түйүнү же болгон мүмкүнчүлүктөр аркылуу өрттөрдүн чыгышы, таралуу багыты, боло турган коркунучтар жөнүндө баяндоо. Токойдун шартында бардык жерлерде радио түйүнү болбогондуктан, болгон транспортту пайдалануу керек. Транспорт жок болсо ат менен чаап кабарлоо;
- Өрт болгон жердеги жашаган элдер өрттүн тарабашы үчүн кам көрүп тилкени казуу, өрт өчүрүүчү каражатты (суу, кум, өрт өчүргүч) дайындоо, өрт келе жаткан жердеги карагайларды кыйып өрттү таралтпоо, өтө күчтүү түтүн болсо кие турган противогазды дайындоо иштерин жүргүзүү;
- Жергиликтүү элдерди эвакуацияга даярдоо, окаттарын чогултуу, ала албаган буюмдардын күйбөөчү имараттарга, ороого андарга жайланыштырып, үстүн топурак менен жабуу, малдарды коркунучсуз зоналарга айдап чыгуу иштерин тез жүргүзүү керек.

Токой зоонасындагы өрттөгү коопсуздуктар;

Өрт чыгары менен болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып аны өчүрүүгө аракет жасаш керек. Токойдун бутагы менен чапкылап

өрттү өчүрүү, туристик палатка же башка материалдар (чехол, мешок) менен өрт очогун жаба коюу, бирөө суу куюу, кум чачуу, экинчиси анын артынан күйүп жаткан бутакты тебелөө же бутак менен чапкылоо иштерин уюшулган түрдө жүргүзүү керек. Өрт тарап келе жаткан жакка арыктагы сууну буруу иштери жүргүзүлөт.

Өрттү өчүргөн убакыттарда коркунуч болуп калса андан сактануу үчүн жар, анга кире качууну дагы унутпоо керек. Өрт болбой эле күчөп баратса өзүндүн өмүрүндү сактоо үчүн шамалдын таралуу багытына каршы чуркоо. Кокусунан кийимиң күйсө тез чечүүгө аракет кыл.

Өрттө адамдын коркуусуна байланыштуу өзүнчө психологиялык абал болуп, адам чуркап качкысы келет. Чуркоо жалынды күчөтөт. Ошондуктан эс учунду жыйып күйгөн кийимиңди чечүүгө же көлмөгө оонап жатууга аракет кыл.

Жердин алдындагы (чым көндүн) тамырларынын күйүүсүнүн натыйжасында чыккан өрттө кошумча коопсуздуктуу сактоо керек. Жердин алдындагы тамырлар күйгөндүгүнө байланыштуу анын алдында боштук пайда болуп жердин үстүнөн сезилбейт. Түз жерден басып бара жаткан адам капысынан эле жердин алдына боштукка түшүп кетет.

1972 – жылы Москва, Владимир областында чым көн өрттүн өчүрүүгө катышкан адамдарда жана солдаттарда өкүнүчтүү чыгымдар болгон. Күйгөн жердин алдындагы боштукка (терендиги 10 метрге чейин жетет) адамдар жана техника түшүп кетип көп адамдар өлүмгө учураган. Аскер кызматындагылардын эрдик аракети менен өрт адамдар жашаган айылдарга жеткен эмес.

Жердин алдындагы боштуктан, өрттөн сактануу үчүн жалгыздап жүрүүгө болбойт. Группа менен жүрүп алдында жол баштоочу адам коркунучтуулукту мурдатан текшерип, запас суу, трос менен камсыз болот. Түнкү эс алуу коркунучсуз жерде уюштурулат. Токой жана чым көң өртүнөн сактануу, коопсуздук эрежесин билүү даражасына, психологиялык даярдыгына, өзүн-өзү жоготпой чечкиндүү аракет жасоосуна көз каранды болот.

7.5. Жабыркаган адамга көрсөтүлүүчү алгачкы (дарыгерге чейинки) жардам

Туура көрсөтүлгөн квалификациялуу жардам адамдын өмүрүн жана майып болуудан сактап калат. Ошондуктан окуучу (студент) сынган учурда шакшак коюу, канды токтотуу, жасалма дем алдыруу

жана жүрөккө түз эмес массаж жасоо, жаратты танүү, кату бөлүкчөлөр көзгө түшкөндө жууп, уулуу газдар жана буулар менен уукканда дароо жардам берүү сыяктуу алгачкы жардам берүүнү билиш керек. Дем албаган жана тамыры сокпогон адамды өлгөн экен деп болгон аракетти тез жасабай коюу болбойт.

Кырсыкка учураган адамга алгачкы жардамды мындай тартипте жүргүзөбүз:

-жабыркаган адамды травма берүүчү фактордон ажыратып, таза абага чыгарып, топчулугун чечип, кыскан кийиминен бошотуу;

-жасалма дем алдыруу, канды токтотуу, жарадар жерди танып, шакшак менен сынган жерин тануу;

-тез жардамды чакыруу, жакын жердеги медициналык жайга эрежени колдонуп жеткирүү.

Кокустукка учуроо өндүрүш жайларында, айыл чарба жумуштарында иштеп жүргөндө, спорттук оюндун ар кандай түрлөрүнө катышууда, транспортто жүрүүдө, машинанын механизмдерин иштеткенде, ысык нерсеге, отко же буюга күйгөндө, күн көп өтүп, денени үшүткөндө, химиялык реактивдин таасири менен жана табигый кырсыктан улам болушу ыктымал. Мындай кокустуктан алган жабыркоону, башкача айтканда тышкы таасир менен дененин ар кандай бузулуусун травма деп атайбыз.

Териниң жабыркоосуна жараша травма ачык жана жабык болуп бөлүнөт. Ачык травма учурунда адамдын териси гана жабыркабастан кан тамырлар, нервдер жана ички органдар да бузулат, ошондой эле организмге микробдун киришине мүмкүнчүлүк берет. Травма учурунда чыгып кетүү, сөөктүн чыгышы, кокустоо, айрык, бир нерсе кирүү, күйүү, үшүү, кокустуктары болот.

Стихиялык кырсыктар: жер титиреген, суу ташкындаганда, көчкүдө, авария учурунда ар кандай кокустуктун массалык түрлөрү кездешет. Булардын бардыгына ал жердеги медициналык кызматкерлер дароо эле жардам берип үлгүрө албайт жана кырсык болгон учурда ал жерде даяр турбайт.

Травма алуу өндүрүштүн көп тармагында болгондуктан ага алгачкы жардамды туура көрсөтсө, жабыр тарткан адам тез айыгып, анын өмүрүн сактап калат.

Алгачкы жардам окуу жайларында, мектептерде, цехте, талаада, спорт аянтчасын да, курулуштарда жана үйдө көрсөтүлүшү мүмкүн. Биринчи медициналык жардамдын кокустатып алган адамга канчалык туура жана өз убагында көрсөтүлүшү ал адамдын андан аркы тагдырына көптөн-көп байланыштуу. Кээде бөөдө кырсыкка

учураган адамга алгачкы жардамдын кечигип калышы ал адамды мерт кылууга алып келиши мүмкүн. Ошондуктан дарыгер келгенге чейинки жардамды санитардык дружиналар, инструкторлор жана медициналык жардамдын ыкмаларын туура, толук билген адамдар көргүзүшү керек. Мектепте жана жогорку окуу жайларында бул ыкмаларды үйрөтүү үчүн сабактар жетиштүү өтүлөт. Медициналык биринчи жардам көрсөтө билүү ар бир адамдын инсандык ыйык милдети болуп саналат.

Күн ысык өтүп кеткенде көрсөтүлүүчү жардамдар. Жайдын эптаптуу күндөрүндө окуучулар же студенттер сейилге чыгышып, көлгө түшүп, денелерин күйгүзүшөт. Дененин күйүшү нормадан ашып кетсе, адамды ооруга дуушар кылып, дене ысып, ал адам түнү бою уктай албай убараланат.

Ысык өтүп кетүү ысык/металлургиялык мештерде, темирди иритип куюу/цехтердин, кочегарканын жана башка жайлардын ысыктыгынан да болот. Ысык же күн өтүп кетүүнүн белгилери төмөнкүлөр: -теринин кызарып кол тийгизбей оорушу, баштын оорушу, көнүл айланып куску келтириши, сезимталдыктын төмөндөшү, температуранын жогорулашы.

Жайында көлгө түшүп, денени күйгүзүүдө төмөнкү шарттарды эске тутту зарыл. Кээ бир учурларда күн абдан ысык тийип, адам көпкө чейин денени күйгүзүп, кумда жатып калганда өтө катуу ооруган /кээ бир шартта өлүмгө чейин алып барган/ учурлар кездешет. Бул учурда адамды күн нуру уруп кетип, натыйжада кырсык болду дегенди угуп жүрөбүз.

Кийинки мезгилде илим менен техниканын жетишкендиктери менен айрыкча космостук кораблң жана спутниктер аркылуу күндө болуп турган реакция дайыма эле бирдей болбостон, айрым бир убактарда күндө сейрек кездешүүчү өтө күчтүү реакциялар боло тургандыгы ачылды. Мындан башка ар бир он бир жылда (2001-жыл коркунучту жыл болуп, эмикийн 2012 −жылда кайталанат −М.К.) кайталана турган күндөгү күчтүү реакцияларда (күндө кара тактор пайда болуп, ошол жылы адамдар көп өлүмгө учурайт) күн ысык тийгенде, ачыктыкта көп болуу өтө көркунучту. Мына ушундай реакция учурунда күнгө көп күйсө, адамдын өмүрүнө зыян келип, өлүмгө дуушар кылып жүрбөсүн. Бул келечекте тактала турган иш. Ошондуктан күн өтө ачуу тийген учурда денени күйгүзүү аз-аздан болгону максатка ылайыктуу.

Күн өтүп кеткен адамды тезинен көлөкөлүү, салкын жерге жеткирип, кийминин бүчүрлөрүн чечип, башын бийиктетип,

жаткыруу керек. Бетин, төшүн, кежигесин муздак суугa салып сүртүү керек. Резина баштыкчасына суу куюп басса да болот. Ан-сезимин жоготсо нашатр спиртин же арчанын түтүнүн жыттатуу сунуш кылынат. Күн өткөн адам өзүн начар сезсе, дарыгердин жардамы керек болот.

Күйгөн кезде көрсөтүлүүчү жардамдар. Жогорку температуранын /жалын, кайнак суу, буу/ ысытылган нерсенин, химиялык жегичтердин /кислота жана щелочң/ таасири астында дене күйүк алышы мүмкүн.

Күйүк өзүнүн жабыркатуусуна байланыштуу 4 даражага бөлүнөт: I.-күйүктөн күйгүзүп алган жер кызарып гана калат, ооруксунат. Күйүктүн 2-даражасында күйгөн денеде исиркектер пайда болот. 3-даражасында тери толук күйүп, өлүк денеге айлангандыгы менен мүнөздөлөт. Күйүктүн 4-даражасында жалан гана тери күйбөстөн, терinin ичинде жаткан ткандар, тарамыш, булчун эттер, сөөктөр зыянга учурайт.

Күйүү даражасы өскөн сайын анын коркунучтуулугу анын опурталдуулугуна эле байланыштуу болбостон, күйгөн жердин көлөмүнө да жараша болот.

Алгачкы жардам күйүп жаткан кийимди өчүрүүдөн башталат. Кийимди өчүрүү үчүн суу менен жаба куюу керек. Суу жок болсо күйүп жаткан одеялды, кездемени. айлан кетсе өз палтонду чече салып күйгөн жерди жаап, кычкылтекти бардырбай күйүп жаткан жерди өчүрөбүз. Андан кийин дененин күйгөн бөлүгүндөгү кийимди чечишет. Кийим чечилбесе, аны бычак же кайчы менен кесебиз. Кээбир учурларда кийим денеге жабышып калышы мүмкүн. Аны күч менен сыйырып алууга болбойт. Ал адамды одеялга же кандайдыр бир материалга ороп, ооруканага жеткирүү зарыл. Жабышып калган кийимди медициналык адистер өз эрежелерини боюнча зыян келтирбей чечишет. Күйүп жаткан кийимди өз убагында чечүү керек. Коркуп качып бараткан балага суу болсо ошого кирип чөмүл деп кыйкырышыбыз керек.

Бута байланыштуу болгон бир окуяны айта кетейин. Ата Мекендик согуш убагында ширенке жок болгондуктан от табуу озочо жайлоо жерлеринде өтө чон машакат эле. Ал үчүн ар кандай жолдор изделчу. От чаккыч колдонулчу. Айыл боюнча от өчүп калгандыктан от алып келүү үчүн ат менен коншу айылга бир бала кетет. Тезектин чогун жампанын ортосуна салып алып келе жатса тезек күйүп, аны менен кошо баланын кебезден жазалган фуфайкасы кошо күйөт. Ошого карабастан отту айылга жеткирет да, аттан түшө калып, коркуп

калган бала тоону карай карматпай качат. Аны айылдагы бүтүн эл кубалап жүрүп, аран кармап, фуфайкасын чечип ыргытышат. Ал бала жабыркап жүрүп, ичинин бир капталы тырык болуп айыгат.

Дене химиялык заттар менен күйгөн учурда териге көбүрөөк суу куюп тезинен жуушат. Күйгөн жерди суу кранынан аккан суунун алдында коюу же шланга менен жууган натыйжалуу. Эгер күйүк кислотадан болгону белгилүү болсо, анын үстүн көпкө чейин суу менен жууп, 1 стакан сууга 1 чай кашык сооданын эритип, кислотаны нейтралдаштырат.

Жегич щелочтон болгон күйүктө жогоруда көрсөтүлгөн жол менен жуугандан кийин уксус же лимон кислотасынын начар эритмеси менен нейтралдаштырылат.

Өчүрүлбөгөн акиташтан пайда болгон күйүктү заттын калдыктарын алып таштап тазалагандан кийин чөп майы менен майлашат. Күйүктү муздак суу менен жуугандан кийин спиртке, атырга нымдалган бинт же алгачкы жардам көрсөтүүчү пакеттеги бинт менен танышат. Катуу күйгөн адамдарды тезинен ооруканага жеткиришет. Күйгөн адамга ысык чай, кант кошулган сууну көбүрөөк ичирүү зарыл.

Этти оорутуп жана сөөктү сындырып алгандарга көрсөтүлүүчү жардам. Териси бүтүн калып, жумшак ткандын кокустукка учурашы-этгин узулуп кеттүсү деп аталат. Ал жерди баскан жана кыймылдаткан учурда ооруйт. Колдун же буттун эти үзүлүп кетсе ооруган жерди танып, ал денеге тынчтык берүү керек. Дененин ошол жерине муздак компресс басылат. Эгер өтө катуу зыянга учураган болсо алгачкы жардамдан кийин дарыгерге тез кайрылуу керек. Кээде туура эмес басканда, согончок менен жаза басып алууда же бут толгонуп кеткен учурда бут, айрыкча кызыл ашык какшап ооруйт. Мында кызыл ашыкты танып, муздак суу куюлган резина баштыкчаны басабыз. Алгачкы жардамдан кийин сөөктүн таза экендигин текшерүү максатында дарыгер-хирургга кайрылуу керек.

Кандайдыр бир туура эмес кыймыл учурунда сөөк муун баштыкчасынан чыгып кетет. Бул учурда кыймыл жасаса этти катуу оорутат. Чыккан сөөктүн, башкача оркоюп чыгып турушу да байкалат. Сөөк чыккандагы дарылоонун методу-сөөктү тартып ордуна келтирүү. Бул учурда туура диагноз коюу, сөөктү ордуна келтируу дарыгердин же тажрыйбалуу фелдшердин колунан келет. Элден чыккан сөөк тануучулардын, табыптардын көрсөткөн жардамынан качпоо керек. Алар элден чыккан каныккан табыпкерлер, сынган сөөктү тануута, чыккан денени ордуна

келтирүүгө, дарыгерден кем эмес жардамды көрсөтүшөт. Алгачкы жардам болуп чыккан жерди көп кыймылдатпай тезинен хирургга жеткирүү зарыл. Эгерде ички органдардын эти үзүлсө адам кан түкүрөт. Бул адамга дарыгер гана зарыл жардамды бере алат.

Сөөк сынганда ал жер шишип, катуу оору башталат. Сөөк сынығы чыгып калат. Мындай кокустукка учураган адамга сөзсүз алгачкы жардамды көрсөтүүгө милдетүүбүз. Андан ары анын айыгышы учурунда туура көрсөтүлгөн жардамга байланыштуу болот. Биринчи ирээтте сынган жерди туура аныктап алып, ачык сыныk болсо алгачкы жардам канды токтотуудан жана таза тайпы менен тануудан башталат. Андан кийин сынган колу-буту кыймылдатпоо керек, ал үчүн колдо болгон жыгач материалдан шакшак коюлуп, тайпы же колдо болгон чүпүрөк менен танылат.

Туюк сынган кезде шакшакты кийимдин сыртынан коюуга болот. Эгерде сыныk ачык болсо кийимди чечип, жаратка иод сүйкөп, таза тангыч коет да, ал жерге шакшакты бинт менен кошо танышат. Каржилик же билек, күнжилик сынган учурда эки шакшакты карама каршы жагынан коет да, колду ийилген абалында чыкканакка токсон градустук бурч менен моюнга илип коюшат.

18-сүрөттө колдун жиликтери сынган учурда шакшак коюу ыкмалары, а-сүрөттүндө ийинге, б-сүрөттүндө билекке коюлуучу шакшактардын жайланышы көрсөтүлгөн. Шакшак коюлгандан кийин колду ийилген абалында жоолук менен байлап моюнга асып коет. Буттардын сөөгү сынганда сынган жер кыймылдабагандай шакшак коюп танып, тезинен дарылоочу жайга жеткиришет.

Ренген нурунун жардамы менен ренгенолог сынган жерди аныктап сөөктүн сынган жери тартылган пленканы дарылоочу



дарыгерге жиберет.

18-сүрөт. Колдун сөөктөрү сынган кезде шакшак коюу ыкмалары.

Окуу китебинин изилдөөнүн төмөндөгүдөй жалпыланган жыйынтыктары чыгарылып, төмөнкү жагдайлар белгиленет:

1. Жашоодогу коопсуздук проблемасын илимий-методикалык анализдөө коопсуздук боюнча илимдин башка илимдердин жыйынтыгы жана жетишкендиктери менен түздөн түз же кыйыр байланыштарын аныктап, ден-соолукка зыян келтирбей коопсуз иштөө жана жашоо шарттын ар түрдүүдөгү татаал маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк берди.

2. Окуучулардын жана студенттердин келечектеги кесиптик ишмердигине жана адамдык активдүүлүгүнө таянган жаңы билим берүүчү дисциплинаны иштеп чыгуу зарылдыгы изилдөөдө аныкталды. Өзүр коопсуздугу боюнча билимдер жана билгичтиктер эмгектин рыногунда конкуренция шарттарына чыдап чыгып жана социалдык кызматташуу үчүн жаш адистерге керек. Бул билимдер айыл чарбасында жана өнөр жайда болочок ишмердүүлүкө, ал эми окуучуларга окуу процесс учурунда ден-соолуктарын жана социалдык коргоого керек экендиги айгинеленди.

3. Өмүр коопсуздугуна үйрөтүүнүн педагогикалык негиздеринин бирден бир туура жолу коопсуздукка тарбиялоону ата-энелерден баштап, мектепке чейинки мекемелерде, мектепте, орто жана жогорку окуу жайларында таалим-тарбия берүү ишин системалуу үзгүлтүксүз улантып кетүү жагы баса көрсөтүлдү.

4. Азыркы мезгилдеги окутуу шарттын, айлана-чөйрөдөгү күтүлүүчү кырсыктарды жана билим берүүдөгү материалдык-техникалык базанын жабдылышын эске алып, өмүр коопсуздугуна окутулуучу материалдардын мазмуну аныкталды. Биздин республиканын шартына ылайык коопсуздук техникасынын эрежелери такталып, аларга:

- жалпы билим берүүчү мектептерде окутуунун кабинеттик системасында жана класстан тышкаркы иш чаралар;
- техногендик коркунучтар (транспорт, өрт, электр коопсуздугу, станоктор менен иштөө, уулуу жана радиоактивдүү заттар ж.б.);
- жаратылыштагы коркунучтар (жер титирөө, үйдөгү коркунучтар, бакма жана жапайы жаныбарлар, жер көчкү, сел, кар көчкү, суунун ташкыны, токойдун өрттөнүшү, чагылган) кирет.

5. Өмүр коопсуздугу боюнча окутуунун дидактикалык негиздери иштелип чыкты жана алардын багыттары теориялык жактан далилденип, аларга:

- ата-энелерге массалык каражат аркылуу билим берүү;
- коопсуз жүрүш-турушка жана машыгууда мектепке чейинки мекемелерде үйрөтүү;

- мектептин баштапкы класстарында коопсуздукка окутуунун мазмууну иштеп чыгуу;
- кесипке карата коопсуз иштөөгө үйрөтүүдө ийкемдүү ыктарды тандап алып окутуунун жетишкен каражаттарын жана технологиясын колдонуу;
- жашоодогу кездешүүчү экологиялык, криминалдык, социалдык, техногендик кырсыктардын алдын алуу боюнча агартуу иштерин жүргүзүү.

6. Өмүр коопсуздугуна таалим-тарбия берүүдө, коопсуздуктун психологиясына жана эргономикага көңүл бөлүп коркунучтуу ситуацияда психологиялык жактан даяр турууга туура тарбия берүү жана стресстик абалдан чыгууда ийкемдүү жолдорун колдонуу.

7. Өмүр коопсуздугу проблемасын чечүүнүн ийгилиги ушул область боюнча сапаттуу адистерди дарядоого көз каранды болорлугу эске алынып, өмүр коопсуздугу сабагын жогорку окуу жайында окутуунун стратегиясынын жана тактикасынын ориентирлери белгиленди.

8. Өмүр коопсуздугу сабагын окутууда бир баскычтан экинчи баскычка өтүүлөгү предметтин ички жана башка предметтер менен байланышы сакталып, анын ордун басып калуу жолдору жана каражаттары көрсөтүлдү.

9. Республикабыздын шартына ылайыкталып коопсуздуктун белгиси түзүлүп сунуш кылынды. Мындан башка сүрөттүн коопсуздуктун психологиясына тийгизген таасирлери белгиленди. Автор тарабынан түзүлгөн коопсуздуктун (Кыргызпатент автордук күбөлүк берген) алиппеси балдар бакчасында жана 1 класста тамганы жана үйрөтүүгө гана жардам бербестен ушул тамгага туура келген кездешүүчү кырсыктардын бетин ачып коопсуздукка үйрөтүүнүн башаты болоорлугу аныкталды.

10. Адам баласы өзүнүн жашоосуна айлана чөйрө, иштеген иши менен дайыма байланышта болуп, аларга анын ар бир аракетинде туура иш жүргүзбөсө кырсык күтүп турат. Мындан башка күтүлбөгөн убакытта өтө тез табигаттын кырсыгы болушу мүмкүн. Түзүлгөн өзгөчө кырдаалдын туура чечимге келүү жана аман калуу жолдору бар. Педагогикалык экспериментте окуучу менен студенттин алдына жасалма өзгөчө кырдаал түзүп, ушундан туура чыгуунун оптималдуу жолун көрсөтүүнү сунуш кылынып, суроо, жооп иретинде өткөн сабак алардын дайыма эсинде калып, туура чечимге келүү ыгына калыптана тургандыгын практика көрсөттү. Мындай сабактар билим берүү мекемелеринин ар кандай типтеринде жүргүзүлдү.

11. Ар кандай типтеги билим берүү окуу жайларында жүргүзүлгөн өмүр коопсуздугунун окутуу методикасы өзүнүн педагогикалык, таасирдүүлүгүн далилдеди. Адам баласынын жашоо-турмушундагы эң негизги керектүү компонент-өмүр коопсуздугун сактоо ыгына ийгиликтүү өздөштүрө тургандыгын педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы көрсөттү.

12. Изилдөөнүн бир кыйла теориялык жана практикалык жыйынтыктары мектептин окутуу практикасына киргизилди:

-Ысык-Көл областынын айрым бир районунда экология жана өмүр коопсуздугу сабагы киргизилди. Ушул райондорго автор тарабынан кыска мөөнөттүк курс уюштурулуп аталган предметтин мазмууну жана окутуу методикасы боюнча сабак өтүлдү.

-12 жылдык мөөнөттө окуучу мектептерде өмүр коопсуздугу сабагы киргизилди.

-Орто мектептер, орто жана жогорку окуу жайлары үчүн өмүр коопсуздугунун программасы даярдалды.

-Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби жана методикалык көрсөтмөлөр чыгарылды.

-Өмүр коопсуздугун физика-техникалык факультетте тереңирээк окуу үчүн атайын курстун программасы түзүлүп сабак берилди.

-Мугалимдердин билимин өркүндөтүү курсунда өмүр коопсуздугу боюнча лекциялардын циклдери түзүлүп, ал курста сабак өтүлдү.

-Ата-энелер үчүн өмүр коопсуздугу курсунун темалары Ысык-Көл областтык теле берүүсү аркылуу берилди.

13. Сабак берүүдө ал максатына жетпей калса, аны кошумча каражаттар (консултация, сабактан тышкаркы иштер ж.б.) менен ондоого болот. Ал эми коопсуздукту көз ирмем убакыт унутсаң эч убакта ондой албайсын. Анткени ал адамдын өмүрү менен байланышкан.

14. Изилдөөнүн аягында «Кырсык жалгыздан келбейт, эгиздеп төлдөйт» деген накыл сөз эске алынып, этнопедагогиканын «Сактансаң сактаймын» - деген сөздү дайыма эстен чыгарбоо жагы белгиленди.

15. Кокустукту философиялык категория катарында дайыма күтүүгө болот. «Илим кокустуктун душманы » деген акылман сөздү жашоо турмушубузда колдонуу дайыма керек

Адабияттар

1. Закон об охране труда Республики Кыргызстан. г.Бишкек.1992 г.
2. Конституция Кыргызской Республики. г. Бишкек. 1998 г.
3. Топоров И. К. Основы безопасности жизнедеятельности. М. 1996
4. Безопасности жизнедеятельности. Информационный бюллетень МОТ. Женева, 1992, №4, 65 с. 1-6
5. Шайдуллаева Т. Эркектер экологиясы «Асылзат» газетасы №2, январь, 2001 ж.
6. Кыргызстан энциклопедия. Бишкек, 2001, 248 бет.
7. «Республика газетасы» 23 март, 2001 ж.
8. «Кутбилим» газетасы № 10, 16 март, 2001 ж.
9. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза Кодекси Б. 1997
10. Сасбеков С. Рахманов К. Профсоюзы Кыргызстана. Б. 1999. с. 29
11. Кыргыз Республикасынын эмгек Кодекси «Эркин Тоо» 17 октябрь 1997 ж.
12. М.В.Ломоносовдун илимий мурастары, Ф.1960.
13. Вавилов С. ЛСЭ т 2, Ф. 1977.
14. Патон Б.Э. Электродуговая сварка , М., 1960.
15. Семенов Н.Н. О некоторых проблемах химической кинетики и реакционной способности. 2 изд. М., 1958.
16. Батышев С.Я. Трудовая подготовка школьников. Вопр. теории и методики., М. Педагогика, 1981. −192 стр.
17. Казакбаев М.Ы. Электр тогунан болгон кокустуктар жана андан сактануу жолдору. Пржевальск, 1989
18. Охрана труда и социальное страхование 1980 г. №8 стр. 3
19. О введении в государственных общеобразовательных учебных заведениях РФ нового курса «Основы безопасности жизнедеятельности». Постановление Совета Министров в РФ от 14-мая 1991г. №253
20. Охрана труда и техника безопасности в общеобразовательной школе. Сб. Нормативных документов М. Просвещение, 1985г.
21. Сулла М.Б. Охрана труда М. Просвещение 1989г.
22. Крупская Н.К. О политехническом образовании, трудовом воспитании и обучении- М. Просвещение, 1982-223стр
23. Макаренко А.С. Книга для родителей М. 1958. Т. 4- с. 11-340
24. Макаренко А.С. Трудовое воспитание−Минск. Нар. света 1977, 256 стр.
25. Руссо Ж.Ж. Эмиль или о воспитании. М. 1986. с 83

26. Пирогов Н.И. Избр. пед.соч. М. Изд-во АПН ЗСФСР 1952. с.83
27. Охрана окружающей среды. Уч. Под. Ред. С.В.Белова М. 1991г., 307 стр.
28. Луначарский о народном образовании М. Изд-во АПН РСФСР 1958. с.61
29. Маркс К. Энгельс Ф. Из ранних произведений. 1956
30. Ибн Сина, Абу Али: Канон врачебной науки, Ташкент. Фан. 1980-1982,5т
31. Аль-Фараби. Социально- этические тракты , Алма-Ата, Наука 1972.
32. Аль-Фараби. О разуме и науке Алма-Ата, Наука 1975.
33. Беруни Абур-Райхан Мухаммед Иби Ахмед Л. АПССР, 1963
34. Жусуп Баласагын. Кут алчу билим. Ф. 1988.
35. Казакбаев М.Ы., Казакбаева З.М. Коопсуздуктун алиппеси. Кыргызпатенттин автордук күбөлүгү, № 235, 12 сентябрь 2000
36. Далабаева П.С. Общественно полезный труд уч-ся в истории киргизской советской школы (1918-1964)-Ф.Мектеп,1966-144 с.
37. Сухомлинский В.А. Мугалимге жүз насаат. Ф. «Мектеп» 1987
38. Маркс К. Энгельс Ф. О воспитании и образовании. М. 1978-2т.
39. Джантакова З.Д. Трудовое воспитание школьников Ф. Мектеп, 1980г 152стр.
40. Табалдиева Р.Р., «Дело газетасы» 09.1999 ж.
41. Калимов Х.А. Ученические бригады - школа сельскохозяйственных кадров Ф. Мектеп 1973-76 с.
42. Токтаров Г.Т., Благодарова Г.В. Воспитание в труде – Ф. Киргизучпедгиз 1960-27 стр.
43. Казакбаев М.Ы., Казакбаева З.М. Өмур коопсуздугуна окутуу жана иштеп чыгуунун педагогикалык негиздеринин айрым маселелери Вестник Иссык-Кульского Университета №4, 2000г
44. Казакбаев М.Ы. Мектептерде эмгекти коргоо Ф. Мектеп, 1990
45. Казакбаев М.Ы., М.Б.Сулла. Өмүр коопсуздугу. Тула, 1992 1996 г. Стр. 259.
46. Казакбаев М., Сулла М.Б., Мазур В.Г., Охрана труда в ВУЗе, Пржевальск 1989г.
47. Белов С.В, Морозов Л.Л, Сивков В.П. Безопасности жизнедеятельности. Конспект лекций ч.1 .М. васот,1992г 135стр.
48. Васильев Ю.К., Васильева И.Н. Технология материалов, практикум учебных мастерских и техника безопасности М. Просвещение, 1979г.

49. Безопасность жизнедеятельности. Сборник документов. М. Из-во ДиК1998г
50. Бабаев Д. Дидактические основы профессионального становления учителя физики в процессе непрерывного образования. Автореферат диссертации на соискание ученой степени доктора педагогических наук Б. 1994. 36 с.
51. Калугин Н.И., Плотников Ю.В. Охрана труда и пожарная безопасность в общеобразовательной школе. М. Просвещение. 1980 г.
52. Елисеев С.А. О психологических предпосылках в производственном травматизме. Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата психологических наук. ЛГУ, 1977. 19 стр.
53. Мамбетакунов Э. Орто мектептин окуучуларында физикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу.-Б.: Мектеп, 1983
54. Койчуманов М., Мамбетакунов Э. Методические рекомендации для студентов по овладению профессиональными умениями учителя физики -Бишкек, тип. КГУ, 183
55. Мамбетакунов Э.М., Чынгышбаева Г. YI-YII кластардын физика курсундагы предметтер аралык байланыштар.- Б. Мектеп, 1983
56. Ачин В.А. Основы безопасности труда в строительстве Л.1976,184
57. Круковский В.А., Ястребов А.В. Плакат по технике безопасности. Л. 1956.30 стр
58. Якобсон П.А. Психологические проблемы мотивации поведения человека. М., 1969. 317стр
59. Балинт И., Муратин М. Психология безопасности труда М., 1968. 207 стр.
60. Януш Корчак. Как любить детей, М., 1990
61. Ананьев Б.Г. Человек как предмет познания Л. 1968. 339 с.
62. Казакбаев М.Ы., Казакбаева З.М. Өмүр коопсуздугу. Окуу куралы. Бишкек 2002 ж. 283 бет
63. Аршова В.Г., Малов В.П., Сорамуд Б.Д. Структурно-системный анализ причин травматизма. Безопасность труда в промышленности. 1974 № 11 с.39-42
64. Котик М.А. Психология и безопасность Таллин «валгус» 1981г., 407 с.
65. Макаренко А.С. Собр.соч. М. Изд-во АПН РСФСР 1951,т.5 с.93.
66. Молдо Кылыч Казалдар. Ф. 1991.
67. О введении в государственных общеобразовательных учебных заведениях РФ нового курса «Основы безопасности

жизнедеятельности». Приказ Министерства образования РФ от 27-мая 1991г. №169
68. Охрана труда в машиностроении. Учебник под ред. Е. Я. Белова М. Машиностроение, 1983г. 432 стр.
69. Казакбаев М.Ы., Өмүр коопсуздугунун педагогикасы. Каракол 1994
70. Казакбаев М.Ы. Мектепте автомобиль-трактору үйрөнүүдө жана айдоодо коопсуздук техникасы. Пржевальск, 1990
71. Маршал В. Основные опасности химических производств. М.: Мир, 1989.
72. Порфирьев Б.Н. Государственное управление в чрезвычайных ситуациях. М.: Наука, 1991, 136 с.
73. Охрана труда. Под общей редакцией А.Н. Минаева М. Просвещение 1977
74. Волков Г.Н., Этнопедагогика – Чебоксары, 1974
75. Иттаров С. Манасыят–духовная основа возрождения педагогической культуры в школах Кыргызстана. 1995, №4
76. Абылкасымов Р., Казакбаев М., Садырбаев Д. Электр коопсуздугу жана өмүр коопсуздугуна пайдалуу кеңештер. Б. Кыргызстан, 1998 ж.

Т.Э.А.

Казакбаев Мукамбет Ысакбекович,
Казакбаева Замиргуль Мукамбетовна

Безопасность жизнедеятельности

Учебник для высших учебных заведений

Редактор: Маткеримов П.О.
Рецензенты: Т. О. Орозобаков, Д.И. Байгазинов, А. Абдиев
Художник: Имангазиев Б.
Технический редактор: Б. Шаршенбаев
Корректор: Б.М. Молдоусупова

Сдано в набор 03.01.2002. Сдано в печать 11.02.2002 г. Объем 17,75 печ. лист.
Формат 60 x 84 1/16 . Печать офсетная . Тираж 1000 экз. Заказ 63.

Отпечатано в типографии Профессионального лицея № 3
г. Бишкек, ул. Раззакова 62.